

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө 2016-2019-жылдар мезгилинде кабыл алынган мыйзамдардын таасир этүүсү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине

# БАЯНДАМА

БИШКЕК-2020

# МАЗМУНУ


КИРИШҮҮ **5**
БАЯНДАМАНЫН РЕЗЮМЕСИ **7**
СУНУШТАМАЛАР **13**
МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН АЛЬТЕРНАТИВАЛУУ ПИКИРЛЕРИ **18**
БАЯНДАМАНЫН ГЕНДЕРДИК ЭКСПЕРТИЗАСЫ 20
БАЯНДАМАНЫН СТАТУСУ ЖӨНҮНДӨ МАСЕЛЕ 21
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН САНЫ 22

**I БӨЛҮК.**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУ 2016 – 2020-ЖЫЛДАРЫ ӨНҮКТҮРҮҮ 24**

1.1. ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН ЖАРАНДАР МЕНЕН ӨЗ АРА КЫЗМАТТАШУУСУ 24
- 1.1.1. Кыргыз Республикасынын жарандарынын ЖӨБ органдарына карата мамилеси 24
- 1.1.2. Жарандардын ЖӨБ органдарына ишеним деңгээли 26
- 1.1.3. Жергиликтүү өз алдынча башкарууда коррупциянын деңгээли жөнүндө жарандардын пикири 28
- 1.1.4. Жергиликтүү өз алдынча башкарууга жарандардын катышуусу 31

1.2. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТАРДАГЫ АЯЛДАРДЫН АБАЛЫ 34
- 1.2.1. Аялдардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу 34
- 1.2.2. Аялдардын демилгелерин жана сунуштарын колдоо 35
- 1.2.3. Жергиликтүү жамааттардагы аялдардын абалы жана алардын өзүн өзү көрсөтүүсү үчүн тоскоолдуктар 36

1.3. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕҢГЭЭЛДЕ ПАРЛАМЕНТАРИЗМДИН ӨНҮГҮШҮ 38
- 1.3.1. Жергиликтүү шайлоолор үчүн жаңы шарттар 38
- 1.3.2. Адилет көрсөтүү 41
- 1.3.3. Жергиликтүү өкүлчүлүктүү демократиянын туруктуулугу 44

1.4. ЖӨБ АТКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН АБАЛЫ 47
- 1.4.1. Сапаттуу курам 47
- 1.4.2. Кызматтык бош орундар жана кадрлардын туруксуздугу 49
- 1.4.3. Конкурстун өтүшү 49
- 1.4.4. Квалификацияны жогорулатуу 51
- 1.4.5. Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу 52

1.5. ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН ФИНАНСЫЛЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ 57
- 1.5.1. ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө финансылык жөндөмдүүлүгү 57
- 1.5.2. Бюджет аралык мамилелерди жакшыртуу багыттары 63
- 1.5.3. КР Өкмөтү жана ЖӨБ органдарынын ортосундагы бюджет аралык мамилелерди макулдашуу процессинин зарылдыгы 69
- 1.5.4. Муниципалдык менчикти башкаруу 70

1.6. ЖӨБ ОРГАНДАРЫ ТАРАБЫНАН МЫЙЗАМДАРДЫН САКТАЛЫШЫ 76
1.6.1. ЖӨБ органдары тарабынан мыйзамдардын сакталышы тууралуу маалыматка жетүү 76
1.6.2. ЖӨБ органдарын текшерүү 76

**II БӨЛҮК.**
**2019-ЖЫЛЫ (2016 – 2018-ЖЫЛДАР МЕЗГИЛИНДЕ) КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАРДЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТАРГА ЖАНА ЖӨБ ОРГАНДАРЫНА БОЛГОН ТААСИРИ 80**

2.1. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТАРДЫН ЖАНА ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮНӨ КӨБҮРӨӨК ТААСИР ЭТКЕН МЫЙЗАМДАР 80
2.1.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитети тарабынан киргизилген мыйзамдардын таасир этүүсү 82
2.1.2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитети тарабынан киргизилген мыйзамдардын таасир этүүсү 98
2.1.3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитети тарабынан киргизилген мыйзамдардын таасир этүүсү 104
2.1.4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети тарабынан киргизилген мыйзамдардын таасир этүүсү 108
2.1.5. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитети тарабынан киргизилген мыйзамдардын таасир этүүсү 119
2.1.6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитети тарабынан киргизилген мыйзамдардын таасир этүүсү 123
2.2. ЖЕРГИЛИКТҮҮ МААНИДЕГИ МАСЕЛЕЛЕРДИН ТИЗМЕГИН РЕСУРСТАРДЫ БЕКИТПЕСТЕН КЕҢЕЙТҮҮ 126

**ТИРКЕМЕ 128**

1-ТИРКЕМЕ. ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТАРДЫН АБАЛЫНА ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮНӨ ОЛУТТУУ ТААСИР ТИЙГИЗГЕН 2016 – 2019-ЖЖ. КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАРДЫН ТИЗМЕГИ 128

2-ТИРКЕМЕ. ЖЕРГИЛИКТҮҮ МААНИДЕГИ МАСЕЛЕЛЕРДИН ТИЗМЕГИН РЕСУРСТАРДЫ БЕКИТПЕСТЕН КЕҢЕЙТҮҮ БОЮНЧА ДЕМИЛГЕЛЕРДИН ТИЗМЕСИ, 2018 – 2019-ЖЖ 130

3-ТИРКЕМЕ. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМДАРДЫН ӨНҮГҮШҮНӨ ТААСИР ЭТКЕН ОЛУТТУУ ОКУЯЛАРДЫН КАЛЕНДАРЫ 133

4-ТИРКЕМЕ. АЛЬТЕРНАТИВАЛУУ ПИКИРЛЕРДИ АНЫКТОО ЖАНА КАТТОО ҮЧҮН БАЯНДАМА АЛГАН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН ЖАНА УЮМДАРДЫН ТИЗМЕГИ 133

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ЖАНА ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕРДИН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| АА – | айылдык аймак, Кыргы Республикасынын административдик-аймактык бирдиги. |
| АК – | айылдык кеңеш, Кыргыз Республикасынын айылдык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өкүлчүлүктү органы. |
| АӨ – | айыл өкмөтү, Кыргыз Республикасынын айылдык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы. |
| АТӨММ – | Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги. |
| Баяндама – | Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө 2016-2019-жж. мезгилинде кабыл алынган мыйзамдардын таасир этүүсү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине баяндама. |
| ДМЧА – | ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар. |
| КР БК – | Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси. |
| ЖААК – | жарандык абалдын актыларын каттоо. |
| ЖБ – | жергиликтүү бюджеттер. |
| ЖМА – | жергиликтүү мамлекеттик администрация. |
| ЖМК – | жалпыга маалымдоо каражаттары. |
| ЖӨБ – | жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары |
| ЖӨБЭММА – | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги. |
| ЖӨБ Союзу – | “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу” Юридикалык жактардын бирикмеси. |
| КЖӨИ – | Көп ченемдүү жакырчылыкты өлчөө индекси, ал жакырчылыкты үч өлчөмдө иликтейт: ден соолукту чыңдоого жеткиликтүүлүк (тамактануу, балдардын өлүмдүүлүгү), билим берүүгө жеткиликтүүлүк (окутуунун узактыгы жана мектептерге баруучулук) жана базалык муктаждыктарды камсыздоого жеткиликтүүлүк (отун, электр, санитария, суу, жер, мүлккө ж.б.). |
| КИИ – | Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине калктын ишеним индекси. |
| ККМУКД – | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаменти. |
| КР – | Кыргыз Республикасы. |
| КР ЖК – | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (парламент). |
| КР МФ – | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги. |
| КР ЮМ – | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги. |
| КУ – | коомдук угуулар. |
| КЭУ – | коммерциялык эмес уюмдар. |
| МКК – | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик каттоо кызматы. |
| МСК – | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы. |
| ӨМЫУ – | өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар. |
| ӨСИ – | “Өнүктүрүү саясат институту” Коомдук бирикмеси. |
| РБ – | республикалык бюджет. |
| ТКЧ – | турак жай-коммуналдык чарба. |
| ТТК – | турмуштук татаал кырдаал. |
| УСК – | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети. |
| ЧУА – | ченемдик укуктук акт. |
| ЭСӨМ – | Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги. |
| ЮЖБ – | юридикалык жактардын бирикмеси. |

# КИРИШҮҮ

Жергиликтүү жамааттар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (мындан ары – ЖӨБ) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (мындан ары – КР ЖК) менен түз байланышууга туруктуу жолдору жок, ар кандай ыкмада аракеттер менен байланышууга аракет кылышат, алардын пикири КР Өкмөтүнүн парламент алдындагы отчетунда чагылдырылбайт. Ошондуктан КР ЖК ЖӨБдөгү кырдаалды жана ЖӨБ үчүн өзүнүн мыйзам чыгаруу ишинин жыйынтыгын аткаруу бийлигинин сөзүнө жараша баалайт же айрым депутаттардын жеке байкоосунун негизинде, же жалпыга маалымдоо каражаттарына (мындан ары – ЖМК) жарыяланган маалыматтар боюнча баалайт. Маалыматтын аталган булактары КР Жогорку Кеңешинде кабыл алынган мыйзамдардын ЖӨБгө жана ушул мыйзамдардын аткарылышы боюнча өкмөттүн ишине обьективдүү баалоого жетиштүү боло албайт.

КР Жогорку Кеңешине мамлекеттик аткаруу бийлигинен же ЖМКдан берилүүчү маалыматтарды атайын же билбей туруп бурмалоого жол берилбеген маалыматтын альтернативалуу булагы, жергиликтүү жамааттар жана ЖӨБ органдары менен байланышуунун туруктуу түз байланышы зарыл.

ЖӨБ органдарынын 60 %дан ашыгы КР жогорку Кеңешине жана КР Өкмөтүнө колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерин ишке ашырууда келип чыгуучу маселелер боюнча кайрылышат (сейрек – 55,2 %, көп – 5,8 %[1]). ЖӨБ органдарынын жарымынан көбү (51,2 %) КР Жогорку Кеңеши жана КР Өкмөтү алардын кайрылуусуна жооп бербегенин айтышкан[2]. ЖӨБдүн ар бир органга мындай кайрылууларынын көпчүлүгү жана жеке кайрылуусу башкаруну жогорку органдары үчүн административдик проблемаларды жаратат. Ошондуктан өз ара аркеттешүүнүн жаңы жолу зарыл. КР ЖК карата мындай жолдун милдетин ушул Баяндама аткарууга өбөлгө түзөт.

Тилекке каршы, узак убакыт бою ЖӨБ органдарынын үнүнүн өз дарегине жетпеши анын кызыкчылыктарын саясий жана экономикалык коньюнктуранын курмандыгы болуусуна, КР ЖК депутаттарынын алдында ЖӨБ үчүн айрым чечимдердин болжолдуу натыйжаларын бурмалоого алып келген. Ушундай эле болуп келген, мисалы, ЖӨБ органдарына мугалимдерге эмгек акы төлөө боюнча милдеттенмелердин бир бөлүгү жүктөлгөндө, билим берүү мамлекеттик функция болуп эсептелгенине карабастан, КР ЖКнын бюджеттердин, функциялардын жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын чектөө принциптеринин бузулушу тууралуу маалыматы болгон эмес.

КР ЖК ЖӨБ органдарынын түзүлүшүнө жана жергиликтүү кеңештер менен ЖӨБ аткаруу органдарынын ортосундагы өз ара мамилелерди түзүүгө түз таасир көрсөтөт. Жергиликтүү кеңештер Кыргыз Республикасында парламенттик демократиянын ишке ашуусу болуп эсептелет, анткени алар эл тарабынан түз шайланат жана тиешелүү аймактагы элдин атынан иш алып барат жана улуттук деңгээлде бийликтин түзүлүү үлгүсүн көчүрмөлөйт. Бирок азыркы күнгө чейин жергиликтүү кеңештер обочолонуп иш алып барууда, бул алардын өнүгүшүн кыйындатат, алар КР ЖК жана башка мамлекеттик органдар менен өз ара жетишсиз кызматташууда, мыйзам чыгаруучулардын эркин так түшүнбөстөн, мыйзамдарды бузууга да жол берген учурлары аз эмес. КР Жогорку Кеңешинде мыйзамдар жергиликтүү кеңештер тарабынан өздөрүнүн жергиликтүү ченемдик укуктук актыларында (мындан ары – ЧУА) кандай колдонулуп жатканы, жер-жерлерде парламенттик демократиянын негизи кандай жана анын өнүгүүсүнүн кадрдык жана саясий перспективалары кандай экени тууралуу эч кандай маалымат жок.

Бул көйгөйлөр 2018-жылдын 3-июлундагы “Кыргыз Республикасынын региондорун комплекстүү өнүктүрүүдө ЖӨБ органдарынын ролу” аттуу КР ЖӨБ форумунда талкууланып (форумдун материалдары: http://dpi.kg/ru/library/full/281.html сайтында турат), анын жыйынтыгында Резолюция кабыл алынып, КР ЖК ишинин жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүүгө тийгизген таасирин баалоонун жаңы куралдарын жайылтуу зарылдыгы белгиленген.

ЖӨБ Союзу Өнүктүрүү саясат институту (мындан ары – ӨСИ) менен өнөктөшүп Кыргыз Республикасында ЖӨБ өнүктүрүүгө 2016-2020-жж. мезгилинде кабыл алынган мыйзамдардын таасири жөнүндө КР Жогорку Кеңешине баяндаманын (мындан ары – Баяндама) концепциясын

1 Бул жерде жана мындан ары маалымат булагы көрсөтүлбөгөн жерде: ЖӨБ Союзу тарабынан 2019-2020-жылдары өткөрүлгөн ЖӨБ органдарынын сурамжылоо жыйынтыктары; маалыматтар ӨСИ архивинен.

2 ЖӨБ Союзу бул жерде сөз аткаруу тартиби тууралуу эмес (жооптун формалдуу болушу же жоктугу), кайрылуудагы проблемаларды чечүү жөнүндө маалыматты камтыган ЖӨБ органдарын канааттандырган жооптун болушу тууралуу болгонун белгилейт

иштеп чыгышты. Методологияга ылайык, Баяндама кадимки түшүнүктөгү жазуу документи гана болуп эсептелбейт. Баяндама – бул КР Жогорку Кеңешинин контролдоочу функциясын, КР ЖК мыйзамдарынын жана башка актыларынын таасирин мониторингдөөнүн кошумча мүмкүнчүлүгү, бул мониторингдин жыйынтыктарын талкуулоо жана талкуулоонун жыйынтыгы боюнча чечимдерге өзгөртүү киргизүү куралы. Мындай баяндамалардын практикасы башка секторлордо жана өлкөлөрдө, мисалы, Акыйкатчынын баяндамалары дагы кызыкдар тараптардын туруктуу өз ара аракетинин, кабыл алынган чечимдерге мониторинг жүргүзүү жана сапатын баалоонун куралы катары пайдаланылат.

Баяндаманын методологиясы алгачкы жолу 2019-жылы башка багыттар боюнча ушундай баяндамаларды берүү практикасын эске алуу менен иштелип чыккан жана КР Жогорку Кеңешинин үч комитетине: Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер жана КР ЖК Регламенти комитетине; КР Жогорку Кеңешинин Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитетине, КР Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетине берилген. 2020-жылы Баяндаманын методологиясы биринчи Баяндаманы иштеп чыгуу процессинде алынган сабактарды эске алуу менен кайра каралган.

Баяндаманын үстүндө иштөө цикли сапаттык жана сандык изилдөөлөрдү, кырдаалды талдоону кошуп маалыматтарды топтоо жана талдоодон башталган. Бул Баяндама үчүн маалымат ЖӨБ органдары менен фокус-топтук талкууларды өткөрүү, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүн сурамжылоо, ачык булактарды иликтөө жана мамлекеттик башкаруу органдарынан маалымат суроо жолу менен топтолду. Баяндаманы даярдоо процессинде 2019-жылы КР ЖӨБ органдарынын 80дей өкүлү жана 2020-жылы 135 өкүлү катышты. 2020-жылы COVID-19дун жайылышына байланышкан эпидемиологиялык коркунучту эске алуу менен, маалыматтарды топтоо аралыктан – электрондук почта боюнча (толтурулган анкеталар) жана телефон боюнча (интервью) топтолду.

Андан кийин 2020-жылдын 22-октябрында Баяндама 16 мамлекеттик органга жөнөтүлүп, 2020-жылдын 5-ноябрында 16 мамлекеттик органга жөнөтүлүп, сегиз мамлекеттик башкаруу органы менен талкуудан өттү, жыйынтыгында кызыкдар мамлекеттик органдар Баяндамага өз толуктоолорун киргизүүгө жана анын корутундулары жана сунуштары жөнүндө башка пикирлерди берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

Коммуникация менен мониторингдин туруктуу куралы катары Баяндаманы жайылтуунун натыйжасында КР Жогорку Кеңешинин жергиликтүү жамааттар менен түз байланышы бекемдөөсү; жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктары чечимдерди кабыл алуу процессинде реалдуу эске алынуусу; КР ЖК контролдоочу функциясы жаңы сапаттык баскычка – мыйзамдардын таасирин объективдүү индикатор менен баалоого ээ болору күтүлүүдө.

Баяндаманын (“2016-2020-жж. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү“) биринчи бөлүгү ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдарынын учурдагы тенденцияларын жана өнүгүү проблемаларынын абалын толук жазууну өзүнө камтыйт. Мында башкаруунун бардык деңгээлдери үчүн гана эмес, жалпы жарандардын кызыкчылыктарын камтыган фактылар жана корутундулар камтылган. Баяндаманын бул бөлүгү ЖӨБ органдарына жарандардын ишеним деңгээлине сереп салуунун натыйжаларынан башталышы кокусунан эмес. ЖӨБ органдары ЖӨБ маңызы бийликтин бардык системасы жарандардын катышуусуна жана ишенимине негизделет деп эсептейт.


Баяндаманын экинчи бөлүгү (“2016-2020-жж. кабыл алынган мыйзамдардын жергиликтүү жамаатка жана ЖӨБ органдарына тийгизген таасири“) ЖӨБдү өнүктүрүүгө кабыл алынган мыйзамдардын таасирин жазууга арналган. Баяндаманы иштеп чыгуунун жүрүшүндө ЖӨБ органдары конкреттүү мыйзамдарга өз мамилелерин билдирип, алардын артыкчылыктары менен кемчиликтерин белгилешти. Бул Баяндамада каралган мыйзамдардын тизмеси ЖӨБ органдары тарабынан эксперттер менен бирге аныкталып, өткөн жылдарда КР ЖК кабыл алынган мыйзамдардын баарын киргизе алышкан эмес, ошондуктан ал ЖӨБ органдарынын пикирине ылайык ажырымдалган.

Баяндама Кыргыз Республикасында ЖӨБдүн иштеши үчүн ченемдик укуктук чөйрөнү түзүү жаатындагы ЖӨБдүн өнүгүүсүнө таасир тийгизүүчү ченемдик чаралардын көп түрдүүлүгүн жана көп багыттуулугун чагылдырган олуттуу окуялардын календарын да камтыйт.

# БАЯНДАМАНЫН РЕЗЮМЕСИ

**Жарандардын ЖӨБгө карата мамилеси жана мамлекеттин туруктуулугу.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – Кыргыз Республикасын башкаруунун алгачкы жана абдан маанилүү бөлүгү, анын абалынан жана жарандардын муктаждыктарын канааттандыруу мүмкүнчүлүгүнөн жарандардын жалпы бийликке мамилеси көз каранды болот. ЖӨБ органдарына жарандардын суроо-талабы жана алардын чечүүсүн күткөн маселелери жашоо деңгээлин жакшыртууну күткөндөй эле жылдан жылга өсүүдө. Бирок ЖӨБ органдарынын жарандардын муктаждыктарына толук түрдө жооп берүү мүмкүнчүлүктөрү адамдар күткөн абалдан алда канча артта калууда. 2016-жылдан баштап ЖӨБ органдарын оптимисттик маанайда кабыл алуу жогору болгон, бирок ал улам төмөндөп, 2018-жылы жарандар КР Президентинин 2018 жана 2019-жылдары региондорду өнүктүрүү жөнүндө жарлыгынан улам ЖӨБ келечеги кең болот деген ишенимде болушкан. Бирок 2019-жылы эле мындай эргиген ишеним ишке ашпаган оптимизм менен алмашты, кийин 2019-жылы – көңүлдөр кайт болду. Саясатта мындай көрүнүш тез-тез болуп тургандыктан, реалдуу натыйжага караганда күткөн нерселер көп эле, - 2020-жылы ЖӨБ органдарына карата оптимизм деңгээлине жана эргүүгө эки жолу суу себилгенин ушундай түшүндүрсө болот. Жарандар өздөрүнүн күтүүлөрүн ЖӨБ органдарына болгон КР Президентинин жана КР Өкмөтүнүн убадаларынан көрүшкөн, алар бул үмүттөрдү толук актай албаганда, позитивдүү кабыл алуу терс көз карашка айланды – ЖӨБдөн көңүлү калгандардын жана кыжырдангандардын саны эки эсе өстү.

Ошентсе да ЖӨБ органдары чектелген шартта иштеп, саясатчылардын улуттук деңгээлдеги бардык ниеттеринин аткарылышы үчүн жоопкерчилик ала албайт. Эң башкы чектөө – бул ыйгарым укуктардын жана аларды аткарууну каржылоонун айлампасы. Буга карата ЖӨБ органдарынын ишине канааттанбоо деңгээлинин динамикасын жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин динамикасы менен салыштырып көрөлү:




***А диаграммасы.*** *ЖӨБ органдарынын ишине канааттанбоо деңгээлинин динамикасын жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин динамикасы менен салыштыруу, 2007-2020-жж.*

**ЖӨБ органдарына калктын ишеним деңгээли** компетенциясына карабастан мамлекеттин мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигине элдин ишеним деңгээлинин чагылдырылышы болуп эсептелет, анткени ЖӨБ органдары элге эң жакын жана жеткиликтүү бийлик инстанциясы болуп эсептелет, ошондой эле жарандар ЖӨБ органдарына жалпы мамлекетке болгон мамилесин билдирет. ЖӨБ органдарына жарандардын ишеним деңгээли аткаруучу мамлекеттик бийлик органдарына болгон

ишеним деңгээлине караганда салттуу түрдө жогору. 2020-жылы ЖӨБ аткаруу органдары – мэриялар жана айыл өкмөттөрү – калктын ишеним рейтингинде төртүнчү орунду ээледи, биринчи үч орунду билим берүү, куралдуу күчтөр системасы жана албетте, диний институттар алган. Жергиликтүү кеңештер калктын ишенимине азыраак ээ болушат жана ишеним рейтингинде жетинчи орунду ээлеген. Калктын ишеними эл менен маалыматтык иши, анын ичинде социалдык тармактар жана чогулуштар аркылуу жолго коюлган ЖӨБ органдарына олуттуу түрдө өсүүдө, анда коомдук талкууга жергиликтүү бюджет же жерди башкаруу сыяктуу татаал жана маанилүү маселелерди ачык алып чыгышууда. Андан тышкары, калктын ЖӨБ органдарына ишеним деңгээли – бул мамлекеттик башкаруу систтемасынын, ЖӨБ органдары менен мамлекеттик органдардын өз ара аракетинин сапатынын реалдуу баасы.

Мамлекеттик органдарга караганда ЖӨБ органдарынын ишеним деңгээлинин жогору болушу – жергиликтүү деңгээлдеги коррупциянын деңгээлине карата тастыкталат. Ар бир үчүнчү жаран ЖӨБ органдарында коррупция жок деп эсептейт. Мындай пикирлердин саны туруктуу өсүүдө. 2008-жылдан бери ЖӨБ органдарында коррупция жок дегенге ишенген жарандардын саны жети эсеге көбөйгөн.

**Жергиликтүү жамааттардагы аялдардын абалы.** Акыркы он жылда башкаруу системасындагы жетекчилик кызматтарда аялдар азайгандан азаюуда. 2019-жылы “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 59-1-беренесине айылдык кеңештин депутаттарынын 30 пайыздан кем эмеси аялдар үчүн резервге алынат деген түзөтүү киргизилген. Жергиликтүү кеңештерде аялдардын туруктуу болушун сактоо максатында 2019-жылдын 8-августунда “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилген. Ошондон бери аял депутаттын орду ал ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурда да сакталып, анын орду талапкер аялга өткөрүлөт, эркек депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулса, анын мандаты партиянын тизмесинде турган эркек жынысындагы талапкерге берилет. Бул башкаруу системасындагы гендердик теңчиликти камсыздоо маселесиндеги чоң кадам. Үй-бүлөлөрдүн жана аялдардын жашоо шартына түздөн-түз таасир берген жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү процессинде аялдардын болушу өтө маанилүү. Аялдар үчүн артыкчылыктуу болуп эсептелинген көйгөйлөрдүн ичинен бала бакча (мында аялдардын акы төлөнүүчү жумуштарга иштөөсү жана өнүгүүсү үчүн мүмкүнчүлүк түзүлөт), ошондой эле таза суу (фляга жана челек менен ташууга мажбур болгон учурларда аялдар менен балдарга физикалык жактан күч келтирүүнү азайтууга шарт түзөт) башкы көйгөй болуп саналат. Бул маселе ар бир үчүнчү жана бешинчи аялды тынчсыздандырат. Экинчи орунда ар бир жетинчи аял үчүн артыкчылыктуу көйгөй болуп саналган көйгөй – бул мектеп жана таштанды төгүү. Жергиликтүү жамааттарда таралган башка көйгөйлөр аялдар үчүн өтө артыкчылыктуу болуп саналбайт.

Аялдардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусуна карата гендердик теңчиликти баалоо коомдук турмуштагы аялдардын ролу азыркыга караганда кыйла жогору экенин көрсөттү. Аялдар турмуш шартты оңдоо жана балдарга кам көрүүгө байланышкан маселелерде абдан активдүү – ушул эки негизги аспект өлкөбүздө салттуу түрдө аялдардын милдети катары каралат. Ошол эле учурда аялдардын алдында активдүү турмуштук позициясын үй иштери менен айкалыштыруу турат. Аялдарга тоскоолдук болгон негизги көйгөй өзүнүн жергиликтүү коомунда активдүү болуу, дээрлик 60 % жарандар акы төлөнбөгөн үй иштерине байланыштуу түйшүктөн чыга албайт деп эсептешет. Экинчи себеп – аялдарды маанилүү маселелерди талкуулоого да чакырышпайт, анткени 10-15 % эркектер үй түйшүгүнөн улам мындай чечимдерди кабыл алууга катыша алышпайт деп эсептешет. Ар бир алтынчы аял, аялдардын оюн олуттуу кабыл алышпайт деп ойлойт, ал эми ар бир онунчусу – аны коомдук активдүү турмушка аралашып, демилге көтөргөнү үчүн уяткарып коюшат деп коотонот. ЖӨБ органдарында аялдардын болушун жана алардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн ар кандай шарттарды, мүмкүнчүлүктөрдү түзүү керек, ал аялдарга өз мүмүнчүлүктөрүн көрсөтүүгө өбөлгө болмокчу.

**Жергиликтүү кеңештердин абалы жана жергиликтүү деңгээлде өкүлчүлүктүү демократиянын туруктуулугу.** Партиялык фактор жергиликтүү кеңештердин ишине кандай таасир берери тууралуу анык маалыматтар жок[1]. Баяндаманы даярдоонун алкагында партиялардын таасири астындагы жергиликтүү кеңештердин ишиндеги өзгөрүүлөр жөнүндө ЖӨБ органдарынын өздөрүнүн пикири алынган. Ошентип, ЖӨБ органдарынын сурамжылоого катышкан 81 % өкүлү саясий партиялар жергиликтүү кеңештин ишине таасир берет деп эсептеген. Бул таасирдин терс жагын ЖӨБ органдарынын 40 %

1 Партиялар азырынча алсыз болгондуктан, партиялык фактордун таасири анчейин чоң эмес деген эксперттик пикир бар. Бирок иш жүзүндө “түндүк-түштүк” принциби, кызыкчылыктар боюнча таасир тийгизүү топтору, криминалдык жана диний топтору боюнча бөлүнүү бар. ЖӨБ деңгээлинде бул көйгөйлөр өзгөчө айкын көрүнүп турат.

белгилеген. Бирок сурамжылоого негизинен ЖӨБ аткаруу органдарынын өкүлдөрү катышканын белгилеп коюу керек жана бул алардын: "жергиликтүү кеңеш Бишкектеги саясий партиялардын командасына баш ийет жана коомчулуктун кызыкчылыктарын четке кагат" жана "жергиликтүү кеңеш АӨ ишине тоскоолдук кылат" деген ой-жорумун билдирбей коймок эмес. Аны менен ЖӨБ аткаруу органдарынын 17 % кызматкерлери "жергиликтүү кеңеш АӨ ишине катуу көзөмөл кыла баштады" деген позитивдүү пикирде, дагы 14 %ы "жергиликтүү кеңеш "жашарып калганын" байкаган. Ошентип, саясий партиялардын жергиликтүү кеңештердин ишине таасири жөнүндө бирдиктүү пикир жок, андыктан башкаруу системасы, аналитикалык борборлор негиздүү сунуштамаларды иштеп чыгуу үчүн таасирлерди дагы иликтеп көрүшү керек.

Билим берүү деңгээли, шайлоо системасы, партиялык фактордун таасири жергиликтүү кеңештердин тарашына таасир этет. 2017-2020-жж. 34 жергиликтүү кеңеш, анын ичинде 9 кеңеш жыйындарда кворумдун жоктугунан, 25 кеңеш – ЖӨБ аткаруу органынын жетекчисин – АӨ башчысын же мэрди шайлай албаганынан улам тараган.

2019-жылы мыйзам чыгаруучулар жергиликтүү кеңештердин институционалдык туруктуулугун күчөтүү багытында чоң кадам жасашты. Айылдардагы өкүлчүлүктүү органдардын туруктуу иштешин камсыз кылган штаттык кызматкерлердин узак убакыт бою жоктугу олуттуу көйгөйлөрдү жаратып келген. 453 айылдык кеңеш түзүлгөн күндөн бери өз аппаратына ээ болгон эмес, алардын ыйгарым укуктары айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына жүктөлгөн, бул көп учурда айылдык кеңеш менен айыл өкмөтүнүн ортосундагы кызыкчылыктардын кагылышына алып келиши мүмкүн. Жооптуу катчынын күндөлүк иштер менен алек болушу туруктуу комиссиялардын ишин, сессиялардын сапаттуу иштешин, кеңештердин калк менен болгон байланышын уюштуруу сыяктуу маселелерге тийиштүү деңгээлде көңүл буруусуна тоскоолдук жараткан. Соңунда, 2019-жылдын 8-августундагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" № 115 КР Мыйзамы менен жергиликтүү кеңештердин иштеши үчүн жаңы шарттар үзүлдү. Эми калкынын саны 6000 адамдан көп болгон аймактардагы айылдык кеңештер кошумча штаттык бирдик – жооптуу катчы менен камсыздалат. Ошону менен бирге калкынын саны 20000 адамдан көп болгон аймактардагы айылдык кеңештердин өкүлдөрү эмгек акы менен камсыз болушат. Бул өзгөрүүлөр айылдык жана шаардык кеңештерге карата дискриминациялык мамилени жоюу, ошондой эле ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдарынын институционалдык туруктуулугун бекемдөө максатында киргизилди. Калкынын саны аз болгон аймактардагы кеңештер үчүн ушул сыяктуу шарттарды түзүү жөнүндө маселе бюджетте каражаттын жетишсиздигинен улам чечиле элек.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын шайлоочулардын алдында отчет беришин жакшыртуу жана жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча айрым маселелер чечилбеген бойдон калууда. Мисалы, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын чакыртып алуу тууралуу маселе КР мыйзамдарында жөнгө салынбаган бойдон калууда.

**Муниципалдык кызматтын абалы.** Маалыматтардын динамикасы бош жана башка бирөө ордунда иштеген кызмат орундарынын саны бир аз туруксуздукка дуушар болгонун көрсөтүп турат. Бош муниципалдык кызматтардын үлүшү 9-10 %дын тегерегинде өзгөрүп, бул муниципалдык кызматты жалпысынан алып караганда толук комплекттелген деп баалоого мүмкүнчүлүк берет. Ошондой болсо да, ар бир онунчу адистин жок болушу белгилүү бир ойду жаратат. Ошону менен бирге, жумушсуздуктун деңгээли жогору болгон өлкөдө 869 жумуш ордунун бош болуусун нормалдуу көрүнүш катары эсептөөгө болбойт.

Муниципалдык кызматта аялдардын үлүшү бир аз гана өзгөргөн. 2020-жылы 38 %дан көбүрөөк муниципалдык кызматтарды аялдар ээлеген болсо, бул көрсөткүч 2019-жылы 36 % жана 2017-жылы 37 % болгон. Муниципалдык кызматтан кеткен аялдардын саны 2017-жылдан 2019-жылга чейин 29,5 %дан 35,9 %га чейин өскөн. Башкача айтканда, аялдар барган сайын көбүрөөк түрдүү себептер менен муниципалдык кызматтан кетишүүдө.

Аялдарды ЖӨБ органдарынын жетекчилик курамынан "сүрүп чыгаруу" уланууда: жетекчиликтеги эркектердин саны көбөйүп бара жатат. Саясий кызмат ордун ээлеген аялдардын саны мурункудай эле аз санда жана төмөндөөнү улантып жатат – 2017-жылы 4,2 %дан 2020-жылы 3,5 %га чейин түштү. Жогорку административдик кызматтарда бир дагы аял калган жок. Бирок башкы, ага жана кенже муниципалдык кызматтарды ээлеген аялдардын саны өсүүдө.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн мүмкүнчүлүктөр кеңейтилди. 2020-жылы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 195 адам муниципалдык кызматта иштейт. Анын ичинде 137 – эркек, 58 – аял (2017-ж. 117 эркек, 17 аял).

ЖӨБ аткаруу органдарынын улуттук курамы көп түрдүүлүккө карай бир аз өзгөрдү. Бирок, ЖӨБ органдарындагы улуттук азчылыктын саны өлкөдөгү бул улуттардын санына салыштырмалуу 3 эсе төмөн. Муну менен бирге, саясий кызматтагы муниципалдык кызматкерлердин басымдуу бөлүгүн (96 %) кыргыздар түзөт.

Пенсияга чыга турган жана 55 жаштан жогорку пенсия жашындагы адамдар 2019-жылы дээрлик 23,3 % (2019-жылы 22 %) муниципалдык кызматты ээлешкен. Муниципалдык кызмат курамдын "карып бара жаткан" тенденциясын көрсөтүп турат. Себеби 2016-жылы адамдардын бул категориясы кызматтардын 18 %ын гана ээлешкен.

2016-жылдагы кадрлардын туруксуздугунун себеби ЖӨБ органдарынын саясий жетекчилеринин алмашуусу менен шартталганын белгилеп коюу керек. ЖӨБ аткаруу органынын башчылары алмашкандан кийин команданы алмаштыруу муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн сапатына олуттуу зыян тийгизет. ЖӨБ Союзу 2021-жылы муниципалдык кызматтарда кадрлардын жаңы алмашуулары күтүлөрүн, бул 2021-жылдын жаз айларына пландалган жергиликтүү кеңештерге шайлоолордон улам болорун болжолдоодо. Ошол эле учурда муниципалдык кызматтардагы кадрлардын туруксуздук деңгээли өтө деле жогору эмес, мамлекеттик кызматтагыга караганда төмөн болуп эсептелет.

**Квалификацияны жогорулатуу.** Квалификациясын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүнүн чектелүүсү, КР Мамлекеттик кадр кызматынын тийиштүү бөлүмүнүн талаптарын окутууну уюштуруу үчүн толук эмес каржылоодон келип чыккан. 2020-жылы бул абал республикалык бюджеттин кыскартууга дуушар болуусу менен курчуду. Мунун жыйынтыгында квалификацияны жогорулатууга бөлүнгөн каражаттар 500 муниципалдык кызматчыны окутууга гана жетип, бул нормадан беш эсе аз болгон жана жалпы сандын 6 % гана түзгөн.

Көйгөйдүн экинчи тарабы – ЖӨБ органдарынын жетекчилеринин бул маселеге жоопкерчиликтүү мамиле жасабаганында. Кадрлар жетишсиз болгон шартта иштеп, жумуштун көптүгүнөн улам ЖӨБ органдарынын жетекчилери чындыгында квалификациясын жогорулатуусу зарыл болгон кызматчыларды ар дайым жиберүүнү каалашпайт жана жибере алышпайт.

Квалификацияны жогорулатуунун мамлекеттик системасы муниципалдык кызматчылардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча кызматтык милдетин аткаруу процессинде пайда болгон билимге жана жөндөмгө болгон бардык талаптарын канааттандырууга арналбаганын белгилей кетүү зарыл. ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгү дээрлик көп түрдүү. Калк менен түздөн түз иштөөдө алар күн сайын жетекчиликке алган документтерде жазылбаган жана муниципалдык кызматчылардын иш тажрыйбасында мурун кездешпеген башкаруунун түрдүү маселелерине, турмуштук көрүнүштөргө, оор абалдарга кабылышат. Мунун ачык-айкын мисалы, 2020-жылдын жаз айында ЖӨБ органдары кабылган COVID-19 инфекциясынын жайылуусуна байланыштуу пайда болгон эпидемиологиялык коркунуч. ЖӨБ органдары алгачкы жолу мындай коркунуч менен бетме-бет келди. Алар өздөрүнө тиешеси болбогон функцияларды колго алууга туура келди – санитардык-гигиеналык каражаттарды сатып алуу жана алыстан иштөө режимин камсыз кылуу ж.б.

Башкаруунун ушул сыяктуу маселелеринде ыкчам жардам берүү, күтүлбөгөн жаңы маселелерди чечүү пландык режимде иштеген жана мурун бекитилген модуль жана программаларга ылайык окутууну жүргүзгөн квалификацияны жогорулатуунун мамлекеттик системасы аркылуу аткарыла албайт. Мындай абалдарда дүйнөлүк тажрыйба маселени чечүүнүн башка жолун сунуш кылат – профессионалдык ишмердиктин субъекттеринин ортосунда горизонталдык окутууну жана тажрыйба алмашууну уюштуруу. Б.а. мындай окутуулар ЖӨБ органдарынын ассоциациясы менен ЖӨБ Союзунун ортосунда болушу керек. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган – ЖӨБЭММА дагы бул процесске тартылуусу зарыл.

**Мамлекет өткөрүп берген ыйгарым укуктар.** Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамы менен ЖӨБ органдарына бериле турган негизги мамлекеттик ыйгарым укуктарга кошулган жети же болжол менен 40 % ыйгарым укук боюнча КР Өкмөтү тарабынан белгилүү иштер жүргүзүлүп жатат. Төрт ыйгарым укукту ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар берилген ыйгарым укуктардын ичинен алып салууну сунуш кылууда. Берилүүсү мүмкүн болгон 40 % ыйгарым укуктар боюнча прогресстер байкалган жок. Ушуга байланыштуу эки суроо пайда болот. Биринчи – 7 жылдын ичинде бул ыйгарым укуктарды мамлекеттик

органдан берүү талабы пайда болбогон абалда, бул ыйгарым укуктарды берилүүчү ыйгарым укуктарга кошуу канчалык максатка ылайык? Экинчи – бул ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарынын катышуусуз аткаруунун сапаты жана көлөмү жөнүндө. Себеби, ыйгарым укуктардын мүнөзү боюнча жана аларды берилүүчү ыйгарым укуктардын категориясына кошуу себебине караганда, бул ыйгарым укуктар калк менен түздөн түз байланышта жүзөгө ашырылат. Суроонун мааниси ыйгарым укуктуу органдын толук түрдө жана тийиштүү сапатта ЖӨБ органдарынын катышуусуз ыйгарым укукту аткара алуусу же аткара албоосунда.

**ЖӨБ органдарынын финансылык абалы.** Аймактарды өнүктүрүү жылдары деп жарыяланган 2018-2019-жылдардагы тажрыйбага карап, реформа жасоо үчүн бир жылды аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыялоо жетишсиз экенин ишенимдүүлүк менен айтууга болот. Жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин көлөмү (трансфертсиз) азыркыга чейин республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешесинин **ондон бир бөлүгүнөн** ашпайт. Ал эми жергиликтүү бюджеттин жалпы кирешесинде салыштырмалуу көп салмакка ээ болгон Бишкек жана Ош шаарларынын кирешелерин эсепке албаганда, калган бардык жергиликтүү бюджеттин, республиканын консолидацияланган бюджетиндеги үлүшү болгону **5 %**га жакынды түзөт.

Жергиликтүү бюджеттердин номиналдык көлөмү жыл сайын көбөйүп бартканына карабастан, көпчүлүк ЖӨБ органдарына функцияларын жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарын сапаттуу аткаруу үчүн ресурстар жетишсиз болуп келет. Бирок, эгер жергиликтүү бюджеттердин номиналдык (абсолюттук) көлөмүнүн өсүшү республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешелеринин көлөмүнүн өсүшү менен салыштырыла турган болсо, анда динамика байкалбайт. Б.а. салыштырып көрсөткөндө жергиликтүү бюджеттердин көлөмү өскөн жок. Бул мурунку Баяндамада дагы жана КР Өкмөтүнө жана КР Жогорку Кеңешине берилген эксперттик серептерде дагы бир нече жолу белгиленген. Мамлекетти финансылык борбордон ажыратуунун негизги көрсөткүчтөрүнүн бири – республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешелериндеги жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин үлүшү 2017-жылдан баштап өзгөрүүсүз калууда. Б.а. жергиликтүү бюджеттердин ар бир төртүнчү сому – бул республикалык бюджеттен алынган дотация. Бул жергиликтүү бюджеттердин борбордун каржылоосуна көз каранды экендигин билдирет.

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджеттеринин борбордун каржылоосуна көз карандылыгынын негизги себеби ЖӨБ органдарынын киреше потенциалынын төмөн болуусу. Бул жеке кирешелерин жетиштүү көлөмдө топтоо жөндөмсүздүгүнө алып келет. Көпчүлүк аймактардын экономикалык өнүгүүсүнүн жетиштүү жогору деңгээлде болбоосу салык жыйымдарынын көлөмүн чектейт, ал эми муниципалдык менчиктин начарлоосуна алып келген жакшы башкара албоо салыктык эмес кирешелерди төмөндөтөт.

Бюджеттер аралык мамилелерди жакшыртуу багыттары көп жылдан бери эч кандай маанилүү өзгөрүүлөргө дуушар болбой келген – мурдатан чечилбей келе жаткан окшош эски маселелер кайра эле аларды чечүүгө багытталган окшош сунуштарды пайда кылып келет. Бул чөйрөдөгү негизги көйгөйлөр: башкаруу органдарына жүктөлгөн функцияларга жана ыйгарым укуктарга тийешелүү болгон байланышты камсыздабай туруп, бюджеттик каражаттардын пропорционалсыз бөлүнүшү; ЖӨБ органдарынын арасында негизсиз преференциалдык шарттарды (мисалы, кирешелердин азаюсун компенсация кылуу, капиталдык салымдарды бөлүү ж.б. боюнча) түзүү мүмкүнчүлүктөрүн пайда кылган адам факторунун жана саясий басымдын таасири; жалпы мамлекеттик кирешелерди бөлүштүрүү саясатынын кемчилиги; жергиликтүү бюджеттерди теңдөөдө жана максаттуу трансферттерди бөлүүдө трансферттик саясаттын кемчилиги; түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттарды бөлүү.

Айрым көйгөйлөрдү ЖӨБ органдары өздөрү эле жаратып алышат, мисалы: киреше потенциалын көтөрүүгө же бекитилген салыктар, жергиликтүү салыктар жана салыктык эмес кирешелер үчүн салыктык базасын кеңейтүүгө ар дайым эле тийиштүү түрдө аракет жасашпайт; жеке кирешелерин сапаттуу пландоону камсыз кылышпайт; аймактарды өнүктүрүү фонддорун туура пайдалана алышпайт.

ЖӨБдүн каржылык бакубатчылыгына терс таасирин тийгизген дагы бир көйгөй – жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен мамлекеттин ортосунда бюджеттер аралык мамилелер боюнча кызыкчылыктарды макулдашуу процессисинин жок болушу. ЖӨБ органдары бюджеттерди түзүүдө жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын эске алууну камсыздоо мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Бул – ЖӨБдү каржылоодо теңдемдин бузулушуна алып келет жана ЖӨБ органдарына жергиликтүү маанидеги маселелерди эффективдүү чечүүдө жана жергиликтүү деңгээлде кызматтарды көрсөтүүдө кыйынчылык туудурат. Бюджеттик процессте жергиликтүү өз адынча башкаруу менен мамлекеттин

ортосунда конструктивдүү диалогдун жоктугу жогоруда аталган бардык кыйынчылыктардын пайда болушуна алып келет. ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын эске алуу республикалык бюджетти пландоо жана анын аткарылышы тууралуу отчетту кабыл алуу процессин жөнгө салган мыйзам чыгаруучулук жана ченемдик-укуктук актыларда бекитилиши керек. Кызыкчылыктарды макулдашуу КР ЖК тарабынан жыл сайын бюджеттик резолюцияны кабыл алуу стадиясында, КР Өкмөтү тарабынан негизги фискалдык багыттарды жана республикалык бюджет тууралуу мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жана кабыл алуу стадияларында жүргүзүлүшү милдет. Бул үчүн Жогорку Кеңешке бюджет долбоору КР Өкмөтү менен ЖӨБ органдарынын легитимдүү өкүлү – КР ЖӨБ Союзунун ортосунда кзыкчылыктарды макулдашуу тууралуу протоколдун коштоосунда жиберилиши керек. КР ЖК тарабынан республикалык бюджеттин аткарылышы тууралуу отчетту бекитүү тууралуу мыйзам долбоорун карап чыгуусунун жүрүшүндө КР ЖӨБ Союзунун катышуусу да зарыл.

**ЖӨБ органдары тарабынан мыйзамдардын сакталышы.** ЖӨБ органдарынын мыйзам бузуулары тууралуу маалыматтар КР Башкы прокуратурасы тарабынан жыйналат. Бул маалыматты берүү форматы ар дайым өзгөрүп турат жана кандайдыр бир объективдүү талдоону жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк жок. КР Башкы прокуратурасынын жетишкендиги катары https://www.prokuror.kg сайтында жарыяланган ЖӨБ органдарынын иш аракеттерин текшергендеги жыйынтыктарын караса болот. Бул маалымат аталган сайтта 2018-жылдан тарта жарыяланып келет. Бирок бул өңдүү маалыматтар үзгүлтүксүз жана машинда окула турган форматта жайгаштырылбагандыктан, бул маалыматтарды талдоо мүмкүнчүлүгү болбой келет.

ЖӨБ Союзу ошондой эле жүргүзүлгөн текшерүүлөр тууралуу маалыматтарда алардын мүнөзү – пландалган же пландан тышкары текшерүү, ошондой эле пландан тышкары текшерүүнүн себеби көрсөтүлүшүн абдан маанилүү деп эсептейт. ЖӨБ Союзу жүргүзүлгөн текшерүүлөр жөнүндө отчетто текшерүү предметин көрсөтпөө туура эмес дейт. 2020-жылы 16 %га жакын жүргүзүлгөн текшерүүлөр жөнүндө маалыматтарда текшерүү предмети көрсөтүлгөн эмес, кайсы мыйзамдардын сакталуусуна текшерүү жүрүп жатканы тууралуу маалымат берилген эмес.

**ЖӨБдүн өнүгүүсүнө таасир эткен мыйзамдарды баалоо.** 2019-жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын ЖК тарабынан 170 мыйзам актысын кабыл алды. ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнө жана кызыкчылыктарына көбүрөөк таасир эткен 20 мыйзамдын кеңейтилген тизмесин ЖӨБ Союзу жана Өнүктүрүү саясат институту эксперттик топ түзүп, андан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн актуалдуулук критерийлеринин негизинде бул тизмеге артыкчылык берди, андан кийин тизме 15 мыйзамга чейин кыскарды. Аларга, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн каалоосу менен КР ЖК тарабынан 2016-2018-жж. аралыгында кабыл алынган жана Баяндамада 2019-жылы каралган, бирок тиешелүү мамлекеттик органдары, анын ичинде мыйзам чыгаруучу органдары тарабынан ал мыйзамдардын кабыл алынгандыгынан аз эле убакыт өткөндүгүнөн улам, деталдуу бааланбаган жана тийгизген таасири тууралуу жетишерлик реакция берилбеген 7 мыйзам актысы кошулду.

Мыйзамдардын таасирин баалоо үчүн, ЖӨБ органдарынын пикирин билүү максатында сурамжылоо жүргүзүлгөн (анкеталык жана интервью). Жалпысынан ЖӨБ органдары КР ЖКнын иш аракеттерин оң баалашты. Мисалы, изилдөөгө катышкан 22 мыйзамдын дээрлик бардыгы ЖӨБ органдарынын көпчүлүгү тарабынан оң баага ээ болду. Жадагаса мурдагы жылы терс маанайда бааланган мыйзамдар да бул жылы позитивдүү бааланды. Сурамжылоонун жыйынтыгынын негизинде көпчүлүк ЖӨБ органдары тарабынан оң таасир тийгизди деп бааланган беш мыйзамды белгилеп кетсе болот:

- “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР мыйзамы (ЖӨБ жөнүндө КР мыйзамы, ЧУА жөнүндө, Ош шаарынын статусу жөнүндө, Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө) 2019-жылдын 8-августу № 115.
- “Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекси” 2018-жылдын 10-августу №90.
- “Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР мыйзамы 2019-жылдын 23-январы № 9.
- “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” КР мыйзамы 2016-жылдын 31-марты №32.

- “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө”, “Борбор шаардын статусу жөнүндө”, “Ош шаарынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2019-жылдын 8-августундагы № 118.

Ведомстволук милдеттенмелерди мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү аркылуу кууш тармактык ыкма менен чечүү иш жүзүндө натыйжаларга терс таасирин тийгизе тургандыгы тууралуу гипотезаны Баяндама тастыктады жана бул ЖӨБ органдарынын пикирлери менен да бышыкталды. Мисалы, тармактык милдеттенмелерди чечүүгө ылайыкташтырылган, бирок мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын өз ара мамилелеринин түзүмүн жана эки деңгээлдик бюджет системасынын өзгөчөлүктөрүн эске албастан кабыл алынган төрт мыйзамдын таасири ЖӨБ органдары тарабынан терс пикирге кабылды. Белгилей кетүүчү нерсе, ЖӨБ органдарынын айрым өкүлдөрү бир катар мыйзамдар ЖӨБ органдарынын ишине оң жана терс таасирин тийгизгендигин белгилешет.

- “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” КР Мыйзамы 2017-ж. 27-апрель №63.
- “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы 2017-ж. 27-апрель № 64.
- “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” (“Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө”, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” 2016-жылдын 12-декабрындагы № 196) Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.
- Кыргыз Республикасынын “Пробация институтун ишке ашыруу боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамы 2019-жыл 24-апрель № 56.

Талкуулоо үчүн өзүнчө тема болуп жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин ушул функциялар үчүн керектүү ресурстардын бекитпестен контролдобогон кеңейтүү эсептелет. 2018-2019-жж. ичинде эле жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин кеңейткен 10 ишке ашырылган жана ишке ашырылбаган ушундай демилгелер  байкалган. Баарынан да ЖӨБ органдары кыжаалат кылганы сунушталган 10 демилгенин ичинен экөөсү гана: ЖӨб органдарына сунушталган функцияларды аткарууну республикалык бюджеттен каржылоо каралган. Калган 80 % демилгеге маалымкат-негиздеме ченемдик укуктук актынын долбоору мамлекеттик бюджеттен кошумча каржылоону талап кылбайт деген стандарттуу формулировканы камтыган. ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин кеңейтүү демилгечилери жалпы мамлекеттик бюджеттин бөлүгү катары карашпай, жергиликтүү бюджеттер КР салыктык жана салыктык эмес киреше системасы менен байланышпаган кандайдыр бир өзгөчө түрдө каржыланат деп ойлошот деген бүтүм чыгарышкан. Аныкында жергиликтүү бюджеттер республиканын бириктирилген бюджети болуп эсептелет, ошондуктан акча функцияларга шайкеш болот деген принципке ылайык, мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы функцияларды бөлүштүрүүнүн өзгөрүшүнүн арты менен бюджет аралык мамилелер дагы өзгөрүп, бюджет ортосундагы кирешелер кайра бөлүштүрүлүшү керек. Ошондуктан сергек ой жүгүртүм жана КР Конституциясы мындай демилгелерге карата жазылган маалымкат-негиздемелерде функцияларды аткаруунун баасын жана аны каржылоонун булагын, жергиликтүү маанидеги олуттуу маселелерди минималдуу каржылоого эсептелген жергиликтүү бюджеттерден тышкары, көрсөтүлүшү керек деген ойго жетелейт.

ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди ресурстарды бекитпестен кеңейтүүнүн калыптанып калган салты жана практикасы абдан кыжаалат кылып жатканын айтып, КР Жогорку Кеңешинен ЖӨБ органдарына сунушталып жаткан жаңы функцияларды финансылык булактарын негиздебестен жана каржылоо жол-жоболорун аныктабастан кеңейтүү киргизүүгө тыюу салууну өтүнөт.

Баяндама аркылуу ЖӨБ органдары башкаруунун түрдүү деңгээлине даректелген сунуштамалардын кеңири топтомун сунуштайт, муну менен сунуштамалар ыкчам чараларды да, системалуу өзгөрүүлөрдү да камтыйт. Аларды ийгиликтүү ишке ашыруунун эң маанилүү шарты – мамлекеттик бийликтин ЖӨБ органдары менен Кыргыз Республикасынын жарандарынын турмуш шартын алардын жашаган жерине карабастан жакшыртуу максатында биргелешип иштөөсү.

# СУНУШТАМАЛАР

## КР ЖК КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМДАР, МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШ, СОТТУК-УКУКТУК МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА РЕГЛАМЕНТ БОЮНЧА КОМИТЕТИНЕ

- Өз ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткон жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн шайлоолорду жарыялоо жана өткөрүү мөөнөттөрүн мыйзамдарда жөнгө салуу.
- Төрт жылдык иштөө мөөнөтү бүткөн, бирок шайлоо күнү келгенге чейин өз ишмердигин уланткан жергиликтүү кеңештердин ишинин легитимдүүлүгү жөнүндө маселени мыйзамдарда жөнгө салуу.
- Өзгөчөлүктөрүн, муниципалитеттин масштабын эске алуу менен шаардык жана айылдык кеңештердин түзүмүн жана аппараттарынын курамын чектөө. ЖӨБ органдарынын жана калктын пикири боюнча катчы керек деген кеңештер үчүн жашоочулардын саны боюнча сандык босогону алып салуу керек. Ошондой эле сандык босого жергиликтүү кеңештердин төрагаларынын ишин төлөө маселелеринде бирдей эмес абалга койбоосу керек.
- Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчы штатты кызмат ордун киргизүү жөнүндө ченемге КР Өкмөтү тарабынан мыйзамдын ишке ашуусун контролдоону күчөтүү керек.
- Депутаттардын өз ыйгарым укуктарын аткарбоосунан жана (же) талаптагыдай эмес аткаруусунан шайлоочулардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн, шайлоочулардын суроо-талаптарын аткарбагандыгы боюнча шайлоочулардын депутаттарды чакырып алуу жол-жобосун киргизүү.
- Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын айыл өкмөт башчыларын шайлоону атайылап үзгүлтүккө учуратууга багытталган аракеттери үчүн жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын юридикалык жоопкерчилигин киргизүү.
- жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер үчүн жогорку же жок дегенде атайын орто билими, ошондой эле жакшы иш тажрыйбасы болушу керек деген талапты киргизүү.
- 2019-жылдын 21-декабрындагы № 140 “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамынын экстремисттик багыттагы диний уюмдардын жайылуу чөйрөсүндөгү кырдаалды контролдоо субьектилерине ЖӨБ органдарын кайтаруунун максатка ылайыктуулугуна карата таасирин талдоо.
- “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамына айыл өкмөтүнүн башчысы кызматка келгендин үчүнчү жылы класстык чен алуусун кепилдей турган ченем киргизүү.
- Муниципалдык кызматчылардын эмгек акы фондун түзүү принциптерин, мамлекеттик кызматчылардын ставкаларына жакын кызматтык ставка жасоо менен кайра кароо.
- Мурда текшерүүнүн предмети болуп, бирок ал даттанууда жазылган фактылар аныкталбай калган даттануулар боюнча ЖӨБ органдарын текшерүүгө мыйзам менен тыюу киргизүү.
- “ЖӨБ органдарын текшерүүнү өткөрүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамын мамлекеттик органдардын аткаруусуна карата парламенттик контролду күчөтүү.
- “ЖӨБ органдарын текшерүүнү өткөрүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамынын талаптарын бузгандыгы үчүн мамлекеттик органдардын жоопкерчилигин белгилөө (кабинетке чакыруу менен текшерүүнү алмаштырып коюу, башка уюмдарды текшерүүнүн жүрүшүндөгү текшерүүлөр ж.б.).
- Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегинен калкка укуктук жардам көрсөтүүнү толук алып салуу же аны ЖӨБ органдарына мамлекет өткөрүп берген ыйгарым укуктардын категориясына кадрдык, методикалык жана финансылык камсыздоонун коштоосунда которуу.
- КР Өкмөтү менен биргеликте ЖӨБ органдарын текшерүүчү мамлекеттик органдардын ишин жана ал текшерүүлөрдүн эффективдүүлүгүн талдоо. Талдоонун жыйынтыгы боюнча КР Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 25-майындагы №1618-VI токтому менен бекитилген текшерүүчү органдардын тизмесине натыйжасыз жана кайталанма текшерүүлөрдүүлөрдү кыскартууга багытталган өзгөртүүлөрдү киргизүү.
- КР Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 25-майындагы №1618-VI токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү менен КР Социалдык фондун ЖӨБ органдарынын ишин текшерүү жүргүзүүгө укуктуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизесинен чыгаруу, анткени 2019-жылдын

1-январынан тартып мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү функциялар жана ыйгарым укуктар КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 648 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн башкаруу функцияларын өткөрүп берүү чаралары жөнүндө" токтому менен КР Мамлекеттик салык кызматына өткөрүлүп берилген.

**КР ЖК БЮДЖЕТ ЖАНА ФИНАНСЫ БОЮНЧА КОМИТЕТИНЕ**

- ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын республикалык бюджетти пландоо жан анын аткарылышы жөнүндө отчетту кабыл алуу процессин жөнгө салуучу мыйзамдардагы жана ченемдик укуктук актылардагы кызыкчылыктарын эске алууну камсыздоо. Кызыкчылыктарды макулдашуу КР ЖКнын ар жыл сайын бюджеттик резолюцияны кабыл алуу стадиясында, КР Өкмөтү тарабынан КР фискалдык саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгуу жана кабыл алуу стадиясында жана, албетте, республикалык бюджет жөнүндө мыйзам долбоорунда болушу керек, ал үчүн КР Жогорку Кеңешине бюджеттин долбоору КР Өкмөтү менен ЖӨБ органдарынын – легитимдүү өкүлү КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзунун ортосундагы кызыкчылыктарды макулдашуу жөнүндө протоколдун коштоосунда келип түшүүсү керек. КР ЖК республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү жөнүндө мыйзам долбоорун караганда дагы КР ЖӨБ союзунун катышуусу зарыл.
- Бааларды жана техникалык спецификацияларды сактоодо өткөрүлгөн конкурстун негизинде түзүлгөн келишим боюнча товарларды кошумча сатып алуу босогосун (курулуш кызмат көрсөтүүлөрүн) 10 %га (товарлар) чейин жана 15-20 %га чейин (курулуш) кайрадан жогорулатуу.
- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамда келишимден баш тартуу же келишим шарттарына өзгөртүүлөрдү бир тараптуу талап кылган учурда ак ниет эмес подрядчыларга таасир чараларын кайра кароо, ак ниет эмес подрядчыларды жана жабдуучуларды "кара тизмеге" киргизүү маселесин кошо кароо.
- Кабыл алынган КР Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө кодексине толуктоо катары "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамдагы муниципалдык мүлктү башкаруунун заманбап жана эффективдүү жол-жоболорунун жетиштүүлүгүнө кароо.
- Өзүнө мейкиндик пландоону камтыган аймактарды социалдык-экономикалык өнүгүүсүн пландоонун комплекстүү системасы жөнүндө мыйзам иштеп чыгуу жана кабыл алуу.
- 2021-жылы шайлана турган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын жалпы багыт жана окутуу боюнча муниципалдык кызматчылардын окутууну уюштурууга жана квалификациясын жогорулатууга керектүү финансылык каражаттардын бюджети жөнүндө жыл сайын мыйзамда толук түрдө кароо, ошондой эле ЖӨБ органдары ведомстволук багыты боюнча муниципалдык кызматчыларды окутууну каржылоо үчүн керектүү каражаттарды кайра кароого финансылык мүмкүндүгү болушу үчүн РБ менен ЖБ ортосундагы кирешелерди бөлүштүрүү системасын жакшыртуу.

**КР ЖК АГРАРДЫК САЯСАТ, СУУ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА РЕГИОНДУК ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА КОМИТЕТИНЕ**

- Мыйзамдарга үрөнчүлүк чарбасынын баа саясатын төмөндөтүү жагына түзөтүүгө жардам бере турган өзгөртүүлөрдү киргизүү, мында үрөнчүлүк чарбасы айыл өкмөтүнүн жер фондунун жерлерин пайдаланат, мамлекеттик дотацияларды алат.

**КР ЖК СОЦИАЛДЫК МАСЕЛЕР, БИЛИМ БЕРҮҮ, ИЛИМ, МАДАНИЯТ ЖАНА САЛАМАТТЫК САКТОО БОЮНЧА КОМИТЕТИНЕ**

- Мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы калкты кургак учуктан коргоо, ошондой эле мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте көрсөтүлгөн чөйрөдө мамлекеттик ыйгарым укуктарды тиешелүү өткөрүп берүүнү камсыздоо маселелери боюнча функцияларын жана ыйгарым укуктарын чектөөнү жүргүзүү.
- Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо маселелеринде ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарын кайра кароо жана ЖӨБ органдары менен мамлекеттик органдардын ортосундагы функцияларды так ажыратуу керек. ЖӨБ органдары даярдалган адистерди же укук коргоочуларды толук кандуу алмаштыра албайт. ЖӨб органдары кырдаалды мониторингдөөдө жана үй-бүлөлүк зомбулук учурларын эрте аныктоодо гана алардын салымы максатка

ылайык жана натыйжалуу болорун, бирок конкреттүү үй-бүлө менен практикалык иш боюнча уюштурууну тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аркылуу мамлекет өзүнө алышы керек деп эсептешет.

- Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесинен учурдагы формулировкада үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жөнүндөгү маселени алып салып, ЖӨБ органдарына мыйзамда жазылгандай финансылык жана методологиялык колдоону берүү менен тиешелүү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү аркылуу кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу.
- ЖӨБ органдары аркылуу балдардын муктаждыгын аныктоо жолу менен аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына жөлөкпул алуусун жакшыртуу; ошондой эле коррупциялык тобокелдиктерди жокко чыгаруу менен жөлөкпулдарды берүү жол-жобосун дагы жөнөкөйлөштүрүү керек.

**УКУК ТАРТИБИ, КЫЛМЫШТУУЛУК МЕНЕН КҮРӨШҮҮ ЖАНА КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮ БОЮНЧА КОМИТЕТИНЕ**

- Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинде каралган мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарын так чектөө керек.

**ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ФИСКАЛДЫК САЯСАТ БОЮНЧА КОМИТЕТИНЕ**

- 2020-жылдын 25-январындагы №15 “Жарнама жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамын аткаруу процессинде кошумча бюрократиялык жол-жоболорду киргизүү зарылдыгына талдоо жүргүзүү (ЖӨБ органы тышкы жарнаманы жайгаштырууда макулдашуу өткөрө турган мамлекеттик органдардын тизмесин кыскартуу).

**КР МАМЛЕКЕТТИК КАДР КЫЗМАТЫНА**

- ЖӨБ Союзун муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу үчүн окутуудагы муктаждыктарын аныктоо системасына киргизүү.
- ЖӨБ Союзун жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча тажрыйба алмашуу жана практикалык билимдерди жайылтуунун горизонталдык системасын өнүктүрүүгө көмөктөшүү.
- Туруктуу негизде жергиликтүү кеңештердин депутаттарын окутуу системасын жайылтуу.
- Жергиликтүү шайлоолор өткөндөн кийин ЖӨБ органдарынын саясий жетекчилери алмашкандан кийин өз кызмат орундарын таштап кетүүдөн административдик муниципалдык кызматчыларды коргоо боюнча чараларды иштеп чыгуу.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ**

- Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчы штаттык кызмат ордун киргизүү жөнүндө ченемди практикалык ишке ашыруу боюнча ишти тездеитп, аны 2020-жылы аткаруу камсыздоо.
- ЖӨБ органдарына өзүнүн уюштуруучулук түзүмүн өз алдынча аныктоо укугун, ошондой эле кошумча кызматкерлерди жалдоо же айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды зарыл ресурстарын кошо бөлүп берүү менен өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн муниципалдык кызматчыларга кошумча акы төлөп берүү укугун берүү.
- Калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жергиликтүү маанидеги маселелер (ЖММ) катарынан алып салуу же бул кызмат көрсөтүү берилүүчү мамлекеттик ыйгарым укуктарынын разрядына которуу.
- Салыктык эмес кирешелер теңдөөчү гранттын эсебинин формуласынан алып салуу.
- Маалымат алмашуу жана мамлекеттик органдар жана ЖӨБ ортосундагы тармактык, атап айтканда, кургак учук менен күрөшүү, үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо, үрөнчүлүк, пробация маселелери боюнча саясатты координациялоону жакшыртуу.
- Билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары ортосундагы функцияларды чектөө.
- ЖӨБ органдарына тиешелүү мамлекеттик ыйгарым укуктарды талаптагыдай берүүдө жана республикалык бюджеттен тиешелүү финансылык камсыз кылуу болгон учурда квалификациялуу социалдык кызматкерлерди жалдоого уруксат берүү менен штаттык ыраатаманы түзүү тартибин кайра кароо.
- Пробация чөйрөсүндө берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну каржылоо бөлүгүндө мамлекеттик органдар жана ЖӨБ ортосундагы финансылык өз ара мамилени иретке келтирүү.

- ЖӨБ органдарын текшерген мамлекеттик органдардын иши жана алардын ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттенүүнү талдоо. Талдоонун жыйынтыгы боюнча КР Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 25-майындагы № 1618-VI токтому менен бекитилген Текшерүүчү органдарынын тизмегин өзгөртүү боюнча тиешелүү сунуштарды киргизүү.
- ЖӨБ органдарынын катышуусуз айрым берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын сапатына жана көлөмүнө талдоо жүргүзүү керек, анткени ыйгарым укуктардын мүнөзүнө караганда жана аларды берилүүчү категориясына киргизүү себеби боюнча бул ыйгарым укуктар калк менен түздөн-түз байланышта жүргүзүлүүгө тийиш, бирок иш жүзүндө ыйгарым укуктарды берүү жүргүзүлгөн жок. Талдоо ыйгарым укуктуу орган ЖӨБ органдарынын катышуусуз ыйгарым укуктарын толук жана талаптагыдай сапатта аткарууга канчалык деңгээлде жөндөмдүү же жөндөмсүз экендиги жөнүндө суроого бир түрдүү жооп берүүгө тийиш.

**МЫЙЗАМДАРДЫН КОЛДОНУЛУШУН ЖАКШЫРТУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨ ЖӨБ СОЮЗУНУН ИШИНИН БАГЫТТАРЫ**

- Мыйзам чыгаруу демилгесин пайдалануу мүмкүндүгү жөнүндө калк үчүн түшүндүрүү ишин жана үйрөтүүчү иш-чараларды бир топ активдүү жүргүзүү.
- ЖӨБ үчүн муниципалдык ишканаларды түзүүнүн укуктук, экономикалык жана финансылык аспектилери боюнча окуу курсун уюштуруу.
- Муниципалдык ишканаларды түзүү процессин оптималдаштыруу жана жеңилдетүү үчүн болгон бюрократиялык тоскоолдуктарды талдоо.
- Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн укуктук жана техникалык көндүмдөрүнө муниципалитеттердин кызматкерлерин окутууну колдоо жана кеңейтүү чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен иш жүргүзүү (окутууну аутсорсинги).
- ЖӨБ органдарына текшерүү жүргүзүү процессинде алардын укуктары, ошондой эле ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын, анын ичинде прокуратура органдарынын ар жылдык текшерүү пландары жөнүндө Башкы прокуратуранын расмий сайттарында жана мамлекеттик органдардын сайттарына жайгаштырылган маалыматка жетүү укугу жөнүндө маалымдоо.
- ЖӨБ органдарына текшерүү аяктагандан кийин бир айдан ичинде алардын ишине жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгы жөнүндө маалыматты, анын ичинде мыйзамдарын бузуулар жөнүндө маалыматтарды расмий сайттарга же маалыматтык такталарга жайгаштыруунун зарылдыгы тууралуу маалымдоо.
- ЖӨБ аткаруу органдарын текшерүү аяктагандан кийин бир айдан ичинде жергиликтүү кеңешке – текшерүүнүн жыйынтыгы жөнүндө, ошондой эле текшерүү жүргүзгөн күндөн тартып 6 айдын ичинде бул бузууларды жоюу боюнча көрүлгөн чаралар тууралуу маалыматты жеткирүүнүн зарылдыгын маалымдоо.
- ЖӨБ органдарына текшерүүчү кызмат адамдарынан кызматтык күбөлүктөрүн көрсөтүүнү, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын текшерүү жүргүзүү жөнүндө чечими, арыз (эгер текшерүү арыздын негизинде демилгеленсе) жана текшерүү жүргүзүү үчүн негиз болуп эсептелген башка документтер менен тааныштырууну талап кылуу; ЖӨБ органдарына аткаруу жана сактоо жүктөлгөн жана текшерилүүгө жаткан ЧУА менен тааныштырууну талап кылуу; текшерүүчү кызмат адамынан жүргүзүлгөн текшерүү жөнүндө текшерүүлөрдү эсепке алуу китебине жазууну талап кылуу укугу жөнүндө маалымдоо;
- ЖӨБ органдарына КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-июлундагы № 398 токтому менен бекитилген текшерүүлөрдү эсепке алуунун жаңы үлгүдөгү китебинин сөзсүз болушу жөнүндө маалымдоо.

**КР БАШКЫ ПРОКУРАТУРАСЫ**

- Жергиликтүү бюджеттердин чыгымдарынын эсебинен мечиттерди каржылоо фактыларынын негиздүүлүгүн жана мыйзамдуулугун текшерүү.
- ЖӨБ органдарынын текшерүүлөрдүн пландары жана текшерүүлөрдүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматты сайтка машина окуучу форматта жайгаштыруу.
- Жүргүзүлгөн текшерүүлөр жөнүндө маалыматты алардын пландуу же пландан тышкары текшерүү мүнөзүн, ошондой эле пландан тышкары текшерүүнүн себептерин эске алуу менен жайгаштыруу. Текшерүү предметин көрсөтпөстөн, текшерүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматты жайгаштырууга жол берилбейт.

- КР Башкы прокуратурасынын отчеттуулугунда ЖӨБ органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар боюнча бириктирилген маалымат колдонбоо керек.
- ЖӨБ органдарынын ишине жүргүзүлгөн текшерүүнүн натыйжалуулугун жана эффективдүүлүгүн баалоо критерийлерин караштырган ЖӨБ органдарына жүргүзүлгөн текшерүүлөр боюнча отчеттуулуктун формасын иштеп чыгуу жана бекитүү.
- Текшерүүчү органдарга ЖӨБ органдарына карата жалган даттанган жоопту адамдарды жоопкерчиликке тартууга контролду күчөтүү.

# МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН АЛЬТЕРНАТИВАЛУУ ПИКИРЛЕРИ

Баяндаманын долбоору 16 мамлекеттик органга жөнөтүлгөн, алардын тизмеси 4-тиркемеде жазылган. Баяндаманын автордук тобунун төмөндөгү баяндоосунда жазылган сегиз мамлекеттик органдан Баяндаманын текстине жазуу жүзүндөгү жана оозеки комментарийлер жооп катары алынган. Мамлекеттик органдардын расмий жоопторунун толук тексти менен ӨСИ сайтынан таанышса болот: http://dpi.kg/ky/library/full/326.html

| Мамлекеттик органдардын аталышы | Жооп жөнүндө маалымат |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы | Жооп жок |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты | Жооп жок |
| Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы | Жооп жок |
| Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы | 2020-жылдын 5-ноябрындагы № 11/3-11 жооп |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги | Жооп жок |
| Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги | 2020-жылдын 5-ноябрындагы № 03-3/10375 жооп |
| Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги | 2020-жылдын 28-октябрындагы № 05-6/7288 жооп |
| Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги | Жооп жок |
| Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги | 2020-жылдын 11-ноябрындагы № 13-1/12990 жооп |
| Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети | Комментарийлердин жоктугу жөнүндө оозеки жооп |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММА | 2020-ж. 6-ноябрындагы №01-24/1417 жооп |
| Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик каттоо кызматы | Жолугушуудагы талкуунун жүрүшүндө оозеки жооп |
| Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы | 2020-ж. 18-ноябрындагы №24 24-2-11/11182 жооп |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстарын башкаруу боюнча агенттик | Жооп жок |
| Кыргыз Республикасынын Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институту | Жооп жок |
| Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Башкаруу академиясы | Жооп жок |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАШКЫ ПРОКУРАТУРАСЫ**

КР Башкы прокуратурасы өзүнүн жообунда КР Жогорку Кеңешине текшерүүчү органдарга негизсиз же жалган даттануулары берген адамдарга чара көрүү үчүн контролду күчөтө турган мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү сунуштоодо, бул ЖӨБ органдарынын текшерилген даттанууларын же маселелерин башка текшерүүчү органдар тарабынан кайталап текшерүүнү алдын алат.

Башкы прокуратуранын белгилөөсүндө, ЖӨБ органдарынын текшерүүлөрү жөнүндө маалыматтарды берүү формасына карата, алгачкы статистикалык маалыматтар отчеттук-статистикалык документтерге ылайык берилет, анын формасы мамлекеттик статистика органдарында милдеттүү макулдашылууга тийиш. КР прокуратура органдарынын бирдиктүү статистикалык отчеттуулук формасы белгиленген тартипте бекитилген, анда мамлекеттик органдардагы көзөмөлдүн абалынан тышкары, өзүнчө сап менен ушул багыттагы прокурордук көзөмөлдү уюштуруу үчүн натыйжалуу аналитикалык курал катары кызмат кылган ЖӨБ органдарындагы текшерүүлөрдүн саны, мыйзам бузуулар жана башка маалыматтар көрсөтүлөт. Бул маселе мындан ары да талкууланууга тийиш.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

КР Юстиция министрлигинин Баяндаманын долбooруна сунуштары жана пикирлери жок.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

КР ЭСӨМ өз жообунда каржылбаган өткөрүлүп берилүүчү ыйгарым укуктардын тизмесинен социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жана жөлөкпулдарга муктаждыктарды аныктоо милдетин алып салууну сунуштоодо. Бул сунуш Баяндамада эске алынды. КР ЭСӨМ ошондой эле 2017-жылдын 28-июлундагы №163 “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” КР Мыйзамынын (2017-жылдын 28-декабрындагы №222 (27); 2018-жылдын 30-мартындагы №3; 2019-жылдын 24-январындагы №18 КР мыйзамдарынын редакцияларында) таасирин баалоодон ЖӨБ органдарынын төмөнкү пикирлерин: “Кыянаттык менен пайдалануу үчүн мүмкүнчүлүктөр сакталды. Жерлерде жогорку кирешеси бар үй-бүлөлөргө жөлөкпулдарды адилетсиз берүү фактылары байкалууда” алып салууну сунуштоодо. Бул пикир ЖӨБ органдарынын изилдөөлөрүнүн натыйжасында алынгандыктан, аны Баяндамадан алып салууга болбойт. КР ЭСӨМ сунушу боюнча жөлөкпулдарга муктаждыкты аныктоодо директүүлүктү жакшыртууга жана киргизүү жана алып салуу каталарын кыскартууга багытталган мыйзамдын чараларынын ичинен, жумуштуулук кызматындагы жумушсуздук статусун ай сайын тастыктоо алынып салынды.

Андан ары КР ЭСӨМ өзүнүн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелериндеги ЖӨБ органдарынын ролун баалоосун келтирген, бул комментарий 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” КР Мыйзамынын жана 2017-жылдын 27-апрелиндеги №64 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамынын таасирин жазууда киргизилди.

Жалпысынан КР ЭСӨМ Баяндаманы тереңталдоону камтыган маалыматтуу, коомдук мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдарды кабыл алууга байланышкан ЖӨБ органдарынын жетишкендиктерин жана көйгөйлөрүн толук баяндоо катары баалайт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА МИНИСТРЛИГИ**

КР ЭМ Баяндамада жазылган Региондорду өнүктүрүү фонддоруна (РӨФ) карата маалыматты мыйзамдарга ылайыктуу деп эсептебейт жана аны Баяндамадан аны алып салууну сунуштаган. Баяндамада РӨФкө карата мыйзамдарда чечими каралбаган жана РӨФ ресурстары КР жарандарынын келечек муундарынын кызыкчылыгын эске албастан пайдаланыларын камтыган проблема жазылгандыктан бул комментарий эске алынбайт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК СТАТИСТИКАЛЫК КОМИТЕТИ**

Комментарийлердин жоктугу тууралуу оозеки жооп.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ ЖАНА ЭТНОСТОР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ (ЖӨБЭММА)**

Жалпылап алганда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММА баяндамада камтылган көйгөйлөрдүн актуалдуулугун белгилейт, ал эми ал көйгөйлөрдү чечүү КРдагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүшүнө оң таасир этет: “Баяндама жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн тизмегин, ошондой эле тийиштүү мамлекеттик органдар

менен КР ЖӨБ органдарынын атынан чыккан ЖӨБ Союзунун биргелешкен ишмердигинин предмети боло ала турган өнүгүү багыттарын түзүүгө мүмкүндүк берет".

ЖӨБЭММА баяндаманын мазмунуна байланыштуу бир катар маселелерди толук иштеп чыгуу зарылчылыгын эске алат. ЖӨБЭММА КР Өкмөтүнүн КР ЖКга берген отчетунда ЖӨБ органдарынын ой-пикирлери канчалык начар эске алынгандыгын дагы бир жолу аныктап чыгуу зарыл деп эсептейт. КР Өкмөтү өз отчетунда ЖӨБ органдарынын ой-пикирлерин билдире албагандыгына байланыштуу, бул билдирүү эске алынбай келет, анткени КР Өкмөтү отчетун ЖӨБ органдарынын атынан эмес, өз атынан берип келет. Андан ары ЖӨБЭММА ЖӨБ органдарынын жарымынан көбүнүн КР Өкмөтү алардын кайрылууларына жооп берген эмес деген маалыматтары КР ЖК депутаттарынын арасында КР Өкмөтү, тактап айтканда, Өкмөткө баш ийген мамлекеттик органдар аткаруучулук тартипти сактабайт деген пикирди билдирет деп белгилейт. Ушуга байланыштуу, ЖӨБЭММА КР Өкмөтүнүн Аппаратынан кароого келип түшкөн документтер жана аларга тийиштүү жооптордун берилиши же берилбеши жөнүндө маалыматтарды тактоону сунуштайт. Бул билдирүү Баяндамада тактоо жолу менен эске алынган, мында аткаруучулук дисциплина тууралуу эмес (жооптун формалдуу болушу же жоктугу), ЖӨБ органдарын канааттандырган, кайрылууда айтылган көйгөйдүн чечилиши жөнүндө маалыматтарды камтыган жооптун болушу жөнүндө сөз болуп жатат. ЖӨБЭММА аткаруу бийлигинин ЖӨБ органдары тарабынан белгиленген көйгөйлөрдү чечүү боюнча иштерин Баяндамада кеңири чагылдырууну сунуштайт. Жалпысынан алганда, жергиликтүү бюджеттердин көлөмүнүн республикалык бюджетке болгон катышынын төмөндүгүнө байланыштуу, тармактык министрликтер жана мекемелер аркылуу республикалык бюджеттен шаарларды жана айылдарды өнүктүрүү үчүн бөлүнүүчү бир топ каражаттар КР Өкмөтүнүн программасында эске алынган эмес. Бул түшүндүрмө Баяндаманын 1.5-бөлүмүнө тиешелүү толуктоолорду киргизүү менен эске алынган.

ЖӨБЭММАнын кийинки түшүндүрмөсү КР Өкмөтү менен ЖӨБЭММАнын ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү чөйрөсүндөгү маселелерди чечүүдөгү жетишкендиктерин чагылдырууга тиешелүү. Бул түшүндүрмө Баяндамада 1.4.5-бөлүмүнө тиешелүү толуктоолорду киргизүү менен эске алынган.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО КЫЗМАТЫ**

КР Мамкаттоо ЖӨБ органдарына мамлекеттик каттоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө келишимдерди каржылоо үчүн акча каражаттарынын жоктугу тууралуу оөзеки түшүндүрмөсүн берген.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК КЫЗМАТЫ**

КР МСК салыктык укук мамилелери чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды берүү маселесин алдыга жылдыруу жана анын көйгөйлөрү тууралуу толук маалыматтарды берди. Бул түшүндүрмөдөн улам, КР МСК бул маселе боюнча активдүү жана ырааттуу иштерди жүргүзө тургандыгын, ал эми негизги тоскоолдук финансылык мүнөздү алып жүрөрүн билүүгө болот, жалпылап айтканда, КР МСК салыктык укук мамилелери чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды берүүнү каржылоо маселесин КР МСКнын чыгымдарынын сметасынан сырткары кароону сунуштайт.

# БАЯНДАМАНЫН ГЕНДЕРДИК ЭКСПЕРТИЗАСЫ

ЖӨБ жана ӨСИ Баяндамага гендердик экспертиза жүргүзүүнү уюштурушту, анын корутундунун толук тексти ӨСИнин сайтында жайгаштырылган: http://dpi.kg/ru/library/full/325.html

Баяндаманын долбоорунун гендердик экспертизасы документте аялдардын төмөнкү эки жагдайдагы маселесине негизги маани берилгендигин көрсөтөт:

- аялдарды ЖӨБдүн тандалма органдарына тартуу көйгөйү. Аялдардын жергиликтүү жамааттагы абалы;
- аялдарды муниципалдык кызматка тартуу көйгөйү.

Ошентип, Баяндамада аялдардын ЖӨБ органдарына саясий катышуусу (шайлоолордо-кеңештерде, дайындоолордо – мэрияларда жана АӨ) маселесине өзгөчө көңүл бурулган, бул гендердик айырмачылык көз карашынан алып караганда, документке оң баа берүүгө мүмкүндүк түзөт.

Баяндаманы иштеп чыгуунун методологиясын көп сандагы гендердик-бөлүштүрүлгөн көрсөтүчтөрдү пайдалануу менен аялдарды тартуу маселеси боюнча жакшыртуу үчүн башка мүмкүнчүлүктөр да бар.

Аларды талдоо аялдардын ЖӨБ органдарынын ишине натыйжалуу катышуусуна тоскоолдук жаратуучу реалдуу тоскоолдуктарды терең изилдөөгө, ошондой эле мыйзамдарга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү аныктоого шарт түзөт.

# БАЯНДАМАНЫН СТАТУСУ ЖӨНҮНДӨ МАСЕЛЕ

Методологияга ылайык, Баяндама КР ЖКнын көзөмөлдөө функциясына мониторинг жүргүзүү процессин, КР ЖКнын мыйзамдарына жана башка актыларына таасир этүүнү камсыз кылууга гана үндөбөстөн, мониторинг жүргүзүүнүн натыйжаларын талкуулоо жана талкуулоодон кийинки чечимдерди түзөтүү үчүн жаңы шарттарды түзүүгө да чакырат. Ошондуктан Баяндаманын макамы жөнүндө маселе өзгөчө мааниге ээ.

2019-жылы Баяндаманын идеясы жана методологиясы КР ЖКнын үч комитетинин (Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана КР ЖК Регламенти боюнча комитети; КР ЖК Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитети; КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети) колдоосунан өткөн, ал эми Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана КР Жогорку Кеңешинин Регламенти боюнча комитети аны иштеп чыгуу боюнча тиешелүү жумушчу топту түзүү жөнүндө чечим кабыл алган.

Мындан сырткары, Баяндама 2019-жылдын 25-июнунда Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана КР ЖК Регламенти боюнча комитети тарабынан каралган жана бекитилген Ачык Парламентти түзүү боюнча иш-аракеттердин биринчи планына өзүнчө бир иш-чара катары киргизилген[1].

2020-жылдын 22-июнунда КР Жогорку Кеңешинин депутаттары менен КР ЖӨБ органдарынын ортосунда КР ЖКнын 6-чакырылышы тарабынан кабыл алынган мыйзамдардын региондордун, жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын өнүгүшүнө тийгизген таасирине баа берүүнүн натыйжалары талкууланган онлайн талкуу болуп өткөн. Талкуунун төрайымы, КР ЖК Төрагасынын орун басары А. К. КАСЫМАЛИЕВА жана КР ЖӨБ бирлигинин башкарма төрагасы Б. А. ЧАНЧАРОВ тарабынан кол коюлган талкуунун резолюциясында[2] КР ЖК депутаттары жана ЖӨБ Союзу укугундагы ЖӨБ органдары КР ЖК Төрагасына, КР ЖК Комитеттеринин төрагаларына, саясий партиялардын лидерлерине КР ЖК менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда КР ЖКнын мыйзам чыгаруу жана көзөмөлдөө функцияларын аткарууда натыйжалуу өз ара иш алып баруу үчүн институционалдык шарттарды түзүүнү жана төмөнкү чараларды кабыл алууну сунушташкан:

- КР ЖК Комитеттеринин отурумдарында көптөгөн сапаттуу жана өнүгүүгө багытталган мыйзамдардын аткарылбагандыгын же толук иштелип чыгарылбаган мыйзамдардан улам алардын жетишсиз деңгээлде аткарылгандыгын эске алуу менен; ошондой эле Баяндамадагы бул сунуштамалар ЖӨБ органдарынын ЖӨБ Союзу тарабынан түзүлгөн бириктирилген көз карашы болуп санала тургандыгын эске алуу менен КР ЖКнын 6-чакырылышы тарабынан кабыл алынган жана региондордун, жергиликтүү жамааттардынжана ЖӨБ органдарынын өнүгүшүнө түз жана олуттуу таасир тийгизген мыйзамдарды жакшыртуу боюнча сунуштарды кароо;
- КР ЖКнын Илимий-изилдөө борборун Баяндаманы иштеп чыгуунун тапшырык ээси катары, ал эми КР ЖӨБ бирлигин аткаруучу катары аныктоо менен КР ЖКнын көзөмөлдөө функциясын аткаруусун күчөтүү (акыркы каражаттардын эсеби менен);
- Баяндаманы иштеп чыгуу процессине болгон талаптарды төмөнкүлөргө карата аныктоо: методология, анын ичинде мезгилдүүлүк, маалыматтарды топтоо процесси, иштеп чыгуу жана талкуулоо; КР ЖК берүүнүн жана анын түзүмдөрү менен талкуулоонун тартиби; Баяндаманы КР ЖКга берүүнүн натыйжасындагы чечимдердин субъекттери жана формалары.

1 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2019-жылдын 29-июлундагы № 6-5069и/19 “Ачык Парламент” демилгеси боюнча каты, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын орун басары А. Касымалиева тарабынан кол коюлган.

2 Резолюциянын толук тексти ЖӨБ бирлигинин сайтына төмөнкү шилтеме менен жайгаштырылган: https://soyuzmsu.kg/news/1/76.html

Кийинки кадам – ушул документтин мисалында, Баяндаманын методологиясына, жыйынтыктоочу акыркы тыянактарына жана сунуштамаларына талкуу жүргүзүү жана Баяндаманын тиешелүү атрибуттарын жана макамын нормативдик жактан бекитүү:

- методология, анын ичинде мезгилдүүлүк, маалыматтарды топтоо процесси, иштеп чыгуу жана талкуулоо;
- КР ЖК берүүнүн жана анын түзүмдөрү менен талкуулоонун тартиби;
- Баяндаманы КР ЖКга берүүнүн натыйжасындагы чечимдердин субъекти жана формалары.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН САНЫ

Кыргыз Республикасындагы ЖӨБ органдарынын саны тарыхий шарттар менен шартталган. Кыргызстандагы ЖӨБнүн тарыхын шарттуу түрдө беш негизги этапка бөлүүгө болот, алардын ичинен ЖӨБ жөнүндө мыйзамдарга жана башкаруу тажрыйбасына чоң өзгөртүүлөрдү киргизүү негизги учур болуп саналат. Шарттуу түрдө бул этаптарды үзгүлтүксүз, ошону менен бирге карама-каршы келүүчү кыймыл жана ЖӨБнүн оптималдуу санын, формасын жана үлгүсүн издөө катары мүнөздөөгө болот.

**Биринчи этап** (1991-жылдын 19-апрели – 1991-жылдын 19-декабры) – мамлекеттик бийлик органдарынын ЖӨБ органдары болуп кайра түзүлүшү (Элдик депутаттар кеңешинин төмөнкү звенолоруна ЖӨБ органдары макамынын берилиши) жана мамлекеттик башкарууну борборлоштурууну өтө азайтуу.

**Экинчи этап** (1991-жылдын декабры – 1997-жыл) – мамлекеттик башкарууну күчөтүүнүн, ЖӨБнүн аткаруу органдарын аны бир убакта өкүлчүлүктүү бийликтен бөлүп, аны мамлекеттештирүү жана өз алдынча кылуу менен “советтештирүүдөн ажыратуунун” башталышы.

**Үчүнчү этап** (1998-2007-жылдар) – ЖӨБнүн аткаруу органдарынын өз алдынча системасынын жаралышы жана аларды активдүү таасир этүү ишинде жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдү акырындык менен көтөрүү аркылуу кеңештерден өз алдынча бөлүү.

**Төртүнчү этап** (2008-2010-жылдар) – бийликти өтө борборлоштуруу жана ЖӨБ активдүүлүгүн “жоготуу”.

**Бешинчи этап** (2010-жылдын апрелинен азыркы убакытка чейин) – ЖӨБдү кеңири өнүктүрүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр[1].

*1-таблица. Кыргыз Республикасындагы ЖӨБ органдарынын жана административдик-аймактык бирдиктердин саны*

| Район | Айыл аймактар | Райондук маанидеги шаарлар | Облустук маанидеги шаарлар | Республикалык маанидеги шаарлар | Бардыгы ЖӨБ |
|---|---|---|---|---|---|
| ***Ош облусу*** | | | | | ***92*** |
| Алай | 14 | Кара-Суу | | | |
| Араван | 8 | Өзгөн | | | |
| Кара-Кулжа | 12 | Ноокат | | | |
| Кара-Суу | 16 | | | | |
| Өзгөн | 19 | | | | |
| Ноокат | 17 | | | | |
| Чоң-Алай | 3 | | | | |
| ***Облустагылардын бардыгы:*** | ***89*** | | | | |
| ***Жалал-Абад облусу*** | | | | | ***75*** |
| Аксы | 11 | Токтогул | Жалал-Абад | | |

1 Этаптардын алгачкы маалыматтары “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу: мында жана азыр” аттуу адамзаттык өнүгүү жөнүндөгү улуттук баяндамада берилген, ӨСИ, 2012-ж., төмөнкү шилтеме аркылуу жеткиликтүү: http://dpi.kg/ru/activities/nat-report-lsg/

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Ала-Бука | 8 | Кербен | Таш-Көмүр | | |
| Базар-Коргон | 9 | Көк-Жаңгак | Майлы-Суу | | |
| Ноокен | 7 | Кочкор-Ата | Кара-Көл | | |
| Сузак | 13 | | | | |
| Тогуз-Торо | 5 | | | | |
| Токтогул | 10 | | | | |
| Чаткал | 4 | | | | |
| ***Облустагылардын бардыгы:*** | ***67*** | | | | |
| ***Баткен облусу*** | | | | | ***37*** |
| Лейлек | 9 | Кадамжай | Баткен | | |
| Кадамжай | 13 | Айдаркен | Кызыл-Кыя | | |
| Баткен | 9 | Исфана | Сүлүктү | | |
| ***Облустагылардын бардыгы:*** | ***31*** | | | | |
| ***Талас облусу*** | | | | | 38 |
| Манас | 5 | | Талас | | |
| Кара-Буура | 10 | | | | |
| Бакай-Ата | 9 | | | | |
| Талас | 13 | | | | |
| ***Облустагылардын бардыгы:*** | ***37*** | | | | |
| ***Чүй облусу*** | | | | | ***112*** |
| Аламүдүн | 17 | Шопоков | Токмок | | |
| Жайыл | 12 | Кемин | | | |
| Панфилов | 6 | Орловка | | | |
| Москва | 12 | Кайыңды | | | |
| Сокулук | 19 | Кант | | | |
| Чүй | 10 | Кара-Балта | | | |
| Кемин | 11 | | | | |
| Ысык-Ата | 18 | | | | |
| ***Облустагылардын бардыгы:*** | ***105*** | | | | |
| ***Нарын облусу*** | | | | | ***64*** |
| Ат-Башы | 11 | | Нарын | | |
| Ак-Талаа | 13 | | | | |
| Жумгал | 13 | | | | |
| Кочкор | 11 | | | | |
| Нарын | 15 | | | | |
| ***Облустагылардын бардыгы:*** | ***63*** | | | | |
| ***Ысык-Көл облусу*** | | | | | ***64*** |
| Ысык-Көл | 12 | Чолпон-Ата | Каракол | | |
| Тоң | 9 | | Балыкчы | | |
| Ак-Суу | 14 | | | | |
| Жети-Өгүз | 13 | | | | |
| Түп | 13 | | | | |
| ***Облустагылардын бардыгы:*** | ***61*** | | | | |
| | | | | Бишкек | |
| | | | | Ош | |
| **Кыргыз Республикасындагылардын бардыгы:** | **453** | **17** | **12** | **2** | **484** |


# I БӨЛҮК.
# 2016-2020-ЖЫЛДАРЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ.

## 1.1. **ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ЖАРАНДАР МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮ**

### 1.1.1. **Кыргыз Республикасынын жарандарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата мамилеси[1]**

Жарандар тарабынан ЖӨБ органдарын кабыл алуусу алардын жергиликтүү жамааттагы жашоо шарттарынын өзгөрүүсүнүн динамикасына карата мамилесин көрсөтөт. Ошол менен катар жарандардын ЖӨБ органдарына карата мамилеси ЖӨБ органдарынын иши калктын күтүүсүн актаганын же актабаганын, ЖӨБ органдарынын элдин жамааттардагы жашоо-турмушун жакшы нукка өзгөртүүгө жөндөмдүүлүгүнө карата ишеними же ишенимдин жоктугу тууралуу ой-пикирин билдирет.

Жарандардын үчтөн бир бөлүгүнөн көбү ЖӨБ органдарына эч кандай сезими жок. Мындай акыбал элдин көбү жамааттардагы жашоо шарттарын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иши менен байланыштырбаганын жана өзүнө гана ишенээрин айгинелейт. Калгандарынын ой-пикири ар кандай болуп, бөлүнүп кетти. Алсак, ар бир бешинчи жаран ЖӨБдүн жамааттардагы жашоо шарттарына таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгүнө карата ишенимин көрсөтүү менен аларга карата көз карашы түз. Калктын 12 %ы ЖӨБдүн өнүгүү келечеги менен таасирленишет. Бирок жарандардын чейрек бөлүгү ЖӨБ органдарына терс көз караашта: 14 %ы - кыжырдануу, 8 %га жакыны – ирээнжүү. Өзүнчө топ – 8,2 % жарандар ЖӨБ органдарына карата аёо сезими менен карайт. Бул респонденттер ЖӨБ органдарынын татаалдыгын жана алардын алсыздыгын  иш жүзүндө  түшүнүшөт.




***1-диаграмма.*** *2020-жылы ЖӨБ органдарына карата жарандардын эмоциясы, пайыздар менен*

ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрүнө ирээнжигендерге караганда, аларга карата оң көз караштагы жарандар көп болгондугуна карабастан, акыркы алты жылда терс мамиледеги динамика байкалат. Жакшы эмоцияларды – оптимизмди жана эргүүнү сезгендердин үлүшү эки эсеге жакын азайды, ал эми терс эмоциядагыларды – ирээнжүүнү жана кыжырданууну сезгендердин үлүшү 2,5 эсе жогорулады. Бул, бир жагынан, жарандардын ЖӨБ органдарынын дарегине түшкөн күтүүлөр жана сурамдар жашоо деңгээлинен күткөн жалпы күтүүлөр сыяктуу жылдан-жылга өсүп жатканы менен түшүндүрүлөт. Экинчи жагынан, ЖӨБ органдарынын жарандардын керектөөлөрүнө толук көлөмдө жооп берүү мүмкүнчүлүктөрү элдин өзүнүн күтүүлөрүнөн жана керектөөлөрүнөн артта калып жатат. 3-диаграммада ЖӨБ органдарына карата 2018-жылдагы оптимизм жана эргүү сезимдеринин жогорулашын байкабай коюу мүмкүн эмес, анда ЖӨБ органдарынан оң күтүүлөр жарандардын эң жогорку үлүшү – 66 пайыз адамда пайда болду. Бул жогорулоо аймактарды өнүктүрүүгө карата мамлекеттик саясаттын багытын өзгөртүү жөнүндө  мамлекеттик декларациялар менен түшүндүрүлөт (Кыргыз Республикасынын Президенти өлкөнүн тарыхында биринчи ирет 2018-жылды “Аймактарды

1 Бул бөлүмдө Баяндаманы иштеп чыгуунун жүрүшүндө ЖӨБ Бирикмеси тарабынан жүргүзүлгөн сурамжылоо жолу менен алынган маалыматтар, ошондой эле ӨСИнин архивдик маалыматтары колдонулган.

өнүктүрүү жылы" деп жарыялаган). Бирок, саясатта дайыма болуп тургандай, күтүүлөр реалдуу натыйжаларга караганда жогору болгон, - 2020-жылы ЖӨБ органдарына карата оптимизм менен эргүү деңгээлинин эки жолку түшүшүн муну менен түшүндүрүүгө болот. Жарандар Кыргыз Республикасынын Президентинин убадаларынан өздөрүнүн күтүүлөрүн ЖӨБ органдарына чагылдырган, ошондо тигилер бул күтүүлөрдү толук көлөмдө актай албаганда, оң көз караш терс көз карашка айланып, ЖӨБ органдарына карата ирээнжүүнү жана кыжырданууну сезгендердин саны эки эсеге жогорулады.




***2-диаграмма.*** *2015-2020-жылдары жарандардын ЖӨБ органдарын оң жана терс кабыл алуу динамикасы, пайыздар менен*

Бирок ЖӨБ органдары чектөөлөр шартында иштешет жана саясатчылардын улуттук деңгээлдеги бардык ниеттерин аткаруу үчүн жооп бере албайт. Эң башкы чектөө – ыйгарым укуктар жана аларды аткарууну каржылоо. Мындай шартта ЖӨБ органдарына карата жарандардын терс мамилесинин динамикасы менен жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин динамикасынын салыштыруусу көрсөткүчтүү.




***3-диаграмма.*** *Жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин динамикасы менен салыштырганда ЖӨБ органдарына карата терс эмоциада болгон жарандардын үлүшүнүн динамикасы, 2015-2020[2]-жылдар*

3-диаграмма ЖӨБ органдарына карата терс эмоцияда болгон жарандардын үлүшүнүн жана жергиликтүү бюджеттердин жалпы көлөмүнүн ортосундагы байланыштын болушун чагылдырат:

2 Жергиликтүү бюджеттердин жалпы көлөмү Кыргыз Республикасынын бюджети 2020-жылы жазында кыскаргандан (секвестр) кийин пла боюнча берилет.

жергиликтүү бюджеттин кирешеси канчалык төмөн болсо, жарандардын ирээнжүүсү жана кыжырдануусу ошончолук жогору болот жана тескерисинче.

### 1.1.2. ЖӨБ органдарына карата жарандардын ишениминин деңгээли

ЖӨБ органдарына калктын ишенүүсүнүн деңгээли компетенциясына карабастан, калктын мамлекеттин мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигине ишенүү деңгээлинин чагылуусу болуп саналат, анткени ЖӨБ органдары бийлик инстанциларынын ичинен калкка эң жакын жана жеткиликтүү болуп эсептелет жана жарандар жалпысынан мамлекетке карата өзүнүн мамилесин ЖӨБ органдарынан чыгарат.

Жарандардын ЖӨБ органдарына ишенүү деңгээли мамлекеттик аткаруу бийлигинин органдарына ишенүү деңгээлине караганда жогору. 2020-жылы ЖӨБдүн аткаруу органдары – мэриялар жана айыл өкмөттөр – билим берүү, коргоо күчтөрү жана диний институттар тутумунда үч биринчи орунду берүү менен, калктын ишеним рейтингинде төртүнчү орунду алышты. Жергиликтүү кеңештерге калк көп ишене бербейт, ошондуктан ишеним рейтингинде жетинчи орунду ээлешет.




***4-диаграмма.*** *2020-жылы башкаруу жана өнүктүрүү институттарына карата жарандардын ишенүүсүнүн деңгээли, он баллдык шкала боюнча, мында 10 балл ишенүүнүн максималдуу деңгээлин билдирет*

ЖӨБдүн аткаруу жана өкүлчүлүктүү органдарына ишенүү деңгээлиндеги айырмачылыктар бир катар факторлор менен түшүндүрүлөт. Биринчиден, жарандар жалпысынан жергиликтүү кеңештердин депутаттары жөнүндө пикири жогору эмес жана аларга карата квалификациялык талаптардын жогору болушун каалашат. Экинчиден, жергиликтүү депутаттарды партиялык принцип менен шайлоого ишеним жок экени ачык эле көрүнүп турат – жарандардын 44,2 % жергиликтүү кеңештер партиялык тизме менен калыптанбашы керек деп эсептешет. Бирок мындай пикир бир тектүү эмес. Мисалы, Ош облусунда жергиликтүү кеңештер партиялык тизме менен калыптанышы керек деп эсептеген жарандардын эң жогорку үлүшү – 46,9 %, ал эми Талас облусунда мындай пикир 12,4 % жаранга таандык.


Жарандардын бийликке ишенүү деңгээлине жалпысынан аймактарды өнүктүрүү саясатынан болгон ири күтүүлөрдөн чыккан 2018-жылдагы башкаруу тутумуна карата ишеними таасир берди.

*ПИКИР*

*"Өлкөдө жарандардан болуп жаткан бардык жакшы жана жаман көрүнүштөр ЖӨБ органдарына тийүүдө. Жарандар үчүн маселе ким тарабынан чечилип жатканы баары бир, алар ЖӨБ кайрылышат, эгер жакшы жооп болбосо – биз күнөөлүүбүз. Мисалы, жерлерди трансформациялоого мораторий – биздин чечим эмес, бирок жеке турак жай курулушуна жер ала албай калган адамдар биздин дарегибизге нааразычылыктарын билдиришет. Биздин аймакта эле 2000ге жакын адам турак жай куруу үчүн участок алууга кезекте турат."*

*Айыл өкмөтүнүн башчысы,*
*Жалал-Абад облусунун Ноокен району*

2018-жылдан кийин бардык институттарга ишенүү деңгээлинин төмөндөшү байкалат. Деңгээлдеги эң жогорку төмөндөө билим берүү тармагында (1,16 пунктка) жана Жогорку Кеңеште (0,69 пунктка) катталды. 2012-жылдын жыйынтыктарына салыштырмалуу жергиликтүү өз алдынча башкарууга ишенүү деңгээли жалпысынан башкаруу тутумуна караганда жайыраак төмөндөйт.




***5 - диаграмма.*** *Жалпысынан бийлик институттарына ишенүүнүн деңгээлинин орточо маанисине салыштырмалуу ЖӨБ органдарына жарандардын ишенүүсүнүн деңгээлинин динамикасы, он баллдык шкала боюнча, мында 10 балл ишенимүүнүн максималдуу деңгээлин билдирет*

ЖӨБ органдарына калктын ишеними көп учурда алардын жигердүүлүгүнө жараша болот, ал калкка белгилүү болгон конкреттүү иштерде көрүнөт. Конкреттүү чараларды кабыл алуу демилгени жана каражатты талап кылат. Айыл өкмөттөрдүн башчылары демилгелүү болсо, алардын иштери да жакшыраак, калктын ишеними да жогору. Бирок адаттагыдай эле жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын бар же жок экендиги тууралуу маселе жетекчилер үчүн ар дайым курч турат.

*ПИКИР*

*"Калктын ЖӨБгө ишенүү маселеси айыл өкмөтүнүн башчысынын компетенттүүлүгүнө гана эмес, ошондой эле финансылык камсыз болууга да көз каранды. Эл конкреттүү жасалган ишти карайт. Эгер каражат болбосо, иш да жок."*

*Айыл өкмөтүнүн башчысы,*
*Ысык-Көл облусунун Тоң району*

Калктын ЖӨБ органдарына ишенүү деңгээли алардын ишмердүүлүгүнүн башка бир катар маселелери менен байланышкан. Мисалы, кадр потенциалы менен, анткени квалификациялуу кадрлардын жоктугу былыктыкка жана ЖӨБ органдарынын калкка көрсөткөн тейлөө кызматтардын төмөнкү сапатына алып келет.

*ПИКИР*
*"Муниципалдык кызмат орундарына талапкерлерди МКК тарабынан киргизилген тестирлөө туура чечим болгон. Калктын ишенүү деңгээли өстү, анткени жарандар кадрларды тандоонун мындай принцибин туугандык же кландык байланыштарга көз каранды болбогон бир топ адилеттүү деп эсептешет."*

*АӨ жооптуу катчысы,*
*Чүй облусунун Ысык-Ата району*

Калк менен болгон маалыматтык иш тартипке келтирилген, жарандар менен карым-катнаш сакталган, анын ичинде социалдык тармактар жана жыйындар аркылуу, коомдук талкуулоого жергиликтүү бюджет же жер тилкелерин башкаруу сыяктуу татаал жана маанилүү маселелери ачык чыгарылган жерлердеги ЖӨБ органдарына карата калктын ишеними бир катар жогорулайт. Айрыкча, ЖӨБгө калктын ишенүү деңгээли – бул мамлекеттик башкаруу тутумунун сапатын, ЖӨБ органдарынын мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттешүүсүн реалдуу баалоо.


2020-жылга чейин калктын ЖӨБ органдарына ишенүү деңгээли Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан өлчөнгөн эмес. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекетик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө карата калктын ишеним индекси (мындан ары – КИИ) мамлекеттик башкаруу органдары үчүн гана эсептелинет (Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларынан башкасы). Калган ЖӨБ органдарына ишенүү деңгээли бааланган эмес. ЖӨБ органдары түздөн-түз калктын жашоо шарттарына кантип таасир бергендиги тууралуу жарандардын керектөөлөрүнө жооп берген эмес. Бул шарт ЖӨБ органдарын калк менен иштешүү жана анын керектөөлөрүнө жооп берүү мотивациясын жокко чыгарган, анткени мындай өз ара аракеттешүүсүнө баалоо жүргүзүлгөн эмес. Мындай жагдай ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн объективдүү баалоону жүргүзүүгө жардам берген эмес жана шайлоочуларды баалоо критерийлеринен ажыраткан. Жалпысынан, түзүлгөн кырдаал ЖӨБ органдарынын тутумун калктын ишенүү деңгээлине мониторинг жүргүзүү процессинен чыгаруу менен ЖӨБ органдарына жана муниципалдык кызматкерлерге кайдыгерлик мамилени көрсөтүп турду. КИИ түзүлгөндөн тартып ЖӨБ органдарын эсептен чыгарганга чейин ЖӨБ органдары жарандардын ишениминин эң жогорку деңгээлинин бирин көрсөтүп жүргөн. Андан кийин Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (мындан ары – УСК) сунушу менен ЖӨБ органдары КИИ бааланган органдарынын тизмесинен чыгарылып салынган. Расмий эмес маалыматтар боюнча ЖӨБ органдарын тизмеден алып салуу УСК маалыматты чогултууга жана талдоо жүргүзүүгө сарптаган каражаттарды үнөмдөө максатында жасалган. ЖӨБ органдарынын пикири боюнча баалоо тутумунан башкаруу тутумунун ири бөлүгүн мыйзамсыз четтетүүгө жол бербөө үчүн жарандардын ЖӨБ органдарына ишенүү деңгээлин баалоо маселесине кайтып келүү керек.

Бирок 2020-жылы ЖӨБ органдары КИИни эсепке алуунун алкагында баалоо объектилеринин ичине кайтарылган. Мындай кайтаруу “Кыргыз Республикасынын Ачык Өкмөтүнүн” Иш-аракеттеринин улуттук планын ишке ашыруу боюнча иштин алкагындагы КР ЭМ, УСК жана ӨСИнин бирдиктүү иш-аракеттеринин натыйжаларынан улам болду. Азыркы күнү ЖӨБ органдары коомдун жана өкмөттүн алдында калк менен натыйжалуу өз ара аракеттешүүнү жүргүзүү жаатында өзүнүн ийгиликтерин көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн кайрадан алышты.

### 1.1.3. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы коррупциянын деңгээли жөнүндө пикири

Мамлекеттик органдарга салыштырмалуу жарандардын ЖӨБ органдарына жогорку ишенүү деңгээли алардын жергиликтүү деңгээлдеги коррупция деңгээлине карата пикири менен ырасталат. Алсак, ар бир үчүнчү жаран ЖӨБ органдарында кооруупция жок деп эсептейт. Мындай пикирди

кармангандардын саны туруктуу өсүп жатат. 2008-жылдан тартып ЖӨБ органдарында коррупция жок деп ишенген жарандардын үлүшү жети эсеге жогорулады. ЖӨБ органдарында коррупциянын деңгээли жогору дегендердин үлүшү 2,5 эсеге жана ЖӨБ органдарындагы коррупция деңгээли өтө жогору деп эсептегендердин саны үч эсеге төмөндөдү.





***6-диаграмма.** Мэрияда жана айыл өкмөтүндө коррупциянын деңгээли тууралуу респонденттердин пикири, 2012-2020-жылдар, пайыздар менен*

Респонденттердин оюу боюнча, коррупция көп кездешкен ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнүн арасында жерлерди бөлүштүрүү, бюджетти башкаруу жана аз камсыздалгандардын тизмесине киргизүү алдыңкы орунда турат. 6-диаграммада көрсөтүлгөндөй, акыркы эки жылда аз камсыздалгандардын тизмесине киргизүү процессинде коррупциянын көрүнүштөрүн байкагандардын саны эки эседен ашык көбөйдү – 9,75тен 21,4 %га чейин. Бул жөлөкпул алгандардын санынын көбөйүшү менен байланышы мүмкүн, мындай жогорулоо жөлөкпул алуу укугун белгилөөдө пенсияны үй-бүлөнүн бирдиктүү кирешесинен алып салганы менен улам пайда болду – жаңы “кардарлардын” көбөйүшү, түшүнбөстүктөрдүн жана күмөн саноолордун жогорулашы. Бирок, 2019-жылы мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык балдары бар аз камсыздалган үй-бүлөлөргө ар айдагы жөлөкпулга жарандардын биринчи иреттеги кайрылууларын мурда айыл жергесинде болгондой ЖӨБ органдары эмес социалдык өнүгүүнүн райондук башкармалыктары кабыл алып калган. Аз камсыздалгандардын тизмесине киргизүү боюнча мындай тартип социалдык өнүгүүнүн райондук башкармалыктары аркылуу жүрүп калган, ал эми ЖӨБ органдары бул процесстен четтетилген. Демек, коррупцияга шектөөлөрдүн санынын көбөйүшү факты түрүндө ЖӨБ органдарына эмес, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга тиешелүү.

Коррупциянын жогорулашын жарандар сууну башкаруу жаатында да байкашат. Бул жерде дагы ЖӨБ органдары шектөөлөрдүн дарегинин туура эместигинин курмандыгы болуп жатышат, анткени азыркы күнү муниципалитеттердин көбүндө ичүүчү жана сугат сууну берүү кызматтары ЖӨБ органдары тарабынан эмес, коомдук уюмдар – СПА жана ИСКАКБ тарабынан бөлүштүрүлөт. Бирок, мыйзамдарга ылайык мындай кызматтарды жогоруда аталган мекемелердин карамагына берүү жөнүндө чечимди ЖӨБ органдары эмес, өкмөт кабыл алганына карабастан, бул кызматтар үчүн жогорку жоопкерчиликти ЖӨБ органдары көтөрүшөт жана жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан негиздүү эле күмөн санашат.

ЖӨБ органдарына коррупцияга болгон шектерди түздөн-түз ЖӨБ органдарына шылтоо маалымкаттарды берүүдө туура, анткени бул функцияны жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары гана аткарышат. Жерлерди пайдаланууну башкаруудагы коррупцияга шектөөлөр ЖӨБ органдары (калк конуштарынын ичиндеги муниципалдык жерлерге; жеке турак-жайларды курууга жер тилкелерин берүүгө; АЖМФ жерлерин бөлүштүрүүгө карата), жайыт комитеттери (жайыт билеттерге карата) жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын (жерди трансформациялоого карата) ортосунда бөлүштүрүлөт.

Коррупция жергиликтүү деңгээлде, жалпысынан, ресурстарды – жерди, сууну башкаруу, ошондой эле мамлекеттик жөлөкпулдарды бөлүштүрүү менен байланышкан маселелеринде көп кездешет деп ишенген жарандардын саны күн санап өсүүдө. Бирок, ЖӨБ органдарында коррупция тууралуу жарандардын ой-пикири жакшырган тармактар дагы жок эмес – бул бюджетти башкаруу жана мамлекеттик сатып алуулар.




***7-диаграмма.*** *ЖӨБ органдары тарабынан коррупциянын чөйрөлөрүнүн рейтинги, 2020-жыл, пайыздар менен*

### 1.1.4. Жергиликтүү өз алдынча башкарууда жарандардын катышуусу

Жарандардын ЖӨБгө катышуусу – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун пайдубалы, анткени ЖӨБ тутумунун маңызы жергиликтүү жамааттын өз алдынча кабыл алган, жоопкерчиликти өзүнө алган чечимдери менен негизделет. Ошондуктан жарандардын ЖӨБгө катышуусунун укуктарын ишке ашыруу үчүн укуктук жана институционалдык шарттарын жакшыртуунун туруктуу процесси зарыл.

Жарандар дагы деле ЖӨБдөгү өздөрүнүн укуктары жана милдеттери жөнүндө жакшы кабардар болгон эмес жана өзүнүн жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу укугун толук ишке ашыра албайт. ЖӨБ менен жарандардын ортосундагы натыйжалуу байланыштын жоктугу негизги көйгөй болуп саналат. Мамлекеттин калкка карата Советтер Союзу жана пландуу экономика мезгилинен бери сакталып калган инфантилдүү, керектөөчү мамилеси таасир берет. Жарандардын көбү, анын ичинде ЖӨБдүн жетекчилери жана кызматкерлери жана ошондой эле кээ бир мамлекеттик кызматкерлер ЖӨБдүн накта маңызын түшүнө беришпейт жана мамлекеттен башкаруучу чечимдерди кабыл алууну да, көйгөйлөрдү чечүүнү да күтө берүүнү уланта беришет. Мамлекеттин өзү деле ЖӨБдүн реформасын ЖӨБ органдарына накта өз алдынчалуулукту бербей, азырынча туруктуу аяктоо абалын камсыздап бере албай жатат.

ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттын социалдык жана экономикалык өнүгүүсүн пландаштырууда жана ишке ашырууда көп учурда жарандардын реалдуу керектөөлөрүн жеткиликтүү эсепке албайт. Жергиликтүү бюджеттер аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү программалары менен үзгүлтүксүз байланышып, жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктарына негизделиши керек. Улуттук мыйзамдар (КР Бюджеттик кодекси жана башка ЧУА) коомдук угууларда (мындан ары – КУ) артыкчылыктарды белгилөө жана бюджеттин долбоорун калк менен талкуулоо боюнча ЖӨБгө белгиленген бир талаптарды коет. Бирок бул иштерди жүргүзүүнүн сапаты азырынча жеткиликтүү эмес. Бул, негизинен, жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесстеги калктын кызыкчылыктарын кантип көрсөтүү керектигин түшүнүүнүн жоктугу менен түшүндүрүлөт.

Отчет берүү ЖӨБ органдары биринчи кезекте аларды тандагандардын (б.а. жергиликтүү жамааттын) алдында эмес, башкаруу тепкичинде жогору тургандардын – мамлекеттик органдардын алдында отчет берүү катары түзүлгөн. Жергиликтүү жамаатка отчет берүүнүн жоктугу же жетишсиздиги айылдык ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жетекчилери – айыл өкмөттөрдүн башчылары – факт түрүндө калкка, жарандарга баш ийбейт, анткени алар жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан шайланат, ал эми алардын талапкерлигин мамлекеттин өкүлү же жергиликтүү кеңеш өзү көрсөткөндүгү менен



түшүндүрүлөт. Демек, жарандардын шайлоо тутуму аркылуу жетекчиге карата түздөн-түз таасир берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Натыйжада, айыл өкмөтүнүн жетекчилигинин башкы максаты жергиликтүү мамлекеттик администрациянын же жергиликтүү кеңештин башчысынын керектөөсүн канааттандыруу болуп калат, ал эми алардын кызыкчылыктары калктын көпчүлүгүнүн кызыкчылыктары менен көп учурда дал келишпейт, ага партиялык шайлоо тутуму өбөлгө болот.


Калктын ЖӨБгө катышуу формаларын тандоодо жарандар ЖӨБ өткөргөн жолугушууларды (47 %), КУ (35 %), жергиликтүү курултайларды (31 %), жергиликтүү демилгелерди (22 %) натыйжалуу форма катары эсептегени байкалды. Жарандардын 12 %ы – жергиликтүү кеңешке шайлоо өткөрүүнү жана 10 %ы коммерциялык эмес уюмдар аркылуу өз ара аракеттешүүнү катышуунун натыйжалуу формасы катары эсептегени коркунучтуу. Бул маалыматтар ЖӨБгө карата калктын ишениминин жогорку деңгээлине карабастан, жарандар өкүлчүлүктүү принцип – шайлоо жана коммерциялык эмес уюмдар аркылуу иштер менен байланышкан формалардан оолак болуу менен түздөн-түз өр ара аракеттешүүгө умтулгандыгын айгинелейт. Мындай көрүнүш жарандардын ЖӨБгө катышуусунун өкүлчүлүктүү формасына ишенимдин жетишсиз деңгээлинен, жергиликтүү кеңештердин өзүнүн милдеттерин толук эмес аткаруусунан, ЖӨБ органдарынын жарандардын алдындагы отчеттуулугунун начардыгынан улам болот.




***8-диаграмма.*** *ЖӨБ деңгээлинде жергиликтүү демократиянын/ жарандык катышуунун бир топ натыйжалуу формалары*[1]

Жогоруда айтылгандай, жыйналыштар жана коомдук угуулар жарандардын ЖӨБгө катышуунун талап кылынган формасы катары кала берет. 1999-жылы башталган бюджет боюнча угуулардын топтолгон тажрыйбасы менен 2018-жылга чейин Кыргызстанда жарандардын бюджет боюнча коомдук угууларга катышуусунун деңгээлинин туруктуу өсүшү байкалган, ал 2018-жылы Кыргыз Республикасы үчүн рекорд болуп саналган 20 %дан ашып кеткен. Ал эми 2019-жылы, КР Финансы министрлигинин маалыматтарына ылайык, угуулар 330, көбүнчө айылдык ЖӨБ органдары өткөрдү, ал эми катышуучулардын саны 28 миң адамдан ашты. Бирок катышуучулардын мүмкүндүү максимуму социалдык жактан мүмкүндүү жана натыйжалуу максимумун түшүндүрбөйт, анткени катышуучулардын санын жөн эле жогорулатуу, бюджетти талкуулоо жарандар үчүн өзгөчө натыйжалуу дегенди түшүндүрбөйт. Демек, жарандардын коомдук угууларга катышуусунун мындан аркы сандык өсүмү үчүн келечек жарандардын катышуусун күчөтүү процессинин максаты болбошу керек. Сапаттуу жакшырууга, анын ичинде жарандардын бюджеттик процесске катышууларынын жаңы формаларын киргизүү менен бет алуу керек.

1 Булак: Public Opinion Survey Residents of Kyrgyzstan // The survey was conducted by Dr. Rasa Alisauskiene of the public and market research company Baltic Surveys/The Gallup Organization on behalf of the International Republican Institute. The field work was carried out by SIAR Research and Consulting, 2018.




***9-диаграмма.*** *Бюджет боюнча коомдук угууларга катышкан жарандардын үлүшү, 2007-2020-жылдар, пайыздар менен*

Угуулардын катышуучуларынын саны мындан ары өсөт деп айтуу күмөндүү, анткени ЖӨБ органдары катышууну каалагандардын көбү үчүн ылайыктуу шарттарды түзүп берди жана маалымат бербөө, иш-чара тууралуу билбөө катышпоонун негизги себеби болуп саналбайт. Болжол угуулардагы жарандардын мындан аркы катышуусунун деңгээли туруксуз болгонунда турат. Алсак, 2020-жылы угууларга болгон кызыкчылыктардын 2018-жылдагы максимумга салыштырмалуу 1,6 %га төмөндөдү. ЖӨБ органдарына азыр угууларды өткөрүүнүн сапатына, өзгөчө бюджеттеги эсеп үчүн жарандардын сунуштарын угууда алган жоопкерчилигине көңүл буруу керек болот.

Угуулардын сапаты жана сунуштардын эсеби жарандардын мындан ары бюджеттик процесске катышууну каалоосуна таасир берет. Эгер угууларды өткөрүү тажрыйбасынын биринчи он жылдыгында элди бийлик менен каражат сыяктуу кылдат жана маанилүү маселени талкуулоо мүмкүнчүлүгүнүн өзү шыктандырса, убакыттын өтүшү менен жарандар угуулардын тажрыйбалык натыйжасын баалап калышты.

Угуулардын жүрүшүндө жергиликтүү бюджет тууралуу жарандардан келип түшкөн сунуштарын эсепке алууну алсак, КР Финансы министрлигинин маалыматтары боюнча ЖӨБ органдары болжол менен 52 % сунуштарды эсепке алышты. Муну менен катар Чүй жана Жалал-Абад облустарында – ЖӨБ органдары жарандардан келип түшкөн сунуштардын 60 %га жакынын, ал эми Талас облусунда 70 %дан жогору сунуштарын эсепке ала алышты.

Эл көп учурда ошол заматтагы, угуу учурундагы реакцияны жана популисттик билдирүүлөрдү күтөөрүн түшүнүү керек. Бирок жергиликтүү деңгээлде, өзгөчө айылдык муниципалитеттердин деңгээлинде көбүнесе ошол замат реакция берүү – тигил же бул каалоону аткарууга убада берүү мүмкүн эмес. Жергиликтүү бюджетте, эрежеге ылайык, акча каражат дайыма жетишсиз жана муниципалдык лидерлер бардык көйгөйлөрдү чечүү мүмкүн эместигин, ал эми сурам бат эле келерин түшүнүү менен убада берүүгө кооптуу карашат.

Ошол эле учурда бюджеттик маалыматтарды түшүнбөөнүн себеби барган сайын популярдуу болуп жатат. Финансылык сабаттуулуктун төмөнкү деңгээли, бюджеттик маалыматты туура окуй албагандыгы жана түшүнбөгөндүгү бюджет боюнча угууларга катышуудан канааттанбоонун башкы себептеринин бири болуп кала берет. Бул маселени гендердик жагынан изилдөөдө аялдар угуулар учурунда бир гана алып баруучу сүйлөп, жашоочуларга сөз бербегени тууралуу эркектерге караганда көбүрөөк көрсөтүп жатышты – 2020-жылы ушинтип аялдардын 19,4 %ы, эркектердин 7,1 %ы жооп беришти. Муну менен катар бюджет боюнча түшүндүрмө берүү эркектердин 45,9 %ы жана аялдардын 29,2 %ы үчүн түшүнүксүз болду. Аялдардын 18,1 %ы жана эркектердин 11,8 %ы угуулар калктан түшкөн даттанууларды угуу менен кадыресе жыйынга айланганын айтышты. Корутунду катары аялдар мамлекеттик каржы каражаттарды башкаруу маселелеринде эркектерден кем калбай түшүнүшөрүн айтсак болот. Бирок аялдар алар каалагандай сүйлөөгө уруксат бербейт деп эсептеп, талкуулоонун жүрүшүндө өзүнө карата дискриминацияны байкашты.

Мындан ары ЖӨБ органдарына бюджеттик маалыматты жайылтуунун жөнөкөй жана

жеткиликтүү механизмдерин, мисалы, 2019-жылы ЖӨБ органдарынын 70 %га жакынын толтурган жарандык бюджеттин онлайн-форматын киргизүү үчүн бир катар күч жумшалышы керек. Бирок жарандардын баары эле муну биле бербейт жана анын жардамы менен өзүнүн ЖӨБдүн бюджети жөнүндө маалыматты ала алышат. Коомдук угууларга катышуунун деңгээлинин сандык көрсөткүчүнүн ордуна ЖӨБ органдарынын ишин баалоого жарандардын ой-пикирин жана сунуштарын эсепке алуунун, муниципалдык сайттар, WhatsApp-топтор, сунуштар үчүн кутучалар жана башка байланыш формалары аркылуу онлайн-байланыш жана сунуштарды алуу үчүн тиешелүү шарттарды түзүүнүн сапаттуу индикаторлору келиши керек.

*ПИКИР*
*"Өнүктүрүү долбоорлорунун бирөөнүн колдоосу менен биз ЖӨБ жана калктын ортосунда өз ара аракеттенүүгө тоскоолдуктарды изилдедик, “ажырымды” ченедик. Көрсө, биз жасаган иштин чоң көлөмүнө карабастан, жарандар анын жыйынтыгын анча деле жогору баалашпайт экен. Биз аймактын кызыкдар тургундары менен дайыма сүйлөшүп туруу үчүн WhatsApp-топ түзүүнү чечти. Жарандар айыл өкмөтүнө келбестен туруп, суроолорду берип, тийиштүү жоопторун алып жатышты. Айыл өкмөтү өзүнүн иши жөнүндө жергиликтүү кеңештин алдында гана эмес, айыл жыйындарында да отчет берип баштады. Адамдарга бюджетти талкуулоого катышуу үчүн шарттар түзүлдү. Жыйынтыгында, ЖӨБ менен калктын ортосундагы “ажырым” 30 %га кыскарды."*

*АӨ жооптуу катчысы,*
*Ноокат району*

## 1.2. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТАРДА АЯЛДАРДЫН АБАЛЫ

Акыркы он жылдыктарда башкаруу тутумундагы жетектөөчү кызматтарда аялдардын саны азайып бара жатат. 2019-жылы “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 59-1-беренесине өзгөртүүлөр киргизилген, аларга ылайык ар бир айылдык кеңеш боюнча аялдар үчүн айылдык кеңештин депутаттарынын мандаттарынын 30 пайыздан аз эмеси резервге калтырылат. Бул башкаруу тутумунда гендердик теңчиликти камсыздоо маселелеринде алгылыктуу кадам болуп саналат. Үй-бүлөнүн жана аялдын жашоо шартына түздөн-түз таасир берген жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү процесинде аялдардын өкүлчүлүгү өзгөчө маанилүү.

Бирок бир эле мыйзам менен белгиленген квота аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы гендердик теңсиздик көйгөйүн чечүү мүмкүн эмес. Анын артында түрдүү суроолор жаралып жатат: аял депутаттар канчалык ийгиликтүү жана натыйжалуу болушат? Аларды ишке ашыруу үчүн алар үчүн эркек коллегалары тарабынан кандай шарттар түзүлөт? Эркектер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде аялдарды башкарууга, өзгөчө маанилүү маселелерди кабыл алуу процессине “киргизүүгө” даярбы? Аялдар өздөрү демилге көтөрүүгө, чечим үчүн эркектер менен бирге жоопкерчилик тартууга даярбы? Жергиликтүү өз алдынча башкарууда аялдардын натыйжалуу катышуусуна жолтоо болгон негизги факторлор кайсылар? Аялдардын катышуусуна чектөө коюунун себептери үй-бүлө, салт, диний маселелер менен байланышканбы же аялдар өздөрү коомдук лидерлер ролун өзүнө алууну каалабайбы?

Бул суроолорго жооптор жергиликтүү кеңештердин жыйналыш залдарында эмес, Кыргызстандын айылдарында жана шаарларында күнүмдүк жашоодо калыптанат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тутумунун аялдардын өкүлчүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуудагы даярдыгын алдын-ала баалоону жүргүзүү үчүн жамааттардагы кадыресе жашоодогу аялдардын катышуусунун шарттарына, алардын кыймылдаткыч күчү жана өнүгүүсүнүн ресурсу катары өзүн-өзү баалоосуна кароо пайдалуу.

### 1.2.1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы аялдардын катышуусу

ӨСИ коомдук жана расмий иш-чаралардагы: айылдык чогулуштагы, көчө жыйналыштардагы,

бюджет боюнча коомдук угуулардагы, курултайлардагы жана жергиликтүү кеңештин сессияларындагы жарандардын активдүүлүгүнүн деңгээлин баалап берди. Аялдар расмий эмес, коомдук иш-чараларга – чогулуштарына жана көчө жыйналыштарына катышуунун мүмкүнчүлүктөрүн жана деңгээлин болжол менен эркектердей эле баалашары байкалды. Бирок расмий иш-чараларга карата аялдар эркектерге караганда скептикалык мамиледе эле. Алсак, курултайга катышуу деңгээлин терс баалаган аялдардын үлүшү – суралгандардын 50 %ын, ал эми жергиликтүү кеңештин сессиясына 42 %ын түздү.

Кыргызстандыктардын көбү өзүн жигердүү жарандык позициясы бар жаран катары баалашат (эркектер – 83 %, аялдар – 63 %). Бул көрсөткүчтөр эркектер үчүн да, аялдар үчүн да жогорку болуп саналат, анткени өзүн жигердүү жарандык позицияга ээ адам катары санаган 60 %дан ашык аялдар – аймак үчүн салыштырмалуу жогорку көрсөткүч. Бул дагы да болсо, аялдардын көбү коомдук жашоо-турмуш менен кызыккандыгын билдирет, алар өзүндө жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу үчүн күчү, потенциалы бар экенин сезишет.

Бирок баары эле бул потенциалды ишке ашыра албайт. Алсак, өзүнүн жамаатында өзүн активист катары сыпаттоого ишенген аялдардын саны аз – 54 %.

Эркектер өзүн айыл же аймак деңгээлинде кандайдыр бир коомдук маанилүү маселелерди чечүүдө натыйжалуураак баалашат. Алсак, өзүнүн же жамааттын көйгөйлөрүн 61 % аялдар жана 91 % эркектер чечишти, натыйжага жетпегендердин саны – 20 % аялдар жана 4 % гана эркектер. Эркектер өзүнүн сунуштарын ишке ашыруу үчүн ЖӨБ органдарынан, өнүгүү долбоорлорунан жана башка булактардан акча каражат же жабдуу түрүндө колдоону көбүрөөк алышат: эркектер өздөрүнүн демилгелери үчүн тышкы жардамды 89 % учурда алышат, ал эми аялдардын арасында бул көрсөткүч 49 %ды гана түзөт.

### 1.2.2. Аялдардын демилгелерин жана сунуштарын колдоо

Жарандар жынысына карабастан, сунуштарын жана демилгелерин ишке ашырууда түрткү болгон натйжалуу фактор катары төмөнкүлөрдү айтышат: коомдук угууларга жана иш-чараларга катышуу (14,5 %); көтөрүлгөн көйгөйлөрдүн актуалдуулугу (13,7 %); семинарлар жана тренингдер аркылуу жаңы билим алуу (12,9 %); мажбурлоо болсо да коомдук жашоого катышуу (10,4 %). Гендердик көз караш менен караганда эркектер жарандардын көбү үчүн салттуу саясий жүрүм-турумга мүнөздүү көйгөйдүн актуалдуулугуна, ошондой эле гранттык долбоорлорду ишке ашырууда өзүнүн тажрыйбасына жана элге жардам берүүнү каалоосуна таянат. Аялдар өзгөчө натыйжалуу факторлордун ичинен өзүнүн демилгелөөчү топторго биригүү жөндөмдүүлүгүн көрсөтүшөт. Ошондой эле аялдар өзүнүн жеке лидердик сапатына эркектерге караганда көбүрөөк таянышат.

Жарандардын кайсы тобу өз сунуштарын жана демилгелерин ишке ашыруу үчүн өнөктөштөрдү, саясий колдоону издейт? Биринчи кезекте, ЖӨБ органдарынан жана жергиликтүү активисттерден издешет. Болжолдуу түрдө активисттердин төрттөн биринен колдоо издеген экинчи ири топ – бул кызыкдар бюджеттик мекемелердин өкүлдөрү, айыл өкмөтүндө иштеген тааныш кызматкерлер жана кесиптештер. Болжол менен алганда, ар бир онунчу адам жергиликтүү КЭУга, таасирдүү жердешине жана кошунасына колдоо үчүн кайрылат. Аз гана бөлүгү бизнес жана дин жаатынан өнөктөштөрдү издешет. Ошол эле учурда аялдар (13,6 %) эркектерге (21,8 %) караганда жергиликтүү кеңештердин депутаттарынан аз колдоо алышат.

### 1.2.3. Жергиликтүү жамааттардагы аялдардын абалы жана алардын өзүн-өзү ишке ашыруудагы тоскоолдуктары

Аялдар үчүн артыкчылыктуу болуп эсептелинген көйгөйлөрдүн ичинен бала бакча (мында аялдардын акы төлөнүүчү жумуштарга иштөөсү жана өнүгүүсү үчүн мүмкүнчүлүк түзүлөт), ошондой эле таза суу (фляга жана челек менен ташууга мажбур болгон учурларда аялдар менен балдарга физикалык жактан күч келтирүүнү азайтууга шарт түзөт) негизги башкы көйгөй болуп саналат. Бул маселе ар бир үчүнчү жана бешинчи аялды тынчсыздандырат. Экинчи орунда ар бир жетинчи аял үчүн артыкчылыктуу көйгөй болуп саналган көйгөй – бул мектеп жана таштанды төгүү. Жергиликтүү жамааттарда таралган башка көйгөйлөр аялдар үчүн өтө артыкчылыктуу болуп саналбайт.





***10-диаграмма.*** *Жарандардын демилгелерин илгерилетүүгө шарт түзгөн факторлор, пайыз менен*





***11-диаграмма.*** *Аялдар чечүүгө аракет кылган артыкчылыктуу көйгөйлөр, пайыз менен*

Аялдардын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүүдө тоскоол болуучу факторлордун ичинен үч фактор алдыңкы орунда турат. Биринчи фактор – жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын жетишсиздиги (пикирлердин 30 %ы); экинчи фактор – чиновниктердин арасындагы кызыкдар тараптардын активдүүлүктөрүнүн жетишсиздиги (пикирлердин 20 %ы). Үчүнчү фактор мыйзам чыгаруу чөйрөсүнө таандык, ар бир тогузунчу жарандын пикири боюнча артыкчылыктуу көйгөйлөргө карата гендердик жагдай эске алынбайт.




***12-диаграмма.*** *Аялдардын өз демилгелерин ишке ашыруу процессинде кабылган тоскоолдуктары, пайыз менен*




***13-диаграмма.*** *Аялдарга активдүүлүк көрсөтүүдө тоскоол болуучу факторлор, пайыз менен*

Жарандардын дээрлик 60 %ы аялдардын өзүнүн жергиликтүү жамаатындагы коомдук жашоодо активдүү болушуна тоскоолдук болуучу негизги көйгөй аялдардын акы төлөнбөгөн үй жумуштары менен алек болушу деп эсептейт. Экинчи себеп – аялдарды маанилүү маселелерди талкуулоого катыштырышпайт. Ошону менен бирге эркектер менен аялдардын пикири бул факторлорго карата ар башка. Маанилүү маселелерди талкуулоого катыштырбоону аялдардын пикирин эске албоо деп белгилеген аялдардын үлүшү эркектерге караганда 15 %га көп. Ал эми эркектердин дээрлик 10 %ы аялдардын үй жумушу менен алектенгендигин баалашат. Мындан улам, эркектердин болжолдуу түрдө 10-15 %ы аялдарды үй жумуштары менен алектенгендиктен убактысы жок деп, аларды маанилүү талкууларга чакырбашы мүмкүн деп тыянак чыгарууга болот. Ар бир алтынчы аял аялдардын пикирин олуттуу кабыл алышпайт деп эсептесе, ар бир онунчу аял коомдук активдүүлүк же коомдук демилге көрсөткөндүгү үчүн уят болуп калышым мүмкүн деп коркот.

Жарымынан көбү – 55 %ы – жергиликтүү жамааттарда эркектер жана аялдар үчүн өз максаттарына жетүүдө жана мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууда бирдей эмес шарттар түзүлгөн деп эсептешет.

Эркектер үчүн мүмкүнчүлүктөр мыкты, кеңири жана көп кырдуу деп эсептегендердин үлүшү аялдар (18 %) үчүн артыкчылыктар көп деп эсептегендердин үлүшүнө караганда эки эсе көп (37 %).

Чечимдерди кабыл алуу процессиндеги аялдардын ролун күчөтүүчү зарыл чараларга карата төмөнкүлөр сунушталат: аялдарга жыйналыштарга, чогулуштарга жана угууларга катышууга бирдей мүмкүндүк берүү; аялдар өздөрүнүн активдүү жарандык көз караштарын бат-бат жана туруктуу көрсөтүү жана өз укуктарын коргоо; демилгелүү аялдар топторун түзүү жана колдоо; аялдарды алдыда боло турган иш-чаралар жөнүндө көп кабардар кылуу; мыйзамдардагы гендердик теңдикке карата талаптарын коюу. Ошондой эле көнүмүш адаттардан баш тартуу, аялдардын коомдогу ролуна болгон мамилени өзгөртүү; гендердик көйгөйлөрдү талкуулоо жана аялдардын жергиликтүү кеңештердин депутаттары жана ЖӨБ органдарынын башчылары менен үзгүлтүксүз жолугушууларын уюштуруу үчүн аянтчаларды уюштуруу да актуалдуу болуп саналат.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууга аялдардын катышуусуна карата гендердик теңдикти баалоо коомдук жашоодогу аялдардын ролу азыркыга караганда жогору боло тургандыгын көрсөттү. Аялдар көбүнчө үй тиричилигин жакшыртуу жана балага кам көрүү менен байланышкан маселелерде активдүү – бул биздин өлкөдө аялдардын салттуу милдеттери деп эсептелинген эки негизги жагдай. Ошол эле убакта аялдар үчүн активдүү жашоо көз карашын үй иштерин уюштуруу менен айкалыштыруу актуалдуу көйгөй бойдон калууда, респонденттер ЖӨБ органдарына аялдарды тартуунун жана алардын кызыкчылыктарын илгерилетүү үчүн аларга өз мүмкүнчүлүктөрүн жаратуу жана көрсөтүү үчүн түрдүү шарттарды, аянтчаларды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү зарыл деп ырасташат. Эркектер да, аялдар да эркектер үчүн коомдук көйгөйлөрдү чечүү жеңил деп тастыкташат. Ошол эле учурда эркектер коомдогу аялдардын абалына оң баа беришет.

## 1.3. ПАРЛАМЕНТАРИЗМДИН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕҢГЭЭЛДЕ ӨНҮГҮШҮ[1]

### 1.3.1. Жергиликтүү кеңештер үчүн жаңы шарттар

2012-жылдагы шайлоолор ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү бутагынын тарыхындагы жаңы этапты баштады. Жергиликтүү деңгээлде депутаттык мандат үчүн болгон атаандаштыктын олуттуу өсүшүн, жарандардын жана саясий күчтөрдүн жергиликтүү шайлоолорго катышууга болгон кызыгууларынын күчөшүн жаңы этаптын негизги белгиси катары эсептөөгө болот. Буга бир нече факторлор себеп болгон. Биринчиден, 2010-жылдагы окуялардан кийин саясий жашоонун жалпы жандануусу жарандардын чечимдерди кабыл алуу процессине катышууга болгон кызыгууларын күчөттү. Экинчиден, саясий партиялардын активдешүүлөрү жана алардын шайлоо процесстерине катышуусун легитимдештирүү талапкерлердин санынын өсүшүнө таасирин тийгизди. Үчүнчүдөн, жергиликтүү кеңештердин аткаруу органынын башчысын – мэрди жана АӨ башчысын тандоо укугу жергиликтүү депутаттык мандатка болгон кызыгууларды




***14-диаграмма.*** *ЖК иши саясий партиялардын таасири менен кандай өзгөрдү, пайыз менен (2019-жылы ЖӨБ Союзу тарабынан жүргүзүлгөн ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүн сурамжылоонун жыйынтыктары).*

1 Бөлүмдө КР Шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча улуттук комиссиясы тарабынан берилген маалыматтар пайдаланылды.

арттыры. Төртүнчүдөн, ЖӨБ органдары алдында жоопту болгон кызмат адамдарынын (коммуналдык ишканалардын, социалдык мекемелердин жетекчилери ж.б.) талапкерлигин тигил же бул деңгээлде четтетүү калктын кеңештерге болгон ишениминин деңгээлин жогорулатты. Жер-жерлердеги депутаттык мандат үчүн болгон күрөштүн курчтугунун натыйжасында өсүү, ал эми шайланган кеңештердин курамы олуттуу өзгөрдү. Пассивдүү жана аткаруу органдары тарабынан башкарылуучу "советтик" үлгүдөгү жергиликтүү кеңештердин ордуна өлкөдө ар түрдүү, активдүү "кулак салбас" жергиликтүү кеңештер пайда болду. Бир жагынан мунун жакшы тарабын көрбөй коюуга мүмкүн эмес: кеңештер аткаруу органдарын активдүү көзөмөлгө алышты. Башка бир жагынан, бул жергиликтүү кеңештердин сапаттык курамынын начарлашы, ыкчам башкарууга кийлигишүүлөр, ашыкча көзөмөл, аткаруу органдарынын башчыларын шайлоодогу коллапстар сыяктуу бир катар көйгөйлөрдү жаратты. Аткаруу органынын башчысын шайлай албоо жөндөмдүүлүгүнөн улам, жергиликтүү кеңештердин КР Президенти тарабынан таратылышы (2013-2015-жылдардын ичинде ЖӨБ аткаруу органынын башчыларынын шайланбагандыгынан улам жалпысынан 22 жергиликтүү кеңеш таратылып, кайрадан шайлоолор өткөрүлгөн), ошондой эле жергиликтүү бюджеттерди бекитүү процессин кечеңдетүү ачык көйгөй болуп калды.

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын кезектеги шайлоосу 2016-жылдын 27-мартында, 15-майында жана 11-декабрында болуп өткөн. 2016-жылдагы шайлоолор бир аз пассивдүү болгон, бирок шайлоолордун жыйынтыктары 2012-жылга салыштырмалуу бир топ башкача болгон.

Партиялык фактордун жергиликтүү кеңештердин ишине тийгизген таасири жөнүндө ишенимдүү маалыматтар жок[2]. Баяндаманы даярдоонун алкагында ЖӨБ органдарынан партиялардын таасиринин алдындагы жергиликтүү кеңештердин ишиндеги өзгөрүүлөр тууралуу пикирлер алынды. Сурамжылоого катышкан ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн 81 %ы саясий партиялар жергиликтүү кеңештердин ишине таасир этет деп эсептейт. Ал эми ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн 40 %ы терс таасир этет деп эсептейт. Бирок сурамжылоого негизинен ЖӨБнүн аткаруу органдарынын өкүлдөрү катышкандыгын эске алуу керек жана бул алардын төмөнкүдөй пикирлерине таасир эте алган жок: "жергиликтүү кеңеш Бишкектеги саясий партиялардын командасына баш ийет жана коомчулуктун кызыкчылыктарын эске алышпайт" жана "жергиликтүү кеңеш АӨнүн ишине тоскоолдук жаратат". Ошону менен бирге ЖӨБнүн аткаруу органдарынын 17 %ы оң таасир этет деп эсептешет, алар "жергиликтүү кеңеш АӨ ишин катуу көзөмөлдөй баштады" деп ойлошот, ал эми 14 %ы "жергиликтүү кеңештин "жашаргандыгын"





***15-диаграмма.*** *ЖК иши саясий партиялардын таасири менен кандай өзгөрдү, пайыз менен (2020-жылы ӨСИ тарабынан жүргүзүлгөн жарандарды сурамжылоонун жыйынтыктары*

2 Партиялык фактордун таасири даана байкалбайт, анткени партиялар азырынча алсыз деген эксперттердин пикири бар. Чындыгында, "түндүк-түштүк" принциби боюнча, таасир этүү кызыкчылыгы боюнча топторго, криминалдык жана диний топтор боюнча бөлүнүүлөр бар. Бул көйгөйлөр ЖӨБдүн деңгээлинде өзгөчө даана байкалат.

белгилеген. Ошентип, саясий партиялардын жергиликтүү кеңештердин ишине таасир этиши жана башкаруу системасы жөнүндө бирдиктүү пикир түзүлгөн жок, ошондуктан негизделген сунуштарды иштеп чыгуу үчүн аналитикалык борборлордун алдында саясий партиялардын тийгизген таасирин изилдеп чыгуу маселеси турат. Ал эми ЖӨБдүн аткаруу органдарынын басымдуу көпчүлүгү (79 %ы) жергиликтүү кеңештер партиялык принцип менен түзүлбөшү керек деп эсептешет.

Белгилей кетүү керек, ЖӨБ органдарынын бул маселе боюнча пикирлери жарандардын пикирлеринен олуттуу түрдө айырмаланат. Мисалы, ЖӨБ органдарынын төрттөн бири жергиликтүү кеңеш айыл өкмөтүнүн ишине тоскоолдук жаратат деп эсептесе, жарандардын арасында мындай пикирлер үч эсе аз.

Жергиликтүү кеңештердин ишине партиялык факторлордун терс таасир тийгизишине карата жарандардын скептикалык пикири бир кыйла жумшарды. 2020-жылы мурункудай эле жарандардын олуттуу бөлүгү - 44 %ы жергиликтүү кеңештерди түзүүнүн партиялык принцибин колдошпойт, ал эми жергиликтүү кеңештерди түзүүнүн партиялык принцибин колдогон жарандардын саны 2015-жылга салыштырмалуу 2,5 эсеге өстү. Мындай тенденция кеңештердин аткаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсүнүн жалпы нормалдашуусу менен түшүндүрүлөт: алардын мамилелерин акырындык менен өрчүтүү, тирешүү азаят, мамилелер бир топ конструктивдүү болот. Чечкиндүү эмес жарандардын үлүшү азаят, бул калктын партиялык системанын маңызын түшүнүүнүн акырындык менен өсүшүнүн натыйжасы болуп калат.




***16-диаграмма.*** *Жарандардын жергиликтүү кеңештерди түзүүнүн партиялык принцибин колдоосунун деңгээлинин динамикасы, 2015-2020-жж., пайыз менен*

2019-жылы шайлоо процессин жергиликтүү деңгээлде реформалоо улантылды. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо үчүн пайда болгон жаңы шарттардан улам 2019-жылдын 8-августундагы «"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КРнын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» № 117 КР Мыйзамы кабыл алынды, мында жылдын апрель айынын экинчи жекшембиси жана октябрь айынын экинчи жекшембиси жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүнүн күндөрү деп аныкталган.

Эгерде жергиликтүү кеңештердин депутаттары шайланган мөөнөт 1-декабрдан 31-декабрга чейинки мезгилде аяктаса, кийинки шайлоолор көрсөтүлгөн мөөнөт бүткөн жылдан кийинки жылдын апрель айынын экинчи жекшембисинде өткөрүлөт.

Эгерде жергиликтүү кеңештердин депутаттары шайланган мөөнөт 1-январдан 31-майга чейинки мезгилде аяктаса, кийинки шайлоолор көрсөтүлгөн мөөнөт бүткөн жылдын апрель айынын экинчи жекшембисинде өткөрүлөт.

Эгерде жергиликтүү кеңештердин депутаттары шайланган мөөнөт 1-юндан 30-ноябрга чейинки

мезгилде аяктаса, кийинки шайлоо көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаган жылдын октябрь айынын экинчи жекшембисинде, ал эми Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону өткөрүү жылы - көрсөтүлгөн шайлоолордо добуш берүү күнүндө өткөрүлөт.

Белгилей кетүүчү нерсе, мыйзам чыгаруучулар мыйзамда айрым кемчиликтерге жол беришкен. Мыйзам жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мыйзамдуу мөөнөтү бүткөн учурда, тактап айтканда, төрт жылдан кийин жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн эки добуш берүү күнүн аныктаган. Бирок ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткон жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн шайлоо жарыялоонун жана өткөрүүнүн мөөнөтү чечилбеген бойдон калууда. Ошону менен бирге иш тажрыйбада ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткон (таратуу, өзүн-өзү таратуу) учурларда жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн шайлоону дайындоого карата суроолор пайда болот.


Мындан сырткары, төрт жылдык мөөнөт бүткөндөн кийин жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо күндөрүн чектөө боюнча жаңы шарттар төрт жылдык мөөнөтү бүтүп, бирок шайлоо күнү келгенче чейин өз ишмердигин уланткан жергиликтүү кеңештердин ишинин легитимдүүлүгү жөнүндө жаңы суроолорду жаратат. Ошол эле учурда КРнын башка мыйзамы жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүн төрт жыл менен гана чектейт.

### 1.3.2. Адилеттүү тартуу

***Гендердик баланс***

**Аялдардын айылдардын жергиликтүү кеңештерине тартылышынын деңгээлинин төмөндөшү.** Жалпысынан алганда, Кыргыз Республикасында 2016-жылы айылдардын жергиликтүү кеңештерине аялдардын тартылышы 2 %га төмөндөп, депутаттардын жалпы санынын 13 %ын түзгөн. Андан ары мандат алуу процессинде аялдардын үлүшү дагы төмөндөп, 10,7 % деңгээлине жеткен. Айылдардын жергиликтүү кеңештерине аялдардын тартылышынын эң көп төмөндөшү Ысык-Көл облусунда байкалат, бул облус мурда айылдардын жергиликтүү кеңештерине аялдардын тартылышы боюнча алдыңкы орунда турган, бирок 2019-жылы бул позициясын жоготкон.

Айылдардын жергиликтүү кеңештерине аялдардын тартылышынын бардык мезгилдеги эң төмөнкү деңгээли Ош облусунда байкалат.




***17-диаграмма.*** *Аялдардын жергиликтүү кеңештерге тартылышынын облустар боюнча деңгээли, пайыз менен*

Шаардык кеңештердеги аялдардын үлүшү да болжолдуу түрдө 4 %га төмөндөгөн. 30 %га жакын аялдардын үлүшү бар шаардык кеңештер Кант (32 %), Кемин, Шопоков, Орловка, Кара-Балта, Чолпон-Ата, Айдаркен (29 %) шаарларында шайланган. Аялдардын үлүшү эң төмөн болгон шаардык кеңештер Жалал-Абад (6 %), Кочкор-Ата жана Чолпон-Ата (10 %дан аз) шаарларында катталган. Аял

депутаттардын мандатын "жоготкон" учурлары да байкалган, жарандар тарабынан шайланган аял депутаттар өз мандаттарын партиядагы башка талапкерлерге – эркек депутаттарга берип коюшкан. Ошентип, 2016-жылдын март айында 16 мандат "жоголгон" же ар бир үчүнчү мандат (Майлуу-Суу, Ош, Каракол, Токмок шаарлары); 2016-жылдын декабрь айында 39 мандат "жоголгон" же ар бир төртүнчү мандат (Жалал-Абад, Таш-Көмүр, Өзгөн, Исфана, Бишкек, Талас, Баткен, Кара-Көл, Нарын, Кайыңды, Сүлүктү, Кербен шаарлары).

***2-таблица.*** *Аялдардын шаардык кеңештерге тартылышынын деңгээли*[1]

| | 2012-ж. шайлоодон кийин | | | | 2016-ж. шайлоодон кийин | | | | Өзгөрүү-лөрдүн динамикасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Шаар | Эркек | Аял | Бардыгы | Аял-н үлүшү | Эркек | Аял | Бардыгы | Аял-н үлүшү | |
| Айдаркен | 15 | 6 | 21 | 28,57 | 14 | 7 | 21 | 33,33 | 4,76 |
| Балыкчы | 24 | 7 | 31 | 22,58 | 23 | 8 | 31 | 25,81 | 3,23 |
| Баткен | 26 | 5 | 31 | 16,13 | 23 | 8 | 31 | 25,81 | 9,68 |
| Бишкек | | | | | 38 | 7 | 45 | 15,56 | |
| Жалал-Абад | 27 | 4 | 31 | 12,90 | 29 | 2 | 31 | 6,45 | -6,45 |
| Исфана | 25 | 6 | 31 | 19,35 | 26 | 5 | 31 | 16,13 | -3,23 |
| Кадамжай | 14 | 7 | 21 | 33,33 | 38 | 7 | 45 | 15,56 | -17,78 |
| Кайыңды | 18 | 4 | 22 | 18,18 | 13 | 8 | 21 | 38,10 | 19,91 |
| Кант | 20 | 11 | 31 | 35,48 | 26 | 5 | 31 | 16,13 | -19,35 |
| Кара-Балта | 20 | 11 | 31 | 35,48 | 24 | 7 | 31 | 22,58 | -12,90 |
| Каракол | 23 | 8 | 31 | 25,81 | 22 | 9 | 31 | 29,03 | 3,23 |
| Кара-Көл | | | | | 26 | 5 | 31 | 16,13 | |
| Кара-Суу | 26 | 5 | 31 | 16,13 | 22 | 9 | 31 | 29,03 | 12,90 |
| Кемин | 16 | 5 | 21 | 23,81 | 14 | 7 | 21 | 33,33 | 9,52 |
| Кербен | 24 | 7 | 31 | 22,58 | 22 | 9 | 31 | 29,03 | 6,45 |
| Көк-Жаңгак | | | 0 | | 14 | 7 | 21 | 33,33 | |
| Кочкор-Ата | | | 0 | | 19 | 2 | 21 | 9,52 | |
| Кызыл-Кыя | 22 | 9 | 31 | 29,03 | 24 | 7 | 31 | 22,58 | -6,45 |
| Майлуу-Суу | 26 | 5 | 31 | 16,13 | 24 | 7 | 31 | 22,58 | 6,45 |
| Нарын | 22 | 9 | 31 | 29,03 | 24 | 7 | 31 | 22,58 | -6,45 |
| Ноокат | 15 | 6 | 21 | 28,57 | 16 | 5 | 21 | 23,81 | -4,76 |
| Орловка | 14 | 7 | 21 | 33,33 | 14 | 7 | 21 | 33,33 | 0,00 |
| Ош | 37 | 8 | 45 | 17,78 | 38 | 7 | 45 | 15,56 | -2,22 |
| Сүлүктү | 22 | 9 | 31 | 29,03 | 26 | 5 | 31 | 16,13 | -12,90 |
| Талас | 29 | 1 | 30 | 3,33 | 26 | 5 | 31 | 16,13 | 12,80 |
| Таш-Көмүр | 21 | 10 | 31 | 32,26 | 26 | 5 | 31 | 16,13 | -16,13 |
| Токмок | 26 | 5 | 31 | 16,13 | 26 | 5 | 31 | 16,13 | 0,00 |
| Токтогул | 15 | 6 | 21 | 28,57 | 16 | 5 | 21 | 23,81 | -4,76 |
| Өзгөн | 25 | 6 | 31 | 19,35 | 24 | 7 | 31 | 22,58 | 3,23 |
| Чолпон-Ата | 14 | 7 | 21 | 33,33 | 19 | 2 | 21 | 9,52 | -23,81 |
| Шопоков | 13 | 8 | 21 | 38,10 | 16 | 5 | 21 | 23,81 | -14,29 |
| **Жалпы:** | 695 | 174 | 761 | 22,86 | 712 | 191 | 903 | 21,15 | -1,71 |

1 2012-жылдагы чакырылыш жөнүндө маалыматтар шаарларга билдирмелерди жөнөтүү жолу менен жыйналды, бирок айрымдары бул маалыматтарды берген жок.



Аялдардын жергиликтүү кеңештерге туруктуу тартылышын сактоо максатында, 2019-жылдын 8-августунда “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КРнын Мыйзамына түзөтүү киргизилген. Анда мындан ары аял депутаттын орду анын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда сакталат, анткени мандат аял талапкерге гана берилет, ал эми эркек депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда анын мандаты партиянын тизмеси боюнча эркек талапкерге берилет. Талапкерлердин тизмесинде тийиштүү жыныстагы талапкер жок болгон учурда депутаттын мандаты тизмедеги кийинки талапкерге кезек боюнча берилет.

Мындан тышкары, кабыл алынган Мыйзамда айылдык кеңештерге ат салышып жаткан аял талапкерлер үчүн мандаттардын (квота) резервин түзүү жөнүндө ченем киргизилген. Эми айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө ар бир айылдык кеңеште аялдар үчүн айылдык кеңештин депутаттарынын мандаттарынын 30 %ынан кем эмеси резервге калтырылат.


Ар бир шайлоо округу боюнча резервге калтырылган мандаттардын саны шайлоо округдары жана участоктору жөнүндө маалымат менен бир убакта жарыяланат.

Шайлоо округунда резервге калтырылган мандаттардын саны тийиштүү көп мандаттуу шайлоо округундагы мандаттардын жалпы санына жараша болот.

Мандаттарды резервге калтыруунун негизинде мандат алган айылдык кеңештеги аял депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда анын мандаты көп мандаттуу шайлоо округунда шайлоочулардын эң көп добушун алган кийинки аял талапкерге берилет. Эгерде аял талапкерлер калбай калган болсо, мандат шайлоочулардын добуштарынын эң көбүн алган шайланган депутаттан кийинки талапкерге берилет.

*Улуттук курам*

Жергиликтүү кеңештерде улуттук азчылыктардын өкүлдөрү депутаттык мандаттардын 13,4 %ын ээлешет. Облустар боюнча алып караганда, төмөнкүдөй көрүнүш түзүлөт: Нарын жана Талас облустарында жергиликтүү кеңештердин санында 2 гана депутат улуттук азчылыктын өкүлдөрү болуп саналышат; Ош жана Чүй облустарында мындай депутаттардын саны 20 %га жакын.




***18-диаграмма.*** *2019-жылдын июль айына карата облустар боюнча 2016-жылдагы чакырылыштагы жергиликтүү кеңештердеги улуттук азчылыктын өкүлдөрүнөн шайланган депутаттардын үлүшү (Кыргыз Республикасынын калкынын түзүлүшүнө салыштырмалуу), пайыз менен*

### 1.3.3. Жергиликтүү өкүлчүлүктүү демократиянын туруктуулугу

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын олуттуу бөлүгү (44 %дан көбү) орто же атайын орто билимге ээ. Кыргыз Республикасындагы мектеп жана атайын орто билим берүүнүн деңгээлин эске алганда, алардан мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндөгү компетенттүүлүктү күтүүгө кыйын. Депутаттардын калган бөлүгүндө да башкаруу тууралуу билимдер жетишсиз. Ошону менен бирге өлкөдө жергиликтүү кеңештердин депутаттарын окутуунун кандайдыр бир формасы жок, бул кеңештердин жана жалпы ЖӨБнүн натыйжалуу иштеши үчүн олуттуу тоскоолдуктарды түзөт.

*ПИКИР*

*"Жергиликтүү кеңештердин ишинин сапаты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү татаалдаштырат. Депутаттар бюджетти бөлүштүрүүдө гана активдүүлүк көрсөтүшөт, ал эми жергиликтүү жамааттын башка көйгөйлөрүн чечүүдө активдүүлүк көрсөтүшпөйт. АӨ башчы аким тарабынан дайындалат же шайланат, кеңештин тандоого укугу жок."*

*Аксакал,*
*Аламүдүн району*

*ПИКИР*

*"Жергиликтүү кеңештер калктын алдында отчет беришпейт. Мыйзам боюнча отчет берүүгө милдеттүү болуп саналышат, бирок иш жүзүндө отчет беришпейт. Депутаттардын активдүүлүгүнүн төмөндүгүнөн жана сабатсыздыгынан улам жер-жерлерде жергиликтүү бюджеттер кечеңдетүү менен бекитилет. Январь жана февраль айлары бюджеттик циклден чыгып калат."*

*АӨ кызматкери,*
*Сокулук району*

*ПИКИР*

*"КР Жогорку Кеңеши жергиликтүү кеңештердин депутаттары менен тыгыз иш алып барышы шарт, жергиликтүү кеңештердин депутаттары мыйзамдарда кандай өзгөрүүлөр болуп жаткандыгын, алардын региондордун тургундарына канчалык пайдасы бар экендигин билип турушу керек. Депутаттыкка талапкерлерге карата катуу критерийлерди аныктоо керек, мисалы, билимине карата. Эгерде депутат шайлоочулардын ишенимин актабаса, анда мындай депутаттарды чакыртып алуунун абдан жөнөкөй жолун иштеп чыгуу керек."*

*АӨ юристи,*
*Ноокат району*

*ПИКИР*


*"Жергиликтүү кеңештердин депутаттары макамына туура келген жүрүм-турум этикасынын эрежелерин карманышы керек. Ар бир жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер өзүнүн укуктарын жана милдеттерин, эмне менен алек болорун, кандай маселелерди чеч тургандыгын билиши керек. Ал шайлоочулардын көйгөйлөрүн чечүү, жергиликтүү бюджетти түзүү жана анын аткарылышын контролдоо үчүн билими жана компетенттүүлүгүнүн деңгээли жете тургандыгын түшүнүшү керек. Ошону менен бирге жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерге карата талаптарды күчөтүү зарыл."*

*Жергиликтүү кеңештин төрагасы,*
*Кочкор району*

Жогорудагыларга байланыштуу, 2019-жылдын 12-апрелинде “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамына түзөтүү киргизилген, буга ылайык, эми КР Өкмөтүнүн чечими боюнча мамлекеттик тапшырыктын алкагында саясий мамлекеттик кызмат орундарын, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган адамдар да окутулушу мүмкүн. Белгилүү болгондой, саясий муниципалдык кызмат орундарына жергиликтүү кеңештин депутатынын, айыл өкмөт башчысынын жана шаар мэринин кызмат орундары кирет. Ошентип, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын окутуу үчүн укуктук негиз түзүлгөн, бирок бул багытта практикалык чаралар кабыл алына элек. ЖӨБ органдары мындай чаралар

2021-жылы шайлана турган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын окутуу үчүн иштелип чыгат жана кабыл алынат деп күтүлөт.

Билим деңгээли, шайлоо системасы, партиялык фактордун таасири жергиликтүү кеңештердин тарашына алып келет. 2017-2020-жж. 34 жергиликтүү кеңеш тараган, ал эми 9 кеңеш отурумдарда кворумдун жоктугунан улам тараса, 25 кеңеш ЖӨБнүн аткаруу органынын жетекчисин – АӨ башчысын же мэрди тандай албагандыктан улам тараган.




***19-диаграмма.*** *Таратылган жергиликтүү кеңештердин ЖӨБ органдарынын жалпы санына карата саны жана үлүшү, облустар боюнча, пайыз менен*

2019-жылы мыйзам чыгаруучулар жергиликтүү кеңештердин институционалдык туруктуулугун күчөтүү багытында чоң кадам жасашты. Айылдардагы өкүлчүлүктүү органдардын туруктуу иштешин камсыз кылган штаттык кызматкерлердин узак убакыт бою жоктугу олуттуу көйгөйлөрдү жаратып келген. Демек, райондук жана шаардык маанидеги 29 шаарда шаардык кеңештер өз ыйгарым укуктарын натыйжалуу аткаруу үчүн аппарат, үчтөн бешке чейинки штаттык бирдик сыяктуу жетиштүү административдик ресурстарга ээ болушкан. Ошону менен бирге кеңештердин өкүлдөрү туруктуу негизде иш алып барышат, эмгек акы алышат. Ош шаарынын шаардык кеңешинде 17, Бишкек шаарынын шаардык кеңешинде 37 штаттык бирдик бар. Бирок 453 айылдык кеңеш түзүлгөн күндөн бери өз аппаратына ээ болушкан эмес, алардын ыйгарым укуктары айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына жүктөлгөн, бул көп учурда айылдык кеңеш менен айыл өкмөтүнүн ортосундагы кызыкчылыктардын кагылышына алып келиши мүмкүн. Жооптуу катчынын күндөлүк иштер менен алек болушу туруктуу комиссиялардын ишин, сессиялардын сапаттуу иштешин, кеңештердин калк менен болгон байланышын уюштуруу сыяктуу маселелерге тийиштүү деңгээлде көңүл бурууга тоскоолдук жараткан.

Соңунда, 2019-жылдын 8-августундагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" № 115 КР Мыйзамы менен жергиликтүү кеңештердин иштеши үчүн жаңы шарттар түзүлдү. Эми калкынын саны 6000 адамдан көп болгон аймактардагы айылдык кеңештер кошумча штаттык бирдик – жооптуу катчы менен камсыздалат. Ошону менен бирге калкынын саны 20000 адамдан көп болгон аймактардагы айылдык кеңештердин өкүлдөрү эмгек акы менен камсыз болушат. Бул өзгөрүүлөр айылдык жана шаардык кеңештерге карата дискриминациялык мамилени жоюу, ошондой эле ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдарынын институционалдык туруктуулугун бекемдөө максатында киргизилди. Калкынын саны аз болгон аймактардагы кеңештер үчүн ушул сыяктуу шарттарды түзүү жөнүндө маселе бюджетте каражаттын жетишсиздигинен улам чечиле элек.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын шайлоочулардын алдында отчет беришин жакшыртуу жана жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча айрым маселелер чечилбеген бойдон калууда. Мисалы, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын чакыртып алуу тууралуу маселе КР мыйзамдарында жөнгө салынбаган бойдон калууда.

Бул багытта, жергиликтүү кеңештин отурумуна жүйөлүү себепсиз бир жылдын ичинде төрттөн көп жолу катышпагандыгы үчүн жергиликтүү кеңеш тарабынан жергиликтүү кеңештин депутатынын


ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө ченемдерди калыбына келтирүү көйгөйдүн чечилиши болуп саналбайт. Бул сунушка карата КР Жогорку Сотунун Конституциялык Палатасынын 2015-жылдын 10-июнундагы № 08-р акыркы чечими бар. Бул чечимде Конституциялык Палата төмөнкүлөрдү белгилейт: "Чакыртып алуу институту – бул эл бийлигинин атайын институту, ал өзү менен бирге шайлана турган адамдын калктын алдындагы жоопкерчилигинин бир формасын көрсөтөт, мунун маңызы шайлоочулардын эрки менен шайлана турган адамдын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу мүмкүндүгү болуп эсептелинет. Депутаттын мандатын чакыртып алуу шайлоочулардын эрки менен тыгыз байланышта жана түз демократиянын формасы катары саналат. Эреже боюнча депутаттын мандатын чакыртып алууга жалпылап айтканда, шайланган адамдын өзүнө жүктөлгөн ыйгарым укуктарын аткарбагандыктан улам шайлоочулардын ишениминин жоголушу негиз болуп саналат. Ошону менен бирге чакыртып алууну, анын ичинде аны демилгелөө жол-жоболорун ишке ашыруунун субъекти шайлоочулар гана болуп саналат. Чакыртып алуу институтунун маңызы боюнча депутатты чакыртып алуу шайлоолорго эң жакын жол-жоболордо ишке ашырылышы керек деп болжолдойт. Ошону менен бирге элдик суверенитеттин конституциялык принцибин жана жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырууга болгон ортомчулук укуктарын жүзөгө ашыруу камсыздалат. Натыйжада, жергиликтүү кеңештин депутатын чакыртып алуу тууралуу маселени көтөрүү укугун жергиликтүү кеңештерге берүү эл бийлигинин негиз болуучу конституциялык принциптерине карама-каршы келет".

Бул чечим менен "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" КР Мыйзамынын жергиликтүү кеңештерге депутатты чакыртып алуу тууралуу маселени көтөрүү укугун берүү боюнча ченемдери конституциялык эмес деп табылган. Ал эми шайлоочу мурункудай эле өз функцияларын жана милдеттенмелерин аткарбаган депутатты чакыртып алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

## 1.4. ЖӨБ АТКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН АБАЛЫ[1]

Кыргыз Республикасында жалпы 484 ЖӨБ органы болсо, анын ичинен 453 – айылдык, 31 – шаардык. Шаардын мэрияларынын курамында 2 республикалык (Бишкек жана Ош шаарлары), 12 облустук, 17 райондук маанидеги шаар мэриялары бар.

2020-жылдын 1-январына карата штат боюнча 9750 муниципалдык кызматтан 8881 кызмат орду ээленген болуп, бул штаттын санынын 91 % түзгөн. Маалыматтардын динамикасы бош жана башка бирөө ордунда иштеген кызмат орундарынын саны бир аз туруксуздукка дуушар болгонун көрсөтүп турат. Бош муниципалдык кызматтардын үлүшү 9-10 %дын тегерегинде өзгөрүп, бул муниципалдык кызматты жалпысынан алып караганда толук комплекттелген деп баалоого мүмкүнчүлүк берет. Ошондой болсо да, ар бир онунчу адистин жок болушу белгилүү бир ойду жаратат. Ошону менен бирге, жумушсуздуктун деңгээли жогору болгон өлкөдө 869 жумуш ордунун бош болуусун нормалдуу көрүнүш катары эсептөөгө болбойт.




***20-диаграмма.*** *Башка бирөө ордунда иштеген муниципалдык кызматтын үлүшүнүн динамикасы % менен*

1 Бул бөлүмдө КР Мамлекеттик кадр кызматы берген маалыматтар колдонулган.

### 1.4.1. Сапаттык курам

***Гендердик баланс жана физикалык мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги***


Муниципалдык кызматта аялдардын үлүшү бир аз гана өзгөргөн. 2020-жылы 38 %дан көбүрөөк муниципалдык кызматтарды аялдар ээлеген болсо, бул көрсөткүч 2019-жылы 36 % жана 2017-жылы 37 % болгон. Муниципалдык кызматтан кеткен аялдардын саны 2017-жылдан 2019-жылга чейин 29,5 %дан 35,9 %га чейин өскөн. Башкача айтканда, аялдар барган сайын көбүрөөк түрдүү себептер менен муниципалдык кызматтан кетишүүдө.

*ПИКИР*


*"Биздин айыл өкмөттө акыркы жалгыз аял кызматкер калды. Бирок аны ар кандай терс мамилелерден коргоо үчүн жумушка күндө жолдошу коштоп келет. Көчөдө бирөөлөр ага келип: "Эмнеге сен иштеп, жолдошуңду уят кылып жатасың?" деп айтышы мүмкүн. Алардын чыдамы дагы канчага чейин жетерин билбейм. Алар акыры аялын үйгө камап коюуга же айылдан көчүп кетүүгө туура келет окшойт дешет."*

*АӨ кызматкери*

Аялдарды ЖӨБ органдарынын жетекчилик курамынан "сүрүп чыгаруу" уланууда: жетекчиликтеги эркектердин саны көбөйүп бара жатат. Саясий кызмат ордун ээлеген аялдардын саны мурункудай эле аз санда жана төмөндөөнү улантып жатат – 2017-жылы 4,2 %дан 2020-жылы 3,5 %га чейин түштү. Жогорку административдик кызматтарда, Бишкек ш. вице-мэринен башка, бир дагы аял калган жок. Бирок башкы, ага жана кенже муниципалдык кызматтарды ээлеген аялдардын саны өсүүдө.




***21-диаграмма.*** *Муниципалдык кызматтарды ээлеген аялдардын саны % менен.*




***22-диаграмма.*** *Кыргыз Республикасынын калкынын улуттук курамы менен салыштырылган ЖӨБ аткаруу органынын улуттук курамы % менен.*

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн мүмкүнчүлүктөр кеңейтилди. 2020-жылы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 195 адам муниципалдык кызматта иштейт. Анын ичинде 137 – эркек, 58 – аял (2017-ж. 117 эркек, 17 аял).

*Улут*

ЖӨБ аткаруу органдарынын улуттук курамы көп түрдүүлүккө карай бир аз өзгөрдү. Бирок, ЖӨБ органдарындагы улуттук азчылыктын саны өлкөдөгү бул улуттардын санына салыштырмалуу 3 эсе төмөн. Муну менен бирге, саясий кызматтагы муниципалдык кызматкерлердин басымдуу бөлүгүн (96 %) кыргыздар түзөт.

*Жаш жана тажрыйба*

28 жашка чейин жаштар кенже жана ага муниципалдык кызматтардын 9,4 % гана түзсө (2019-ж. 7,5 %), саясий, патронаттык, башкы жана ага кызматтарда сегиз миңдик муниципалдык кызматчылардын ичинде болгону 2 адам иштейт.

Пенсияга чыга турган жана 55 жаштан жогорку пенсия жашындагы адамдар 2019-жылы дээрлик 23,3 % (2019-жылы 22 %) муниципалдык кызматты ээлешкен. Муниципалдык кызмат курамдын "карып бара жаткан" тенденциясын көрсөтүп турат. Себеби 2016-жылы адамдардын бул категориясы кызматтардын 18 %ын гана ээлешкен.

*Билим жана компетенция*

2016-жылдан кийинки мезгилде жогорку билимдүү муниципалдык кызматчылардын саны 10 %га өстү жана 2020-жылы 71,6 %ды түздү (2019-жылы 66,25 %); ЖӨБ органдарында орто билимдүү адистердин саны 2020-жылы 8,2 % түзсө, 2016-жылы 11,0 %ды түзгөн. Демек, жалпысынан алганда муниципалдык кызматчылардын билим берүү деңгээли өскөнүн белгилөөгө болот.

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 30-майындагы № 75 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" мыйзамы муниципалдык кызматчыларга коюлган талаптарга өзгөртүүлөрдү киргизген жана мындан ары орто билимдүү адамдар административдик муниципалдык кызмат ордуна талапкер боло албайт. Бирок, эгер жаран мындай кызматка 2016-жылдын 1-июнуна чейин кабыл алынса, ал иштөөнү улантат. Мындан тышкары, муниципалдык кызматка кадрларды тандоонун кыйынчылыгын эске алганда ЖӨБ органдарынын орто билимдүү 725 кызматкерин жогорку билимдүү адистерге алмаштырууга мүмкүн эмес.

### 1.4.2. Бош орундар жана кадрлардын туруксуздугу

2019-жылы муниципалдык кызматтарга 1028 адам кабыл алынган (анын ичинде 40,5 % аялдар). Алардын басымдуу бөлүгү - конкурстук негизде. Конкурстук тандоосу жок кабыл алынган калган кызматтагы кызматчылардын негизги бөлүгүн декреттик өргүүдө же окууда жүргөндөр түзгөн.

2019-жылы ээлеген муниципалдык кызматынан 649 адам кеткен (2018-ж. 846 адам жана 2016-ж. 773 адам). Кадрлардын туруксуздугунун көрсөткүчү төмөндөп, 2019-жылы 7 %га жакын болгон (2016-ж. – 9 %). 2016-жылдагы кадрлардын туруксуздугу ЖӨБ органдарынын саясий жетекчилеринин алмашуусу менен шартталганын белгилей кетүү зарыл. ЖӨБ аткаруу органынын башчысы алмашкандан кийин команданы дагы алмаштыруу тенденциясы муниципалдык кызматтын сапатын зыянга учуратат. ЖӨБ Союзу 2021-жылы муниципалдык кызматта кадрлардын алмашуусун күтүүгө болорун белгилейт. Бул 2021-жылдын жаз айларына белгиленген жергиликтүү кеңешти шайлоодон кийин болушу мүмкүн. Ошол эле учурда, муниципалдык кызматтагы кадрлардын туруксуздугунун деңгээли экстремалдуу болуп саналбайт жана жада калса 2019-жылы туруксуздук 10 %га жакынды түзгөн мамлекеттик кызматтан төмөн турат.

Кадрлардын туруксуздугундагы гендердик баланстан коркунучтуу тенденцияны көрүүгө болот. 2019-жылы 2016-жылга салыштырмалуу муниципалдык кызматтан кеткен адамдардын ичинен аялдардын үлүшү 29 %дан 33 %га чейин жогорулаган.

*ПИКИР*
*"Айыл өкмөттөгү кадрлардын туруксуздугунун себеби эмнеде? Башчы алмашат жана мурунку жетекчи менен иштегендер өздөрү кетишет. Себеби мурунку жетекчинин жаңы кызматтагы командасында иштөөнү көздөшөт."*
*АӨ жоопкерчиликтүү катчысы,*
*Аламүдүн району*

*ПИКИР*
*"Муниципалдык кызматтагы кадрлардын туруксуздугу – бул саясий дайындоо көйгөйлөрүнүн кесепеттери. ЖӨБ органынын жетекчисинде талаптарга толук ылайык келген адамдарды дагы жумушка албай коюу укугу бар. Жаш, жетиштүү квалификацияга ээ, иштегиси келген жаштарды алар башка кланга ж.б. тийиштүү болгону үчүн албай койгон учурлар болгон."*
*АӨ жоопкерчиликтүү катчысы,*
*Сокулук району*

### 1.4.3. Конкурстан өтүү

2018-жылы ЖӨБ органдары тарабынан 2268 бош муниципалдык кызматка дайындоо үчүн 5588 талапкер компьютердик тестирлөөдөн өтөрү жарыяланган. Компьютердик тестирлөөгө 4150 талапкер катышкан. Анын ичинен 1813 же 43,7 % тийиштүү упай алышып[1], конкурстук тандоонун кийинки этабына өтүшкөн.

2019-жылы ЖӨБ органдары тарабынан компьютердик тестирлөөдөн 6913 талапкер өтөрү жарыяланган. Компьютердик тестирлөөгө 5193 талапкер катышып, алардын 2649 же 51 %ы тийиштүү упай алып, конкурстук тандоонун кийинки этабына өтүшкөн.

ЖӨБдүн айрым органдары кадрлар жетишсиз болгон шартта талапкерлердин тесттеги татаал суроолордон улам өтпөй калуусун жана ЖӨБ органдарынын кадрдык курамы толукталбаганын көйгөй катары эсептөөнү улантышууда. Бирок КР Мамлекеттик кадр кызматы жана ЖӨБ Союзу тестирлөө процессин жөнөкөйлөтүүгө болбойт дешет. 2020-жылга карата тесттердин татаалдыгынын деңгээли минимумга чейин жөнөкөйлөтүлгөн жана кенже кызматка талапкерлерден болгону 3, ал эми ага жана башкы кызматкерлерден 5 ченемдик укуктук актыны билүүнү талап кылат.

*ПИКИР*
*"АӨдөгү бош кызмат ордуна талапкерлер КР Мамлекеттик кадр кызматында тестирлөөдөн өтүүдө көптөгөн суроолорго жооп бере албай калышат. Себеби суроолордун көпчүлүгү АӨнүн ишмердигине тиешеси жок. Муну менен бирге, талапкер АӨ деңгээлинде өз кесибинин мыкты адиси болушу мүмкүн, бирок кызматка кире албайт. Мунун тетириси дагы болот. Талапкер тесттен оңой эле өтөт, бирок кийин иштей албайт. Себеби АӨнүн спецификасын билбейт жана айыл аймагынын жашоосун түшүнбөйт. Мисалы, биздин айыл өкмөттө мына экинчи жыл жоопкерчиликтүү катчы жок. Жылына бир нече жолу талапкерлерди тестирлөөгө жөнөтөбүз, бирок алар тесттен өтө албай жатышат. Албетте, конкурс жана тест – бул жакшы. Бирок жашоо бүгүн аракет кылууну талап кылып жатат. Айыл өкмөт башчыларында бош орунга кабыл алууга таасир этүүчү мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк болушу керек."*
*АӨ Башчысы,*
*Базар-Коргон району*

1 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрында № 706 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат боюнча конкурс өткөрүү жана кызматтык жогорулоо тартиби жөнүндө жобонун 41-пунктуна ылайык, компьютердик тестирлөөдөн өтүүдө мүмкүн болгон упайлардан 50 %дан көп упай алган талапкерлер конкурстун кийинки этабы болгон маектешүүгө кире алышат.

*ПИКИР*
*"КР Мамлекеттик кадр кызматы муниципалдык кызматка талапкерлерди кабыл алууда тестирлөө процесси максималдуу жеңилдетилгенин белгилейт. 2017-жылдын үлгүсүндөгү тестирлөө эрежелери талапкерлердин 48,5 %ын тесттен өтүүгө мүмкүнчүлүк берген. "Муниципалдык кызматкерлердин адистик деңгээли жөнүндө маселени талдоодон кийин тесттик суроолорду түзүү ыкмасы өзгөртүлгөн. Мамлекеттик кызматтын аналогиясы боюнча, ЖӨБ органдарынын кызматкерлери билүүгө милдеттүү болгон ченемдик актылардын тизмесине негизделген. <…> тесттик суроолорду түзүүдө 14 ЧУА колдонулган. Жыйынтыгында <…> тесттен ийгиликтүү өткөндөрдүн пайызы 48,5тен 27,9 пайызга төмөндөгөн. Бул калктын эмес, кызмат ордуна талапкерлер менен ЖӨБ органдарынын жетекчилеринин нааразычылыктарын пайда кылган. <…> тесттик суроолорду түзүү ыкмасы 2018-жылы кайрадан өзгөртүлгөн. <…> түрдүү категорияларга тиешелүү болгон кызмат орундарына талапкерлерди тесттен өткөрүүнүн дифференциалдуу ыкмасы белгиленген. Эгер мурун бардык талапкерлер 14 ченемдик укук актыдан түзүлгөн негизги тесттин суроолоруна жооп бериши керек болсо, азыркы учурда кичи кызмат орундары үчүн тесттер 3 ченемдик укуктук актынын базасында, ага жана башкы кызмат орундары үчүн 5 актынын базасында суроолор түзүлөт. Б.а. кандидаттарга болгон талап олуттуу түрдө төмөндөгөн. Жыйынтыгында 2018-жылдан тарта тесттен өтүү <…> пайызы 51,2 пайызга кайрадан жогорулаган.*
*Аталган ЖӨБ органдарынын штатынын комплекттелбеген маселеси ЖӨБ органдарындагы кадрлардын туруксуздугунун башка маселесинин чагылдырылуусу болуп саналат – саясий жетекчиликтин алмашуусу, ошондой эле ЖӨБ органдарынын конкурстук комиссиясы тарабынан талапкерлер маектешүүнүн жыйынтыгы боюнча дайындалууга сунушталбаганы – коррупциялык непотизм[2] көрүнүшү."*
*Директордун орун басары О. С. ТАРБИНСКИЙ,*
*№ 01-03-09/3040 08-сентябрь 2020-ж.*

### 1.4.4. Квалификацияны жогорулатуу

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 30-майында № 75 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" жаңы мыйзамы кабыл алынганына байланыштуу, административдик муниципалдык кызматчылардын аттестациясы жокко чыгарылган. Кызматтан жогорулатуу жана тийиштүү класстын чиндерди ыйгаруу кызматчылардын ишмердигин жылдык баалоонун жыйынтыгы боюнча жүргүзүлгөн.

Квалификацияны жогорулатуу тартибинде мамлекеттик буйрутманы жүзөгө ашыруунун алкагында окутуудан өткөрүлгөндөр: 2016-жылы – 1276 муниципалдык кызматчы; 2017-жылы – 1747; 2018-жылы – 1096, 2019-жылы – 1416 кызматчы. Демек, квалификацияны жогорулаткан муниципалдык кызматчылардан саны 15-20 %дын тегерегин түзөт, бирок бул мыйзам талаптарына ылайык 30 %дын тегерегин түзүүсү зарыл (ар бир муниципалдык кызматчы үч жылда бир жолудан кем эмес квалификациясын жогорулатуудан өтөт).

Квалификациясын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүнүн чектелүүсү, КР Мамлекеттик кадр кызматынын тийиштүү бөлүмүнүн талаптарын окутууну уюштурууүчүн толук эмес каржылоодон келип чыккан. 2020-жылы бул абал республикалык бюджеттин кыскартууга дуушар болуусу менен курчуду. Мунун жыйынтыгында квалификацияны жогорулатууга бөлүнгөн каражаттар 500 муниципалдык кызматчыны окутууга гана жетип, бул нормадан беш эсе аз болгон жана жалпы сандын 6 % гана түзгөн.

Көйгөйдүн экинчи тарабы – ЖӨБ органдарынын жетекчилеринин бул маселеге жоопкерчиликтүү мамиле жасабаганында. Кадрлар жетишсиз болгон шартта иштеп, жумуштун көптүгүнөн улам ЖӨБ органдарынын жетекчилери чындыгында квалификациясын жогорулатуусу зарыл болгон кызматчыларды ар дайым жиберүүнү каалашпайт жана жибере алышпайт.

2 Непотизм – бул жактоочулук – профессионалдык сапаттарына карабастан туугандарына же досторуна артыкчылык берген (мисалы, жумушка алууда) фаворитизмдин түрү.

*ПИКИР*
*"Мамлекеттик кадр кызматы квалификацияны жогорулатуу иш-чарасын уюштурганда негизги кызматчылар жумуштун көптүгүнөн улам катыша алышпайт. Окууга ким бош болсо же ким табылса ошол адамды жиберишет."*
*АӨ жоопкерчиликтүү катчысы,*
*Аламүдүн району*

Квалификацияны жогорулатуунун мамлекеттик системасы муниципалдык кызматчылардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча кызматтык милдетин аткаруу процессинде пайда болгон билимге жана жөндөмгө болгон бардык талаптарын канааттандырууга арналбаганын белгилей кетүү зарыл. ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгү дээрлик көп түрдүү. Калк менен түздөн түз иштөөдө алар күн сайын жетекчиликке алган документтерде жазылбаган жана муниципалдык кызматчылардын иш тажрыйбасында мурун кездешпеген башкаруунун түрдүү маселелерине, турмуштук көрүнүштөргө, оор абалдарга кабылышат. Мунун ачык-айкын мисалы, 2020-жылдын жаз айында ЖӨБ органдары кабылган COVID-19 инфекциясынын жайылуусуна байланыштуу пайда болгон эпидемиологиялык коркунуч. ЖӨБ органдары алгачкы жолу мындай коркунуч менен бетме-бет келди. Алар өздөрүнө тиешеси болбогон функцияларды колго алууга туура келди – санитардык-гигиеналык каражаттарды сатып алуу жана алыстан иштөө режимин камсыз кылуу ж.б.

Башкаруунун ушул сыяктуу маселелеринде ыкчам жардам берүү, күтүлбөгөн жаңы маселелерди чечүү пландык режимде иштеген жана мурун бекитилген модуль жана программаларга ылайык окутууну жүргүзгөн квалификацияны жогорулатуунун мамлекеттик системасы аркылуу аткарыла албайт. Мындай абалдарда дүйнөлүк тажрыйба маселени чечүүнүн башка жолун сунуш кылат – профессионалдык ишмердиктин субъекттеринин ортосунда горизонталдык окутууну жана тажрыйба алмашууну уюштуруу. Б.а. мындай окутуулар ЖӨБ органдарынын ассоциациясы менен ЖӨБ Союзунун ортосунда болушу керек. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган – ЖӨБЭММА дагы бул процесске тартылуусу зарыл. Тажрыйбалык билимди жана жөндөмдөрдү таратуу процессине ЖӨБдү өнүктүрүү маселелелери менен алектенген аналитикалык борборлор жардам берүүсү зарыл. Кыргыз Республикасында бул функцияны Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) аткарат. ЖӨБ органдарынын актуалдуу керектөөлөрүн эске алуу менен ЖӨБ Союзу, ЖӨБЭММА жана ӨСИ 2020-жылдын аягында ишке киргизиле турган ЖӨБ мыкты тажрыйбасы порталын түзүүнү чечишти.

*ЖӨБЭММА КОММЕНТАРИЙИ*
*"ЖӨБЭММА ЖӨБ органдарынын кадрдык потенциалын чыңдоо үчүн окутуу иш-чаралары менен катар ЖӨБ органдары үзгүлтүксүз иштеген натыйжалуу маалымат булагына муктаждыктары бар деп белгилейт. Анын ичине муниципалдык башкаруунун методикасы жана практикасы, кызмат көрсөтүү, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамаатты тартуу ж.б. кирет.*
*Базалык билим берүү жана квалификацияны жогорулатуу программаларынан тышкары, үзгүлтүксүз иштеген, ыкчам, деталдуу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү жамаатка жеткиликтүү болгон, жергиликтүү өз алдынча башкарууну ар бир өзүнчө муниципалитетте иш тартибинде өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк берген ресурс болуусу зарыл.*
*Көп функционалдуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыкты тажрыйбасы порталын ишке киргизүү 2020-жылдын аягына пландалган. Порталдын максаты – ЖӨБ органдарынын жетекчилеринин жана кызматчыларынын, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнүн жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн актуалдуу, сапаттуу, жеткиликтүү жана колдонулган тажрыйбасын ар дайым көрүүнү камсыз кылуу.*
*2020-жылы Порталды түзүү ЖӨБЭММА, ЖӨБ Союзу жана Өнүктүрүү саясат институтунун күчү аркылуу Швейцария Өкмөтүнүн финансылык колдоосу менен ишке ашууда.*

*Мындан кийин Порталдын туруктуу иштөөсү ЖӨБ органдары тарабынан ЖӨБЭММАнын катышуусунда камсыз кылынат жана анын атында Портал мамлекеттик интернет булактарына жайгаштырылат."*

*ЖӨБЭММА директорунун орун басары*
*М. К. БАЙДЫЛДАЕВ*

### 1.4.5. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу[1]

Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 9-июлундагы № 127 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө" мыйзамы кабыл алынгандан кийин 7 жыл өттү. КР ЖК эки чакырылышы тең мындай узун убакытта мыйзамдын толук күчүндө иштебеген себебин карашкан. Жалпы пикир боюнча мыйзамдын жүзөгө ашуусуна тоскоолдук жараткан негизги себептер төмөнкүлөр:

- мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдарынын ортосундагы ыйгарым укуктардын жана жоопкерчиликтердин чегинин ачык-айкын болбоосу;
- берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын баасын аныктоодогу кыйынчылыктар;
- мамлекеттик органдардын аппараттарынын бюрократиялык каршы чыгуусу.

Ошондой эле, ыйгарым укуктарды берүү процесси ЖӨБ органдары тарабынан дайыма жактырыла бербейт. Айрыкча, берилген ыйгарым укуктарды аткарууга бюджеттер аралык трансферттердин түшүүсү теңдөөчү гранттын суммасын автоматтык түрдө төмөндөшүн билдиргендиктен, ЖӨБ органдары муну туура эмес жана адилетсиз деп эсептешет. ЖӨБдүн бардык органдары үчүн Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар КР Өкмөтүнүн чечими менен чектелген штатка кошумча жана төлөнбөгөн басымды пайда кылат. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо маселелери жөнүндө кененирээк маалымат ушул Баяндаманын 1.4 бөлүмүндө берилген.

*ПИКИР*

*"Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын бардыгы эле тийиштүү түрдө каржыланбайт. ЖӨБ органдары эч ким тарабынан төлөнбөгөн 5 нотариалдык иш-аракеттерди аткарат. Берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарынын кызматчылары кошумча жумуш катары акысыз аткарышат."*

*ЖӨБ органдарынын көптөгөн өкүлдөрү*

Ошентсе да механизмди жүзөгө ашырууда прогресс байкалууда. Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамы менен ЖӨБ органдарына бериле турган негизги мамлекеттик ыйгарым укуктарга кошулган жети же болжол менен 40 % ыйгарым укук боюнча КР Өкмөтү тарабынан белгилүү иштер жүргүзүлүп жатат. Төрт ыйгарым укукту ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар (КР Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги жана КР Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети) берилген ыйгарым укуктардын ичинен алып салууну сунуш кылууда. Берилүүсү мүмкүн болгон 40 % ыйгарым укуктар боюнча прогресстер байкалган жок. Ушуга байланыштуу эки суроо пайда болот. Биринчи – 7 жылдын ичинде бул ыйгарым укуктарды мамлекеттик органдан берүү талабы пайда болбогон абалда, бул ыйгарым укуктарды берилүүчү ыйгарым укуктарга кошуу канчалык максатка ылайык? Экинчи – бул ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарынын катышуусуз аткаруунун сапаты жана көлөмү жөнүндө. Себеби, ыйгарым укуктардын мүнөзү боюнча жана аларды берилүүчү ыйгарым укуктардын категориясына кошуу себебине караганда, бул ыйгарым укуктар калк менен түздөн түз байланышта жүзөгө ашырылат. Суроонун мааниси ыйгарым укуктуу органдын толук түрдө жана тийиштүү сапатта ЖӨБ органдарынын катышуусуз ыйгарым укукту аткара алуусу же аткара албоосунда.

1 Бул бөлүмдө Өнүктүрүү саясат институту берген маалыматтар колдонулган.

***3-таблица.*** *Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 20-беренесинде белгиленген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына берүүнүн статусу*

<table>
<tr><th>№</th><th>Пунктчанын кыскача баяндамасы</th><th>Чаралар жана статусу</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Калктын жумуштуулук жана миграция программасы</td><td>Прогресс жок. КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы миграция боюнча ыйгарым укукту берүү зарылчылыгы жок деп эсептейт</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Жарандарды каттоо (паспорттук режим жана шайлоочулардын тизмеси)</td><td rowspan="2">КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-декабрындагы № 715 Токтомуна ылайык КР Мамлекеттик каттоо кызматы ( мындан ары – КР МКК) ЖӨБ органдарына төмөнкү ыйгарым укуктарды бере алат:<br>• 16 жашка чыккан жарандардын паспорт алуу үчүн берген документтерин кабыл алуу, ошондой эле даярдалган паспортторду берүү;<br>• КР жаранынын паспортту алмаштырууга берген документтерин кабыл алуу, ошондой эле даярдалган паспортту берүү;<br>• КР жаранынын жалпы жарандык паспортту алмаштырууга берген документтерин кабыл алуу, ошондой эле персоналдаштырылган жалпы жарандык паспортту берүү;<br>• баланын туулганын каттоо, ошондой эле туулгандыгы тууралуу күбөлүк берүү;<br>• никени каттоо, ошондой эле нике тууралуу күбөлүктү берүү;<br>• өлүмдү каттоо, ошондой эле өлүм тууралуу күбөлүктү берүү;<br>• баланын атасын аныктоо, ошондой эле баланын атасын аныктоо тууралуу күбөлүктү берүү;<br>• жарандарды жашаган жери жана убактылуу жашаган жери боюнча каттоо;<br>• балага сүйүнчү берүү боюнча арыздарды каттоо.<br>2019-жылы КР МКК менен ЖӨБ органдарынын ортосунда ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө келишимдерди түзүү процесси башталган. 2020-жылдын 12-мартына карата МКК 226 айыл өкмөтү менен же б.а. жалпы сандын 50 %ы менен тийиштүү келишимдерди түздү: Ысык-Көл облусунда – 17 АӨ; Чүй облусунда – 62; Ош облусунда – 58; Жалал-Абад облусунда – 37; Баткен облусунда – 28; Нарын облусунда – 21; Талас облусунда – 3. ЖӨБдүн айрым айылдык органдары штаттык бирдиктин жетишсиздигине байланыштуу берилген ыйгарым укуктарды аткаруудан баш тартышты. Ошондой эле МККнын райондук аймактык бөлүмдөрүнүн паспорттук бөлүмдөрү бар айыл өкмөттөрдө келишимдер түзүлгөн эмес.</td></tr>
<tr><td>3</td><td>16 жашка чыккан жарандардын паспорт алуу үчүн берген документтерин кабыл алуу, ошондой эле даярдалган паспортторду берүү;</td></tr>
<tr><td>4</td><td>Мектептик, мектепке чейинки жана кесиптик билим берүү, саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө кызмат көрсөтүү үчүн имараттар менен камсыз кылуу</td><td>КР Өкмөтү орто билим берүүчү мекемелерди (мектептер) каржылоону жергиликтүү бюджеттен республикалык бюджетке которуу мүмкүнчүлүгүн кароодо. КР Биринчи вице-премьер-министринин 2019-жылдын 22-мартындагы жыйынынын №17-1321 протоколунда бекитилген чечимдерди аткаруунун алкагында, билим берүү мекемелерин каржылоо чыгымдарын жергиликтүү бюджеттен республикалык бюджетке которуу мүмкүнчүлүгү боюнча талдоо даярдалган. Талдоо КР Өкмөтү тарабынан түзүлүп, курамына ЖӨБ Союзу, ӨСИ, ФМ, ЖӨБЭММА, БИМ кирген жумушчу тобу тарабынан жүргүзүлгөн.</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Нотариалдык иш-аракеттерди аткаруу</td><td>Прогресс жок</td></tr>
<tr><td>6</td><td>Жарандарга документтерди берүү</td><td>Прогресс байкалууда, кененирээк маалымат 2-3-пункттарда.</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| 7 | Аскерге милдеттүүлөрдүн жана аскерге чакырылгандардын алгачкы каттоосун жүргүзүү | КР Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети КР Өкмөтүнүн кароосуна коргоо иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жана ЖӨБ органдарынын коргоо чөйрөсүндөгү функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажыратуу жөнүндө мыйзам долбоорун киргизди. Мыйзам долбоорунда Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитет аскерге милдеттүүлөрдүн жана аскерге чакырылгандардын алгачкы каттоосун өз алдынча, ЖӨБ органдарына бул ыйгарым укукту бербестен жүргүзүүсү каралган. |
| 8 | Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин башкаруу | КР Жер кодексинин 13-беренесинде ыйгарым укуктар берилген учурда бул ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарынын аткаруусу жөнүндө ченем каралган. Бирок, бул ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына бере ала турган субъект азырынча жок. Ошентсе да, Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлери тийиштүү түрдө ыйгарым укуктар берилбеген болсо да ЖӨБ органдарынын башкаруусунда турат. |
| 9 | Айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү, айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн экономикалык божомолдорун түзүү боюнча материалдарды жалпылаштыруу | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган – КР Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги – бул ыйгарым укуктарды “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР мыйзамынын 20-беренесинде аныкталган берилген ыйгарым укуктардын тизмесинен алып салууну сунуш кылды. |
| 10 | Ветеринардык-санитардык, эпизоотияга каршы иш-чараларды жана селекциялык-асылдандыруу иштерин уюштурууда көмөк көрсөтүү | |
| 11 | Айыл чарба өсүмдүктөрүн зыянга учуратууга каршы күрөшүү, токойду коргоочу тилкелерди жана токой массивдерин коргоо | |
| 12 | Бажы алымдарын жана камсыздандыруу салымдарын жыйноо, ошондой эле салыктык укук мамилелери чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктар | КР Салык кодексинин 52-1-беренесинде ЖӨБ органдарына салыктарды жыйноо чөйрөсүндө ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө ченемдер каралган. Бирок КР МСК бул ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына финансылык камсыз кылуу менен өткөрүп бере элек. 2019-жылы МСК менен ЖӨБ органдарынын ортосунда ыйгарым укуктарды берүү[1] жөнүндө келишимдерди түзүү процесси башталган. 2020-жылдын 1-апрелине карата 453 айыл өкмөтүнүн ичинен 239 АӨ (жалпы сандын 53 %ын түзөт) тийиштүү келишимдерди түзүшкөн, 214 айыл өкмөтү (47 %) баш тарткан. ЖӨБ органдары салыктарды жыйноо чөйрөсүндө берилген ыйгарым укуктарды аткаруудан баш тартуунун негизги себептери төмөнкүлөр деп эсептешет:<br>• техникалык жабдуунун жоктугу;<br>• банктардын жана төлөм терминалдарынын жоктугу;<br>• компетенттүү адистердин жоктугу;<br>• ЖӨБдүн жайгашкан ордунун райондун борборунан алыстыгы. |
| 13 | Курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча иш-чаралар | Прогресс жок. КР Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги ыйгарым укуктарды өз алдынча аткарууда, аларды берүү зарылчылыгы жок деп эсептейт |

1 Баяндаманы талкуулоо процессинде КР МСК салыктык укук мамилелери чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү прогрессине жана проблемаларына карата тыкыр даярдалган маалымат берген. Комментарийлерден улам, КР МСК бул маселе боюнча активдүү жана ыреттүү иш алып барып жатканын баамдоого болот, ал эми негизги тоскоолдук финансылык мүнөзгө ээ, тактап айтканда КР МСК салыктык укук мамилелери чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнү каржылоо маселесин КР МСК чыгымдар сметасынан тышкары кароону сунуштайт. КР МСК комментарийлеринин толук версиясы Өнүктүрүү саясат институтунун сайтында жайгашкан: http://dpi.kg/ky/library/full/326.html

| | | |
|---|---|---|
| 14 | Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо | Прогресс жок. КР Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу агенттиги ыйгарым укуктарды өз алдынча аткарууда, аларды берүү зарылчылыгы жок деп эсептейт |
| 15 | Жылуулук менен камсыз кылуу | Прогресс жок |
| 16 | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү аныктоо | КР Өкмөтүнүн чечимине ылайык Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги (мындан ары – ЭСӨМ) ЖӨБ органдарына турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөрдү жана балдарды аныктоо; мындай үй-бүлөлөрдүн жана балдардын муктаждыктарын баалоо; аларга социалдык көмөктөшүү боюнча ыйгарым укуктарды бере алат. 2020-жылдын 1-январына карата ЭСӨМ 353 айыл өкмөтү менен ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө келишимдерди түздү (жалпы сандын 78 %ын түзөт). 97 айыл өкмөтү келишимдерди кароодо, 3 айыл өкмөтү штаттык бирдиктин жетишсиздигинен улам келишим түзүүдөн баш тартышты. Жалпысынан алганда ЖӨБдүн 353 айылдык органы ЭСӨМ тарабынан берилген 378 кызматчынын ыйгарым укуктарын аткарышат. |
| 17-1 | Этностор аралык мамилелерди чыңдоо, ошондой эле этностор аралык жаңжалдын алдын алуу жана болтурбоо боюнча иш-чаралар | Прогресс жок. ЖӨБЭММА ыйгарым укуктарды өз алдынча аткарууда, аларды берүү зарылчылыгы жок деп эсептейт |
| 17-2 | Пробация | Прогресс жок. КР Юстиция министрлиги ыйгарым укуктарды өз алдынча аткарууда, аларды берүү зарылчылыгы жок деп эсептейт |

Жогоруда берилген таблицага кошумча КР Өкмөтүнүн жана ЖӨБЭММАнын мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБгө берүү чөйрөсүндө иштерин белгилей кетүү зарыл. ЖӨБЭММА Докладдын долбооруна берген комментарийинде төмөнкү чараларды көрсөткөн:

“... КР ЖК 2019-жылдын 17-октябрындагы № 3296-VI токтомун жүзөгө ашыруу максатында КР Премьер-министринин 2019-жылдын 9-декабрындагы № 696 буйругу менен мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажыратуу боюнча тийиштүү мыйзам долбоорун иштеп чыгуу үчүн ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн.

Жогорку органдардын чечимдерин жүзөгө ашыруу максатында, Агенттик тарабынан тармактык мамлекеттик органдардын сунуштарынын негизинде “Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажыратуу маселелери боюнча КР айрым мыйзам чыгаруу актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзам долбоору иштелип чыккан жана анда 8 мыйзамга өзгөртүү киргизүү каралган.

Мыйзам долбоорунда негизинен спортту чоң жетишкендиктерге жеткирүү маселелерин КР Өкмөтүнө гана жүктөө, ЖӨБ органдарына массалык дене тарбия жана спорт маселелерин гана калтыруу сунуш кылынган. Буга байланыштуу КР Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттигине азыркы учурда жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланган, мектептерди кармоого алдын ала эсеп боюнча жалпы суммасы 38,1 млн. сом жумшалган 13 спорттук мектепти берүү сунушталууда.

Мындан тышкары, мыйзам долбоордо коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү каралган жана аскердик каттоо столунун кызматкерлерин каржылоону айыл өкмөтүнөн КР Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитетине берүү, алдын ала эсеп боюнча чыгымы 115,5 млн. сомду түзгөн, алардын санын 1048ден 650 бирдикке кыскартуу сунуш кылынган. Мыйзам долбоорундагы бул демилге жалпысынан мамлекеттик бюджетке үнөмдүү болот. Мыйзам долбоору кабыл алынгандан кийин кайрадан эсептөөдө республикалык бюджеттен кошумча каражат талап кылынышы мүмкүн, бирок буга карабастан жергиликтүү бюджеттеги каражаттар үнөмдөлөт (ЖӨБ органдарына бөлүнгөн теңдөөчү гранттар кайрадан эсептелүүгө тийиш).

Бул мыйзам долбоору коомдук талкуу процедурасын өткөрүү максатында КР Өкмөтүнүн сайтына 2020-жылдын 7-февралында жайгаштырылган. Коомдук талкуу процессинде түшкөн сунуштар эске алынып иштелип чыккан мыйзам долбоору, КР Өкмөтүнүн Аппаратынын 2020-жылдын

10-февралындагы тапшырмасына ылайык, каршы корутунду чыгарган КР Финансы министрлигинен тышкары КР бардык министрликтери жана ведомстволору менен макулдашылган.

Мыйзам долбоору кабыл алынган учурда аны жүзөгө ашыруу үчүн республикалык бюджеттен финансылык каражаттарды бөлүү зарылчылыгы КР Финансы министрлигинин каршы корутунду чыгаруусуна негиздеме болгон. COVID-19 пандемиясынан улам пайда болгон абалга, ошондой эле КР Финансы министрлигинин корутундусуна ылайык республикалык бюджеттин тартыштыгынын чоңоюусуна байланыштуу бул мыйзам долбоорун азыркы учурда илгерилетүү максатка ылайыктуу эмес. Муну менен катар, Агенттик тарабынан ЖӨБ Союзу менен биргеликте тийиштүү мыйзам долбоорун кабыл алган учурда республикалык бюджеттен финансылык каражаттар талап кылынбай турган, КР мыйзамдарына мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажыратуу предметине талдоо жүргүзүлгөн. Азыркы учурда тийиштүү мыйзам долбоору даярдалууда".

Ошол эле учурда, ыйгарым укуктарды ажыратуу жана өткөрүп берүү процессинде айрым мамлекеттик органдар, мисалы, Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги сыяктуу, ыйгарым укуктарды ресурстар менен биргеликте өздөрүндө калтырып, ЖӨБ органдарына өткөрүп берүүдөн баш тартышууда. Бул, ыйгарым укуктарды берүү мамлекеттик органдын милдети эмес, укугу болгонуна байланыштуу, ыйгарым укуктарды берүүнүн өз эркинчелигинин принцибине каршы келбейт. Чындыгында, мамлекеттик орган кандайдыр бир ыйгарым укукту башка башкаруу органына берүүнүн канчалык натыйжалуулугун жана максатка ылайыктыгын өзү чечүүсү зарыл. Ыйгарым укуктарды ажыратуу жана берүү боюнча иштер мамлекеттик органдарды өздөрү аткарган функциясын жана ыйгарым укуктарын карап чыгууга жана оптимизацияны баштоого мажбурлаганы дагы жыйынтык болуп саналат. Бул жолдо каталар дагы болот. КР МКК алгач ыйгарым укуктарды берүүгө каршы чыгып, жарандык абалдын актылары боюнча документтерди кабыл алуу жана каттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү административдик мүмкүнчүлүктөрүнө гана таянып уюштурууга аракет кылган. Бирок бул чечимдин жарандарга маселе жараткандыгын тажрыйба көрсөтүп, жыйынтыгында бул ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына берүү жөнүндө саясий чечим кабыл алынган.

2020-жылы ыйгарым укуктарды берүү процесси уланууда жана ага аз же көп формада жана көлөмдө 15 мамлекеттик орган тартылган. Бирок алардын айрымдары ЖӨБ органдарына берилген ыйгарым укуктарды таанышпай, ЖӨБдүн жеке функциясы деп эсептеп келишет.

## 1.5. ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН ФИНАНСЫЛЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

### 1.5.1. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдарынын финансылык жөндөмү

Аймактарды өнүктүрүү жылдары деп жарыяланган 2018-2019-жылдардагы тажрыйбага таянып, реформа жасоо үчүн бир жылды аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыялоо жетишсиз экенин ишенимдүүлүк менен айтууга болот. Жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин көлөмү (трансфертсиз) азыркыга чейин республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешесинин ондон бир бөлүгүнөн ашпайт. Ал эми жергиликтүү бюджеттин жалпы кирешесинде салыштырмалуу көп салмакка ээ болгон Бишкек жана Ош шаарларынын кирешелерин эсепке албаганда, калган бардык жергиликтүү бюджеттин, республиканын консолидацияланган бюджетиндеги үлүшү болгону 5 %га жакынды түзөт. (4-таблицаны жана 23-диаграмманы караңыз)

***4-таблица.*** *Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин жалпы көлөмү[1], млн сом*

| | 2017-ж., факт | 2018-ж., факт | 2019-ж, факт | 2020-ж. бекит. | 2020-ж. такт. | 2021-ж., божомол | 2022-ж., божомол | 2023-ж., божомол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| РБ жана ЖБ жалпы кирешеси | 164 362,7 | 167 490,2 | 186 189,3 | 203 721,9 | 172 451,2 | 202 990,1 | 212 525,7 | 214 592,9 |
| Республикалык бюджет (кирешелер) | 149 547,5 | 151 607,1 | 167 328,6 | 183 708,1 | 153 882,0 | 182 629,9 | 191 526,1 | 193 094,0 |


1 Бул жерде жана мындан ары маалымат булагы катары КР Финансы министрлигинин ачык маалыматы колдонулат. URL:// http://minfin.kg

| | **2017-ж., факт** | **2018-ж., факт** | **2019-ж, факт** | **2020-ж. бекит.** | **2020-ж. такт.** | **2021-ж., божомол** | **2022-ж., божомол** | **2023-ж., божомол** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жергиликтүү бюджеттер (жалпы сумма – кирешелер) | 20 298,0 | 20 140,1 | 21 815,8 | 23 038,1 | 21 574,8 | 23 365,7 | 24 005,1 | 24 504,4 |
| Жергиликтүү бюджеттер (жалпы сумма – жеке кирешелер (трансфертсиз)) | 14 815,2 | 15 883,1 | 18 860,7 | 20 013,8 | 18 569,2 | 20 360,2 | 20 999,6 | 21 498,9 |
| Бишкек жана Ош ш. кошулбаган жергиликтүү бюджеттер (жалпы сумма – трансферттер кошулбаган кирешелер) | 7 418,5 | 8 001,2 | 9 474,7 | 9 398,3 | 8 719,9 | 9 751,3 | 10 057,5 | 10 296,7 |


Жергиликтүү бюджеттердин номиналдык көлөмү жыл сайын көбөйүп бараткандыгына карабастан, көпчүлүк ЖӨБ органдарына функцияларын жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарын сапаттуу аткаруу үчүн ресурстар жетишсиз болуп келет. Бирок, эгер жергиликтүү бюджеттердин номиналдык (абсолюттук) көлөмүнүн өсүшү республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешелеринин көлөмүнүн өсүшү менен салыштырыла турган болсо, анда динамика байкалбайт (кар.: 5-таблица жана 24-диаграмма. Жергиликтүү бюджеттердин республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешесиндеги үлүшүнүн динамикасынын катышы.) Б.а. салыштырып көрсөткөндө жергиликтүү бюджеттердин көлөмү өскөн жок. Бул мурунку Баяндамада дагы жана КР Өкмөтүнө жана КР Жогорку Кеңешине берилген эксперттик серептерде дагы бир нече жолу белгиленген. Мамлекетти финансылык борбордон ажыратуунун негизги көрсөткүчтөрүнүн бири – республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешелериндеги жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин үлүшү 2017-жылдан баштап өзгөрүүсүз калууда.

***5-таблица**. Кыргыз Республикасындагы финансылык борбордон ажыратууну мүнөздөгөн салыштырмалуу динамика, пайыз түрүндө*

| | **2017-ж., факт** | **2018-ж., факт** | **2019-ж., факт** | **2020-ж, бекит.** | **2020-ж., такт.** | **2021-ж, божомол** | **2022-ж, божомол** | **2023-ж., божомол** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ЖБ кирешесинин (трансфертсиз) ЖБ жана РБ жалпы кирешесине болгон катышы | 9,0 % | 9,5 % | 10,1 % | 9,8 % | 10,8 % | 10,0 % | 9,9 % | 10,0 % |
| ЖБ кирешесинин (трансфертсиз жана Бишкек жана Ош шаарлары кошулбаган) ЖБ жана РБ жалпы кирешесине болгон катышы | 4,5 % | 4,8 % | 5,1 % | 4,6 % | 5,1 % | 4,8 % | 4,7 % | 4,8 % |
| ЖБ кирешесинин түзүлүшүндөгү трансферттердин үлүшү (Бишкек жана Ош шаарлары кошулбаган) | 42,5 % | 22,0 % | 23,9 % | 24,3 % | 25,6 % | 23,6 % | 23,0 % | 22,6 % |




***23-диаграмма.*** *Бюджеттердин кирешелеринин көлөмдөрүн салыштыруу (2019-ж. факт) (млн сом)*




***24-диаграмма.*** *Жергиликтүү бюджеттердин республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешесиндеги үлүшүнүн динамикасынын катышы*

6-таблицада белгиленген жергиликтүү бюджеттин кирешесиндеги бюджеттер аралык трансферттердин үлүшүнө көңүл буруу зарыл. Эгер республикалык бюджеттен кошумча ассигнование албаган Бишкек жана Ош шаарлары статистикадан алынса, анда республика үчүн орточо болгон 14 %дык үлүш дароо 25 %га чейин көтөрүлөт. Б.а. жергиликтүү бюджеттердин ар бир төртүнчү сому – бул республикалык бюджеттен алынган дотация. Бул жергиликтүү бюджеттердин борбордун каржылоосуна көз каранды экендигин билдирет. Мындан тышкары, эгер бир нече мисал келтире турган болсок, анда айрым айыл аймактарынын кирешелериндеги трансферттердин үлүшү жарымынан көбүн түзүп калат (төмөндөгү 6-таблицаны караңыз).


***6-таблица.** Айрым АА мисалында жергиликтүү бюджеттеги трансферттердин үлушү, млн сом*

| 2019-ж., факт | Кыштут АА Баткен облусунун Баткен району | Кум-Дөбө АА Нарын облусунун Кочкор району | Жекенди АА Ош облусунун Чон-Алай району |
|---|---|---|---|
| Жалпы кирешелер | 16 872,6 | 16 877,9 | 15 275,8 |
| Жеке кирешелер | 5 885,6 | 7 351,1 | 5 169,3 |
| Теңдөөчү трансферттер | 10 987,0 | 9 526,8 | 10 106,5 |
| Жалпы кирешелердеги трансферттердин үлушү | **65,1 %** | **56,4 %** | **66,2 %** |

Жалпысынан алганда жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин түзүлүшү жана алардын динамикасы 7-таблицада жана 25-диаграммада берилген чоңдуктар менен мүнөздөлөт.

***7-таблица.** Жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин ирилештирилген түзүлүшү*

| | 2017-ж., факт | 2018-ж., факт | 2019-ж., факт | 2020-ж., бекит. | 2021-ж., божомол | 2022-ж, божомол | 2023-ж., божомол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кирешелер, жалпысынан | 20 298,0 | 20 140,1 | 21 815,8 | 23 038,1 | 23 365,7 | 24 005,1 | 24 504,4 |
| Салыктык кирешелер | 12 130,1 | 12 842,4 | 15 596,0 | 16 876,0 | 16 969,9 | 17 598,6 | 18 095,6 |
| Салыктык эмес кирешелер | 2 664,4 | 2 977,1 | 3 248,2 | 3 121,7 | 3 372,9 | 3 383,6 | 3 385,9 |
| Активдер жана милдеттер | 20,7 | 63,6 | 16,5 | 16,1 | 17,4 | 17,4 | 17,4 |
| Трансферттер, жалпысынан | 5 482,8 | 2 257,0 | 2 971,5 | 3 024,3 | 3 005,5 | 3 005,5 | 3 005,5 |
| Теңдөөчү трансферттер | 1 818,2 | 1 850,0 | 1 998,8 | 1 967,3 | 1 967,3 | 1 967,3 | 1 967,3 |
| Максаттуу трансферттер | 3 664,6 | 2 407,0 | 972,7 | 1 057,0 | 1 038,2 | 1 038,2 | 1 038,2 |
| Чыгымдар | 20 298,0 | 20 140,1 | 21 396,9 | 23 038,1 | 23 365,7 | 24 005,1 | 24 504,4 |




***25-диаграмма.** 2019-жылдагы жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин түзүлүшү (факт)*

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджеттеринин борбордун каржылоосуна көз карандылыгынын негизги себеби ЖӨБ органдарынын киреше потенциалынын төмөн болуусу. Бул жеке кирешелерин жетиштүү көлөмдө топтоо жөндөмсүздүгүнө алып келет. Көпчүлүк аймактардын экономикалык өнүгүүсүнүн жетиштүү жогору деңгээлде болбоосу салык жыйымдарынын көлөмүн чектейт, ал эми муниципалдык менчиктин начарлоосуна алып келген жакшы башкара албоо салыктык эмес кирешелерди төмөндөтөт.


ЖӨБ органдарынын киреше потенциалын мүнөздөгөн дагы бир көрсөткүч жергиликтүү жамааттын бир жашоочусуна ЖӨБдүн эсептик кирешелеринин саны катары аныкталган аймактардын кирешелик (бюджеттик) камсыздуулугу болуп эсептелет. ЖӨБ топтору боюнча (республикалык маанидеги шаарлардын бюджеттери, облустук, райондук маанидеги жана айыл аймактарынын бюджеттери) киреше менен камсыз кылынгандык диспропорциясында өтө чоң айырма бар (8-таблицаны жана 26-диаграмманы караңыз). Бул жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдарынын финансылык жөндөмдөрүнүн бирдей эмес экендигин айтып турат. Жыйынтыгында, бул жарандардын кызмат көрсөтүүлөргө жана мүмкүнчүлүктөргө жетүүдөгү теңсиздигине алып келет. Бул КР Конституциясынын негизги укуктарын жана жоболорун бузат.

***8-таблица.*** *АА дотацияланган чыгымдарынын түзүлүшүнүн мисалы, Талас облусу, млн.сом*

| Чыгымдардын статьялары | 2016-ж. | 2017-ж. | 2018-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| **Жалпы чыгымдар** | **100 894,7** | **238 515,9** | **150 094,3** | **100,0 %** |
| Жалпы белгиленген мамлекеттик кызматтар | 51 703,7 | 185 244,6 | 102 344,7 | 77,7 % |
| **Коргоо** | | | | **0,0 %** |
| **Коомдук тартип жана коопсуздук** | | | | **0,0 %** |
| Экономикалык маселелер | 2 554,8 | 2 811,1 | 2 302,9 | 1,2 % |
| **Айлана-чөйрөнү коргоо** | | | | **0,0 %** |
| **Турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр** | | | | **0,0 %** |
| **Саламаттыкты сактоо** | | | | **0,0 %** |
| Эс алуу, маданият жана дин | 4 167,7 | 4 071,6 | 3 932,3 | 1,7 % |
| Билим берүү | 42 468,5 | 46 388,6 | 41 514,4 | 19,4 % |
| **Социалдык коргоо** | | | | **0,0 %** |

8-таблицада көрүнүп тургандай, бул АА чыгым статьяларынын басымдуу бөлүгүн каржылабайт.


Муну менен бирге көптөгөн чыгым статьяларынын, мисалы турак жай-коммуналдык чарба чыгымдарын каржылоодо аябагандай чоң аймактык теңсиздик пайда болот.




***26-диаграмма.*** *КР шаарларындагы турак жай-коммуналдык чарбаны каржылоонун 2018-ж. рейтинги (калктын санына карата), сом менен*


26-диаграмма Кыргыз Республикасынын шаарларында турак жай-коммуналдык чарбаны калктын санына карата каржылоонун деңгээлдеринин ортосундагы айырма өтө чоң экенин көрсөтүп турат. Мисалы, Кант шаарында бул көрсөткүч бир адамга 3041 сомду түзсө, Көк-Жаңгакта 223 сомду гана түзүп, 14 эсе аз экенин билдирет. Муну менен бирге, турак жай-коммуналдык чарба булагы боюнча жарандардын бардык базалык кызматтары – таза суу менен камсыз кылуу, жолдор, көчөлөрдү жарыктандыруу,

таштанды чыгаруу ж.б. каржылана тургандыгын эске алуу зарыл. ЖӨБдүн айылдык органдарындагы абалды дагы жакшы деп айтууга болбойт.




*__27-диаграмма.__ КР АА турак жай-коммуналдык чарбаны каржылоонун 2018-ж. рейтинги (райондор боюнча, калктын санына карата), сом менен*

27-диаграмма Кыргыз Республикасынын ЖӨБ айылдык органдарында турак жай-коммуналдык чарбаны калктын санына карата каржылоонун деңгээлдеринин ортосундагы дагы айырма өтө чоң, бирок шаарларга салыштырмалуу азыраак экенин көрсөтүп турат. Аламүдүн районунда АА турак жай-коммуналдык чарбасын бир адамга 1216 сом суммада каржыласа, Панфилов районунда 109 сомго гана каржылап, 11 эсе аз экенин билдирет. Аймактык айырмалардын чоңдугу социалдык коргоо чыгымдарын каржылоодо дагы байкалууда.




*__28-диаграмма.__ КР АА социалдык коргоону каржылоонун 2018-ж. рейтинги (райондор боюнча, калктын санына карата), сом менен*

28-диаграммада ЖӨБдүн айылдык органдарында социалдык коргоону каржылоонун деңгээлдериндеги аймактык айырма чоң экени ачык көрүнүп турат. Ак-Талаа районунда бул бир жашоочуга 221 сомду түзсө, Кадамжай жана Манас райондорунда тийиштүү көрсөткүч бир адамга 10 сомду гана түзөт. Б.а. 22 эсеге аз.

Жогоруда айтылгандарды жарандарга кызмат көрсөтүү боюнча алып караганда, бюджеттик камсыз кылуунун теңдигин түзүлгөн система камсыз кылбаганын корутундулоого мүмкүнчүлүк берет.


Мен жергиликтүү кеңеште
АЯЛДАР
болушун колдойм!
30%
Я за
ЖЕНЩИН

### 1.5.2. Бюджеттер аралык мамилелерди жакшыртуу багыттары

Бюджеттер аралык мамилелерди жакшыртуу багыттарын карап жатып, алардын көп жылдан бери эч кандай маанилүү өзгөрүүлөргө дуушар болбогонун белгилей кетүү зарыл. Бир эле маселе аны чечүү боюнча канча жолу кайталанган сунушту пайда кылып келет. Бир катар кабыл алынган концепцияларга жана программаларга карабастан реформа абдан жай жүрүүдө. Бюджеттер аралык мамилелердин маселелери жалпысынан төмөнкү документтерде каралган:

- 2018-2040-жж. КР өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы;
- 2018-2022-жж. КР өнүктүрүүнүн "Биримдик. Ишеним. Жаратмандык" планы жана аны жүзөгө ашыруу боюнча Иш-аракеттер планы;
- 2018-2022-жж. КР аймактык саясатынын концепциясы;
- 2018-2023-жж. КР жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү программасы жана аны жүзөгө ашыруу боюнча Иш-аракеттер планы;
- 2016-2019-жж. КР бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү концепциясы жана аны жүзөгө ашыруу боюнча Иш-чаралар планы.

2021-2023-жж. КР ЖК Бюджеттик резолюциясы бюджеттер аралык мамилелерге жаңы эрежелерди киргизүүгө бир катар прогрессивдүү талаптарды чагылдырат. Бул талаптар ЖӨБ аймактарын жана органдарын өнүктүрүү үчүн ачык, натыйжалуу жана пайдалуу болмок.

Бирок, жогоруда саналган программалык документтерди жүзөгө ашыруу мониторингинин жөнөкөй жазуу жүзүндөгү жана тилекке каршы ар дайым туура болбогон отчетторго негизделген, фактардын жана сандык маалыматтардын системалык жана терең анализи менен бекитилбеген системасы бардык аракеттерди эң төмөнкү жыйынтыкка алып келиши мүмкүн. 2016-2019-жж. бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү концепциясы ушул абалга дуушар болуп, иш-аракеттер мөөнөтү бүткөн, бирок көптөгөн милдеттер аткарылбай калган. КР Жогорку Кеңеши тарабынан кошумча контролго алынуусу абалды оңдошу мүмкүн. КР Жогорку Кеңеши көлөмдүү салым кошо ала турган ошол эле көйгөйлөр, бир жылдан экинчи жылга өтүп келет.

- Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын функцияларынын, ыйгарым укуктарынын жана сарптоо милдеттенмелеринин так ажырымынын жок болушу, мунун жыйынтыгында башкаруу органына жүктөлгөн функцияларга жана ыйгарым укуктарга бекитилбеген бюджеттик каражаттардын пропорциясыз бөлүнүшү.
- ЖӨБ органдарынын арасында негизсиз преференциалдык шарттарды (мисалы, кирешелердин азаюсун компенсация кылуу, капиталдык салымдарды бөлүү ж.б. боюнча) түзүү мүмкүнчүлүктөрүн пайда кылган адам факторунун жана саясий басымдын таасири.
- Жалпы мамлекеттик кирешелерди бөлүштүрүү саясатынын кемчилиги.
- Төмөнкү бөлүктөрдө трансферттик саясаттын кемчилиги:
  - жергиликтүү бюджеттерди теңдөө, бул айрым муниципалитеттерге бөлүнгөн суммалардын кыска убакыттын ичинде өзгөрүшүндө байкалат. Болбосо, киреше потенциалы жана сарптоочу ыйгарым укуктар мындай ылдамдыкта өзгөрө алышпайт;
  - максаттуу трансферттерди бөлүү, анын ичинде ЖӨБ деңгээлине берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо үчүн (ыйгарым укуктарды берүү финансылык булактар менен коштолору жөнүндө КР Конституциясынын жоболору бузулган);
  - түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттарды бөлүү.
- Айрым маселелерди ЖӨБ органдары өздөрү жаратышат, мисалы:
  - киреше потенциалын көтөрүүгө же бекитилген салыктар, жергиликтүү салыктар жана салыктык эмес кирешелер үчүн салыктык базасын кеңейтүүгө ар дайым эле тийиштүү түрдө аракет жасашпайт;
  - жеке кирешелерин сапаттуу пландоону камсыз кылышпайт;
  - аймактарды өнүктүрүү фонддорун туура пайдалана алышпайт.

Бул жана башка маселелер азыркы күндө КР Финансы министрлиги тарабынан ЖӨБ Союзунун жана ӨСИ эксперттеринин техникалык колдоосунда иштелип жаткан жаңы 2020-2025-жж. бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү программасы долбоорунда чагылдырылат.

Баяндамада мындан ары бул маселелер кененирээк каралат.

#### *Жалпы мамлекеттик салыктардын бөлүнүүсү*

КР Өкмөтүнүн саясаты акыркы жылдары эки салыкты бөлүштүрүүнү өзгөртүүгө багытталган: салык агенти төлөгөн киреше салыгы жана сатуу салыгы. Бул саясат кандай жыйынтыктарга алып келди?

***9-таблица.** Жергиликтүү бюджеттердин кирешесине чегерилген пайыздын өзгөрүүлөрү*

| | 2017-ж,. факт | 2018-ж,. факт | 2019-ж,. факт | 2020-ж., бекит. | 2021-ж., божомол |
|---|---|---|---|---|---|
| Киреше салыгы | 50 % | 50 % | 70 % | 85 % | 100 % |
| Сатуу салыгы | 50 % | 50 % | 50 % | 25 % | 0 % |

Биринчиден, мындай ыкма жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөрдүн ченемдерин бюджеттердин деңгээлдерининин ортосунда 5 жылдан кем эмес узак мөөнөттүү негизде белгилөөсү аныкталган КР Бюджеттик кодексинин 45-беренесине түздөн түз каршы келет.

Экинчиден, сатуу салыгына салыштырмалуу киреше салыгын жыйноонун көрсөткүчтөрүнүн жалпы өсүшүнө карабастан, бардык ЖӨБ органдары бирдей шартта болбой калды. ЖӨБ органдарынын көптөгөн өкүлдөрүнүн пикири боюнча бөлүүнү өзгөртүүнүн мындай ыкмасы көбүрөөк дифференциалдуу болушу жана аймактын экономикалык өзгөчөлүгүнө байланыштуу сатуу салыгынан түшкөн киреше, киреше салыгынан жогору болгон жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын эске алышы зарыл.

Тандап алып текшерүү статистикасы жергиликтүү бюджетке салык агенти тарабынан кармалган киреше салыгынын түшүү үлүшүнүн пландык жогорулоосу, жергиликтүү бюджеттин сатуу салыгынын кирешесинин үлүшүн пландык төмөндөтүүдөн улам жоготуусун бардык жерде компенсациялаган эмес.

***Теңдөөнүн трансферттик саясаты***


КР Өкмөтү тарабынан декларацияланган “айыл аймактарынын дотациясына каршы күрөшүү” курсу канчалык деңгээлде акталган деген суроо туулат. ЖӨБ органдарынын дотацияланганы жана дотацияланбаганы биринчи кезекте бюджеттер аралык мамиле саясатынан, андан кийин гана ЖӨБ органдарынын аракеттеринен көз каранды болот. Эгер, эртең КР Жогорку Кеңеши бардык жергиликтүү салыктарды жокко чыгарууну чечип, ЖӨБ органдарын жеке киреше булактарынан ажыратса, анда ЖӨБ органдарынын 100 %ы дотациялык болот. Тескерисинче, эгер мамлекет жалпы мамлекеттик салыктардын ири бөлүгүн жергиликтүү бюджеттерге бөлүүнү чечсе, анда дотациялык аймактардын көпчүлүгү жапырт дотациядан чыгат.

Аймактардын киреше потенциалын кошо жогорулатпастан теңдөөчү трансферттерди каржылоого республикалык бюджеттен бөлүнгөн жалпы сумманы пландуу төмөндөтүү ЖӨБ органдарын каржылоонун жетишсиздигине алып келет. 2020-жылга чейин аймактардын киреше потенциалын көтөрүү чаралары үзүндү болуп келген жана транферттердин кирешелеринин төмөндөшүн компенсациялай алган эмес. Ал эми гранттарды теңдөөчү даректик суммаларды аныктоонун бүтө элек методикасын колдонуу, кирешеси жакшы динамика менен өскөн айрым айыл аймактары теңдөөчү трансферттердин дагы көп көлөмүн алган, ал эми киреше деңгээли төмөн болгон ЖӨБ органы тескерисинче теңдөөчү гранттардын көлөмүнүн кыскаруусуна дуушар болгон фактылардын пайда болушуна алып келген. Мындай тажрыйба теңдөөчү гранттарды аныктоонун колдонулган формуласын так эмес жана адилетсиз деп эсептешкен ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн наараазычылыктарын пайда кылат.

Саясат дотациялык муниципалитеттердин санын төмөндөтүүгө эмес, кызмат көрсөтүүлөрдүн минималдык стандарттарын камсыз кылууга, жарандардын керектөөлөрүн канааттандырууга багытталуусу зарыл. Бирок, жакынкы үч жылда КР Финансы министрлиги теңдөөчү трансферттердин жалпы суммасын төмөндөтүүнү божомолдобойт. 2020-жылга карата бекитилген көлөмгө барабар цифра кайрадан божомол суммасы катары колдонулгандыктан, керектөөлөргө негизделген божомол дагы жок. Бул жерде каржылоонун жөнөкөй “калдыктуу” принциби колдонулуп жатышы мүмкүн. Ага ылайык жергиликтүү бюджеттер керек болгон өлчөмдө эмес, “калган” финансылык каражатын алышат (10-таблицаны жана 29-диаграмманы караңыз):

***10-таблица.**Теңдөөчү гранттарды бөлүү динамикасы, млн сом*

| | 2017-ж., факт | 2018-ж., факт | 2019 -ж., факт | 2020-ж., бекит. | 2021-ж., божомол | 2022-ж., божомол | 2023-ж., божомол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Теңдөөчү трансферттер (жалпы сумма) | 1 818,2 | 1 850,0 | 1 998,8 | 1 967,3 | 1 967,3 | 1 967,3 | 1 967,3 |
| Өсүү темпи | 12 130,1 | 2 % | 8 % | -2 % | 0 % | 0 % | 0 % |




***29-диаграмма.*** *Теңдөөчү трансферттерди бөлүү динамикасы*

Айрым ЖӨБ органдарына теңдөөчү трансферттерди бөлүү динамикасын талдоо, тескерисинче ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аныктаган сумманын кыска убакыттын ичинде кескин өзгөрүүсүн көрсөтүп турат. Болбосо, киреше потенциалы жана сарптоо ыйгарым укуктары мындай тездик менен өзгөрө алышпайт. Мунун баары эсептөөнүн объективдүү жана так методикасы жок экенин, ошондой эле теңдөө саясатын пландоодо системдүү ыкманын жок экенин билдирет.

***Максаттуу трансферттер***

Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо үчүн ЖӨБ органдарына максаттуу трансферттерди жетишсиз түрдө бөлүү маселеси көп жылдан бери талкууланып келет. Мурунку баяндамада ал абдан кеңири каралып, курч маселелер катары төмөнкүлөр белгиленген.

КР Конституциясынын жана КР “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү тартиби жөнүндө” мыйзамынын талаптарына карабастан, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды **жетишерлик каржылабагандыгы.** 2020-жылы финансылык камсыз кылуу боюнча талаптар ЖӨБ органдарына берилген статистикалык маалыматтарды чогултуу функциясы боюнча гана аткарылып жатат. Ал эми аскердик каттоо, салыктарды жыйноо, чыгаруу жана каттоо маселелери, каттоо функциялары, социалдык кызмат көрсөтүүгө жана жөлөкпулга болгон муктаждыктарды аныктоо сыяктуу бир катар берилген ыйгарым укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын каражатынын эсебинен жүргүзүлүп келет. Бул каражаттарды жана ыйгарым укуктарды аткарууга алагды болгон муниципалдык кызматчылардын аракеттерин жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн жумшоого болмок.

Адам ресурсунун жетишсиздигине дуушар болуп, ЖӨБ органдарына жеке жана берилген функцияларды сапаттуу аткарууга мүмкүнчүлүк бербеген, ЖӨБ органдарынын **штаттык санындагы ченемдик чектөөлөр** (айрым ЖӨБ органдарынын ыйгарым укукту берүү жөнүндө келишимди түзүүдөн баш тартуусу буга ачык мисал боло алат).

Каржылоонун кемчилиги, операциялардын жана отчеттуулуктун саны боюнча ашыкча талап коюлуусунан улам берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууда ЖӨБ органдарынын **кызыгуусунун жок болушу**.

Каршы келген ченемдик-укуктук актыны кабыл алуунун жыйынтыгында пайда болгон, мамлекеттик функцияны аткаруу жоопкерчилигин ЖӨБ органдарына жүктөгөн **“көмүскө” берилген мамлекеттик ыйгарым укуктун болушу**, ошондой эле мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн ЖӨБ органдарына финансылык жардам үчүн кайрылуулары.

**Сарптоо милдеттенмелеринин так бөлүнбөгөнү**. Мунун натыйжасында, ЖӨБ органдары аралаш ыйгарым укуктар боюнча чыгымдарды каржыланган мамлекеттик орган жана ЖӨБ органдары менен биргеликте жүргүзүүгө мажбур болот.

Бирок, бюджеттер аралык мамилелердин реформасынын токтоп калуусунан пайда болгон башка маселелер сыяктуу эле, бул маселе дагы чечилбей келет. Мунун менен бирге, тийиштүү компенсациясы болбогон жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеси контролсуз чоңоюуда. ЖӨБ органдарына каржы жагынан бекитилбеген улам жаңы ыйгарым укуктар берилүүдө. Буга мисал ушул Баяндамада каралган мыйзамдар болуп саналат:

- 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" КР мыйзамы;
- 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 64 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан саткоо жана коргоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР мыйзамы;
- "2016-жылдын 12-декабрындагы № 196 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө", "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР мыйзамы;
- 2019-жылдын 24-апрелиндеги № 56 "Пробация институтун киргизүү маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР мыйзамы.

Бул мыйзам актылары пайда кылган маселелер 2019-жылдын ушул сыяктуу Баяндамасында каралган. Бирок, 2020-жылы ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн бул мыйзамдарга терс мамилеси өзгөрбөгөн сыяктуу эч нерсе өзгөргөн жок (Баяндаманын 2.1-бөлүмүн караңыз: "Жергиликтүү жамааттарга жана ЖӨБ органдарына өтө чоң таасир эткен мыйзамдар").

Айрым максаттуу трансферттердин мыйзамдардын талаптарына ылайык келбеген маселе дагы бар. Республикалык бюджетти пландоодо максаттуу транферттердин тизмесинде төмөнкүлөр бар:

- калктын чыгымдарын компенсациялоо (мисалы, алыскы же жетүүсү кыйын болгон райондордун жашоочулары үчүн 150 млн сом суммада электр энергиясын төлөө),
- муниципалдык мекемелердин чыгымдарын компенсациялоо (мисалы, Ош шаардык мэриясынын Ош муниципалдык жылуулук менен камсыз кылуу мекемесинин 200 млн сом суммада жылуулук энергиясын иштеп чыгуу жана калкка берүүсүнө байланыштуу),
- конкурстардын акчалай байгелери ("Эң мыкты айыл өкмөтү" конкурсунун байге фонду 6,0 млн сом суммада) ж.б.

Бул чыгымдар КР Бюджеттик кодексиндеги максаттуу транферттердин аныктамасына кирген эмес.

### *Түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттар*

Түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттар конкурстук негизде бөлүнгөндүктөн жана аларды бир жылга дагы, үч жылга дагы божомолдоо мүмкүн болбогондуктан жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин курамында божомолдонбойт. Бирок маселе ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттар адилетсиз бөлүштүрүлөт деген ойлорунда жатат. ЖӨБ органдары төмөнкү факторлорду белгилешет:

- шаарларга берилген квоталарды колдонуу айыл аймактарынын түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттарды алуу шансын чектейт;
- КР Финансы министрлигинде "кара тизменин" болушу. Түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттардын долбоорлорун кошо каржылоо же жүзөгө ашыруу боюнча милдеттерин кандайдыр бир объективдүү же субъективдүү себептерден улам аткара албаган ЖӨБ органдары КР Финансы министрлигинин "кара тизмесине" түшөт. Мындай тизмеге түшүү ЖӨБ органын түрткү берүүчү (үлүштүк) грантты алуу конкурсуна катышууга мүмкүнчүлүк бербейт. Ошол эле убакта милдеттерди аткарбоо түрткү берүүчү гранттар боюнча долбоорлорду жүзөгө ашырууга аз убакыттын бөлүнүүсү менен кыйыр байланышкан;
- түрткү берүүчү грантты жергиликтүү бюджеттен кошо каржылоо үлүшүн чоңойтуу дотациялык ЖӨБ органдарын талапкерлигин коюу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

### *Республикалык бюджеттен каржыланган капиталдык салымдардын долбоорлору*

Каржылоонун бул булагы бюджеттер аралык мамилелер системасына кошулган эмес, бирок муниципалитеттерди өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө түздөн-түз таасир этет. Жергиликтүү бюджеттен капиталдык салымдар айыл аймактарынын басымдуу бөлүгүндө "калдык" принциби боюнча пландалат. Себеби артыкчылык "корголгон" беренелерге (кызматчылардын эмгек акысы, социалдык камсыздандырууга чегерүү, коммуналдык чыгымдар) берилет. Бул абалда бюджеттик

кирешелер жетишсиз болгон "дотациялык" ЖӨБ органдары үчүн өнүгүүгө каражат жумшоо кол жеткис нерсе болуп саналат. ЖӨБ органдары республикалык бюджеттин капиталдык салымдарды каржылоо пландары жөнүндө так жана ишенимдүү маалымат алууга муктаж. Бирок ички булактардан капиталдык салымдарды пландоо процессинин так эместиги жана алдын ала айтууга мүмкүн эместигине байланыштуу ЖӨБ органдары бул каражаттарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларына кошуу мүмкүнчүлүктөрү жок. Бул учурда ошол тармактагы мамлекеттик орган менен сүйлөшүү дагы жардам бербейт. Себеби алар дагы ошол абалда болушат. Тармактар жана аймактар бөлүгүндө капиталдык салымдар боюнча божомолдор тууралуу маалыматтар аларга дагы белгисиз.

Бул маселе дагы мурунку Баяндамада жетиштүү деңгээлде кенен каралып, бирок көңүл бурулган эмес. Мунун натыйжасында төмөнкү маселелер тереңдөөдө:

- аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын толук иштеп чыгуу мүмкүн эмес – ЖӨБ органдары кийинкы жылда жана андан кийинки эки жылда аларда республикалык бюджеттен каржыланган канча бюджеттин инвестиция долбоорлору түзүлөрүн билишпейт;
- тармактык жана аймактык пропорциясыздык пайда болот. Мисалы, билим берүү чөйрөсүндө айыл аймактарында окуу орундары жетишсиз болсо, башка айыл аймактарында мектептер бош калууда;
- курулушу башталган объекттерди каржылоо зарылчылыгына дуушар болгон, ал эми капиталдык салымдардын туура эмес пландалганына байланыштуу каражат бюджеттин эсебине киргизилбегендиктен, мамлекеттик органдар дагы, ЖӨБ органдары дагы кыйын абалга кептелүүдө.

***Аймактарды өнүктүрүү фонддору***

КР Бюджеттик кодексине ылайык, аймактарды өнүктүрүү фонддору райондорду жана айыл аймактарын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларына ылайык, жергиликтүү маанидеги инфраструктураларды өнүктүрүү жана кармоону каржылоого, максаттуу маанидеги иш-чараларды жүзөгө ашырууга арналган.

Аймактарды өнүктүрүү фонддоруна түшкөн каражаттардын көлөмү өсүүдө. Бирок, алар пайдалуу кендердин запасынын түгөнүүсү менен иштөө мөөнөтү токтотулган тоо кендерин казып чыгаруучу мекемелер тарабынан берилген каражаттардан түзүлөрүн эске алуу зарыл. Демек, аймактарды өнүктүрүү фонддорун толтурган булактар дагы түгөнөт. Ошондуктан фонддордун каражаттарын узак мөөнөттүү экономикалык пайда алып келүүсүн эсепке алуу менен сарптоо зарыл. Чындыгында, аймактарды өнүктүрүү фонддорунун чыгымдарынын түзүлүшү бирдей эмес жана артыкчылык экономикалык жана экологиялык маселелерге көңүл бурууга эмес, социалдык жана спорттук маанидеги объекттерди каржылоого берилген. Райондук деңгээлдеги аймактарды өнүктүрүү фондунун чыгымдарында төмөнкүлөр салмактуулук кылат: социалдык объекттердин капиталдык ремонтуна жана курулушуна – 25 %, айыл чарба техникасын сатып алууга – 22 % жана спорт аянттарын курууга 21 %. Ушуну менен бирге, аймактардын инвестициялык жагымдуулугун көтөрө турган же экономиканы өнүктүрүү үчүн жагымдуу чөйрөнү түзө турган чыгымдардын көлөмү абдан аз: инфраструктураны каржылоого (электр өткөрүүчү, байланыш тилкелерин орнотуу жана жарыктандыруу) 4 % гана, ирригациялык системага – 1 %, мекемелерди ачууга бир пайыздан кем (30-диаграмманы караңыз) каражат бөлүнөт. Кендердин запасы калбай турган келечек муундун жыргалчылыгына жумшала турчу каражаттар азыркы убакта "ичип-жеп" бүтүрүлүүдө. КР жарандарынын келечек мууну азыркы муундун түгөнүүчү булактардан, пайдалуу кендерден алган пайдаларын колдонуу шансынан ажыроодо.

### 1.5.3. КР Өкмөтү менен ЖӨБ органдарынын ортосунда бюджеттер аралык мамилелерди макулдашуу процессинин зарылчылыгы

ЖӨБ органдарынын финансылык абалына терс таасир тийгизчү дагы бир маселе жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен мамлекеттик ортосундагы бюджеттер аралык мамилелердин маселелери боюнча кызыкчылыктарды макулдашуу процессинин жок болушу. ЖӨБ органдарынын бюджеттерди түзүү прооцессинде жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын эске алууну камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрү жок. Бул ЖӨБдү каржылоодо туруксуздукка алып келет, ЖӨБ органдары үчүн жергиликтүү маанидеги маселелерди натыйжалуу чечүүдө жана жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүдө кыйынчылык жаратат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен мамлекеттин ортосундагы Бюджеттик процессте конструктивдүү диалогтун жок болушу мурунку бөлүмдө саналган бардык кыйынчылыктардын пайда болушуна алып келет.




***30-диаграмма.*** *Долбоорлордун тематикалык багыттарынын түзүмү, 2015-2018-жылдары РДФтин каражаттарынын эсебинен каржыланган, пайыз менен*

ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын эске алуу республикалык бюджетти пландоо жана анын аткарылуусу жөнүндө отчетту кабыл алуу процессин жөнгө салган мыйзам жана ченемдик укуктук актыларында бекитилүүсү зарыл. Кызыкчылыктарды макулдашуу КР ЖК жылдык бюджеттик резолюцияны кабыл алуу стадиясында, КР Өкмөтүнүн КР фискалдык саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгуу жана кабыл алуу стадиясында жана түздөн түз республикалык бюджет жөнүндө мыйзам долбоордо каралуусу зарыл. Бюджеттин долбоору КР Жогорку Кеңешине КР Өкмөтү менен ЖӨБ органдарынын ортосунда кызыкчылыктарды макулдашуу жөнүндө протоколдун коштоосунда, алардын легитимдүү өкүлү – КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруу союзунун атында түшүүсү зарыл. КР Жогорку Кеңешинин республикалык бюджеттин аткарылуусу жөнүндө отчетту бекитүү тууралуу мыйзам долбоорду кароо процессинде КР ЖӨБ Союзунун катышуусу зарыл.

Кызыкчылыктарды макулдашуу зарылчылыгы 2040-жылга чейин КР өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында аныкталган: “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана мамлекеттик башкаруу органдарынын бирдиктүү иштеринин жаңы форматтары түзүлөт. Ага улуттук диалог, маанилүү маселелер, анын ичинде бюджеттер аралык мамилелер боюнча жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктары менен улуттун кызыкчылыктарынын макулдашуу механизми кирет” (4.4-бөлүм. “Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү”). “Ачык парламент” улуттук иш-аракеттер планы мыйзам чыгаруу ишмердигинде ЖӨБ органдары менен жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын эске алуу механизмин иштеп чыгуу боюнча иш-чараларды камтыйт. Мындан тышкары, 2018-2020-жж. Кыргыз Республикасында Ачык Өкмөттү куруу боюнча улуттук иш-аракеттер планы 28.4-пунктту камтыйт: “ЖӨБ органдарынын атынан жергиликтүү жамааттар менен мамлекеттин ортосундагы бюджеттер аралык мамилелер жана аймактык өнүктүрүү, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн мамлекеттик каражаттарды бөлүштүрүү маселелери боюнча макулдашуу процессинин (сүйлөшүүлөр процессинин) регламентин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү (тийиштүү ЧУА иштеп чыгуу жана кабыл алуу, процесстин катышуучуларын окутуу жана макулдашуунун пилоттук циклин өткөрүү жолу менен)”. Буга карабастан акыркы эки жылда мамлекеттик аткаруу бийлиги тарабынан бул багытта эч кандай бүткөрүлгөн иш-аракеттер байкалган жок.

ЖӨБ Союзу жана Өнүктүрүү саясат институту "Бюджеттик мыйзамдар чөйрөсүндө айрым мыйзам актыларына (КР Бюджеттик кодекси, "КР Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" мыйзам долбоорун жана КР Өкмөтү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ассоциациясынын (ЖӨБ Союзунун) ортосунда бюджеттер аралык мамилелерди макулдашуу процессин уюштуруу жана өткөрүү тартибин аныктоо үчүн укуктук шарттарды түзүүгө багытталган КР Өкмөтү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ассоциациясынын (союзунун) ортосунда бюджеттер аралык мамилелерди макулдашуу процессинин уюштуруу жана өткөрүү тартиби жөнүндө жобо долбоорун (КР Өкмөтүнүн Токтому менен бекитилүүгө тийиш) иштеп чыгышкан. Бул мыйзам долбоору Ачык Өкмөттү куруу боюнча улуттук иш-аракеттер планын аткаруучу КР Финансы министрлигинин жумушчу тобу тарабынан 2019-жылдын ноябрь айында эле каралган жана жактырылган. Талкуунун жыйынтыгында бюджеттер аралык мамилелерди макулдашуу процессин уюштуруунун негиздемелери жана формалары боюнча жалпы пикир иштелип чыккан.

Бирок, мыйзам долбоорунун илгерилөөсү жөнүндө ЖӨБ Союзунун жана Өнүктүрүү саясат институтунун бир нече жолу кайрылууларына өткөн 11 ай ичинде жооп берилген жок.


Бул маселени чечүүдө бюджеттик процессте жергиликтүү жамааттын жана алардын кызыкчылыктарын сунуш кылган ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктарынын эске алынуусуна негиз болгон, ошондой эле региондорду туруктуу жана теңдемделген өнүктүрүү максатында мамлекеттик чыгымдарды адилеттүү жана натыйжалуу бөлүштүрүү үчүн шарттарды камсыз кыла турган мыйзам долбоорун эгер КР Жогорку Кеңеши демилгелесе олуттуу көмөк көрсөтө алмак.

Жакынкы перспективада мыкты эл аралык тажрыйбалардын мисалында бюджеттер аралык мамилелер боюнча расмий кеңешүүчү органды түзүү талап кылынат. Жаңы Бюджеттер аралык мамилелер боюнча кеңештин курамына Өкмөттүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын легитимдүү бирикмелеринин өкүлдөрү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү кирет. Бюджеттер аралык мамилелер боюнча кеңештин мекемеси жыл сайын өткөрүлүүчү сүйлөшүү процессин натыйжалуу кылууга жардам берет. Кеңеш төмөнкү маселелерди карайт: бюджеттик саясатты жергиликтүү деңгээлде түзүү жана ишке ашыруу, бюджеттер аралык мамилелерди уюштуруу, бюджеттер аралык трансферттерди берүү тартиби жана шарттары, бөлүштүрүлгөн кирешелерди жөнгө салуу ж.б. Кеңештин чечимдери республикалык бюджеттин долбооруна киргизүү үчүн милдеттүү болуусу зарыл.

### 1.5.4. Муниципалдык менчикти башкаруу

***Муниципалдык менчиктин курамы***

Муниципалдык менчик, айрыкча жер жана кыймылсыз мүлк объектилери ЖӨБ органдарынын экономикалык потенциалынын олуттуу бөлүгүн түзөт. Билгичтик менен башкарган учурда бул менчик чыгым объектинен киреше булагына айланат же жок дегенде жергиликтүү бюджетке финансылык жүк болбойт.




***31-диаграмма.** Муниципалдык менчик объекттеринин географиялык түзүлүшү, 2018-жыл, % менен*

ЖӨБЭММАнын[1] 2018-жылдагы чогулган маалыматтары боюнча жалпы ЖӨБ органдарынын менчигинде түрдүү максаттагы 13 миңден[2] ашуун объект бар. Анын ичинен 9 миңден көбү же объекттердин жалпы санынын 73 %ынан көбү мамлекеттик каттоодон өткөн.

Жалпысынан муниципалдык объекттердин курамы 3 категорияга бөлүнөт. Биринчи категория – функцияларын аткарууда жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдарына зарыл болгон, анын ичинде ЖӨБ органдарынын административдик имараттары болгон объекттер; муниципалдык мекемелер колдонгон имараттар, билим берүү, социалдык-маданий, спорттук маанидеги ж.б. объекттер. Менчиктин бул массиви жергиликтүү бюджеттин чыгым предмети болуп саналат. Себеби ЖӨБ органдары аларды колдонот жана аларды башкаруудан киреше алуу мүмкүнчүлүгү болбостон аларды кармоо боюнча бардык чыгымдарды каржылайт. Бул категориядагы объекттерге карата ЖӨБ органдарынын алдында энергияны үнөмдөөчү технологияларды колдонуу, аларды кармоо боюнча сапаттуу иштерди жүргүзүү ж.б. менен чыгымдарды оптималдаштыруу милдети турат. 2018-2019-жж. ичинде КР Өкмөтү менен ЖӨБ органдарынын ортосунда дискуссия жүрүп жаткан объекттердин атайын тобу бар. Булар жалпы билим берүү мектептери. Аларды кармоо боюнча чыгымдар жергиликтүү бюджеттин чыгымдарынын көлөмдүү бөлүгүн түзөт. Бирок орто билим берүүнүн функциясы ЖӨБ органдарынын функциясы болуп саналбайт жана бул көптөгөн укуктук жана финансылык мүнөздөгү коллизияларды туудурат.

Жалпы билим берүү мектептерин кармоо жоопкерчилиги боюнча маселе 2020-жылы COVID-19 эпидемиясына байланыштуу өзгөчө актуалдуулукка ээ болду. Мектептердин абалы санитардык ченемдерге жооп бербейт: **мектептердин 48,1 %ында гана таза ичүүчү суу бар; мектептердин 19,7 %ында гана санитардык түйүндөр мектептин ичинде жайгашкан, мектептердин 20,9 %ында гана ысык суу чыгат[3].** Көптөгөн айыл мектептеринде таза ичүүчү суу күнүнө 3-5 саат гана чыгат, дээрлик бардык жерде канализация жок, жуунгучтар жетишсиз, ысык суу жок. Жергиликтүү бюджеттердин жалпы абалын эске алып, ЖӨБ органдары 2020-жылдын жай айларында бул маселелерди чече алган жок жана жаңы окуу жылынын башталышына окуучулардын эпидемиологиялык коопсуздугун камсыз кыла алган жок. 2018-2019-жж. КР Өкмөтү жалпы билим берүү мектептеринин имараттарын мамлекеттик менчигине, КР Билим берүү министрлигинин башкаруусуна берүү жөнүндө маселени караган. Бирок, кабыл алынган чечимдерге жана айтылган саясий эрктерге карабастан бул маселе чечилген эмес.

*ПИКИР*

*"ЖӨБ органдары эски жана авариялык абалдагы, айрыкча типтүү эмес долбоор боюнча же санитардык шарты жок, долбоорсуз ашар методу менен салынган мектептерди камсыз кыла турган абалда эмес. Жугуштуу оорулардын жайылуу коркунучуна байланыштуу бул маселени биз ар дайым көтөрөбүз. Бирок, дотациялык аймактардын бардык шарттары бар, ысык суу чыккан даараткананаларды куруу үчүн каражаты жок. Мамлекет же буларды куруу үчүн ЖӨБ органдарына максаттуу гранттарды берсин, же мектептерди өкмөт өзү карасын. Болбосо мунун баары улана берет. 2020-жылы окуучулардын коопсуздугун камсыздай алган жокпуз, эгер эртең жаңы вирус пайда болсо, анда эмне кылабыз?"*

*Айылдык кеңештин депутаты*

1 ЖӨБЭММА муниципалдык менчик объекттеринин инвентаризациясынын маалыматтарын ЖӨБ органдарынан алган. 2018-жылдан кийин көрсөтүлгөн маалыматтар жыйналган эмес. Себеби, муниципалдык менчиктин курамы – бул өзгөрүлүп туруучу маалымат жана аны онлайн-форматта чогултуу ыңгайлуу. 2020-жылы ЖӨБЭММА мунун үстүндө иштеп жатат. ММБФ жана ЖӨБЭММАнын ортосунда кол коюлган келишимдин негизинде, ММБФ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлкүнүн бирдиктүү реестри” ведомстволор аралык автоматташтырылган маалыматтык системасын ЖӨБЭММАнын дарегине акысыз берүүнү жүзөгө ашырды. ЖӨБЭММАнын маалыматына ылайык, бул программалык камсыздоону ишке киргизүү тийиштүү сервердик жабдууну жана анын муниципалдык объекттердин техникалык спецификациясына адаптация болуусун талап кылат. Сервердик жабдуунун жана керектүү техникалык шарттардын жок болгонуна байланыштуу ЖӨБЭММА маалыматтык системаны ишке киргизүү жана техникалык колдоо көрсөтүүнү камсыз кылуу үчүн КР МТБМКнын алдындагы “ТРАНСКОМ” ММга кайрылган. МТБМнын 2020-жылдын 3-мартындагы №113/1187 катына ылайык, муниципалдык менчикти каттоо боюнча маалыматтык системаны техникалык колдоо кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуу үчүн ЖӨБЭММАга 5,5 млн сомду бөлүү боюнча КР Өкмөтүнүн буйрук долбоору министрликтерде макулдашуу процедурасынан өтүп жатат.

2 Бул маалымат өзгөрүлүп туруучу экенин эске алуу зарыл. Себеби, муниципалдык менчиктин объекттери сатылат же сатып алынат. Ошондуктан алардын саны ар дайым өзгөрүп турат.

3 Туруктуу өнүктүрүүнүн максаттарына жетүүнүн Улуттук ыктыярдуу сереби долбоорунун маалыматтары, 4-максат.

Объекттердин экинчи категориясы – профилдик эмес, функцияларын аткарууда жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдарына зарыл болбогон объекттер. Менчиктин бул массиви эки жол менен пайда болгон. Биринчиден, XX кылымдын 90-жылдарында ЖӨБ органдары түзүлүп жаткан учурда мамлекеттен алынган объекттер. Мисалы, дүкөндөр жана кинотеатрлар. Мындай объекттер аз санда калды. Көпчүлүгү ЖӨБ органдары тарабынан менчиктештирилген. Экинчиден, сатып алынган же курулган жаңы объекттер. Мисалы, чайхана жана тойкана, коммерциялык мекемелер, мечиттер ж.б. Объекттердин бул тобу олуттуу көйгөйдү жаратат. Себеби колдонуудагы мыйзамдарды бузуу менен муниципалдык менчикте турат, ЖӨБ функцияларына байланыштуу эмес, киреше алып келбейт, бирок ансыз дагы чектелген ЖӨБ органдарынын бюджеттик каражаттарын сарптайт. Баткен облусунда дээрлик бардык айыл аймактарында бир же бир нече мечит бар жана аларды кармоо боюнча жоопкерчилик алып жүрүшөт. Көптөгөн айыл аймактарынын менчигинде чайхана же мындай жайлардын бир нечеси бар.

Үчүнчү категория – мамлекеттик органдар колдонгон, бирок муниципалдык менчикте турган объекттер. Булар дагы кармоого сарпталган чыгымдар ЖӨБ органдарынын милдеттерине кирбеген, ЖӨБ органдары үчүн профилдик эмес объекттер. Мисалы, шаарлардын биринин мэриясында саламаттыкты сактоонун 15 объекти бар жана ээси катары алардын кармоо үчүн жоопкерчилик алып жүрөт.

COVID-19 менен ооругандарды дарылоо үчүн саламаттыкты сактоо объекттеринин даярдыгын финансылык жактан ЖӨБ органдарынын камсыз кылуу күмөнү өзгөчө коркунучту жаратат. Жергиликтүү бюджеттен каржыланган айрым ҮДТда пайда болгон абалдар КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин карамагындагы объекттер менен ЖӨБ органдарынын карамагындагы объекттердин материалдык-техникалык жабдылуусунун ортосундагы олуттуу айырмачылык врачтар жана алардын үй-бүлөлөрү, ошондой эле коомчулук үчүн дагы эң жаман кесепеттерге алып келиши мүмкүн экенин көрсөтүп турат. Жалпысынан алганда, Кыргыз Республикасында ЖӨБ органдарынын көпчүлүгү муниципалдык менчигинде турган саламаттыкты сактоо объекттеринин айрым чыгымдарын каржылоону улантууда.

Ошентип, муниципалдык менчиктин курамын талдоо, профилдик эмес объекттерди кармоого ЖӨБ органдарынын негизсиз чыгым сарптоосун кыскартуу максатында, аны оптималдаштыруу зарыл экенин көрсөттү. Бул үчүн мыйзамдарга зарыл болгон өзгөрүүлөрдү жана тактоолорду киргизүү талап кылынат.

Муниципалдык жер боюнча, аларды башкаруу сапатын талдоо үчүн так маалыматтар ачык булактардан табылган жок. Расмий маалыматтарда башкаруудагы жетишкендиктер жана маселелер тууралуу так корутунду чыгарууга жетишсиз болгон муниципалдык жерлердин жалпы аянты тууралуу гана маалыматтар бар. Төмөнкү фактылар тууралуу чындыктар белгилүү.

Көптөгөн ЖӨБ органдары муниципалдык жердин инвентаризациясын өткөрүшкөн эмес, бул бир катар кыйынчылыктарды туудурат. Биринчиден, бул ЖӨБ органдары калктуу пункттарды өнүктүрүү үчүн кандай жер ресурстарга ээ экенин билишпейт, тийиштүү маалыматтары жок аймакты өнүктүрүүнү мейкиндиктүү пландай алышпайт. Экинчиден, жарандарды мыйзамсыз жер участокторун басып алууга жана өз алдынча жер участогун кошуп алууга (мисалы, кашаа жер участогунун чегинен ашырып коюлуп, муниципалдык көчөнүн бөлүгүн ээлеген учур) түртөт. Бул маселе айрым шаардык ЖӨБ жетекчилерин тынчсыздантат. Көбүнчө айрым шаарлардын мэриялары каттоо органдары менен биргеликте кесип алынган участокторду аныктоо максатында муниципалитет көчөлөрүн дрон менен тартуу боюнча иштерди алып барышууда. Бирок, муниципалдык жерди башкаруу боюнча так жана толук маалыматтын жок болуу маселеси – бул ЖӨБ органдарынын гана маселеси эмес. Керектөө режиминде өнүктүрүү, иштөө үчүн финансылык каражаттар жетишсиз болгон шартта көпчүлүк ЖӨБ органдарынын, айрыкча айылдык ЖӨБ органдарынын муниципалдык жердин инвентаризациясын жүргүзүү үчүн жетиштүү каражаты жок. Мындан тышкары, заманбап шарттарда инвентаризация физикалык изилдөө жолуу менен жүргүзүлбөйт. Дрон, космосъемка ж.б. сыяктуу заманбап технологиялардын жардамы менен жүргүзүлөт. Бул учурда мейкиндиктин маалыматтары боюнча маселелерди комплекстүү чечүү үчүн мамлекет менен ЖӨБ органдарынын кызматташтыгы зарыл.

### *Муниципалдык кыймылсыз мүлк рыногу*

Кыймылсыз мүлктүн муниципалдык объекттери менен келишим түзүү жөнүндө маалыматтар ачык болуп саналат жана 1999-жылдын 2-июнундагы № 45 КР Жер кодексинин 29-беренесинде; Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы № 37 "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамынын 15-беренесинде; Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын 28-декабрындагы № 213 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча


башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө" мыйзамынын 20-беренесинде, ошондой эле Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жободо (КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген) белгиленген Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык жарыяланууга тийиш.

Муниципалдык кыймылсыз мүлктү сатууга коомдун кызыгуусу жогору. Бул чөйрөдө коррупциялык көрүнүштүн жогору болуусу ушуга байланыштуу. ЖМКдагы маалыматтардын жөнөкөй талдоосу ЖӨБ органдары тарабынан коррупциялык мыйзам бузуулардын көпчүлүк бөлүгү жерлерди жана кыймылсыз мүлк объекттерин башкарууга байланыштуу экенин көрсөтөт. КР Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча 2020-жылы ЖӨБ органдарын текшерүүнүн 30 % көбү жерлерди башкаруу чөйрөсүндө мыйзам бузууларды аныктоого багытталган.

Ошондуктан ЖӨБ органдары тарабынан жер жана кыймылсыз мүлк объекттери боюнча түзүлгөн келишимдер тууралуу маалымат коомчулук, белгилүү муниципалитеттердин жашоочулары, мониторинг жана баалоонун биргелешкен топтору үчүн, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн дагы чоң кызыгууну туудурат. Дагы бир аудитория – бул тигил же бул муниципалитетте кыймылсыз мүлктү сатып алууга кызыкдар жана кыймылсыз мүлк рыногунда бааларды карап турган бизнес-коомчулук, ишкерлер.

Муниципалдык кыймылсыз мүлктү сатуу мониторингинин процесси КР Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстарын башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин сайтында "Муниципалдык объекттердин рыногу" (http://cadastre.kg/svc-portal/app/marketReport.do[1]) бөлүмүндө келишимдер тууралуу Интернет-маалымат булагын түзгөнгө мүмкүнчүлүк берген заманбап маалымат-коммуникациялык технологияларды колдонуунун натыйжасында жеңилдеди.

Муниципалдык кыймылсыз мүлк менен келишим түзүүнүн саны жыл өткөн сайын төмөндөп баратканын белгилей кетүү зарыл. Анын негизги себеби, тилекке каршы сатууга же ижарага берүүгө жараган объекттердин барган сайын азаюсу. Эксперттер КР Өкмөтүн жана ЖӨБ органдарын муниципалдык менчиктерди натыйжасыз башкаруу аны жоготууга алып келери жөнүндө бир нече жолу эскертишкен. 32-диграммада сатып алуу-сатуу келишимдери дээрлик токтогону, 2018-2019-жылдары бир-эки гана каттоо жүргүзүлгөнү көрсөтүлгөн. ЖӨБ органдары муниципалдык мүлктү жана жерлерди




***32-диаграмма.*** *Муниципалдык кыймылсыз мүлк жана жер менен түзүлгөн келишимдердин динамикасы (келишимдердин түрү боюнча), келишимдердин саны*

1 2016-жылы Өнүктүрүү саясат институту "Мамлекеттик (муниципалдык) сатып алуулардын жана сатуулардын коомдук мониторинги: Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сатып алуулар боюнча расмий порталындагы https://zakupki.gov.kg жана http://cadastre.kg/svc-portal/app/marketReport.do сайтындагы "Муниципалдык кыймылсыз мүлк рыногу" бөлүмүндөгү маалыматтарды колдонуучулар үчүн колдонмосу" баслмасын жарыялаган.

сатуу жөнүндө маселени чечүүдө кыраакы боло баштаганын жана мүлктү ижарага берүү менен аны келечек муун үчүн сактап жатканын божомолдоого болмок. Дал ушундай абал 2017-жылы байкалган. Сатуу келишимдеринин саны азайган учурда, ижарага жана колдонууга берүү келишимдеринин саны бир нечеге өскөн. Бирок өзгөрүүлөрдүн темпи бирдей эмес. 2017-жылы ижарага жана колдонууга берүү келишимдеринин саны жалпысынан 33 %га өскөн, ал эми сатып алуу-сатуу келишимдеринин саны 96 %га кыскарган. Андан ары, 2020-жылы ижарага жана колдонууга берүү келишимдеринин санынын төмөндөөсү божомолдонууда. Бул маалыматтар сатууга, ижарага же колдонууга берүүгө дээрлик эч нерсе жок экенин айтып турат.

Мындай келишимдердин натыйжалуулугу дагы олуттуу коркунучту жаратат. Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин сайтында үзгүлтүксүз негизде коммерциялык кыймылсыз мүлктүн бааларынын индекси жарыяланып турат. Бул бааларды ЖӨБ органдары сатып жаткан кыймылсыз мүлктүн баасы менен салыштырууга мүмкүнчүлүк берет. Муниципалдык менчиктин баалары рыноктогу баалардан өтө төмөн экенин талдоо көрсөтүп турат.

***11-таблица.*** *Муниципалдык объекттерди натыйжасыз сатуудан пайда болгон финансылык жоготуулар, сом менен*

| Көрсөткүчтөр | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. | 2020-ж. (божомол) |
|---|---|---|---|---|
| Муниципалдык объекттин 1 $м^2$ баасы, сом менен | 257 | 39 | 514 | 228 |
| Рыноктогу 1 $м^2$ баасы, сом менен | 2518 | 9482 | 13168 | 22480 |
| Аянты, $м^2$ | 167219 | 251472 | 30618,4 | 21589,97 |
| 1 $м^2$ үчүн баадагы айырмачылык, сом менен | 2261 | 9443 | 12653 | 22252 |
| Жоготуулардын суммасы, сом менен | 378111500 | 2374600720 | 391664419 | 480426876 |
| Жоготуулардын жалпы суммасы, 2017-2020-жж., сом менен | | | | 3624803517 |

11-таблицадагы маалыматтар 2017-2020-жж. мезгилде жоготуулардын жалпы суммасы 3 млрд сомдон көп боло турганын ырастайт. Бул болгону жерди сатуу эске алынбаган, кыймылсыз мүлктү сатуу боюнча гана сумма. Жерди сатуудан жана натыйжасыз ижарага берүүдөн келип чыккан жоготууларды азыркы учурда эсептөөгө мүмкүн эмес. Себеби региондор боюнча ижаранын рыноктук баасы тууралуу расмий маалыматтар жок.

Бул жоготуулар муниципалдык менчикти башкаруу процессин натыйжасыз уюштуруунун кесепети болуп саналат.

Башкаруу органы (мамлекеттик жана муниципалдык) коомдук (мамлекеттик же муниципалдык) каражатты башкарган учурда мамлекет жана коомчулук ресурстар натыйжалуу сарпталуусу жана коррупциялык пайдаларды алып келбеши үчүн андан максималдуу тактыкты жана процедуралардын бекем сакталуусун талап кылат. Айрыкча бул катуу талаптар мамлекеттик сатып алуу процессине коюлат. Бирок, башка коомдук (мамлекеттик жана муниципалдык) ресурстарды – жерди жана кыймылсыз мүлктү башкаруу процессине коюлган талаптар бар болсо дагы, алардын сакталуусуна азыраак көзөмөл салынат. Бул тууралуу келишимдердин, ошондой эле жыл сайын мүлктү, айрыкча муниципалитет мүлкүн башкаруу чөйрөсүндө мыйзамдардын бузулушун аныктаган прокуратура органдарынын текшерүүлөрүнүн жыйынтыгы күбөлөндүрүп турат. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2018-жылы прокуратура органдарынын ишинин жүрүшүндө аныкталган келтирилген зыяндын өндүрүлүп алынган суммасынын чоң бөлүгү жалпы аянты 629,14 га, жалпы суммасы 3 млрд сомдон[1] көп болгон мамлекеттик

1 2017-жылы Кыргыз Республикасындагы мыйзамдуулуктун абалы жөнүндө жана аны чыңдоо боюнча прокуратура

жана муниципалдык 156 жер участогун кайтарып алуу түрүндө болгон.

Чынында, ошол эле мааниге жана логикага ээ болгон мамлекеттик жана муниципалдык сатып алуулар жөнүндө мыйзамдар сыяктуу эле мамлекеттик жана муниципалдык сатуулар мыйзамдар менен жөнгө салынуусу зарыл. Себеби, эки учурда тең коомдук ресурстарды башкаруу жөнүндө сөз болуп жатат.

Ушул мааниден улам, мамлекеттик жана муниципалдык сатып алуулар процессине салынган көзөмөлдүн мамлекеттик жана муниципалдык сатуу процессине дагы салынуусун мамлекет камсыз кылуусу зарыл. Б.а. пландалган жана түзүлгөн келишимдер тууралуу бардык маалымат ачык түрдө жарыяланган электрондук портал болушу керек. Бул сатуунун жүрүшүндө конкуренциянын деңгээлин жогорулатууга жардам берет. Азыркы учурда түзүлгөн келишимдер тууралуу гана маалыматтар жарыяланат жана потенциалдуу сатып алуучулар пландалган сатуулар тууралуу өз учурунда кабардар болбогондуктан конкуренциянын деңгээли, сатуу баасы төмөндөйт, ошондой эле коррупцияга шарт түзүлөт.

Аталган максатка жетүүнүн түрдүү жолдору бар – мамлекеттик жана муниципалдык сатып алуулар жөнүндө мыйзам кабыл алуу, 1999-жылдын 2-июнундагы № 45 КР Жер кодекси, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы № 37 “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамы ж.б. камтылган колдонуудагы ченемдик базага бир катар өзгөртүүлөрдү киргизүү.

*"2019-жылы КР Финансы министрлиги тарабынан ЖӨБЭММАнын дарегине муниципалдык мүлктү ижарага алуу келишимдерин түзүү укугунун аукционун өткөрүү үчүн “Электрондук соода аянтчасы” маалыматтык системасын (мындан ары – ЭСА МС) түзүүгө 4 114 567 сом бөлүнгөн. Өткөрүлгөн мамлекеттик сатып алуулардын жыйынтыгына ылайык, ЭСА МС иштеп чыгуучусу тарабынан “Инфо-Система” ММ белгиленген. ЭСА МС иштелип чыккан жана азыркы учурда тесттик иштер жүргүзүлүүдө. Бул порталда жалпысынан 16 аукцион өткөрүлгөн. 2 аукцион Ново-Покровка айыл аймагында, 14 аукцион Бишкек шаарында. Азырынча ЭСА ММда өткөрүлгөн тесттик сатуулардын жыйынтыктары жөнүндө маалымат жок. Өткөрүлгөн бардык сатуулар боюнча маалыматтарды жарыялоо порталдын ачыктыгын жана отчеттуулугун жогорулатышы мүмкүн. 2020-жылдын аягына чейин ЭСА ММ ны ЖӨБ органдарында толук ишке киргизүү пландалууда."*

*“Ачык Өкмөт” катчылыгынын маалыматы боюнча*

## 1.6. ЖӨБ ОРГАНДАРЫ ТАРАБЫНАН МЫЙЗАМДАРДЫН САКТАЛЫШЫ

### 1.6.1. ЖӨБ органдарынын мыйзамдарды сактоосу тууралуу маалыматка жетүү

ЖӨБ органдарынын мыйзам бузуулары тууралуу маалыматтар КР Башкы прокуратурасы тарабынан жыйналат. Бул маалыматты берүү форматы ар дайым өзгөрүп турат жана кандайдыр бир объективдүү талдоону жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк жок. Мисалы, мурун башкы прокурорлор КР ЖК алдындагы отчетто коррупциялык көрүнүштү башкаруу органдарынын категориялары боюнча топторго бөлүп сандарын көрсөтүшкөн. 2018 жана 2019-жылдагы КР Башкы прокурорунун отчетунда мындай маалыматтар жок. Жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн саны, аныкталган мыйзам бузуулар жана өндүрүлүп алынган сумма тууралуу гана маалыматтар бар. Бирок КР Башкы прокурорунун отчетуна таянып, ЖӨБ органдарынын мыйзамдарды сактоодогу абалын жалпы маалыматтан чыгарууга мүмкүн эмес. Муну менен бирге, ЖӨБ органдары отчетто мыйзам бузуулардын тематикалык түзүлүшүн гана эмес, башкаруу органдарынын категориялары боюнча мыйзам бузуулардын санын дагы көрсөтүү зарыл деп эсептешет. Мындан тышкары, КР Башкы прокурорунун КР ЖК алдындагы отчетунун стандартташтыруулусу зарыл. КР Жогорку Кеңешинде, башкаруу системасында жана коомчулукта абалды талдоо мүмкүнчүлүгү болуш үчүн, берилген маалыматтардын форматына талаптар коюлуусу керек.

КР Башкы прокуратурасынын жетишкендиги деп https://www.prokuror.kg сайтындагы ЖӨБ органдарынын ишмердигин прокуратура органдарынын текшерүүсүнүн жыйынтыгы жөнүндө

органдары тарабынан аткарылган иштер жөнүндө КР Башкы прокуратурасынын отчету. URL: https://www.prokuror.kg/news/3424-otchet-generalnogo-prokurora-kyrgyzskoj-respubliki-o-sostoyanii-zakonnosti-v-kyrgyzskoj-respublike-v-2017-godu-i-o-prodelannoj-organami-prokuratury-rabote-po-ejo-ukrepleniyu-2.html


публикацияны эсептөөгө болот. Бирок маалыматтар үзгүлтүксүз жарыяланбайт жана машинада окулуучу форматта эмес. Бул маалыматтардын талдоосун жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. ЖӨБ Союзу ЖӨБ органдарындагы мыйзам бузуулардын алдын алууну күчөтүү үчүн көрсөтүлгөн маалыматты системалык негизде жана машинада окулуучу форматта жайгаштыруу зарыл деп эсептейт.

ЖӨБ Союзу ошондой эле жүргүзүлгөн текшерүүлөр тууралуу маалыматтарда алардын мүнөзү – пландалган же пландан тышкары текшерүү, ошондой эле пландан тышкары текшерүүнүн себеби көрсөтүлүшүн абдан маанилүү деп эсептейт. ЖӨБ Союзу жүргүзүлгөн текшерүүлөр жөнүндө отчетто текшерүү предметин көрсөтпөө туура эмес дейт. 2020-жылы 16 %га жакын жүргүзүлгөн текшерүүлөр жөнүндө маалыматтарда текшерүү предмети көрсөтүлгөн эмес, кайсы мыйзамдардын сакталуусуна текшерүү жүрүп жатканы тууралуу маалымат берилген эмес.

### 1.6.2. ЖӨБ органдарын текшерүү

Башкы прокуратура https://www.prokuror.kg сайтында 2020-жылдын январь айында “2020-жылда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигине жүргүзүлгөн текшерүүлөр жөнүндө маалымат”[1]. деген аталыштагы документти жарыялаган. Документте көбүнчө төмөнкүлөр айтылган: “... Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 15-мартындагы № 58 “Ишкердик субъекттеринин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин укук коргоо жана салык органдары тарабынан текшерүүдө аларды укуктук коргоо боюнча кошумча чаралар жөнүндө” Жарлыгынан келип чыккан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын ишмердигине негизсиз кийлигишүүдөн коргоо боюнча мамлекеттик саясатка колдоо көрсөтүү максатында, ошондой эле 2018-2020-жж. региондорду өнүктүрүү өлкөнү өнүктүрүүнүн негизги багыты болуп аныкталгандыктан Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан 2018-2020-жж. Бишкек жана Ош шаарларынын өз алдынча башкаруу органдарынан тышкары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигин прокуратура органдарынын пландуу текшерүү жүргүзүүсүнө мораторий киргизилген”.

Ошондой болсо да, 2020-жылдын январь айынан август айына чейин https://www.prokuror.kg сайтынын маалыматына ылайык ЖӨБ органдарына 698 текшерүү жүргүзүлгөн. Текшерүү предмети – ЖӨБ органдарынын мыйзам бузууларын аныктоо. Текшерүү предметтеринин тематикалык түзүлүшүн талдоо текшерүүлөрдүн көбү – текшерүүлөрдүн жалпы санынын 32,1 %ы жерлерди башкаруу чөйрөсүндө мыйзам бузууларды аныктоого багытталганын көрсөттү. Текшерүүлөрдүн дээрлик 16 %ында прокуратура органдары тарабынан текшерүү предмети көрсөтүлбөгөн факты байкалды. Көп жолуккан текшерүү предметтерине кирешелерди декларациялоо; жергиликтүү бюджетти жана сатып алууларды башкаруу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарды жана ченемдик укуктук актыларды сактоо маселелери кире тургандыгы аныкталды. Муниципалдык менчикти башкаруу, жарандардын кайрылууларына жооп берүү, муниципалдык кызмат жана экология маселелери аз санда текшериле тургандыгы белгилүү болду.




***33-диаграмма.*** *Прокуратура органдарынын ЖӨБ органдарын текшерүү предметтеринин түзүлүшү, 2020-ж., %*

1 URL: https://www.prokuror.kg/files/docs/2020/january2020.pdf

Текшерүүлөрдүн ачык белгиленген аймактык өзгөчөлүктөрү бар. Мисалы, аксакалдар сотунун иштерин текшерүү Чүй облусунун айыл аймактарында гана жүргүзүлөт. Башка облустарда мындай текшерүүлөр белгиленген эмес. Кирешелердин декларациясы боюнча текшерүүлөрдү Ош жана Жалал-Абад облусунун гана прокуратуралары, жайыттарды колдонуу боюнча Чүй облусунун Аламүдүн районунун прокуратурасы гана жүргүзөт.

2019-жылы прокуратура органдарынын ЖӨБ органдарына жүргүзгөн текшерүүлөрү жөнүндө жалпыланган маалыматтар ачык булактардан табылган жок.

2018-жылы коррупциялык мыйзам бузуулар менен күрөшүүнүн алкагында жүргүзүлгөн 2030 текшерүүнүн ичинен 746 (37,7 %) текшерүү ЖӨБ жана ЖМА органдарына жүргүзүлгөн. Бир нече жолу кайрылууларга карабастан КР Башкы прокуратурасы отчетунда ЖӨБ органдары менен жергиликтүү мамлекеттик администрацияларды бир категорияга бириктүүрүнү улантып келерин белгилей кетүү маанилүү.

Муну менен бирге, көптөгөн аныкталган мыйзам бузуулар мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө жана коррупцияга каршы күрөшүү жөнүндө мыйзам талаптарын сактабагандыкка байланыштуу ЖӨБ органдарынын кызматтык адамдарынын иш-аракеттеринен табылган. Каттоо үчүн документтердин туура түзүлбөгөнүнө же мурун ушул сыяктуу текшерүү жүргүзүлгөнүнө байланыштуу ЖӨБ органдарына карата 87 (30) текшерүүнү каттоодон баш тартылган.

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 31-мартындагы № 32 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигине текшерүү жүргүзүү тартиби жөнүндө” мыйзамынын аткарылуусуна көзөмөл жүргүзүү үчүн КР Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитетинин чечими менен 2019-жылдын 5-февралында түзүлгөн жумушчу тобунун алдын ала маалыматтарына ылайык, бул мыйзамды аткарууда мамлекеттик органдар тарабынан, ошондой эле ЖӨБ органдары тарабынан бир катар мыйзам бузуулар аныкталган. ЖӨБ органдарына текшерүү жүргүзүү укугуна ээ ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан төмөнкү мыйзам бузуулар аныкталган[2]:

- Текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн жылдык пландары мыйзам тарабынан белгиленген текшерилген ЖӨБ органдарынын жайгашкан жери тууралуу маалыматты көрсөтүү талаптарын камтыган эмес;
- сакталуусу жана аткарылуусу текшериле турган ЧУА тизмеси текшерүүчү органдардын пландарында жалпыланып көрсөтүлгөн (мисалы, планда текшерүүнүн мындай предметтери көрсөтүлгөн: “коррупцияга каршы, бюджеттик, эмгек мыйзамдары, жарандардын кайрылууларын карoo тартиби жөнүндө, жашы жете электер жөнүндө, улуттар аралык жаңжал жана экстремизм жөнүндө”. Текшерүүнүн мындай жалпыланып кеңейтилген предмети текшерүүчү тараптын эркиндиги үчүн мүмкүнчүлүк түзөт жана ЖӨБ органдарынын укуктарын бузат;
- КР ЖК 2017-жылдын 25-майындагы № 1618-VI токтому менен бекитилген, Пландык текшерүүлөрдү жүргүзүүчү органдардын тизмесине кирбеген КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментинин аймактык бөлүмдөрүнүн кызматчылары тарабынан ЖӨБ органдарынын аймагында жайгашкан жана жергиликтүү бюджеттен каржыланган социалдык объекттерге пландык текшерүү жүргүзүлгөн фактылар аныкталган;
- КР Мамлекеттик кадр кызматы тарабынан ЖӨБ органдарынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдарды сактоонун пландык мониторинги жүргүзүлгөн фактылар аныкталган; мониторинг дагы ЖӨБ органдарынын ишмердигин текшерүү болуп саналат, бирок бул орган КР ЖК 2017-жылдын 25-майындагы № 1618-VI токтому менен бекитилген, Пландык текшерүүлөрдү жүргүзүүчү органдардын тизмесине кирбеген;
- текшерүү жүргүзүүгө чейин 10 календардык күндөн кеч эмес жибериле турган пландык текшерүү жүргүзүү тууралуу ЖӨБ органдарына жазуу жүзүндө билдирүүнүн мөөнөтү бузулганы аныкталган;
- текшерүү башталганга чейин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматтык адамы каттоо китебине ЖӨБ органынын ишмердигин текшерүүнү каттоосу милдеттүү болгон абалда, шаарлардын мэрияларынын жана АӨ жоопкерчиликтүү кызматчыларынын каттоо китебин толтурган учурлары аныкталган. Анын үстүнө текшерүү жүргүзүүнүн башталган жана аяктаган күнү, ошондой эле текшерүү жүргүзүү учурунда алынган көчүрмөлөрдүн аталыштары, документтердин

2 Маалымат КР Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитетинин чечими менен 2019-жылдын 5-февралында түзүлгөн жумушчу тобу тарабынан берилген.

көчүрмөлөрүнүн тизмеси ар дайым көрсөтүлгөн эмес. Бул Мыйзамдын талаптарын одоно бузуу болуп саналат;

- мамлекеттик органдардын кызматкерлери тарабынан пландан тышкары текшерүүлөр жүргүзүлгөндө текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча актылар ар дайым эле түзүлө бербеген учурлар аныкталды. Бул дагы Мыйзамдын талаптарын одоно бузуу болуп саналат.

Ошондой эле ЖӨБ органдарынын төмөнкү мыйзам бузуулары аныкталган:

- ЖӨБ органдары текшерүү аяктагандан кийин бир ай ичинде расмий сайттарына же маалыматтык тактайларына алардын ишмердигине жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы тууралуу маалыматты, анын ичинде аныкталган мыйзам бузуулар жөнүндө маалыматты жайгаштырышпайт;
- ЖӨБ аткаруу органдары текшерүү жүргүзүлгөн күндөн кийин бир ай ичинде жергиликтүү кеңешке жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыктары, анын ичинде аныкталган мыйзам бузуулар тууралуу, ошондой эле текшерүү жүргүзүлгөн күндөн кийин 6 ай ичинде – бул мыйзам бузууларды жоюу боюнча көрүлгөн чаралар тууралуу маалымат беришпейт;
- көпчүлүк учурда ЖӨБ органдарынын жетекчилери жана кызматчылары текшерүү жүргүзгөн кызматтык адамдардан кызматтык күбөлүгүн көрсөтүүнү, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын текшерүү жүргүзүү жөнүндө чечими менен таанышууну, арызды (эгер текшерүү арыздын негизинде жүргүзүлсө) жана текшерүү жүргүзүүгө негиз болгон башка документти талап кылуу; аткаруу жана сактоо ЖӨБ органына жүктөлгөн жана текшерүүгө тийиш болгон ЧУА менен таанышууну талап кылуу; кызматтык адамдан текшерүүлөрдү каттоо китебине жүргүзүлгөн текшерүү жөнүндө жазуу жүргүзүүнү талап кылуу укугун колдонушпайт;
- айрым ЖӨБ аткаруу органдарында жада калса текшерүүлөрдү каттоо китеби жок же эски үлгүдөгү текшерүүлөрдү каттоо китебин колдонушат. Болбосо, КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-июлундагы № 398 токтому менен текшерүүлөрдү каттоо китебинин жаңы формасы жана текшерүүлөрдү каттоо китебинде каттоо тартиби бекитилген.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын, анын ичинде прокуратура органдарынын бекитилген жылдык текшерүү пландары Башкы прокуратуранын жана мамлекеттик органдардын расмий сайттарына жайгаштырылат. Бирок көпчүлүк ЖӨБ органдарынын текшерүүчү мамлекеттик органдардын жылдык пландары тууралуу маалыматтары жок. Муну ЖӨБ органдарынын жеке катасы деп таанууга болот. Себеби, текшерүү планын жарыялоо жөнүндө талап ЖӨБ органдары мамлекеттик органдардын жылдык пландары менен алдын ала таанышып алуусу үчүн мыйзамдарга киргизилген. Кайсы орган, качан, кайсы мыйзамды аткаруу боюнча аларга пландык текшерүү менен келерин билип алуулары керек болчу.

ЖӨБ аткаруу органдарынын жетекчилери жана кызматчылары менен оозеки маектешүү учурунда прокуратура органдарынын, КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматынын жана КР Финансы полициясынын айрым кызматчылары телефон аркылуу ЖӨБ органдарынын жетекчилерин жана кызматчыларын жарандардан түшкөн арыз бар сыяктуу ал боюнча **түшүндүрмө берүү үчүн** чакырыша тургандыгы белгилүү болду.

ЖӨБ аткаруу органдарынын көпчүлүк жетекчилери жана кызматкерлери аталган укук коргоо органдарынын кызматчыларынын **оозеки талаптарын** кийин аларга карата кылмыш иштерин козгобошу үчүн аткарыша тургандыктарын белгилешти.

Жалпысынан, Жогорку Кеңештин Комитети тарабынан түзүлгөн жумушчу топ республиканын жети облусундагы айрым муниципалитеттерде Мыйзамдын аткарылуусун көзөмөлдөөнүн алкагында ЖӨБ органдарын мыйзамсыз текшерген бир катар мамлекеттик органдарды (алардын аймактык бөлүмдөрүн) аныктады. Бул органдар ЖӨБ органдарын текшерүүгө ыйгарым укуктар берилген мамлекеттик органдардын бекитилген тизмесине кирген эмес. Тизмеге төмөнкү мамлекеттик органдар кирген:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты;
2) Өкмөттүн облустардагы Ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрүнүн аппараты;
3) Райондук мамлекеттик администрациясынын аппараты;
4) КР Мамлекеттик кадр кызматы;
5) КР Мамлекеттик салык кызматы;
6) КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматынын Коррупцияга каршы күрөшүү кызматы;
7) КР Финансы полициясы;
8) КР Ички иштер министрлиги;

9) КР Өзгөчө кырдаалдар министрлиги;
10) КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы;
11) КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Архив агенттиги;
12) КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия;
13) Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитет (райондук комиссариат).

Ошентип, жумушчу топ жана ЖӨБ Союзу жогоруда аталган мамлекеттик органдардын мыйзамдарды аткаруу жана сактоо боюнча ЖӨБ органдарынын ишмердигин текшерүү тажрыйбасын жүргүзгөнүн эске алып, КР Өкмөтүнө аталган мамлекеттик органдардын ишмердигин жана алардын ЖӨБ органдары менен болгон мамилесин талдап чыгууну, талдоонун жыйынтыгы боюнча КР Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 25-майындагы №1618-VI токтому менен бекитилген Текшерүүчү органдардын тизмесине тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуш кылат

Мындан тышкары, КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 648 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн башкаруу функцияларын өткөрүп берүү чаралары жөнүндө” токтомуна ылайык, 2019-жылдын 1-январынан тарта мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү функциялары жана ыйгарым укуктары КР Мамлекеттик салык кызматына өткөрүлүп берилген КР Социалдык фондун ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмесинен алып салуу үчүн КР Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 25-майындагы № 1618-VI токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы келип чыкты.

*ПИКИР*

*"Эки айда бир жолу АӨ башчысы ар бир айыл башчысынан укук коргоо органдарынын кызматчыларына төлөгөн чыгымдарга жардам берүүнү ачык эле суранат. Бул максатка айыл башчысы 3000 сомдон берет жана чыгым ордерине акча каражатын алганы тууралуу, бирок аны албастан аргасыздан кол коет. Бирок, аларга мындай фактылар тууралуу расмий билдирүүнү суранышканда, айыл башчысы баш тартат. Себеби, укук коргоо органынын кызматтан алынган кызматчысынын ордуна башка бирөө келип, андан дагы көшөрүү менен текшерет жана сөзсүз бир нерсе табат, же болбосо кандайдыр бир “подставаны” уюштурат деп коркот. Жыйынтыгында АӨ башчысы жана аппараттын бардык кызматчылары жабыр тартышат."*

*Айылдык кеңештин депутаты,*
*Аксы району*

Ошондой болсо да, ЖӨБ органдарын текшерүү чөйрөсүндө эң маанилүү маселелердин бири тоголок арыз жазган же даттанган жарандардын кандайдыр бир жоопкерчиликке ээ болбогону деп эсептешет. Бардык нерсе үчүн даттанууга, текшерүү менен ЖӨБ органдарынын ишин аксатууга болот, бирок даттануу далилденбеген учурда даттанууучу эмнеге эч нерсе үчүн жооп бербейт?

# II БӨЛҮМ.
# 2019-ЖЫЛЫ (2016 - 2018-ЖЫЛДАР МЕЗГИЛИНДЕ) КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАРДЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТАРГА ЖАНА ЖӨБ ОРГАНДАРЫНА БОЛГОН ТААСИРИ

## 2.1. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТАРГА ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮНӨ ЭҢ ЧОҢ ТААСИРИН ТИЙГИЗГЕН МЫЙЗАМДАР

2019-жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын ЖК тарабынан 170 мыйзам актыларын кабыл алды. ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнө жана кызыкчылыктарына көбүрөөк таасир эткен 20 мыйзамдын кеңейтилген тизмесин ЖӨБ Союзу жана Өнүктүрүү саясат институту эксперттик тобун түзүп, андан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн актуалдуулук критерийлеринин негизинде бул тизмеге артыкчылык берди, андан кийин тизме 15 мыйзамга чейин кыскарды. Аларга ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн каалоосу менен КР ЖК тарабынан 2016-2018-жж. аралыгында кабыл алынган жана Баяндамада 2019-жылы каралган, бирок тиешелүү мамлекеттик органдары, анын ичинде мыйзам чыгаруучу органдары тарабынан ал мыйзамдардын кабыл алынгандыгынан аз эле убакыт өткөндүгүнөн улам, деталдуу бааланбаган жана тийгизген таасири тууралуу жетишерлик реакция берилбеген 7 мыйзам актысы кошулду. Ошентип, Баяндамада кароо үчүн КР ЖК алты комитети тарабынан киргизилген 22 мыйзам тандалып алынган (мыйзамдардын тизмеси 1-тиркемеде келтирилген):

- КР ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер жана регламент боюнча комитети;
- КР ЖК Бюджет жана финансы боюнча комитети;
- КР ЖК Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана региондук өнүгүү боюнча комитети;
- КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети;
- КР ЖК Укук тартиби, кылмыштуулукка жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча комитети;
- КР ЖК Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет.

Бул мыйзамдардын таасирин баалоо үчүн сурамжылоо (анкета жана маектешүү) аркылуу ЖӨБ органдарынын пикирин изилдөө жүргүзүлдү. Эпидемиологиялык кырдаалдын өзгөрүшүнө байланыштуу, мурун пландаштырылган фокус-топтун сессиялары жокко чыгаруу керек болду. Сурамжылоого катышуучуларды тандоонун негизги критерийи ЖӨБдүн өнүгүшүнө кайдыгер мамиле жана тигил же бул мыйзамдар менен практикалык иш тажрыйбасы болду. Бардыгы болуп сурамжылоого Кыргыз Республикасынын бардык региондорунан ЖӨБ органдарынын 73 өкүлү катышты, анын ичинде: ЖӨБ органдарынын 31 башчысы; 9 жооптуу катчы; 8 юрист; 7 каржы-экономикалык бөлүм башчылары; 6 социалдык адис; Жергиликтүү кеңештердин 11 депутаты. Респонденттердин арасында 30 % аялдар болгон. Ошондой эле, мыйзамдардын таасири жөнүндө ЖӨБ органдарынын пикирин билүү үчүн 30га жакын жарым-жартылай маектешүүлөр болуп өттү.

Жалпысынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары КР ЖКнын ишине оң баа беришет. Ошентип, изилденип жаткан 22 мыйзамдын дээрлик бардыгы ЖӨБ органдарынын көпчүлүгүнүн оң баасын алышты. Былтыр терс баа алган мыйзамдар дагы быйыл оңураак бааланган.

*ПИКИР*

*"Мыйзамдардын ЖӨБ өнүгүшүнө тийгизген таасири жөнүндө КР ЖК үчүн Баяндаманы иштеп чыгуу демилгесин колдоп койбосо болбойт. Бул бизге, ЖӨБ органдарына керек, бирок КР ЖКга дагы керек. Мыйзамдардагы каталарды жана кемчиликтерди оңдоо үчүн бизде түз байланыш каналы болушу керек. Ошондой эле КР ЖКнин депутаттары жер-жерлерде мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө жана керек болсо аларды өркүндөтүү үчүн ушундай байланышка муктаж.*

*Отчетту бардык ЖӨБ органдарынын атынан жасоо өзгөчө маанилүү. Биз мыйзамга өзгөртүү киргизүүнү сунуштап жатканда же анын иштебей калгандыгына наараз болгондо, бул жөн гана бирөөнүн сунушу же арызы болуп калат. ЖӨБ Союзу бардык ЖӨБ органдарынын атынан сүйлөгөндө, бул биздин үнүбүздү угууга көбүрөөк мүмкүнчүлүк берген тутумдук баа."*

*Фокус-топтун катышуучусу, 2019-жыл. АӨ башчысы*

Сурамжылоонун натыйжалары боюнча беш мыйзамды аныктоого болот, алардын оң таасирин көпчүлүк ЖӨБ органдары тааныйт (12-таблицаны кара).

***12-таблица.*** *Көпчүлүк ЖӨБ органдары тарабынан оң таасирин алган мыйзамдар*

| | Мыйзамдын аталышы | Мыйзамды киргизген комитет | Мыйзамдын таасирин оңунан баалаган ЖӨБ органданын үлүшү |
|---|---|---|---|
| 1 | “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР мыйзамы (ЖӨБ жөнүндө КР мыйзамы, ЧУА жөнүндө, Ош шаарынын статусу жөнүндө, Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө) 2019-жылдын 8-августу № 115 | Конституциялык мыйзамдуулук, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер боюнча жана КР ЖК Регламенти боюнча Комитети | 94 % |
| 2 | “Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекси” 2018-жылдын 10-августу № 90 | КР ЖК бюджет жана каржы боюнча Комитети | 93 % |
| 3 | “Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР мыйзамы 2019-жылдын 23-январы № 9 | КР ЖК бюджет жана каржы боюнча Комитети | 91 % |
| 4 | “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” КР мыйзамы 2016-жылдын 31-марты № 32 | Конституциялык мыйзамдуулук, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер боюнча жана КР ЖК Регламенти боюнча Комитети | 88 % |
| 5 | “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө”, “Борбор шаардын статусу жөнүндө”, “Ош шаарынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2019-жылдын 8-августундагы № 118 | Конституциялык мыйзамдуулук, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер боюнча жана КР ЖК Регламенти боюнча Комитети | 88 % |

4 мыйзамга гана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары оң баа берген жок (13-таблицаны караңыз). Белгилей кетүүчү нерсе, ЖӨБ органдарынын айрым өкүлдөрү бир катар мыйзамдар ЖӨБ органдарынын ишине оң жана терс таасирин тийгизгендигин белгилешет.


***13-таблица.** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көпчүлүгү терс таасирин тааныган мыйзамдар*

| | Мыйзамдын аталышы | Мыйзамды киргизген Комитет | Мыйзамдын таасирин оңунан баалаган ЖӨБ органданын үлушү |
|---|---|---|---|
| 1 | “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” КР Мыйзамы 2017-ж. 27-апрель № 63 | КР ЖК социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттыкты сактоо боюнча Комитети | 50 % |
| 2 | “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы 2017-ж. 27-апрель № 64 | КРнын Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча Комитети | 49 % |
| 3 | “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” (“Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө”, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” 2016-жылдын 12-декабрындагы № 196) Кыргыз Республикасынын Мыйзамы | Конституциялык мыйзамдуулук, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер боюнча жана КР ЖК Регламенти боюнча Комитети | 47 % |
| 4 | Кыргыз Республикасынын “Пробация институтун ишке ашыруу боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамы 2019-жыл 24-апрель № 56 | Мыйзамдуулукту сактоо, кылмыштуулукка жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча комитет | 41 % |

## 2.1.1. Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер жана регламент боюнча КР ЖК Комитети киргизген мыйзамдардын таасири

***1. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР мыйзамы (ЖӨБ жөнүндө КР мыйзамы, ЧУА жөнүндө, КР ЖК Регламенти жөнүндө, Борбор шаардын статусу жөнүндө, Ош шаарынын статусу жөнүндө, Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө) 2019-жыл 8-август № 115***

**Таасирди баалоо**

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен |
|---|---|
| • 6001 жана андан ашык калк жашаган административдик-аймактык бирдиктерге кеңештин катчысынын штаттык кызматы киргизилген.<br>• 20001 адамдан аз калкы бар кеңештин төрагасына жергиликтүү кеңештин сессиясынын иштеген учурунда бир жолку акчалай компенсация төлөп берүү милдеттенмеси киргизилген.<br>• Жергиликтүү жамааттардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктарын түздөн-түз козгогон маселелер боюнча ченемдик укуктук актыларды даярдоодо жана кабыл алууда ченем жаратуучу органдар (кызмат адамдары) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ассоциациялары, бирликтери менен консультацияларды жана талкууларды өткөрүшөт. |  |

| | |
|---|---|
| • Ченем жаратуучулук демилгесине укуктуу жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн саны белгиленет (300дөн 5000 шайлоочуга чейин).<br>• Фракцияларды түзүүнүн тартиби, ошондой эле азчылык фракциясы үчүн преференциялар жөнүндө эрежелер белгиленет.<br>• Кеңештердин жана ЖӨБ милдетин аткаруучулардын укуктук актылары ченемдери такталды.<br>• Кеңештерге отчетторду берүү жана СЭӨП жана отчетторду жарыялоо боюнча шаарлардын мэрлеринин жана ЖӨБ башчыларынын милдетин аткаруучулардын милдеттери такталды.<br>• Мыйзам долбоорлорунун демилгечилери, эгерде ченемдик укуктук актылардын долбоору жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктарын түздөн-түз козгосо, тийиштүү ассоциациялар, ЖӨБ органдарынын профсоюздары менен консультациялардын жана талкуулардын натыйжаларын КРнын ЖКне киргизилген мыйзам долбооруна тиркөөгө тийиш. | |
| **Күтүлгөн натыйжа (негиздеме-кат боюнча)** | |
| • Айылдык жана шаардык кеңештердин төрагаларынын эмгек акыларынын ортосундагы басмырлоочу айырмачылыктар жоюлду.<br>• ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктары алардын ченем жаратуу жана мыйзам чыгаруу иш-аракеттерине катышуусу (ассоциациялар жана бирликтер тарабынан көрсөтүлгөн) аркылуу эске алынып, камсыздандырылат.<br>• Жарандардын эрежелерди жаратуу демилгесинин жол-жоболору жөнөкөйлөтүлөт.<br>• Жергиликтүү кеңештин укуктук мүнөзгө ээ токтомдорун элге жайылтууну жана каттоо тартибин, ошондой эле ЖӨБ аткаруу органдарынын бир эле маселелердин(токтомдорду, чечимдерди, буйруктарды) иш жүзүндө кабыл алуусу жөнгө салынууда.<br>• Жергиликтүү кеңештерде фракцияларды түзүү процесси жөнгө салынган.<br>• ЖӨБ органдарынын башчылары тарабынан жергиликтүү кеңештерге отчет берүү мезгилдүүлүгү жөнгө салынды, жергиликтүү жамаатка Социалдык-экономикалык Өнүгүү Программасын ишке ашыруунун натыйжалары жөнүндө маалымдоо тартиби белгиленди. | |

**ЖӨБ органдарынын пикирлери**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу учурунда аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Кеңештин катчысынын кызмат ордун киргизүүдө АӨ кызматкерлерин өз милдеттерин аткаруудан алагды кылбай, ишти тартипке салууга мүмкүндүк берет.<br>• ЖӨБ Союзу аркылуу мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актыларын даярдоонун баскычында талкуулоосуна катышуусун камсыз кылат, бул албетте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктарын эске алууга мүмкүнчүлүк берет.<br>• Жергиликтүү мыйзам чыгаруу (элдик) демилгесине укуктуу адамдардын санын кыскартуу бул процессти ишке ашырууга бир топ жеңилдик берди. Бирок иш жүзүндө жергиликтүү демилгечилер тарабынан жергиликтүү мыйзамдар кабыл алынган фактылар жокко эсе. | • Кенештин катчысынын кызматтарынын функцияларынын кеңири жыйындысы жана айлык акынын аздыгы айылдык ЖӨБ органдарынан бул кызматка квалификациялуу адис табууну кыйындатат.<br>• Теңсиздик байкалууда: калкы 6001 адамга жетпеген калктуу конуштардын жергиликтүү кеңештери катчы кызматы жок калышты.<br>• Калкы 5000 же 19000 адамдан турган административдик-аймактык бирдиктердин жергиликтүү кеңештеринин төрагаларын эмгек акысыз калтыруу акыйкатсыз болуп калат, анткени жумуш жана милдеттер жашоочулардын санына карабастан бирдей. |

| | |
|---|---|
| • Азчылык фракцияларынын артыкчылыктары оң натыйжа берет. Мисалы, шаардык кеңештин бюджет жана финансы комитетиндеги туруктуу төрагалыкты фракцияга же азчылык фракцияларынын коалициясына өткөрүп берүү оң натыйжа берди, анын маңызы оппозициянын депутаттары бюджеттин аткарылышына көзөмөлдү күчөтүшүндө болуп эсептелинет.<br>• Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү кеңештердин жергиликтүү жамааттар алдындагы отчеттуулугу кыйла байкалуусу керек. | • Бардык ЖӨБ органдарынын ЖӨБ Союзу менен туруктуу байланышы жок.<br>• Киргизилген өзгөртүүлөргө карабастан, эрежелерди иштеп чыгуу демилгесин көрсөтүү иш жүзүндө аткарылбай калып жатат. Маселе мыйзамдын жеткилеңсиздигине байланыштуу эмес, маселе, жергиликтүү жамааттардын сабатсыздыгына жана активдүүлүгүнүн алсыздыгына байланыштуу. |

**Таасирди сүрөттөө**

ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү кеңештердин көпчүлүк өкүлдөрү жергиликтүү мыйзамдарда парламенттик демократияны чыңдоо жана ЖӨБ органдары менен борбордук мамлекеттик органдардын ортосунда ченем жаратуу маселелери боюнча үзгүлтүксүз жана конструктивдүү диалогду орнотуу жаатында бул мыйзамды прогрессивдүү деп эсептешет.

*ПИКИР*
*“Биз ЖӨБ Союзу менен тыгыз байланыштабыз, алардан “Муниципалитет” журналын үзгүлтүксүз алып турабыз. Журналда көптөгөн басылмалар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү жаңылыктар бар жана өзгөчө белгилеп кетким келет, айрым мыйзам актыларына киргизилген өзгөртүүлөр жөнүндө маалымат жарыяланып турат, бул биз үчүн өтө маанилүү”.*

*Ала-Бука району, башчысынын орун басары*

Мыйзам ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү кеңештердин жергиликтүү жамааттар алдында отчеттуулугун жогорулатуу үчүн жакшы мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Жарандарга көбүрөөк ачык-айкын маалыматтар такай жеткирилип турат, ошондуктан ЖӨБ органдары тарабынан жарандарга болгон жоопкерчилик жогорулайт, ал эми жарандар тарабынан ЖӨБ органдарынын ишине болгон кызыгуу өсүшү керек, жергиликтүү жамааттардын маалыматтын санына жана сапатына болгон талабы жогорулап баратат.

*ПИКИР*
*“АӨ башчысы болуп, чогулуштарды өткөрүүнү, чогулушта Социалдык-экономикалык Өнүгүү Планынын аткарылышы жөнүндө отчетторду, жергиликтүү кеңешке отчет берүүнү тажрыйбага киргиздим. Мен ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнө байланыштуу стенддерди орнотуп, аларды пландар жана башка маалыматтар менен коздоону пландап жатам”.*
*Кара-Суу району, АӨ башчысы*

*ПИКИР*
*“Биз, айрыкча, Социалдык-экономикалык Өнүгүү Планына байланыштуу көбүрөөк отчет беребиз. Социалдык тармактарында Фейсбук, Youtube беттерине отчетторду жарыялай баштадык. Жамааттын жана жергиликтүү кеңештин алдында отчет беребиз”.*
*Кадамжай району АӨ башчысы*

Бардык эле оң жаңычылдыктар практикада ийгиликтүү колдонула бербейт. Ченем жаратуу демилгеси, ага ыңгайлуу жана түшүнүктүү шарттар түзүлгөнүнө карабастан, калк бул маселени билбегендиктен ишке ашпай жатат.

Калктын санынын босогосуна жетпеген муниципалитеттерди чоң жана кичине деп бөлүүнү жергиликтүү кеңештин катчысынын кызмат ордун киргизүүгө жана анын төрагасына төлөмдөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүгө, ар кайсы АӨнүн жергиликтүү кеңештеринин өкүлдөрү адилетсиздик деп эсептешет.

Мындан тышкары, мыйзамдагы айрым жаңычылдыктарды ишке жүзүнө ашкан деп атоого болбойт. Ошентип, айрым ЖӨБ органдарында, жергиликтүү кеңештердин дайындалган жооптуу катчылары 2020-жылдын 1-октябрына карата эмгек акыларын алышкан жок. Айрым айыл өкмөттөрү документтердин негизинде сынактык тандоону өткөрүп, талапкерлерди тестирлөөгө чакырууну күтүп жатышат. Калгандары ротация жолу менен айыл өкмөттүн жооптуу катчысын жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысынын кызмат ордуна өткөрүп, жергиликтүү бюджетке тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизип, чечимди Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин райондук органына жөнөтүшкөн, бирок эмгек акы төлөнгөн эмес. ЖӨБ Союзуна  жергиликтүү кеңештердин жооптуу катчыларына эмгек акыларды эсептөө жана төлөө процедураларын тактоо өтүнүчү менен бир нече ЖӨБ органдарынан кайрылуулар келип түштү жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматына тиешелүү суроолор менен кайрылды. Буга жооп кылып, мамлекеттик органдар зарыл болгон ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана макулдашуу процесси жүрүп жаткандыгын билдиришти. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жергиликтүү кеңештердин жооптуу катчыларына эмгек акы төлөө үчүн зарыл болгон каражаттарды бөлүү маселеси бюджетке тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин чечилиши керектигин билдирди.

ЖӨБ Союзу мыйзамга 2019-жылдын август айында кол коюлгандыгын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматына 2020-жылдын бюджети жөнүндө мыйзамда керектүү ресурстарды эске алуу жана зарыл болгон ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу үчүн убакыт болгонун белгилешет. Ошентип, ЖӨБ органдары жана ЖӨБ Союзу жергиликтүү кеңештердин жооптуу катчыларынын кызмат ордуна дайындоолорду кечиктирүүнүн жана эмгек акыларын төлөбөй коюунун объективдүү себептери жок деп баса белгилеп айтууга аргасыз болушат жана алар мыйзамдын ушул бөлүгүнүн аткарылбай жаткандыгына көңүл бурууну КР ЖКдан өтүнүшөт.

Даярдоо баскычында ченемдик укуктук актыларды талкуулоого ЖӨБ Союзунун өкүлү болгон ЖӨБ органдарынын катышуусу жөнүндө жобо боюнча ЖӨБ Союзу, мыйзам кабыл алынган күндөн тартып бир жыл ичинде, 38 ченемдик укуктук актылардын долбоору макулдашууга алынгандыгын маалымдайт (14 мыйзам долбоору, 21 КР Өкмөтүнүн ченемдик укуктук актыларынын долбоору, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3 буйругу).

Ар бир ЧУА долбооруна карата ЖӨБ Союзу тиешелүү корутунду даярдайт, анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көз караштары, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдардын сакталышы чагылдырылган. Бул корутундулар ЧУАнын демилгечилери менен талкууланат, бул ЖӨБ органдарынын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын бузган, ошондой эле ЖӨБ жөнүндө мыйзамдарга каршы келген ЧУАны кабыл алууга жол бербейт. Ошентип, мисалы, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы, талкуунун жыйынтыгы боюнча, мыйзам долбooруна өзгөртүү киргизүүгө макул болду; депутат буга чейин киргизилген мыйзам долбоорун иштеп чыгуу үчүн ЖӨБ Союзунун катышуусу менен жумушчу топ түзүүгө макул болду.


**Сунуштар**

- ЖӨБ Союзу, жер-жердеги  коммерциялык эмес уюмдар жана ЖӨБ органдары калкка эрежелерди иштеп чыгуу демилгесин колдонуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө түшүндүрүү иштерин жана окутуу иш-чараларын жүргүзүүнү тездетсин.
- Шаардык жана айылдык кеңештер үчүн аппараттын түзүмүн жана курамын чектөө, анткени ар бир айылдык кеңеш катчыга муктаж эмес.
- ЖӨБ органдарынын жана калктын пикири боюнча, катчы керек болгон кеңештер үчүн, жашоочулардын саны боюнча сандык босогону алып салуу керек. Ошондой эле, жергиликтүү кеңештердин төрагаларынын иши үчүн акы төлөө маселелеринде сандык босого бирдей эмес абалга туш болбошу керек.

- Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысынын штаттык бирдигинин кызмат ордун киргизүү боюнча ченемди иш жүзүнө ашыруу боюнча ишти тездетишсин жана анын 2020-жылы аткарылышын камсыз кылышсын.
- КР ЖК жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысынын штаттык кызмат бирдигин киргизүү жөнүндө жобонун бөлүгүндө мыйзамдын аткарылышына көзөмөлдү күчөтсүн.

## 2. *“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы (КРнын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статустары жөнүндө”, “Борбор шаардын статусу жөнүндө”, “Ош шаарынын статусу жөнүндө” мыйзамдары) 2019-ж. 8-август №118*

**Таасирди баалоо**

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен |
|---|---|
| • Депутаттык ыйгарым укуктарды мамлекеттик же муниципалдык билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемесинин жетекчисинин кызмат орду менен айкалыштыруу укугу берилет.<br>• Соттуулугу кайтарылган же алынып салынган күндөн тартып, кылмыштын оордугуна жана кылмыштын түрүнө жараша, жарандын мөөнөтү аяктаганга чейин шаардын мэри, айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордун ээлешине тыюу салынган шарттар айырмаланды.<br>• Талапкердин мамлекеттик тилди (сертификат) билүүсүн аныктоонун тартиби жөнгө салынган.<br>• Жергиликтүү кеңештин сессиясында депутаттын катышпагандыгынын жүйөлүү себептери деп табылган учурлар кынтыксыз түрдө аныкталат, чечимдерди кабыл алуу тартиби жөнгө салынат (жүйөлүү себептерсиз катары менен 4 жолудан ашык жок болууга уруксаат эмес).<br>• Мыйзамдар мандаттан ажыратуунун негиздери жана тартиби боюнча шайкештирилген. |  |
| • Шаардын мэрин, айыл өкмөт башчысын, кайрадан  шайлоону дайындоо жана өткөрүү үчүн конкреттүү негиздер аныкталды. Ошентип, белгиленген мөөнөттө бир дагы талапкер көрсөтүлбөсө же катталбаса, же көрсөтүлгөн же катталган талапкерлер добуш берүүдөн баш тартса, кайра шайлоо өткөрүлөт. Эгерде кийинки шайлоодо бир дагы талапкер көрсөтүлбөсө же катталбаса, же көрсөтүлгөн же катталган талапкерлер добуш берүүдөн баш тартса, депутаттар тарабынан талапкерлер көрсөтүлөт жана сөзсүз Премьер-министрдин же райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы тарабынан  - акимдин көрсөтүлгөн талапкер менен кайрадан шайлоо өткөрүлөт. | |
| **Күтүлгөн натыйжа (негиздеме-кат боюнча)** | |
| Мыйзамдын негизги максаты ЖӨБ органдарынын сапаттык курамын жакшыртуу, ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу тартибин жана ЖӨБ органдарынын кайра шайлоолорун өткөрүү тартибин жөнгө салуу болуп саналат. | |

**ЖӨБ органдарынын пикирлери**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде келип чыккан көйгөйлөр |
|---|---|
| • Депутаттык ыйгарым укуктарды мамлекеттик же муниципалдык билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемесинин жетекчисинин кызмат орду менен айкалыштырууга болгон чектөөлөрдүн алынып салынышы жергиликтүү кеңештердин курамынын сапатына жакшы таасирин тийгизиши керек. Акыркы мезгилде депутаттардын билим деңгээли төмөн болуп жатканы байкалууда.<br>• Мыйзамда депутаттын жыйынга келбей калуу мүмкүнчүлүгүнө олуттуу себептери так аныкталган. | • Мамлекеттик же муниципалдык билим берүү же саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери депутат болгондо кызыкчылыктардын кагылышы келип чыгат. Жергиликтүү бюджеттин акыйкатсыз бөлүштүрүлүүсү жана жергиликтүү кеңештерде карама-каршылыктардын келип чыгуу учурлары бар. Мындай талапкерлер шайлоо учурунда добуштарын топтоо үчүн өз кызматкерлерин колдоно алышат. Мындан тышкары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү чечим кабыл алууда мамлекеттик же муниципалдык билим берүү же саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери тиешелүү министрликтер аркылуу алардын жогорку жетекчилигине көз каранды болуп калуудан коркушат.<br>• Жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн жоопкерчиликтүү чараларды белгилөө, алардын ишинде активдүүлүгүнүн төмөндүүлүгүн көрсөтүү, каалаган натыйжасын берген жок. Депутаттар тартипти бузууну улантууда. |

**Таасирди сүрөттөө**

ЖӨБ орган өкүлдөрүнүн депутаттык ыйгарым укукту мамлекеттик же муниципалдык билим берүү жана саламаттык сактоо мекемелеринин жетекчилеринин кызматы менен депутаттык ыйгарым укуктарды айкалыштруу укугун берген ченем боюнча пикири бөлүштүрүлдү. Айрым респонденттер аны туура, жарандардын шайлануу укугун ишке ашыруу, ошондой эле жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын билим берүүсүнүн жалпы өсүшүнө көмөк көрсөтүү мүмкүндүгү катары белгилешти. Бирок көпчүлүк корреспонденттер андагы “көмүскө таштардын” бар экендигин айтышты: мекемелердин жетекчилери депутат болгондо, жергиликтүү бюджетти бөлүштүрүүдө өз мекемелеринин кызыкчылыктарын ачык коргой башташат, мындан улам чектелген бюджеттик ресурстарды адилетсиз бөлүштүрүү орун алып, карама-каршы кырдаалдар жаралат.

*ПИКИР*
*“Менин пикиримде, бул ченем (депутаттык ыйгарым укуктарды мамлекеттик же муниципалдык билим берүү мекемесинин жетекчисинин кызматы менен айкалыштыруу) жакшы эмес. Башка муниципалитеттердин практикасынан мектептин директорлору жергиликтүү бюджеттин каражаттарына мектепти оңдоо боюнча отчет алыша элек. Мугалимдер депутат болсо болот, бирок мектептин директору депутат болбошу керек“.*
*АӨ башчысы, Кара-Суу  району*

Сейрек учурларда гана (бештен бир) респонденттер жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тартиптүүлүгүн белгиледи. Калган респонденттер депутаттардын тартибинин төмөндүгүнүө даттанышты (сессияга катышпайт, жергиликтүү жамааттардын турмушуна аралашпайт, шайлоо алдында элге берген убадаларын аткарбайт). Муну менен мындай депутаттардын жоопкерчилигин күчөтүүгө багытталган мыйзам ченеми иштебейт, анткени депутаттар аларга көрүлгөн жаза чарасына сотторго даттанганда, депутаттар жакта болуп, мандаттарын кайтарып берет.


**Сунуштар**

- Шайлоочулардын өтүнүчтөрүн аткарбай койсо алар депутаттарды чакыртып алуу жол-жобосу жок. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү шайлоочулардын кызыкчылыгын  уятсыз депутаттардан коргоонун ушундай ченемди иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарылдыгын айтышууда.

- Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын АӨ башчыларын шайлоону атайын үзгүлтүккө учураткан учурлары бар. Бул үчүн административдик жоопкерчилик киргизүү керек.

### 3. *2019-жылдын 8-августундагы № 117 «“Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу»*

**Таасирди баалоо**

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдары тийгизген таасирин баалоо, % менен |
|---|---|
| • Шайлоочулардын тизмесин түзүү жол-жобосу, талапкер статусун алуу, шайлоочуларды кабардандыруу, ошондой эле үгүт жана добуш берүү тартиби такталууда.<br>• Мажоритардык шайлоолордо аялдар үчүн (30 пайыз резерв) мандаттарды резервдөө, ошондой эле ушул резервделген мандаттарды мөөнөтүнөн мурда токтотууда ордун алмаштыруу тартиби киргизилүүдө.<br>• Мажоритардык шайлоолор үчүн күрөө киргизилүүдө.<br>• Добуш берүүнүн бирдиктүү күнү киргизилүүдө.<br>• Жалпысынан “КР Президентин жана ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамы менен шайкеш келтирүү жүргүзүлүүдө. |  |
| **Күтүлгөн натыйжа (маалымкат-негиздемеге ылайык)** | |
| • Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо процессин жана жол-жобосун оптималдаштыруу.<br>• Айылдык кеңештерде аялдардын болушун камсыздоо жол-жоболорунун эсебинен гендердик теңдикти камсыздоо. | |

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашырууда аныкталган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Жарандардын шайлоолорго карата ишеними жогорулады, алар активдүү добуш бере башташты.<br>• Гендердик баланс принциби сакталууда.<br>• Добуш берүүнүн бирдиктүү күнү ЖӨБ органдарынын шайлоолорду даярдоо жана өткөрүүгө убактысын кыйла үнөмдөйт. | • Аялдар үчүн 30 %дык мандаттардын резервинин болушу талапкерлердин жана шайлоочулардын укугун бузат. Жооптуу адамдардын баары эле бул ченемди кантип аткаруу керектигин түшүнө бербейт, бул үчүн жол-жоболор жазылган эмес. Ошондой эле аялдар бардык жерлерде эле шайлоолорго катыша албайт деген кооптонуу дагы бар.<br>• Депутаттардын билим деңгээли төмөн бойдон калууда. Бул алар тарабынан кабыл алынган чечимдердин сапатына таасир тийгизет.<br>• Добуш берүүнүн бирдиктүү күнүн уюштурууда бюллетендерди чаташтыруу болушу мүмкүн. |

**Таасирди сүрөттөө**

Жалпысынан мыйзам терс пикирлерге караганда бир кыйла жашкы пикирлерге ээ болду, бирок ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн айрымдарынын пикиринде ушул мыйзамдын айрым нормалары дагы бөлүштүрүлгөн. Мисалы, айрым респонденттер жергиликтүү кеңештерде аялдар үчүн 30 %ды киргизүүнү колдоду, бирок экинчи бөлүгү ушул норма боюнча шайлоочулар менен шайлануучулардын укугун бузат деп эсептеген терс пикирлерин билдиришти.



*ПИКИР*

*“Аялдардын жергиликтүү кеңеште болгондогу пайдасы, аял-депутаттар, адатта, социалдык маселелерге көбүрөк көңүл бурат, ал эми эркектер ал тууралуу унутуп да калышат“.*

*АӨ башчысы, Москва району*

*ПИКИР*

*“Аялдар үчүн 30 %дык–квота эркектердин укугун бузат. Эгер добуш берүүдө татыктуу эркек талапкер 200 добуш алса, ал эми ага караганда татыксыз аял 10 добуш алса, анда аял талапкер өтүп кетет – бул адилетсиз көрүнүш жана шайлоого катышуучуларды бирдей эмес абалга кептейт. Ошондой эле шайлоочулардын укугу бузулат. Бул ченемдин бардык жарандарга шайлоо жана шайлануу укугун кепилдеген Конституцияга ылайыктуулугун текшерүү керек“.*

*АӨ башчысы, Москва району*

Добуш берүү үчүн бир эле күндү белгилеген ченемди киргизүү дагы убакытты жана каражатты кыйла үнөмдөө үчүн негиз катары эсептеген ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн колдоосуна ээ болду жана ар кайсы шайлоо жана алардын бюллетендеринин ортосунда чаташуу пайда болот деген кооптонууну пайда кылды.

Жергиликтүү кеңештин депутаттарын кесиптик даярдыгынын төмөнкү деңгээли, алардын 40 %дан ашыгы орто билимге гана ээ болуп, кээде бир жыл стаж топтобой туруп, мандатка ээ болуп жатышы дагы эле респонденттерди тынчсыздандырууда.


Ушул Баяндаманын биринчи бөлүгүндө белгиленгендей, жергликтүү кеңештин ишинин сапаты жана жергиликтүү парламенттик демократиянын туруктуулугун жергиликтүү кеңештерди таратуулардын саны менен өлчөсө болот. Тилекке каршы, бул көрсөткүч Кыргыз Республикасында акыркы беш жылда жогору бойдон калууда – 2016-2019-жж. кворумдун жоктугунан же ЖӨБ аткаруу органынын башчысын тандай албагандыктан 58 жергиликтүү кеңеш таратылган, бул алардын жалпы санынын 12 %ын түзөт. Жергиликтүү кеңештерди таратууга болот, бирок бул өзгөчө учурда гана болушу керек, ал эми 12 % – бул системалуу проблеманын белгиси

**Сунуштар:**

- Жергиликтүү кеңештердин депутаттарына талапкерлер үчүн жогорку же орто-кесиптик билиминин болушун жана ошондой эле жакшы иш тажрыйба талаптарын киргизүү.
- Бардык жарандарга бирдей шайлоо жана шайлануу укугун кепилдеген КР Конституциясына депутат айымдар үчүн 30 пайыздык квотанын ылайык келүүсүн текшерүү.
- Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын окутуу тутумун туруктуу негизде киргизүү.

## 4. *2019-жылдын 21-декабрындагы № 140 «“Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»*

### Таасирди баалоо

<table>
<tr><th>ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр</th><th>ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен</th></tr>
<tr><td>• Диний уюмдардын түзүүчүлөрүнүн жергиликтүү кеңештер менен диний уюмдары түзүүнү демилгелеген жарандардын тизмесин, диний уюмдардын миссиясын жана мыйзам алдында уставдын алкагында жооптуу адамдарды (алардын фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган күнүн, жарандыгын, жашаган жерин, паспортунун номерин жана сериясын көрсөтүү менен) макулдашуу милдеттери алынып салынды.</td><td rowspan="3">
</td></tr>
<tr><th>Күтүлүүчү натыйжа (негиздеме- маалымкатка ылайык)</th></tr>
<tr><td>• Аталган Мыйзам долбоорунун максаты жана милдети “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КР Мыйзамынын 10-беренесин жергиликтүү кеңештер менен болгон жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды КРн Конституциясынын 20- жана 35-беренесинин 2-бөлүгүнө каршы келген  чечимдерине ылайык келтирүү.</td></tr>
</table>

### ЖӨБ органдарынын  пикири

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашырууда жаралган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Дин мамлекеттин ишине аралашпашы керек жана жаңы мыйзамдын ченемдери буга өбөлгө болот. | • Диний экстремизмдин күчөө коркунучунун актуалдуулугунан улам жерлерде диний уюмдарды түзүү маселелерин ЖӨБ органдары тарабынан кошумча көзөмөлгө алуу мүмкүнчүлүгүн  чыгарбоо керек |

### Таасирди сүрөттөө

Мыйзам анкеталык сурамжылоо учурунда эмне себептен көп добуш (%) алгандыгы түшүнүксүз. Интервьюнун катышуучулары бир ооздон диний уюмдардын көбөйүшү (өзгөчө экстремисттик негиздеги) ЖӨБ органдарынын көзөмөлүнөн чыгып жаткандыгын жана анын кооптуулугун белгилешүүдө.

*ПИКИР*

*“Исламдашуу кулач жайып бараткан учурда, мамлекеттик органдар жана айыл өкмөттөр диний уюмдарга болгон көзөмөлүн күчөтүш керек”*

*АӨ жооптуу катчысы*

Бул сын-пикир 2020-жылы КРда  катталган диний уюмдардын – 3 385 (алардын ичинен 85 %ы ислам мекемелери) эсебинен улам актуалдуулукту жаратты. 2019-жылдын расмий маалыматтары боюнча 20 уюмду экстремисттик деп таап жана аларга тыюу салган. Өлкөдөгү диний миссионерлердин жана алардын иш алып баруу багыттары боюнча маалыматтар менен Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия кабардар эмес. Республика боюнча жалпы 2 269 мечит, 1 синагога жана 233 христиан мечити бар. Белгилей кетүүчү жагдай, респонденттердин берген жоопторунан улам мечиттерди жергиликтүү бюджеттерден каржылоо фактысы ачылды, бул ЖӨБнун каржылоо милдеттеринин чегинен чыгып кетет.


### Сунуштар:

- Тийген таасирди анализдеп чыгып, анын натыйжалары боюнча мыйзамдын жаңы талаптарын кайра карап чыгуу менен бирге, экстремисттик өңүттөгү диний мекемелердин жайылуу коркунучун жараткан кырдаалга көзөмөл кылууну ЖӨБ органдарына кайтарып берүү.

- Жергиликтүү бюджеттердин эсебинен каржыланган мечиттер боюнча фактылардын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү.

## 5. Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 12-апрелиндеги № 48 «“Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу»

**Таасирди баалоо**

<table>
<tr><th>ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр</th><th>ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен</th></tr>
<tr><td>• Муниципалдык кызматтан мамлекеттик кызматка өтүүдө жана кайта өтүүдөкласстык чени берүү тартиби такталган.<br>• Улуттук кадрлар резервин пайдалануунун маселелери такталды.<br>• Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын стажына партиялык, комсомолдук органдарда жана Советтик Армияда иштеген убактысы киргизилет.</td><td rowspan="3">
</td></tr>
<tr><th>Күтүлүүчү натыйжа (негиздеме-маалымкатка ылайык)</th></tr>
<tr><td>• Мамлекеттик башкаруу органдарында жана ЖӨБ органдарында кесиптик кызмат өтөөгө тийиштүү айрым ченемдерди колдонуу тартибин түрдүүчө түшүнүү жоюлду.<br>• Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды (анын ичинде саясий кызмат орундарын (акимдерди, айыл өкмөтүнүн башчыларын жана башкаларды) окутууга мамлекеттик заказды түзүү тартиби жөнүндө ченемдерди тактоо.</td></tr>
</table>

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде табылган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Мыйзам муниципалдык кызматчыларды материалдык эмес мотивациялоону колдоого көмөктөшөт, алар мамлекеттик кызматка өткөн учурда класстык ченин жоготушпайт.<br>• Мамлекеттик заказдын негизинде акимдерди жана АӨ башчыларын окутуу үчүн жакшы шарттар түзүлдү.<br>• Муниципалдык кызматтын муктаждыктары үчүн Улуттук кадрлар резервин пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү кеңейтилди. | • Муниципалдык кызматчылардын эмгек акысы мамлекеттик кызматчыларга караганда мурдагыдай эле төмөн.<br>• ЖМА тараптан ЖӨБ органдарынын кызматкерлерин "командалык" дайындоо ("телефон укугу") практикасы сакталган.<br>• Мыйзам менен кабыл алынган ченемдерге карабастан, Улуттук кадрлар резерви өзгөчө ЖӨБ айыл органдарында кээде гана колдонулат. |

**Таасирди сүрөттөө**

Мыйзамга ЖӨБ органдарынын көпчүлүк суралган өкүлдөрү тарабынан жакшы баа берилген. Бул 2017-жылдан бери киргизилген ЖӨБгө тийиштүү өзгөртүүлөрдүн экинчи пакети, бул муниципалдык кызматты реформалоо акырындак менен өнүгүп жатканынан айтып турат.

Квалификациялуу кадрларды муниципалдык кызматка тартууда баарына мурда материалдык жана карьералык мотивациянын төмөндүгүнөн келип чыккан кыйынчылыктар ЖӨБ органдарынын эң курч көйгөйлөрүнүн бири болуп эсептелет. Ошондой болсо да, Мыйзамга киргизилип жаткан өзгөртүүлөр акырындык менен бул көйгөйдү чечүүгө оң таасирин тийгизүүдө. Алсак, 2020-жылдын 1-январына карата ЖӨБ органдарында 863 административдик кызмат орун же республика боюнча мындай кызмат орундардын жалпы санынын 9 %ы бош калган. Бул көрсөткүчтүн мааниси 2019-жылдын 1-январына караганда жакшы – 12 % (1 207 бош административдик кызмат орун). Мыйзамдын оң таасири

1 Мында ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү чыныгы таасири эмес, күтүлгөн таасири жөнүндө айтышууда.

кадрлардын кетүүсүндө да көрүнүп турат – бул көрсөткүч азаюу тенденциясына ээ. Алсак, 2019-жылы кадрлардын кетиши (7 %) 2016-жылга карата 3 эседен көп кыскарган (24 %).

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын укуктары теңелгенине карабастан, эмгек акынын өлчөмүн салыштыра келгенде маселе ачык бойдон калууда. Азыркы шарттарда ЖӨБ органдарында бир адиске туура келген иштин көлөмү жана түшкөн жүктүн орточо өлчөмү мамлекеттик органдарга караганда бир топ жогору. ЖМА жана облустук администрациялар өз алдынча системалуу маалымат топтоо менен сейрек алектенишет, аны ЖӨБ органдарынан сурап, андан кийин өзүнүн атынан КР Өкмөтүнө жөнөтүшөт. Муниципалитеттердин кызматкерлери алар мамлекеттик кызматчылардын ишин жасап жатабыз, ал эми эмгек акысы алардыкынан төмөн деген пикирде жүрүшөт.

Бул Мыйзамды талкуунун жүрүшүндө көптөгөн респонденттер ЖӨБ органдарында штаттык санды аныктоо жана берилген ыйгарым укуктарды ишке ашыруу маселесин кайрадан көтөрүштү, бул маселе мурдагыдай эле абдан курч бойдон экендигин билдирет.

*ПИКИР*
*“ЖӨБ органдарында муниципалитеттин чыныгы муктаждыктарына жараша кызмат орундарынын түзүмүн аныктоо эркиндиги болууга тийиш. Мында кайрадан эле ыйгарым укуктарды берүү маселеси курч бойдон калууда. Мен аскердик эсепке алуу боюнча үч адисти кармоого мажбурмун, алар үчүн Коргоо боюнча комитет мага төлөп берүүнү каалабай жатат. Алардын ордуна мага керектүү адистерди – сатып алуулар боюнча адисти, маалыматтык технологиялар боюнча адисти, инвестицияларды тартуу боюнча адисти жалдасам болмок".*
*АӨ башчысы, Москва району*

**Сунуштар:**
- Мыйзамга АӨ башчысы класстык ченди, мисалы, кызмат ордунда үч жыл болгондо алышына кепилдик берген ченем киргизүү керек.
- Кызматтык ставкаларын мамлекеттик кызматчылардын ставкаларына жакын кылуу менен муниципалдык кызматчылардын эмгек акы төлөө фондун түзүү принциптерин карап чыгуу керек.
- ЖӨБ органдарына өзүнүн уюштуруучулук түзүмүн өз алдынча аныктоо укугун, ошондой эле кошумча кызматкерлерди жумушка жалдоо же берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарын аткарууга муниципалдык кызматчыларга кошумча төлөө укугун берүү керек.

## 6. Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 12-апрелиндеги № 48 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Мыйзамы

**Таасирди баалоо**

Мыйзам 2019-жылдын Баяндамасында каралган жана көп сандаган оң пикирлерди алган (80 %). Өзгөрүүлөрдү талдоо үчүн анын таасирине 2020-жылдын Баяндамасында баа берүү сунушталат.

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр | ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен |
|---|---|
| • Мыйзам менен ЖӨБ органдарына текшерүү жүргүзүү тартиби белгиленген |  |

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде табылган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Мыйзам мурдагыдай эле жакшы иштейт. Ашыкча жана негизсиз текшерүүлөрдүн саны олуттуу кыскартылды.<br>• Текшерүүлөрдү жүргүзүү процессине коомчулуктун өкүлдөрүн тартуу менен алардын объективдүүлүгүн жана ачыктыгын жогорулатты. | • Жарандар даттануулар менен көп кайрылышат (мисалы, акыркы окуяларда – гуманитардык жардамды бөлүштүрүү), буга жооп катары прокуратура кызматкерлери текшерүүлөрдү жыш жүргүзүп турушат.<br>• Көбүнчө жарандар айыл өкмөтүнүн иш-аракетине негизсиз даттанышат, бирок арызда көрсөтүлгөн фактылар ырасталбаса, арыз ээсине карата эч кандай чара колдонулбайт.<br>• Пландуу текшерүүлөрдү жүргүзүүгө уруксат алган ведомстволордун тизмесине кирбеген органдардын өкүлдөрү текшерүү жүргүзгөн учурлар бар.<br>• Мындай практика жаралат: текшерүүчүлөр муниципалитеттерге келишпейт, бирок текшерүүчү органдардын кызматкерлери муниципалитеттердин кызматкерлерин жумуш бөлмөлөрүнө чакырып, ошол жерден суроо беришет. |

**Таасирди сүрөттөө**

ЖӨБ органдары мурдагыдай эле бул Мыйзамды жогору баалайт. Өткөн жылы кырдаал начарлаган эес жана текшерүүчү органдар бир катар учурларда анын талаптарын сакташат, бул ЖӨБ органдарынын ишине сөзсүз түрдө жакшы таасир этет – кызматкерлер аз алаксышат жана бир топ тынчыраак жагдайда иштешет.

Ошондой болсо да, текшерүүлөрдүн саны Башкы прокуратуранын маалыматтарына ылайык кыскарбай жатат. Алсак, 2018-жылы ЖӨБ органдарына 746 текшерүү жүргүзүлгөн, 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча 900дөн кем эмес текшерүү жүргүзүү күтүлүүдө. Мында Башкы прокуратуранын расмий маалыматтарында дээрлик 16 %ына карата текшерүү предмети көрсөтүлгөн эмес, ошондой эле кайсы текшерүүлөр пландуу, ал эми кайсылары пландан тышкары болгондугу тууралуу маалыматтары жок. Бардык текшерүүчү органдарга карата тартип салынган эмес анов.

Башка көйгөй ЖӨБ органдары өздөрү текшерүүлөргө карата өз укуктарын начар билишет, текшерүү пландарына кызыгышпайт, текшерүү жүргүзүүдө жол-жоболорду, мисалы, аларды каттоо бөлүгүн сакташпайт.

*ПИКИР*

*“Бул ченем азырынча иштебейт деп эсептейм. Биринчиден, Экотехинспекциянын өкүлдөрү ЖӨБ органдарын бир жылдын ичинде 5-6 жолу текшерет, ал эми Мыйзамдай мындай жок. Практикада, эгер текшерүүчү органдар муниципалитеттин аймагындагы мекемени же уюмду текшерүүгө келсе, тизмеге автоматтык түрдө айыл өкмөтүн да кошот. Мисалы, прокуратура мектепти текшерет, буга чейин ЖӨБ органына текшерүү жүргүзүлгөнүнө карабастан, бизди да сөзсүз текшерет. Ошентип, бир жылдын прокуратура тарабынан ЖӨБ органына текшерүүлөр көп жүргүзүлүп жатат. Бул туурабы? Ошондой эле социалдык тармактарда, мисалы, Facebook же Youtube көйгөй жөнүндө макала же видео жарыяланар замат дароо прокуратурадан текшерүү келет. Бул ченемдик укуктук актылардын ченемдерине канчалык деңгээлде туура келет".*

*АӨ башчысы, Чоң-Алай району*

Жыйынтыгы боюнча мыйзам бузуулар табылбаган, ал эми арызданууучу эч кандай жоопкерчилик тартпаган калктын негизсиз даттануулары боюнча текшерүүлөр курч маселе бойдон калууда.

Ошол эле убакта, ЖӨБ органдары даттанууларга байланыштуу кырдаалга таасир этүүгө жөндөмдүү экендигин – иш жакшы жолго коюлган жерде даттануу азайганын моюнга алышат, ал эми адамдар прокуратура органдарына эмес, ЖӨБ органдарына кайрылышат.

*ПИКИР*
*"Калк маселелер чечилерин түшүнгөндө, жарандар текшерүүчү органдарга караганда айыл өкмөтүнө көбүрөөк кайрылууда".*
*АӨ башчысы, Кара-Суу району*


**Сунуштар:**

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата негизсиз же жалган даттануулары текшерүүчү органдарга берген адамдар үчүн жоопкерчиликти мыйзамга киргизүү.
- Мыйзамдарга туура сактабаган мамлекеттик органдарга парламенттик көзөмөлдү күчөтүү (кеңсеге чакыруу менен текшерүүчүлөрдү алмаштыруу, бир уюм текшерүү жүргүзүп жаткан учурда үстү-үстүнө башка да уюмдардын текшерүүсү ж.б.)

### 7. «"Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" ("Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө", "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө") » КРнын 2016-жылдын 12-декабрындагы № 196 Мыйзамы

**Таасирди баалоо**

Мыйзам 2019-жылдын Баяндамасында каралып, көптөгөн терс сын-пикирлер айтылган (61 %). Өзгөртүүлөрдү талдоо максатында анын таасирин 2020-жылдын Баяндамасында кайрадан баалоо сунушталды.

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр | ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен |
|---|---|
| • Мыйзам жергиликтүү маанидеги жаңы маселе – калкка юридикалык кеңеш берүү менен толукталды. Мыйзамдын жаңы редакциясына ылайык, шаар мэрлери, айыл өкмөттөрү калкка юридикалык консультация берүү тутумун иштеп чыгышат жана ишке ашырышат, калкка юридикалык кеңеш берүүдө жана социалдык жактан коргоодо жалпы абал жөнүндө жергиликтүү кеңешке отчет беришет. |  |

**ЖӨБ органдарынын пикирлери**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде келип чыккан көйгөйлөр |
|---|---|
| • Калкка акысыз юридикалык кеңештерди алуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү. | • Юридикалык кеңеш берүү бул дагы бир кошумча жергиликтүү маанидеги маселе, каржы жана кошумча штат менен камсыздалбайт.<br>• ЖӨБ органдарынын учурдагы кызматкерлери жарандардын көптөгөн маселелери боюнча кеңеш бере алышпайт.<br>• Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында юристтин штаттык бирдиги жок<br>• Жер-жерлерде квалификациялуу юристтер жетишпегенди билинип турат.<br>• Дотациядагы АӨтөрү мындай функцияны ишке ашыруу үчүн квалификациялуу юристтерди жалдоого мүмкүнчүлүктөрү жетпейт. |

**Таасирди сүрөттөө**

Анонимдүү анкетаны талдоо жүргүзгөндө, мурунку Баяндаманы жарыялангандан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү тарабынан мыйзамга берилген баа жакшы жагына өзгөргөнүн көрсөткөн. Бирок, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү менен маектешүүнүн натыйжалары тескерисинче болуп чыкты - көпчүлүгү мыйзам жөнүндө терс пикирлерин айтышты. Негизги билдирүү – өкмөт абдан жакшы демилгени көтөрүп чыккан, бирок эмнегедир аны

жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мойнуна жүктөөнү чечкен. Бул мыйзамды текшерип өткөрүүчү пункту жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесине киргизген, бирок бул маселени сапаттуу чечүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тийиштүү адамдык жана каржылык ресурстар менен камсыз болгон эмес.

Консультациялык жана юридикалык жардам көрсөтүү борборлорун түзүү боюнча Өкмөт тарабынан көрүлгөн чаралар (негизинен райондук жана облустук маанидеги шаарларда) жетишсиз болуп, административдик-территориалдык бирдиктердин 5 % гана камтууга мүмкүнчүлүк берди. Ошол эле учурда, жер-жерлерде акысыз юридикалык кеңештерге муктаждык абдан жогору экендиги белгиленди. Ошондой эле айыл жергесинде квалификациялуу юристтердин жетишсиздик көйгөйү бар.

*ПИКИР*

*“Айыл жеринен квалификациялуу адисти табуу өтө кыйын. Жаш адистер келсе, тажрыйба топтоп алып, көп өтпөй жогорку айлыктуу жумушка кетип калышат. Шаардык муниципалитеттерден айырмалаган шарттарды аныктап, айыл өкмөттөрүн ушул милдеттенмеден бошотсо жакшы болмок.“*

*Москва району АӨ башчысы*


**Сунуштар:**

- Бул кызматты жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесинен толугу менен чыгарып салуу же штаттык бирдик жана каржылык колдоо менен коштолгон ЖӨБ органдарына мамлекет тарабынан берилген ыйгарым укуктар категориясына өткөрүү.
- Калкка юридикалык кеңешти берүүнүн толук кандуу вертикалдык тутумун иштеп чыгуу боюнча чараларды көрүү.

## 8. «“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» 2018-жылдын 27-январындагы №16 Мыйзамы

***Таасирди баалоо***

Мыйзам 2019-жылдын Баяндамасында каралып, көптөгөн оң сын-пикирлер (92 %) кабыл алынган. 2019-жылдын Баяндамасын жазуу учурунда, мыйзам көптөн бери күчүндө болгон эмес. Өзгөртүүлөрдү талдоо максатында анын таасирин 2020-жылдын Баяндамасында кайрадан баалоо сунушталды.

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр | ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен |
|---|---|
| • “Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери“ макаласынын жаңы редакциясында “каржылык негиздер“ жана “экономикалык негиздер“ түшүнүктөрү өзүнчө көрсөтүлгөн.<br>• Жаңы редакцияда “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө, ошондой эле акционердик коомдорго катышууга укуктары“ деген макала бар. Жаңычылдык, ЖӨБ органдарынын тийиштүү укуктары жергиликтүү маанидеги маселелерди натыйжалуу жана ыкчам чечүүнү камсыз кылуу, ошондой эле өздөрүнүн аймагындагы экономикалык өнүгүүнү стимулдаштыруу үчүн чектелгендигинде. Мындан тышкары, ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү укугу муниципалдык ишканаларга, коммерциялык эмес уюмдарга, акционердик коомдорго көрсөтүлгөн, муниципалдык ишканалар жана коммерциялык эмес уюмдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кызмат көрсөтүү үчүн түзүлгөн, аны камсыз кылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлгөн.Ошентип, жаңычылдык, жергиликтүү бюджеттин эсебинен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функциялары менен байланышпаган, коммерциялык мүнөздөгү ишканаларды көзөмөлсүз түзүү үчүн мыйзамдык тоскоолдуктарды түздү. |  |

| | |
|---|---|
| • Мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, аткаруучулардын, каржылоонун жана муниципалдык буюрманын аткарылышына байланыштуу башка маселелердин укуктарын белгилеген “Муниципалдык буюртма” деген жаңы берене менен толукталды. | |

**ЖӨБ органдарынын пикирлери**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде келип чыккан көйгөйлөр |
|---|---|
| • Муниципалдык ишканаларды түзүү тартиби жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түздөн-түз жүзөгө ашырылып келген кызматтарды натыйжалуу аткарылып жана анча натыйжалуу эмес уюштурууга мүмкүндүк берди. (мисалы, катуу тиричилик калдыктарын чогултуу жана чыгарып кетүү кызматы).<br>• Калкка кызмат көрсөтүү сапаты жакшырып, ЖӨБ органдарына болгон ишеним артууда.<br>• Түзүлгөн муниципалдык ишканалар жана мекемелер Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамга ылайык, мамлекеттик сатып алуулар порталында сатып алуучу уюмдар жана берүүчүлөр катары катталат. Бул ЖӨБ органдарынын ишин кыйла жеңилдетет.<br>• Муниципалдык ишканаларды ачуу жана муниципалдык буюртма берүү тартиби толук түшүндүрүлдү. | • ЖӨБ органдарында муниципалдык ишканаларды ачуу тажрыйбасы жетишсиз.<br>• Муниципалдык кызмат көрсөтүүчү ишканаларды түзүүдө көптөгөн бюрократиялык тоскоолдуктар жаралууда. |

**Таасирди сүрөттөө**

Берилген мыйзамдын 2018-жылы кабыл алынган өзгөртүүлөрү ЖӨБ өкүлдөрү тарабынан колдоо таап келе жатат. 2010-жылдын Баяндамасында жаңы шарттар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жаңы эле каралып жаткандыгы жана муниципалдык ишканаларды түзүү дагы деле болсо азыраак темп менен жүрүп жаткандыгы белгиленген. 2020-жылдагы сурамжылоодо, ЖӨБ органдары аларды өздөштүрүп, иш жүзүндө жакшы өзгөрүүлөрдү ишке ашыра баштаганын көрсөткөн.

*ТҮЗ СӨЗ*

*“Биз ичүүчү суу боюнча муниципалдык ишканасын түзүү үчүн документтерди даярдап жатабыз, бул өтө керек уюм, калкка кеңири камтуу менен сапаттуу кызмат көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк бар.”*

*Ала-Бука району, АӨ башчысынын орун басары*

*“Мыйзамдын бул нормасы иштейт. Биз эки муниципалдык ишкана түздүк: суу менен камсыздоо жаатында жана үй-бүлөлөргө жана балдарга жардам берүү Борбору.”*

*Аламүдүн району, АӨ социалдык маселелер боюнча адиси*

*“Мыйзамга керектүү норма киргизилген. Биз эки муниципалдык ишкана ачтык: жергиликтүү маселелерди чечүүдө ийгиликтүү кызмат көрсөтүп жаткан машиналык-тракторлук тейлөө жана ичүүчү суу боюнча.“*

*Чоң-Алай району, АӨ башчысы*

Тилекке каршы, учурдагы тенденцияларды туура жана так талдоо үчүн муниципалдык ишканалардын саны боюнча толук маалыматтар дагы деле жеткиликтүү эмес. Ошондой эле муниципалдык буюртмаларды аткарып жаткан ЖӨБ органдары жөнүндө кенен маалыматтар жок, бирок, ЖӨБ органдарынын башчыларынын берген маалыматтарына таянса, бул багыт менен ЖӨБ да кызыкдар болушкан.

Бул өзгөрүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына муниципалдык ишканаларды кандай

максаттарда түзүүгө болоорун жана жумуш орундарынын өсүшүн көздөгөн бизнес уюштуруу үчүн мындай ишканаларды түзбөш керектигин түшүндүрүү жагынан чоң мааниге ээ.

Бул тактоо муниципалдык нан бышыруучу жайларды, ресторандарды жана башка ишкердик объектилерин түзүү, жергиликтүү бюджеттердин негизсиз, максатсыз жана натыйжасыз чыгымдалышына алып келген керексиз тажрыйбаны токтотуш керек.


**Сунуштар:**

- ЖӨБ органдары үчүн муниципалдык ишканаларды уюштуруунун укуктук, экономикалык жана каржылык аспектилери боюнча окуу курсун уюштуруу.
- Муниципалдык ишканаларды түзүү процессин оптималдаштыруу жана жөнөкөйлөтүү боюнча учурдагы бюрократиялык тоскоолдуктарды талдоо.

### 2.1.2. КР ЖК Бюджет жана финансы боюнча комитети тарабынан киргизилген мыйзамдардын таасири

### *9. Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 26-июнундагы № 76 «“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Мыйзамы*

**Таасирди баалоо**

| **ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр** | **ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен** |
|---|---|
| Түздөн-түз сатып алуулар методун колдонууга карата талаптар төмөнкүлөрдү кошуп өзгөртүлдү.<br>• Сатып алуучу уюм түзүүчүлөрү жана (же) катышуучулары саясий мамлекеттик, саясий муниципалдык кызмат орундарын, атайын мамлекеттик кызмат орундарын ээлеп турган адамдар жана алардын жакын тугандары болуп саналган берүүчү (подрядчы) менен сатып алуулар жөнүндө келишимди же алкактык макулдашууну түзө албайт. Сатып алуучу уюм берүүчүдөн (подрядчыдан) саясий мамлекеттик, саясий муниципалдык кызмат орундарын, атайын мамлекеттик кызмат орундарын ээлеп турган адамдар жана алардын жакын тугандары менен аффилирленгендиги жок экендиги тууралуу жазуу жүзүндөгү ырастоону талап кылууга укуктуу.<br>• Баасын жана техникалык өзгөчөлүктөрүн сактоо менен өткөрүлгөн конкурстун негизинде түзүлгөн келишим боюнча товарларды (курулуш кызматтарын) кошумча сатып алууда мурда колдонулуучу 10 пайыздык босого 5 пайызга чейин азайтылган.<br>• Бир жылдын ичинде бир миллион сомго чейин өз ишин камсыз кылуу үчүн ЖӨБ органдары тарабынан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жөнүндө пункт алып салынды.<br>• Бир этаптуу метод менен сатып алууларда “эки пакеттүү” деп аталган ыкма менен конкурс өткөрүү киргизилген: адегенде квалификациялык талаптар каралат, андан кийин аларга ылайык келбеген талапкерлер четтетилет, ушундан кийин гана баа маселеси каралат. Мында сатып алуучу уюмдун калган катышуучуларды алып салууга же четтетүүгө укугу жок. Муну менен эң төмөн баа сатып алуу жөнүндө чечим кабыл алууда башкы критерий болбой калды. Товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алууда, эгерде сатып алынуучу предметтин пландалган суммасы максималдуу босого суммасынын эки эселенген өлчөмүнөн ашса, сатып алуучу уюм эки пакеттүү ыкманы колдонууга тийиш |  |
| **Күтүлүүчү натыйжа (негиздеме-маалымкатка ылайык)** | |
| Мындан ары сатып алуулардын атаандашууга жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, мамлекеттик сатып алууларга тендерлерге катышууга көп сандагы жергиликтүү берүүчүлөрдүн кызыгуусун жогорулатуу, коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу жана сатып алуу процессине кызыкдар жактардын кийлигишүү мүмкүндүгүн жок кылуу. | |

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде келип чыккан көйгөйлөр |
|---|---|
| • Муниципалитеттер тарабынан сатып алууларды жүргүзүүдө коррупция үчүн мүмкүндүктөр азайтылды.<br>• Демпингдин таасирин азайтуунун эсебинен сатып алынуучу товралардын сапатын жогорулатуу мүмкүнчүлүгү пайда болду. | • Ошол эле 2019-жылы түздөн-түз келишим ыкмасы менен сатып алуулар үчүн киргизилген босого сатып алуу жол-жобосун, өзгөчө маселе ыкчам чечүүнү талап кылган учурда бир топ татаалдантат.<br>• Товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү кошумча сатып алуу үчүн босогону төмөндөтүү кыйынчылыктарды жаратат, анткени дайыма эле наркын, мисалы курулуш иштерин, так 5 % пландоого мүмкүн боло бербейт.<br>• Анча чоң эмес суммага тендер жарыяланган учурда мүмкүн болуучу катышуучулар кызыгышпайт. |

**Таасирди сүрөттөө**

ЖӨБ органдары бул өзгөртүүлөргө бир түрдүү баа беришпейт. Интервью жүргүзүлгөн респонденттердин баары киргизилген өзгөртүүлөр алар үчүн бир топ ыңгайсыздыктарды жаратканын бир добуштан билдиришсе да, Мыйзамга анкета жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча 81 % оң баа берилген. ЖӨБ органдары сатып алуулардын татаал жол-жоболорунан улам кыйынчылыктарды тартышат, өзгөчө бул кечиктирбестен чечүүнү талап кылган маселелердин ыкчам чечилишине таасир этат (муну COVID-19 менен күрөшүү практикасы ырастады). Көйгөйлөр табигый экономикалык шарттарга байланыштуу берүүчүлөрдүн саны чектелген аймактар үчүн да келип чыгууда. 2019-жылдын башында ЖӨБ органдары үчүн ыңгайлуу түз сатып алуулар үчүн босого (1 млн. сом) ошол эле жылы мындай босогонун болушу алып салынган.

*ПИКИР*

*"ЖӨБ үчүн бир миллион сомго чейин өзүнүн ишмердүүлүгүн камсыз кылуу үчүн түздөн-түз келишим түзүү усулу менен сатып алуу мүмкүнчүлүгү алынып салганы жаман болду. 2019-жылдын башында кабыл алып, ушул эле жылдын ортосунда алып салынган. Бул жергиликтүү маанидеги маселелерди, өзгөчө берүүчүлөрдүн саны чектелүү болгондо ыкчам чечүү үчүн бул ыңгайлуу болгон. Бул пунктту кайтарууну же кандайдыр бир акылга сыярлык босогону белгилөөнү көптөн-көп суранабыз."*

*АӨ башчысы*

*ПИКИР*

*"ЖӨБ органдарында түз сатып алууларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгү болууга тийиш. Тендерлерди уюштурууга абдан көп убакыт кетет. Андан кийин бизди сынга алышат жана маселени ыкчам чече албагандыгыбыз үчүн жазага тартышат. Техникалык себептер боюнча конкурс өткөрүү созулуп, финансы жылы аяктаган кырдаалдар келип чыгат. Жаңы жылда баарын жаңыдан уюштурууга туура келет".*

*АӨ финансы-экономикалык бөлүмдүн башчысы*

Баасын жана техникалык өзгөчөлүктөрүн сактоодо жүргүзүлгөн конкурстун негизинде түзүлгөн келишим боюнча товарларды (курулуш кызматтарын) кошумча сатып алуунун босогосу 10 %дан 5 %га чейин азайтууга да тиешелүү. Бул өзгөчө курулуш кызмат көрсөтүүлөрүнө тийиштүү, анда чыныгы наркы сметалык баасына караганда ашкан учурлар жыш кездешет.

*ПИКИР*

*"Кошумча сатып алуулардын пайыздык босогосун азайтууга карата – өзгөчө курулуш жана оңдоо иштери үчүн абдан ыңгайсыз. Анда баштапкы смета жетишсиз болгон кырдаалдар абдан тез-тез чыгып турат. Кошумча материалдар же кызматтар керек".*

*АӨ финансы-экономикалык бөлүмдүн башчысы*

Сатып алууларды квалификациялуу жүргүзүү көйгөйү маанилүү бойдон калууда. Ар бир эле АӨ сатып алуулар боюнча адистин кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөй алышпайт, ал эми иштеп жаткан кызматкрелердин билими жана көндүмдөрү жетишпейт.

Органдардын өкүлдөрү Мыйзамда подрядчылардын жоопкерчилиги начар аныкталган деп белгилешет. Жер-жерлерде подрядчы келишим түзгөндөн кийин контракттан баш тарткан же өзүнө пайдалуу жагына анын шарттарын өзгөрткөн учурлар кездешет.

**Сунуштар:**

- ЖӨБ органдары түздөн-түз келишим түзүү усулу менен сатып алууларды жүгүзүү үчүн босогону мыйзам тартибинде кайтаруу керек.
- Баасын жана техникалык өзгөчөлүктөрүн сактоодо жүргүзүлгөн конкурстун негизинде түзүлгөн келишим боюнча товарларды (курулуш кызматтарын) кошумча сатып алуунун босогосун 10 %га чейин (товарлар) жана 15-20 %га чейин кайрадан көбөйтүлсүн.
- Мыйзамда келишимден баш тартылган же келишимдин шарттарын өзгөртүүгө бир тараптуу талап кылынган учурда ак ниет эмес подрядчылардын жоопкерчилиги каралсын.
- ЖӨБ конкурстарды даярдоодо жана табыштамаларды кароодо салыштыруу үчүн учурдагы базар баалары жөнүндө маалыматтарды издөөгө жана тандоого убакыт кетирбеши үчүн борбордук деңгээлде баалар жана кызмат көрсөтүүлөр боюнча (региондор боюнча) маалыматтар базасы түзүлсүн.
- Муниципалитеттердин кызматкерлерин сатып алууларды жүргүзүүнүн укуктук жана техникалык көдүмдөрүнө үйрөтүүнү колдоо жана ал боюнча чараларды кеңейтүү керек.

*КР ФМ МСД КОММЕНТАРИЙИ*

*КР ФМ МСД көйгөйгө кеңири комментарий берет, анда чындыгында органдарда сатып алуулар процессинде маневр жасоо үчүн ар түрдүү мүмкүнчүлүктөр бар экендигин көрсөтөт, атап айтканда, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө“ КР Мыйзамынын 21-беренесине ылайык “түздөн-түз келишим түзүү усулун колдонуу учурлары олуттуу кеңейтилди.*

*<…> COVID-19 коронавирустук инфекцияны алдын алуу жана андан ары жайылуусун болтурбоо менен байланыштуу көйгөйлөрдү чечүүнүн ыкчамдуулугу үчүн <…>мамлекеттик сатып алуулар жаатында <…> иш-аракеттердин механизми иштелип чыккан“.*

*КР ФМ МСД директору Н. БАЙЗАКОВА, 2020-жылдын 10-сентябрындагы № 20-2-2/810.*

*КР ФМ КОММЕНТАРИЙИ*

*“…КР Финансы министрлигинин Окуу борбору (мындан ары – МФ Окуу борбору) <…> мамлекеттик сатып алуулар системасынын катышуучуларына карата окутууга диверсификацияланган жолду колдонуп, мамлекеттик сатып алуулар боюнча <…> онлайн-курстардыы <…> өткөрөт. <…> Онлайн-курстар алыскы реигондордогу жана тыгыз жумуш графиги бар угуучулар үчүн өзгөчө баалуу. “Мамлекеттик сатып алууларды башкаруу“ деген темадагы беш күндүк базалык онлайн-курстун наркы – 3000 сом. ЖӨБ органдарынын региондордогу бардык каалоочу кызматкерлери жолго, жашоого жана тамактанууга финансы каражаттарын коротпостон, мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө өзүнүн квалификациясын жогорулата алышат <…>. КР ФМ Окуу борбору 2018-жылдын мартынан тартып Мамлекеттик сатып алуулар боюнча электрондук тестирлөөнүн жана сертификаттарды чыгаруунун бирдиктүү маалыматтык системасын киргизген. <…>*

*ЖӨБ органдарынын <…> “КР ФМ Окуу борборунун сертификациялоо укугу сакталган учурда алгачкы окутуу аутсорсингин киргизүү жөнүндө“ сунуштамаларына жана каалоолоруна карата <…> 2016-жылдын 15-августунда “Сатып алуулар боюнча эксперттердин ассоциациясы“ АК менен кызматташуу жөнүндө меморандум түзүлгөн, анда КР ФМ Окуу борборунун филиалдары болбогон региондордо окутуу аутсорсингге берилгенин билдиребиз. <…> Өзгөчө кырдаал мезгилинде карантин убагында аралыктан*


*иштөө мезгилинде КР ФМ Окуу борбору онлайн-форматта окутууга өткөн <…>, алсак, 2020-жылдын 23-мартынан тартып 30-майына чейин 152 адам окутулган“.*

*Министрдин орун басары А.К. АЗИМОВ, 2020-жылдын 10-сентябрындагы № 08-1-2/8744.*

## 10. Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 10-августундагы № 90 Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекси

**Таасирди баалоо**

Кодекс 2019-жылы Баяндамада каралган жана Кодекстин таасири жөнүндө респонденттерден комментарийлер жетишсиз алынса да, көп сандагы оң пикирлерге (71 %) ээ болгон. Бир кыйла толук талдоо үчүн 2020-жылы Баяндамада анын таасирине кайрадан баа берүү сунушталат.

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр | ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен |
|---|---|
| “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө“ жаңы Кодекс төмөнкү мамилелерди жөнгө салат:<br>• салыктык эмес кирешелерди белгилөө, ишке киргизүү жана алуу боюнча;<br>• салыктык эмес кирешелерди эсептөөгө жана төлөөгө контролду жүргүзүү процессинде келип чыккандарды;<br>• ыйгарым укуктуу органдардын чечимдерин, алардын кызматкерлердин аракеттерин же аракетсиздигин даттануу боюнча. |  |

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде келип чыккан көйгөйлөр |
|---|---|
| • Статусу боюнча салыктык эмес кирешелер салыктарга теңдештирилген.<br>• Жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүн бир топ системалуу жана отчеттуу түзүү үчүн шарттары түзүлөт. | • ЖӨБдүн киреше мүмкүнчүлүгү аягына чейин ишке ашырылган эмес, Кодекстен тышкары ЖӨБ органдарынын киреше базасын кеңейтүү үчүн практикалык чаралардын комплекси керек. |

**Таасирди сүрөттөө**


Бул Мыйзамга оң баа өткөн жылы өскөн, ошондой болсо да респонденттер Кодексти кабыл алууга чейинки жана андан кийинки кырдаалдын ортосунда өзгөчө айырманы деле көрүшкөн жок. Бул салыктык эмес кирешелерди жөнгө салууну кодекстин статусуна чейин көтөрүү жетишсиз экендиги, киреше базаны бекемдөө боюнча бир катар практикалык жана таасирдүү чараларды көрүү керек дегенди түшүндүрөт. Акыркы бир нече жылдын ичинде жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешесинде салыктык эмес кирешелердин үлүшү өспөй жатат (төмөндө 14-таблицаны жана 34-диаграмманы караңыз).

***Таблица 14.** Жергиликтүү бюджеттин киреше түзүмүндө салыктык эмес кирешелердин салыштырмалуу салмагы жана динамикасы, млн. сом*

| | 2017-ж., факт. | 2018-ж., факт. | 2019-ж., факт. | 2020-ж., бекит. | 2021-ж., божомол | 2022-ж., божомол | 2023-ж., божомол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Киреше, бардыгы | 20 298,0 | 20 140,1 | 21 815,8 | 23 038,1 | 23 365,7 | 24 005,1 | 24 504,4 |

| | 2017-ж., факт. | 2018-ж., факт. | 2019-ж., факт. | 2020-ж., бекит. | 2021-ж., божомол | 2022-ж., божомол | 2023-ж., божомол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Салыктык эмес келип түшүүлөр | 2 664,4 | 2 977,1 | 3 248,2 | 3 121,7 | 3 372,9 | 3 383,6 | 3 385,9 |
| Салыктык эмес келип түшүүлөрдүн үлүшү | 13,1 % | 14,8 % | 14,9 % | 13,6 % | 14,4 % | 14.1 % | 13,8 % |

Салыктык эмес кирешелердин жергиликтүү бюджеттерге түшүүлөрүнүн динамикасын жакшыртуу жана алардын ЖӨБ кирешелеринде алардын салыштырмалуу салмагын көбөйтүү үчүн КР Өкмөтүнүн керектүү механизмдерди иштеп чыгуу жана киргизүү боюнча мындан аркы аракеттери талап кылынат. Бул: муниципалдык менчикти бир топ сапаттуу башкаруу (муниципалдык менчикти башкаруу чөйрөсүндө “келишим“ аукциондор жана муниципалдык жерлер жана кыймылсыз мүлккө, анын инвентаризациясын кошуп, бааларды төмөндөтүү үчүн мүмкүндүктөр дагы деле бар); финансы менеджментинин сапатын жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн негизинде жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин божомолдоонун сапатын жогорулатуу болушу мүмкүн.





***34-диаграмма.*** *Салыктык эмес кирешелерге салыштырмалуу жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешелеринин өсүү динамикасы.*

**Сунуштар:**

- Кабыл алынган Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексине кошумча “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө“ Кыргыз Республикасынын Мыйзамын да карап, иштин нагыз абалына канчалык дал келерин текшерүү керек.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү муниципалдык кыймылсыз мүлк жана жер менен электрондук бүтүм жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүн жаратуу үчүн бул бүтүмдөн болуучу жоготууларга ишенимдүү бөгөт коюу үчүн аракет жумшоого тийиш.

## 11. Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 23-январындагы № 9 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамы

**Таасирди баалоо**

<table>
<tr><th>ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр</th><th>ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен</th></tr>
<tr><td>Жерге салыктан бошотуу жер пайдалануучу ижарага берген жерлерге жайылтылбайт..</td><td rowspan="3">
</td></tr>
<tr><td>Күтүлүүчү натыйжа (негиздеме-маалымкатка ылайык)</td></tr>
<tr><td>• Негиздеме-маалыкатка ылайык стратегиялык объекттер ээлеген, электр энергиясын иштеп чыгаруу же берүү үчүн колдонулган жерлер, анын ичинде алардын суу сактагычы каптаган зона болуп эсептелген жерлерди салык салуудан бошотуу сунушталган.<br>• Мыйзамдын максаты электр өткөрүү линиялары жана "Электр станциялары" ААКнын ишмердүүлүгү үчүн "ишкерлик иши" деген терминге ачык-айкындыкты киргизүү болгон.<br>• Бирок Мыйзам долбоор кардиналдуу түрдө кайра иштелип чыккан жана КР Өкмөтүнүн сунуштарын кабыл алуу менен катар эгер жерлер ижарага берилсе, анда салыктан бошотуу каралбай тургандыгы жөнүндө жобо менен толукталган.</td></tr>
</table>

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде келип чыккан көйгөйлөр |
|---|---|
| • Өзгөртүүлөр жергиликтүү бюджетти толтурууга көмөктөшөт, өзгөчө бул экологияга терс таасир эткен объекттер үчүн актуалдуу. | • Ижарага берүүчү менен мамиле токтотулган ижарага берилген участоктордун туруп калуу көйгөйлөрү бар. |

**Таасирди сүрөттөө**

Кодекске бул өзгөртүүлөр ЖӨБ органдары тарабынан 90 %га оң бааланат, анткени жергиликтүү бюджеттин кирешесинин өсүшүнө көмөк көрсөтүүгө тийиш, бирок Мыйзамды толук ишке ашыруу үчүн жер "туруп калган" убактагы салыгын төлөө жагындагы бир катар практикалык көйгөйлөрдүн чечүү талап кылынат.

*ПИКИР*


*"Практикада мындай кырдаал түзүлгөн: жер участогу ижарага берилет, андан кийин ижарачынын финансылык абалы начарлайт, жаңы ижарачыны издөө керек, бирок канча бир убакка жер бош калат, бул жергиликтүү бюджетте жоготууларга алып келет".*

*АӨ финансы-экономикалык бөлүмдүн башчысы*

Жердин ижарасына төлөө жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешесинде анча чоң эмес салыштырмалуу салмакка ээ (3,5 %га жакын), бирок жалпысынан республика боюнча бул көлөмдөр олуттуу сумманы түзөт (төмөндө 15-таблицаны жана 35-диаграмманы караңыз):

***15-таблица**. Бишкек жана Ош шаарларын эсепке албаганда, республика боюнча жердин ижарасына төлөмдүн түшүү динамикасы, млн. сом*

| | 2017-ж., факт. | 2018-ж., факт. | 2019-ж., факт. | 2020-ж., план | 2021-ж., божомол |
|---|---|---|---|---|---|
| Жердин ижарасына төлөм | 207 684,30 | 287 829,25 | 322 421,57 | 268 944,00 | 284 134,60 |




***35-диаграмма.*** *Бишкек жана Ош шаарларын эсепке албаганда, жергиликтүү бюджеттерге жердин ижарасына төлөмдүн түшүү динамикасы, млн. сом*

35-диаграммадан көрүнүп тургандай, ЖӨБ пландоодо жана божомолдоодо көрсөткүчтөрдү төмөндөтүүнү кааласа да, акыркы үч жылдын ичинде кирешенин бул түрү туруктуу өсүүнү көрсөттү. Бул дотациядагы ЖӨБ органдары үчүн салыктык эмес кирешелердин өсүшү теңдөөчү гранттын көлөмүн автоматтык түрдө кыскартууну билдиреринен келип чыкты.


**Сунуштар:**

- Өзүнө мейкиндик пландоону киргизген аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү комплекстүү системасыу киргизүүнү улантуу керек.
- Теңдөөчү грантты эсептөө формуласынан алардын салыктык эмес кирешесин алып салуу керек.

### 2.1.3. КР ЖК агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана региондорду өнүктүрүү боюнча комитети тарабынан киргизилген мыйзамдардын таасири

### *12. Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 2-февралындагы № 22 “Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө” Мыйзамы*

**Таасирди баалоо**

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр | ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен |
|---|---|
| • Айыл чарба чөйрөсүндө саясатты жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн областтардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) үрөнчүлүктө мамлекеттик дотацияны жүзөгө ашыруучу органдар болуп саналат<br>• Үрөнчүлүктө мамлекеттик дотация республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.<br>• Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотация берүүнүн тартибин, шарттарын жана механизминин ачык-айкындыгын камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген жобого ылайык белгиленет (КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 2-августундагы № 397 токтому бар, анда “Райондук комиссия тарабынан үрөндү себүү фактысы текшерилгенден кийин, ар бир айыл аймагы боюнча айыл өкмөтүнүн жана айылдык кеңештин өкүлдөрүнүн, үрөн алуучунун катышуусу менен үрөндөрдү максаттуу пайдалануу жөнүндө акт эки нускада түзүлөт, анын бири үрөн алуучуда калат, экинчиси райондук комиссияга жөнөтүлөт.“). |  |

| Күтүлүүчү натыйжа (негиздеме-маалымкатка ылайык) | |
|---|---|
| • Үрөнчүлүктө мамлекеттик дотацияны жүзөгө ашыруучу органдар аныкталды.<br>• Мамлекеттик дотация Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жыл сайын аныкталуучу артыкчылыктуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн тастыкталган жогорку сапаттагы сорттук үрөндөрүн өндүрүүдө үрөнчүлүк чарбаларынын сарптоолорунун бир бөлүгүнүн ордун толтурууга бөлүнүүчү бюджеттик каражаттардын суммасы. | |

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде келип чыккан көйгөйлөр |
|---|---|
| • Үрөнчүлүк чарбалар квота боюнча дотацияларды алуу үчүн шарттар түзүлгөн.<br>• Үрөнчүлүк чарбаларга артыкчылыктуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн сорттук үрөндөрү менен фермерлерди камсыз кылуу үчүн түрткү берилген. | • Үрөнчүлүк чарбалар АӨ жер фондундагы жерлерди пайдаланышат, мында мамлекеттик дотация алышат, ал эми дыйкан чарбалар менен базар баалары боюнча иштешет.<br>• Үрөнчүлүк чарбалар жана кооперативдер мамлекеттик органдар менен түздөн-түз иштешет жана ЖӨБ органдар алардын көйгөйлөрү жөнүндө кабары жок |

**Таасирди сүрөттөө**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги ЖӨБ бирлигине үрөнчүлүк чарбалардын өнүгүү динамикасы жана алардын товар жүгүртүүсү жөнүндө маалыматтарды берген эмес, ошондой болсо да, мамлекеттик аттестациядан кайра өткөн чарбалардын саны жөнүндө болгон маалыматтардан улам Кыргыз Республикасында үрөнчүлүк тармак жетишээрлик өнүккөн деп корутунду чыгарууга болот. 2020-жылы республикада ар түрдүү типтеги 109 үрөнчүлүк чарба иштеп жатат. 16-таблицада облустар боюнча үрөнчүлүк чарбалардын саны жөнүндө маалыматтар келтирилди.

***16-таблица.*** *Республикада үрөнчүлүк чарбалардын саны, бирдик*

| | 2018-ж. |
|---|---|
| Чүй облусу | 32 |
| Нарын облусу | 19 |
| Ош облусу | 17 |
| Ысык-Көл облусу | 17 |
| Жалал-Абад облусу | 13 |
| Баткен облусу | 6 |
| Талас облусу | 5 |
| **БАРДЫГЫ:** | **109** |

ЖӨБ органдарынын көпчүлүк суралган өкүлдөрү бул Мыйзамды колдогонуна карабастан, респонденттерде түзүлгөн кырдаалдын адилеттүүлүгүнө шек туулду. Маселе үрөнчүлүк чарбалар АӨ жер фондундагы жерлерди пайдаланышат, мамлекеттик дотация алышат, бирок дыйкан чарбаларга үрөндөрдү базар бааларында беришеринде турат. Ошондой эле дагы бир көйгөй ЖӨБ органдарынын ЖӨБ үрөнчүлүк чарбалары менен байланышы жок экендигинде.


*ПИКИР*
*“Үрөнчүлүк чарбалар жана кооперативдер мамлекеттик түзүмдөр менен түздөн-түз иштешкендиктен, бизде бул чөйрөдөгү көйгөйлөр жөнүндө маалыматтар жок“.*
*АӨ финансы-экономикалык бөлүмдүн башчысы*

**Сунуштар:**

- ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуш кылат, алар үрөнчүлүк чарбаларда баа саясатын түздөөгө жардам бермек.
- Мамлекеттик орган менен ЖӨБдүн ортосунда үрөнчүлүк маселелери боюнча маалыматтар менен алмашууну жакшыртуу жана тармактык саясатты координациялоо.

## 13. Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 30-июлундагы № 107 “Жерди пайдалануу маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамы

**Таасирди баалоо**

| **ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр** | **ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен** |
|---|---|
| • Жер участокторун максаттуу дайындалышын өзгөртпөстөн, жеңил конструкциядагы байланыш курулмаларын орнотуу үчүн жер участокторун, анын ичинде жайыттарды пайдаланууга укук берилет. |   |
| **Күтүлүүчү натыйжа (негиздеме-маалымкатка ылайык)** | |
| Бир категориядан башкасына же жердин бир түрүнөн башкасына которуусуз (трансформациялоосуз) жер участокторун максаттуу дайындалышы боюнча пайдаланууга жол берилбестиги менен байланыштуу мыйзамдуу тоскоолдуктарды жоюу, жайыт жерлерин мал жаюу максатында гана пайдалануу, жайыттарды ижарага берүүгө тыюу салуу, мыйхамдар менен аныкталган өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынан тышкары, өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жерлерин башка бардык ишмердүүлүк үчүн пайдалануу аркылуу үлгүлтүксүз байланышты камсыз кылууга көмөктөшүү. | |

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| **Мыйзамдын күчтүү жактары** | **Мыйзамды ишке ашыруу процессинде табылган көйгөйлөр** |
|---|---|
| • Оңдоолор ЖӨБ органдарына жеңил конструкциядагы байланыш курулмаларын куруу зарылдыгы келип чыкканда бюрократиялык жол-жоболорду жеңилдетет.<br>• Оңдоолор алыскы региондордо байланыш сапатын жакшыртууга, бизнести жана туризмди өнүктүрүү үчүн инфраструктураны кеңейтүүгө көмөктөшөт. | • Жайыттарды ижарага берүүдө кыйынчылыктар келип чыгышы мүмкүн, ижарачылар жайыттарда курулмалардын болушун жактырбашы мүмкүн.<br>• Мыйзам башка объекттерди куруу үчүн да колдонулушу мүмкүн, бул жайыттарга натыйжалуу пайдаланууга боло турган аянттардын кыскарышына алып келет.<br>• Жада калса анча чоң эмес объекттердин курулушу да жайыт жерлердин экологиялык абалын начарлатат. |

**Таасирди сүрөттөө**

Мыйзам ЖӨБ өкүлдөрү тарабынан көбүрөөк оң жагына бааланат, анткени байланыш сапатын жакшыртууга, бизнес жана туризм үчүн инфраструктураны кеңейтүүгө көмөктөшүүчү катары жеңил конструкциядагы байланыш курулмаларын куруу зарылдыгы келип чыкканда АӨ ишин жеңилдетет. Ошондой болсо да жайыттар мал чарбачылыгы тармагын өндүрүүнүн негизги каражаты болуп эсептелет, ал КР айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмүндө абдан жогору салыштырмалуу салмакка (50 %га жакын) ээ. Респонденттерде Мыйзам же курулушу трансформацияны талап кылбаган объекттердин тизмегин андан ары кеңейтүү үчүн прецедент катары, же бир топ масштабдуу курулуш үчүн юридикалык жылчык катары пайдаланылышы мүмкүн деген коркунуч бар, бул жыйынтыгында жайыттардын аянттарынын кыскарышына алып келет.

*ПИКИР*
*“Көзөмөл болушу керек. Айрым адамдар атайын башында жеңил конструкция курушат, бир же бир жарым жылдан кийин ал жерге башка конструкцияларды курушат жана документтерди жасашат“.*
*АӨ жооптуу катчысы*

ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүн жайыттардын экологиясына мүмкүн болуучу зыян менен байланыштуу маселелер да тынчсыздандырат. Өткөн жылдагы баяндамада жайыт жерлеринин деградациясы абдан чукул болбосо да, жыл сайын алардын аянтынын азайып жаткан динамикасын көрсөтүп жатканы белгиленген.

*ПИКИР*
*“Мындай ченем туура эмес киргизилген деп эсептейм, анткени бул жайыттардын бузулушуна алып келет. Жеңил конструкциялардын курулушу – бул баары бир курулушу, бул курулуш материалдын колдонууну, курулуш калдыктарынын пайда болушун, жайыттар аркылуу материалдарды ташуунун зыяны дегенди түшүнүдүрөт. Жайыттарда курулмалардын болушу жайыттарга жаман таасир этет жана алардын булганышына алып келет“.*
*АӨ башчысы*


**Сунуштар:**

- Мыйзамдын аткарылышы курулушчуларга карата ЖӨБ, мыйзам чыгаруучулар жана Мамэкотехинспекция тарабынан бир топ кылдат контролду талап кылат.

### 2.1.4. КР ЖК социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитети тарабынан киргизилген мыйзамдардын таасири

### *14. Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 26-февралындагы № 31 «“Калкты кургак учуктан сактоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Мыйзамы*

**Таасирди баалоо**

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр | ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен |
|---|---|
| • ЖӨБ органдары кургак учукка каршы иш-чараларды өткөрүү субъекттеринин катарынан алынып салган, бирок берилген ыйгарым укуктарынын алкагында жана мамлекет бөлүп берген каражаттардын чегинде ушундай бойдон калышат.<br>• ЖӨБ органдары кургак учукка каршы уюмдарга, ошондой эле кургач учук менен ооруган адамдарга жергиликтүү бюджеттердин эсебинен бюджеттик мыйзамдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык финансылык колдоо көрсөтүшөт. |  |
| **Күтүлүүчү натыйжа (негиздеме-маалымкатка ылайык)** | |
| Мыйзам анын ченемдерин “Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө” КР Мыйзамынын ченемдерине шайкеш келтирүү, саламаттык сактоо чөйрөсүндө укуктук мамилелерди өзгөртүү менен байланыштуу кемчиликтерди жана карама-каршылыктарды жоюу максатында, ошондой эле анын ченемдерин Евразия экономикалык биримдигинин мыйзамдарына ылайык келтирүү зарылдыгынан улам иштелип чыккан.<br>Каржылоо жагынан Мыйзам бюджеттик мыйзамдарга таянат (КР Бюджеттик кодекси). | |

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде табылган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Оорулууларга жеринде кошумча жардам көрсөтүү уланууда, акча каражаттары, дары-дармектер бөлүнүүдө. | • КР Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан финансылык компенсациялоосуз жергиликтүү бюджетке түшкөн кошумча жүк калууда.<br>• Жергиликтүү бюджеттердин көпчүлүгү өзүнө керектүү көлөмдө жардам бере алышпайт.<br>• Алдын алуу иштери жана медициналык мекемелерде кургак учук менен ооруну контролдоо жеринде начар, жада калса шалаакылык менен жүргүзүлүүдө. |

**Таасирди сүрөттөө**

Мыйзамда ЖӨБ кургак учукка каршы иш-чараларды каржылоого милдеттендирилип, жергиликтүү бюджетке кошумча финансылык жүктүн түшүшү сакталса да, ЖӨБдүн суралган өкүлдөрүнүн көпчүлүгү ага оң баа беришет, анткени ЖӨБ тарабынан кургач учук менен оорулууларга жардам мурда эле көрсөтүлүп келгенин эске алышып, мындай ишмердүүлүктү жарандар жана жергиликтүү жамаат үчүн пайдалуу катары карашат.

*ПИКИР*
*“Кургак учук менен оорулууларга жардам көрсөтүп келгенбиз жана көрсөтүп жатабыз, алар биздин эсепте, оорулуулар ооруканага жетүүсү үчүн транспорт чыгымдарына жардам беребиз. Бир үй-бүлөгө жер участогун бергенбиз“.*
*АӨ башчысынын орун басары*

*ПИКИР*
*“Бул туура, биз мурда деле кургак учук менен оорулууларга жардам көрсөтүп келгенбиз жана азыр да дары сатып алуусу жана текшерүүгө баруусу үчүн финансылык жардам көрсөтөбүз“.*
*АӨ башчысы*

ЖӨБ бул маселени чечүүгө активдүү катышкандыгына карабастан, алардын өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги өзү тарабынан кургак учук менен оорулууларга көбүрөөк көңүл бөлсө боло тургандыгын белгилешет.

> *ПИКИР*
> *“Алдын алуу иштери жана медициналык мекемелерди контролдоо начар жана шалаакылык менен жүргүзүлүүдө. Алар коомдук уюмдар менен биргеликте окууларды жүргүзүү менен гана чектелүүдө“.*
> *АӨ социалдык маселелер боюнча адиси*

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтары боюнча кургак акыркы жылдары учук менен оорулардын саны көп өскөн жок. Бул жалпысынан КР ССМ кырдаалды контролдоп жатканын айтып турат. Натыйжада, бул маселени башкарууда ыйгарым укуктарды чектөө жөнүндө маселеге бир топ кылдат мамиле кылуу керек.

***17-таблица**. КР боюнча активдүү кургак учук менен оорулардын саны, адам*


| | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. | 2017-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Биринчи коюлган диагнозу бар оорулуулар табылды | 5 851 | 5 859 | 5 898 | 5 853 | 5 680 | 5 616 |

**Сунуштар:**

- Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну каржылоо бөлүгүндө мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын ортосунда ыйгарым укуктардын чектелишин тактоо жана финансылык өз ара мамилелерди иретке салуу керек.
- Мамлекеттик органдар менен ЖӨБдүн ортосунда кургак учукка каршы күрөшүү маселелери боюнча маалыматтар менен алмашууну жакшыртуу жана тармактык саясатты координациялоо.

## *15. Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 4-декабрындагы № 135 “Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө” Мыйзамы*

**Таасирди баалоо**

<table>
<tr><th>ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр</th><th>ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен</th></tr>
<tr><td>• Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларынын окуучулардын тамактануусун камсыз кылуу милдети алып салынган.<br>• ЖӨБ органдарына финансылык мүмкүнчүлүк болгон учурда тиешелүү аймакта жайгашкан жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын тамактануусуна кошумча каражаттарды бөлүү укугу берилген.<br>• ЖӨБ органдары мүмкүнчүлүк болгондо жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу үчүн тиешелүү шарттарды түзүү, ошондой эле тамактануу рационун кеңейтүү жана мүмкүнчүлүк болгондо айыл жерлериндеги жалпы билим берүү уюмдарына Айыл чарба жерлерин мектептин чарбасын уюштуруу үчүн кайра бөлүштүрүү фондунан жер үлүштөрүн бөлүп берүү боюнча иш-чараларды жүргүзүшөт.</td><td rowspan="3">
</td></tr>
<tr><td>Күтүлүүчү натыйжа (негиздеме-маалымкатка ылайык)</td></tr>
<tr><td>Балдардын туура тамактануусун уюштурууга багытталган мектеп тамактануусун оптималдаштыруу (ысык тамактанууга өтүү).</td></tr>
</table>

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде табылган көйгөйлөр |
|---|---|
| • ЖӨБ тарабынан мектептерге көрсөтүлүүчү жардам мыйзамдуу негиздерге ээ болду.<br>• Балдардын мектепте болуу шарттары жакшырды. | • Мыйзам берилген "жашыруун" ыйгарым укуктарды сунуштоо менен жергиликтүү бюджетке кошумча жүктү жаратат |

**Таасирди сүрөттөө**

ЖӨБ органдары бул Мыйзамды активдүү колдошот. Алар мурда мектептерге, анын ичинде тамактанууну уюштуруу үчүн да кошумча жардам көрсөтүп келишкен, бул алардын чыгым милдеттенмелеринин тизмегине карама-каршы эле. Эми мындай формалдуу чектөө жок жана ЖӨБ органдары негизинен балдарга мектепте болуунун бир топ ыйңгайлуу шарттарын камсыз кылууга даяр.

*ПИКИР*
*"Окуучулар үчүн ысык тамак уюштурууну колдойм. Анткени биздин айылдын балдары мектепке жетүү үчүн бир нече километрди басып өтүүгө мажбур. Муну эске алганда жашоочулардын көпчүлүгү бул демилгени колдошот".*
*АӨ социалдык маселелер боюнча адиси*

Ошол эле убакта Мыйзам берилген "жашыруун" ыйгарым укуктардын мүнөздүү мисалдарын билдирет, анда каржылоо маселеси формалдуу түрдө ЖӨБ органдары үчүн ыктыярдуу мүнөздү алып жүрөт, анча чоң эмес жергиликтүү бюджеттердин чыгымын ансыз деле көбөйтүп, жергиликтүү бюджетте бул үчүн каражаттар жетиштүү же жетишсиз экендигине карабастан, иш жүзүндө алар баары бир муну жасоого мажбур.

*ПИКИР*
*"Бул ченем – жергиликтүү бюджет үчүн жүк. ЖӨБ органдары ансыз деле мектепти, мектептин ашканасын толугу менен оңдоп, ашкана үчүн жабдууларды сатып алып жана аларды орнотуп, жабдуулар кымбат, электр энергиясына төлөшөт. Ал эми ысык тамактануу үчүн кошумча каражаттарды бөлүп бере албайбыз, бюджетте каражаттар жетишсиз".*
*АӨ башчысы*


**Сунуштар:**

- Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну каржылоо бөлүгүндө мамлекеттик органдар менен ЖӨБ ортосунда финансылык өз ара мамилелерди ирээттөө керек.
- Мамлекеттик функциялар болуп эсептелген билим берүү функцияларын аткарууда мамлекеттик органдар менен ЖӨБ ортосунда ыйгарым укуктарды чектөөнү тактоо жөнүндө маселеге кайтуу керек.

### *16. Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Мыйзамы*

**Таасирди баалоо**

Мыйзам 2019-жылы Баяндамада каралган жана көп сандаган терс пикирлерди алган (56 %). Өзгөртүүлөргө талдоо жүргүзүү үчүн анын таасирин 2020-жылы Баяндамада кайрадан баалоо сунушталат.

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр | ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен |
|---|---|
| ЖӨБ органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоону жүзөгө ашырган субъекттердин тобуна киргизилген жана төмөнкү ыйгарым укуктар берилген:<br>• жергиликтүү кеңештер аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларынын алкагында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чараларды бекитет жана алардын аткарылышын контролдойт; тиешелүү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитет; үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча тиешелүү программаларды ишке ашырууга жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу социалдык кызматтарды түзүүгө жергиликтүү бюджетте каражаттарды карайт; |  |
| • ЖӨБ аткаруу органдары калкты социалдык тейлөөнүн негиздери жөнүндө мыйзамдарга ылайык үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурат; үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча программаларды иштеп чыгат жана ишке ашырат, жарандарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу социалдык кызматтарды түзөт; кабыл алынган программалардын натыйжалуулугуна жана майнаптуулугуна мониторингди жана баа берүүнү жүзөгө ашырат; үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү программаларды ишке ашыруу үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартат; өзүнүн аймагында үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды эсепке алууну жүргүзөт; жергиликтүү деңгээлде социалдык органдарды - үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзүү аркылуу, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерди ведомстволор аралык координациялоого жана алардын өз ара аракеттенүүсүнө көмөк көрсөтөт; үй-бүлөлүк зомбулукту жасоо кооптуулугу бар экендиги жөнүндө ички иштер органдарына маалымдайт ж.б. | |

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде табылган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Жарандарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо системасынын келип чыгышы үчүн өбөлгөлөр түзүлдү.<br>• Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жөнүндө билдирүүнү жабыркаган адамга гана эмес, ошондой эле күбөлөр да бере алат, бул зомбулук көрсөткөн күнөөлүү адамдан жабыркаган адамдын коркушунан улам арыздын берилбей калуу фактору олуттуу төмөндөтөт. | • ЖӨБдүн программаларды иштеп чыгуу жана социалдык кызматтарды түзүү үчүн ресурстары жана ыйгарым укуктары жок.<br>• ЖӨБ органдарынын зомбулуктун курмандыктары менен жеринде натыйжалуу иштөө үчүн көндүмдөрү жана билими жок.<br>• ЖӨБ органдарынын ведомстволор аралык координациялоо үчүн ыйгарым укуктары жок. |

**Таасирди сүрөттөө**

Мурдагы жылы сурамжылоо көрсөткөндөй, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн бул Мыйзамга карата терс мамилеси баарынан мурда үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо боюнча ЖӨБго берилген жаңы роль алардын мүмкүнчүлүгүнө туура келбейт. Бул маселеде ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктары Мыйзамда ЖӨБ органдарынын административдик, финансылык жана саясий потенциалын эсепке албастан берилген. Быйыл Мыйзамды терс баалаган респонденттердин саны анча деле көп эмес. Интервью убагында көптөгөн ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү бул багытта иш жүргүзүп жатканын белгилешти, анткени бул социалдык көйгөй абдан актуалдуу. Калк арасында түшүндүү жана алдын алуу иштери жүргүзүлүп жатат, үй-бүлөлөрдүн социалдык патронажы ишке киргизилүүдө, үй-бүлөлөргө жана балдарга жардам көрсөтүү борборлору, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо

маселелери боюнча атайын социалдык комиссиялар жана комитеттер түзүлүүдө.

Ушундан үй-бүлөлүк зомбулук учурларынын санынын статистикасы жакшырууда. КР ИИМдин маалыматы боюнча 2019-жылы Кыргызстанда 5 миңге жакын үй-бүлөлүк зомбулук катталган, бул мурдагы жылдардын көрсөткүчүнөн бир топ төмөн (18-таблицаны караңыз)

***18-таблица.*** *Ички иштер органдары тарабынан берилген коргоо ордерлеринин саны, даана*

| | 2016-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл |
|---|---|---|---|---|
| Коргоо ордерлери берилди | 7 005 | 7 323 | 7 178 | 5 050 |

Белгилей кетүү керек, ЖӨБ олуттуу кыйынчылыктарды башынан өткөрүүдө. Жаңы ыйгарым укуктар кадрлар менен да, финансы менен да бекемделген эмес.

*ПИКИР*
*“Дотациялык АӨдө бул милдетти аткаруу абдан кыйын. Каражат да, персонал да, атайын көндүмдөр да жок. Бул мамлекеттин ыйгарым укуктарын ЖӨБдүн мойнуна кезектеги артуу болуп эсептелет. Акыркы 2-3 жылда бул процесс барган сайын өсүүдө. Конституциянын 113-беренеси бузулууда. Эгер министрликтер –з милдеттерин аткара албаса, демек, алардын иши тура эмес уюштурулган. ЖӨБдүн деңгээлине өткөрбөстөн, мамлекеттик органдардын ишин туура уюштуруу керек“.*
*АӨ башчысы*

*ПИКИР*
*“Биз, албетте, зомбулукка каршы аракеттенүү процессине кыйыр катыша алабыз, адамдарга кырдаалдарды териштирүүгө жардам беребиз, бирок бизге көп учурда билим жана компетенция жетишпей калат. Биз менен мамлекеттик органдардын арасындагы ушул функцияларды бир кыйла тагыраак чектөө керек“.*
*АӨ башчысы*

Иш ансыз да көптөгөн функцияларды аткарган социалдык маселелер боюнча адистерге жүктөлгөн. Зомбулукту болтурбоо боюнча билим, компетенция жетишпейт, ошондой эле бийлик ыйгарым укуктары жетишпейт, булар укук коргоо органдарынын кызматкерлеринде бар. ЖӨБ органдары үчүн кошумча кыйынчылык коомчулуктун ичинде тыгыз байланыштар үй-бүлө чыр-чатактарында кимдир-бирөөнүн тарабына өтүүгө мүмкүндүк бербесинде турат. Жер-жерлерде иштөө үчүн механизмдер жана жолдору жетиштүү деңгээлде жакшы иштелип чыккан эмес.

*ПИКИР*
*“Айыл жерлериндеги көпчүлүк иш-чаралар Мыйзамда жазылганга дал келбейт, анткени бул иш-чаралар шаарлар үчүн иштелип чыккан. Айылдарда үй-бүлөлөрдө түшүнбөстүктөр чыгып, биз ошол жерге барганда алар өз ара чечишип алган болот, биз түшүндүрүү иштерин жүргүзөбүз, көбүнчө биздин убакыт максатсыз сарпталган болот“.*
*АӨ социалдык маселелер боюнча адиси*

Баяндаманын долбоорун ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен талкуулоо процессинде КР ЭСӨМдөн төмөнкүдөй комментарийлер алынды: “ЖӨБ органдарынын пикири бул багытта бир аз чындыкка туура келбейт, себеби ... Мыйзамды жүзөгө ашыруу максатында, үй-бүлөлүк зомбулуктан

сактоону жана коргоону жүзөгө ашырган мамлекеттик органдардын бирдиктүү иш-аракетинини тартиби бекитилгенин эске алуу зарыл:

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттердин ишмердигин координациялаган ыйгарым укуктуу орган;

- прокуратура органдары;
- ички иштер органдары;
- социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган;
- саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган;
- билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган;
- юстиция ыйгарым укуктуу органы;
- балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган;
- жергиликтүү мамлекеттик уюмдар.

Мындан тышкары, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдарга жардам көрсөтүү тартиби бекитилген жана анда үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдар жашаган жери боюнча, анын ичинде мэрияга, айыл өкмөтүнө жана аксакалдар сотуна жардам суроо үчүн кайрыла алыша тургандыгы белгиленген.

“Бул контекстте ЖӨБ органдары гана мыйзамда каралган функцияларды аткарбастан, башка мамлекеттик органдар дагы ыйгарым укуктарынын негизинде бул багытта көмөк көрсөтүүгө тартылган фактыга көңүл буруу зарыл. <…> Мындан тышкары, <ЖӨБЭММА> менен биргеликте 2020-жылдын 13-мартында № 40 жана № 01-18/35 Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер жөнүндө типтүү жобо иштелип чыккан жана бекитилген.”

ЭСӨМдүн жогоруда берилген маанилүү комментарийин талдап чыгып, ЖӨБ Союзу жалпысынан ЖӨБ органдарынын жогоруда баяндалган позициясын жокко чыгарбайт жана төмөндө берилген сунуштамалардын максаттуулугун тастыктайт. Комментарийдин мааниси үй-бүлөлүк зомбулукка каршы чаралардын системасына көп сандаган мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары тартылганы жана алардын ролдорунун жана функцияларынын такталуусу зарыл экенинде жатат. Өкмөт жана ыйгарым укуктуу органдар бул багытта иш алып барып жатышкандыктарын эске албай коюуга болбойт, бирок бул маселе боюнча органдардын иштеринде толук тактык жок. Жогоруда аталган ... жардам көрсөтүү тартибинде жабыркаган адам аныкталганда же мэрияга жана айыл өкмөтүнө кайрылганда ЖӨБ органдарына карата төмөнкүлөр айтылган: “1) кызмат көрсөтүшкөн аймакта үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга жардам берүүнү уюштурушат жана аймактык коомдук өз алдынча башкарууларды тартышат; 2) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер аркылуу жардам көрсөтүшөт; 3) ички иштер органдарына үй-бүлөлүк зомбулуктун болуу коркунучу жөнүндө маалымат берет”. Бирок, жардамдын кандай түрү жана кандай жол менен көрсөтүлөрү жөнүндө эч нерсе айтылган эмес.


**Сунуштар:**

- ЖӨБ органдары КР ЖКга бул маселе боюнча ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарын кайра кароону жана функцияларды так чектөөнү сунуш кылат. ЖӨБ органдары даяр адистерди же укук коргоочуларды толук алмаштыра албайт. ЖӨБ органдары жагдайга мониторинг жүргүзүүдө жана үй-бүлөлүк зомбулук учурларын эрте аныктоодо гана алардын салымы максатка ылайыктуу, бирок айкын үй-бүлөлөр менен практикалык иштi уюштуруу боюнча мамлекет өзүнө алууга тийиш деп эсептешет.
- Мамлекеттик органдар менен ЖӨБдүн ортосунда үй-бүлөлүк зомбулук маселелери боюнча маалыматтар менен алмашууну жакшыртуу жана тармактык саясатты координациялоо.

## 17. Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 64 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамы

**Таасирди баалоо**

Мыйзам 2019-жылы Баяндамада каралган жана көп сандаган терс пикирлерди алган (67 %). Өзгөртүүлөргө талдоо жүргүзүү үчүн анын таасирин 2020-жылы Баяндамада кайрадан баалоо сунушталат.

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр | ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен |
|---|---|
| • Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеси кеңейтилген, ага 25-суроо киргизилген: Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун комплекстүү чараларын жүргүзүү. |  |

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде табылган көйгөйлөр |
|---|---|
| • ЖӨБ органдарынын пикири боюнча, күчтүү жактары жок. | • Программаларды иштеп чыгуу жана социалдык кызматтарды түзүү үчүн ресурстар жок.<br>• Зомбулуктун курмандыктары менен жеринде натыйжалуу иштөө үчүн көндүмдөр жана билим жок. |

**Таасирди сүрөттөө**

Бул Мыйзамды ишке ашыруу менен байланыштуу финансылык, уюштуруучулук жана саясий кыйынчылыктар Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 63 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамынын таасирин баалоодо бир кыйла кеңири сүрөттөлгөн (жогоруда караңыз). Бул мыйзам актыны баалоодо башкысы белгиленет – тиешелүү финансылык жана материалдык камсыз кылуусуз жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеси дагы бир жолу кеңейтилген. ЖӨБ органдарына жоопкерчиликти жүктөө – көйгөйдү чечүүгө жетишүү дегенди билдирбейт. ЖӨБ органдарына жоопкерчилик жүктөгөн мамлекеттик органдар маселе чечилди деп эсептешет, бир иш жүзүндө функция талаптагыдай аткарылган эмес. Натыйжада, кызматтарды көрсөтүүнүн мамлекеттик кепилдиктери аткарылбай жатат, мамлекеттик органдар өз максаттарына жетпей жатат, жарандар кызматтарды пайдалануусу жакшырган жок.


**Сунуштар:**

- ЖӨБ органдары КР ЖКга үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо боюнча маселени жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесинен алып салууну жана мыйзамдарда жазылгандай, финансы жана методологиялык колдоо көрсөтүү менен тиешелүү ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына берүү аркылуу кызматтарды көрсөтүүнү уюштурууну сунуш кылат.

### *18. “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 28-июлундагы №163 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 28-декабрындагы №222 (27), 2018-жылдын 30-мартындагы №33, 2019-жылдын 24-январындагы №18 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**Таасирди баалоо**

Мыйзам 2019-жылдын Баяндамасында каралып, көптөгөн терс сын-пикирлер (58 %) айтылган. Өзгөртүүлөрдү талдоо максатында анын таасирин 2020-жылдын Баяндамасында кайрадан баалоо сунушталды.

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр | ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен |
|---|---|
| • Жарандардын белгилүү категориялары үчүн жөлөкпул алуу укугун бекитет, мамлекеттик жөлөкпулду белгилөөнүн түрүн, көлөмүн жана тартибин аныктайт.<br>• Социалдык маселелер боюнча комиссияны жоюу жолу менен 16 жашка чейинки балдары бар муктаж үй-бүлөлөрдү аныктоо - “үй-бүлөгө көмөк” процессинен ЖӨБ органдарын алып таштайт. |  |

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде табылган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Социалдык жөлөкпулдар эми кайрылуу жери боюнча берилет.<br>• Социалдык жөлөкпулдар менен жөлөкпулду белгилөөдө жоопкерчилик алып жүргөн ЖӨБ органдары эмес, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар алектениши зарыл.<br>• Жөлөкпулдарды белгилөө боюнча жергиликтүү социалдык комиссияны жоюу ЖӨБ органдарынын кызматчылары менен калктын ортосундагы жөлөкпулдан чыккан талаш-тартыштарды токтотту. | • Жарандар жөлөкпул маселелери боюнча ЖӨБ органдарына кайрылууну улантышууда, органдарга кеңеш берүү, муктаж адамдардын алгачкы тизмесин түзүү менен көлөмдүү иштерди аткарууга туура келип жатат.<br>• Жарандарга эң жакын ЖӨБ деңгээлинде шашылыш абалдарда даректүү финансылык социалдык колдоо көрсөтүү механизмдери жок.<br>• Жөлөкпулдардын колдонуудагы системасы 20 жыл ичинде эскирди. Жогорку көмүскө бош эместикте, коррупцияда жөлөкпулга болгон муктаждыкты аныктоо кыйынчылыкты жаратат. Социалдык-демографиялык мүнөздөмөлөрдүн негизинде жөлөкпул төлөө зарыл.<br>• 16 жашка чейинки балдары бар муктаж үй-бүлөлөргө берилген “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулунун эң төмөн көлөмү бир балага 810 сомду түзөт, бул эң жакырдыктын чегинин деңгээлинин 48% же балдар үчүн зарыл болгон каражаттын эң төмөнүнүн 20% түзөт.<br>• Документтерди чогултууда көптөгөн кыйынчылыктар пайда болот.<br>• Мамлекеттик органдардын маалыматтар базасынын толук эместиги сакталган.<br>• Кыянаттык менен пайдалануу үчүн мүмкүнчүлүктөр сакталган. Жерлерди жогорку кирешеге ээ үй-бүлөлөргө жөлөкпулдарды адилетсиз берүү фактылары байкалган.<br>• ЖӨБ органдарынын жоопкерчилигине эмес мамлекеттин жоопкерчилигине тиешелүү экендигин билүүнү каалабаган жарандар тарабынан ЖӨБ органдарына карата терс мамиле пайда болгон. |

**Таасирди сүрөттөө**

2020-жылдын 1-августуна карата мамлекеттик жөлөкпулду 401 миңден көп адам алат. Анын ичинде, орточо суммасы 871 сомду түзгөн “үй-бүлөгө көмөк” айлык жөлөкпулун 309 миң адам алат. Орточо көлөмү 3017 сомду түзгөн, пенсиялык камсыз кылуу укугу жок жактарга берилген айлык жөлөкпулду же “социалдык жөлөкпулду” 92,5 миң адам алат.

2017-жылы бир катар депутаттар жана социалдык коргоо тармагындагы улуттук эксперттер

тарабынан эл аралык уюмдар активдүү колдоо көрсөткөн, жөлөкпулдарды даректүү берүүнү абсолютташтырган системаны чечкиндүүлүк менен өзгөртүү аракети жасалган. Жакырчылыктын өсүүсү үй-бүлөдөгү балдардын санына байланыштуу экенин статистикалык жактан далилдеген изилдөөлөрдүн негизинде 2017-жылдын 28-июлундагы "Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" № 163 жаңы Мыйзам демилгеленген жана кабыл алынган жана ал заманбап Кыргызстан үчүн толук жаңы болгон, үй-бүлөнүн кирешесинин этабына токтолбой, жөлөкпул берүүнүн даректүү-социалдык негизге өтүүсүнө мүмкүнчүлүк берет. Бул Мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын үй-бүлөлөрдүн жөлөкпулга муктаждыгын (аз камсыздуулугун) аныктоого катышуусун алып салган.

Мыйзам 2018-жылдын 1-январынан тарта күчүнө кирмек, бирок эл аралык финансылык уюмдардын таасири менен 2017-жылдын 28-декабрында № 222 "Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзам кабыл алынган, буга ылайык "балага сүйүнчү" төлөмдөрүн жөнгө салган ченемдерден тышкары "Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" жаңы Мыйзамдын күчүнө кирүүсү 2018-жылдын 1-апрелине жылдырылган. 2018-жылдын 30-мартында № 33 "Социалдык коргоо чөйрөсүндө айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзам кабыл алынып, 2018-жылдын 1-апрелинен тарта күчүнө кирген жана даректүүлүктү жакшыртууга багытталган. Бирок, 16 жашка чейинки балдарга жөлөкпул берүүнүн даректүүлүгүн жакшыртуунун ордуна, аталыш гана өзгөргөн – балдары бар, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ай сайын берилген жөлөкпулдун (АҮСЖ) ордуна "үй-бүлөгө көмөк" (ҮБК) деген аталыш пайда болгон жана жана АҮСЖнын бардык терс мүнөздөмөлөрү сакталган.

Эмнеге мындай болду? Кайсы чаралар ишке ашкан жок? Мыйзамдын акыркы редакциясындагы даректүүлүктү жакшыртууга жана кошуу, алып салуу каталарын кыскартууга багытталган түздөн-түз чаралар төмөнкүлөр болгон:

- үй-бүлөнүн бириктирилген орточо кирешесин эсептөөдө пенсиялардын бардык түрүн алып салуу;
- учурдагы жашаган жери боюнча жөлөкпулду бекитүү;
- үй-бүлөнүн жетиштүүлүгүн салыштырмалуу так эсептөө үчүн айыл чарба жандыктары майда жандыктардын шарттуу бирдигинде эсептөө;
- социалдык өнүктүрүү органдарына арыз берүү жана ҮБК алууга арыз берген үй-бүлөнү социалдык өнүктүрүү органынын адистеринин милдеттүү барып көрүүсү.

Жогоруда көрсөтүлгөн чаралар төмөнкү себептерден улам максаттарына жеткен эмес.

Пенсияларды алып таштоо алуучулардын санына көлөмдүү таасир эткен жок, себеби жаш үй-бүлөлөр пенсионер ата-энелеринен бөлөк жашашат, же алар менен чогуу жашашат, бирок чарба китеби боюнча ата-энелеринен мурун эле бөлүнүшкөн.

Каттоо талаптарын алып салуу 0 жаштан үч жашка чейинки балалуу жалгыз бой энелер үчүн оң жыйынтык берди. Калган бардык учурларда жашаган жери боюнча убактылуу каттоодо турган үй-бүлөнүн эмгекке жарамдуу мүчөлөрү катталган жери боюнча жумуштуулук кызматында өзү келген учурда катталышы керек. Мыйзам боюнча, эгер катталган жумузсуз жумуштуулук кызматына эки айдын ичинде келбесе, ал каттоодон алынат жана ага ылайык жөлөкпулдан ажыратылат. Ошентип, мындай шарт начар иштелген болуп чыкты жана айрыкча ички мигранттар үчүн жөлөкпулдун жеткиликтүүлүгүн тескерисинче татаалдантты. КР ЖК Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттыкты сактоо комитетинин 2018-жылдын 29-октябрындагы чечиминин негизинде Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында жүргүзүлгөн "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" ("үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулу боюнча) Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылуусунун мониторингинин жыйынтыгы боюнча Маалымкатта ЖӨБ органдары жарандардын жөлөкпул алуу укугун тастыктоочу процесстин бөлүгү катары калганы белгиленген. Жөлөкпул алуу үчүн арыз жарандар тарабынан учурдагы жашаган жери боюнча ыйгарым укуктуу органга берилет. Белгилүү дарек боюнча жашаганы ЖӨБ органынын үй-бүлөнүн курамы жана жашаган жери жөнүндө тийиштүү маалымкаты менен тастыкталат. Жашаган жери жөнүндө маалымкат менчик ээлерине же ижара келишиминин негизинде, белгиленген тартипте катталган турак-жайды ижарага алган адамдарга (квартиранттарга) берилет. Тажрыйба жүзүндө турак-жайды ижарага алуу келишими түзүлбөйт, айрым учурларда турак-жай ээлери коммуналдык кызматтарга болгон төлөмдүн өзгөрүүсүнөн улам АӨдө келишимди катоого кызыкдар эмес. Маселенин экинчи жагы – маалымкатты берүүгө коюлган талаптар. Көпчүлүк ЖӨБ органдарында маалыматкаттар ички мигранттарда жок үй китепчесин, суу же башка төлөмдөр боюнча квитанцияны көрсөтүүдө гана берилет

Жашоочулардын учурдагы жашаган жерин тастыктоого мүмкүнчүлүгү болбогон мыйзамсыз

отурукташуу маселелеси дагы бар.

Жандыктарды жаңыдан каттоо дагы даректүүлүккө эч нерсе кошкон жок, себеби АӨ берген жандыктардын болушу жөнүндө маалымкаттардын чындыгын социалдык өнүктүрүү органдарынын адистери чарба китептери боюнча текшеришет. 2019-жылдан тарта Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги КР Өкмөтүнө караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциядан автоматташтырылган маалыматтарды алуу жөнүндө келишимге кол койгон. Социалдык өнүктүрүү органынын адистери келүү жөнүндө ар дайым эле кабар беришпейт жана жада калса ар дайым эле милдеттүү келүүлөрдү аткара беришпейт. Мындан тышкары, эреже катары АӨ калкын билишпейт жана буга байланыштуу кыска келип кетүү учурунда чыныгы муктаждыкты аныктай алышпайт, ошентсе да жашырылган киреше булактарын табууга аракет кылышат. Жаңы киргизүүлөрдүн бул бөлүгү аягына чейин иштелип чыккан эмес, социалдык өнүктүрүү органдарынын кызматчыларынын функционалдык иштери жана болгон кадрлары жана финансылары менен арыз берүүчүлөргө 100% барып келүү жөнүндө декларацияны камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү эсептелген эмес.

Алыскы айылдарда жашаган аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү аз камсыздуулук боюнча жөлөкпулга камтылуусун жакшыртуу максатында КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 2018-жылдын 24-октябрындагы № 63 “16 жашка чейин балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) ай сайын берилүүчү жөлөкпулга (“үй-бүлөгө көмөк”) аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн камтылуусун жакшыртуу жөнүндө” буйругуна ылайык, эмгек жана социалдык өнүктүрүү аймактык башкармалыктарынын (ЭСӨБ) кызматчылары 16 жашка чейин балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) ай сайын берилүүчү жөлөкпулду (“үй-бүлөгө көмөк”) белгилөө үчүн жарандардын арыздарды кабыл алууга калк жашаган пункттарга барышат.

Эгер ЖӨБ органдары жөлөкпулга болгон муктаждыкты аныкташпаса дагы, жергиликтүү калк баары бир айыл өкмөтүнө кайрыла берет. Мыйзамда жазылган, жөлөкпул үчүн АӨгө эмес ЭСӨБгө кайрылуу ЭСӨБ адистеринин иш көлөмүнүн өсүшүнө жана жөлөкпулду белгилөө кыйынчылыктарынын түрдүү деңгээлдеги маселелерин чечкени келген адамдардын кезегин өстүрдү.

Маалымат алуу үчүн мамлекеттик органдардын маалымат базасынын толук эместиги маселеси сакталууда. Айрым мамлекеттик органдарда жана ЖӨБ органдарында кыймылдуу мүлктүн, жер үлүштөрү боюнча активдер, майда жандык жана бодо малдын болушу боюнча маалыматтар жаңыртылган эмес. Мамлекеттик органдардын маалыматтар базасына маалыматтарды киргизүү же чыгаруу үчүн калк тигил же бул органга бир нече жолу кайрылууга мажбур болууда. Мамлекеттик жөлөкпулдардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында, мамлекеттик органдар менен түзүлгөн келишимдин, жөлөкпулду белгилөө үчүн талап кылынган маалыматкаттардын алкагында “Түндүк”ведомстволор аралык электрондук байланыш системасы аркылуу арыз берүүчүлөр жөнүндө маалымат суралат.

Азыркы күндө ЭСӨМ, КР Өкмөтүнө караштуу МКК, КР Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду, КР Социалдык фонду, КР Өкмөтүнө караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы, КР Өкмөтүнө караштуу МСК жана “Кыргызпочтасы” ММ ортосунда ведомстволор аралык электрондук байланыш тууралуу келишимге кол коюлган.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, өлкөдөгү өзгөрбөгөн системалык маселелердин сакталуу шартында жөлөкпулдун жана администрациялоо эрежесинин дизайнын өзгөртүү эң аярлуу, балалуу үй-бүлөлөрдүн жөлөкпулга жетүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө көрүнүктүү таасир этпегенин, ал эми укугу жоктордун жөлөкпул алуусуна чектөөлөрдү коюу менен даректүүлүктү жакшыртуу аракеттери жеткиликтүүлүк үчүн жаңы тоскоолдуктарды жаратканын белгилей кетүү зарыл.

Жашаган жеринен же жүргөн жеринен көз карандысыз жарандардын мамлекеттик жөлөкпулга жетүүсүн жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 10-июлундагы № 75 “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Мыйзамы менен, эмгек акысына же башка социалдык төлөмдөргө кошумча төлөм коэффициенттери белгиленген калктуу пункттарда жашаган адамдардын мамлекеттик жөлөкпул үчүн кайрылууларынан тышкары, жашаган жери боюнча жарандарга жөлөкпулду белгилөө каралган өзгөртүүлөр киргизилген. Эмгек акысына же башка социалдык төлөмдөргө кошумча төлөм коэффициенттери белгиленген калктуу пункттарда жөлөкпул үчүн жашаган/катталган жери боюнча кайрылышат. Бул Мыйзам боюнча арыз берүүчүлөрдөн учурдагы жашаган жери тууралуу маалымкат талап кылынбайт. Арыз берүүчүлөр тууралуу маалымат ведомстволор аралык электрондук байланыштын алкагында алардын жеке идентификациялык номерлери боюнча мамлекеттик кызматтарды санариптештерүү мүмкүнчүлүгүн колдонуу менен суралат. Жогоруда белгиленген ченем,

биринчи кезекте ички мигранттардын мамлекеттик жөлөкпулга камтылуусун камсыз кылат.

Ушул мыйзамдын сапатынын көрүнүктүү мисалы катары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аныкталган үй-бүлө менен жеке иштөө планы (ҮБЖИП) жана балдарды коргоонун жеке пландарынын (БКЖП) Менчик Ээлеринин Шериктештигинде турган үй-бүлөлөрдүн жана балдардын санына карата катышынын көрсөткүчү болуп калмак. Тилекке каршы, мындай статистиканы ачык булактардан, тактап айтканда, КР ЭСӨМ сайтынан алуу мүмкүн эмес.


**Сунуштар:**

- ЖӨБ органдары 2018-жылдын апрель айына чейин үй-бүлөлөрдү изилдеп жана алардын кирешелеринин жыйындысын аныктоону жүргүзгөн социалдык маселелер боюнча комиссиянын үй-бүлөлөрдү изилдөөсүнүн мурунку белгиленген тартибин кайра алып келүүнү сунуш кылышууда.
- КР Өкмөтүнө ЖӨБ органдары республикалык бюджеттен тийиштүү финансылык камсыз кылынган квалификациялуу социалдык кызматчыларды ЖӨБ органдарынын жумушка алуусуна уруксат берүү менен штаттык жүгүртмөнү түзүү тартибин кайрадан карап чыгууну сунуш кылышат.
- Жалпысынан, жөлөкпулдарды белгилөө маселеси боюнча ЖӨБ органдары аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына жөлөкпул берилүүсүн ЖӨБ органдары аркылуу балдардын муктаждыктарын аныктоо жолу менен жакшыртууну сунуш кылышат; ошондой эле жөлөкпулду белгилөө процедурасын жеңилдетүү жана коррупциялык тобокелди жок кылуу зарыл.

### 2.1.5. Мыйзамдуулук, кылмыштуулукка жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча Комитет тарабынан киргизилген мыйзамдардын таасири

### *19. Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 24-апрелиндеги № 56 “Пробация институтун киргизүү маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамы*

**Таасирди баалоо**

| **ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөртүүлөр** | **ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен** |
|---|---|
| • Негизги берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын тизмеси 17-2-пункт менен толукталды “Пробация органдарына учурдагы көйгөйлөрдү чечүүдө жана конкреттүү пробация иш-чараларын өткөрүүдө көмөк көрсөтүү“.<br>• Эскертүү: баштапкы мыйзам долбоору бул функцияны жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесине киргизүүнү болжолдогон, бирок андан кийин КРнын ЖКде талкуу жүрүп, ал ыйгарым укуктардын тизмесине өткөрүлүп берилген. |  |
| **Күтүлгөн натыйжа (негиздеме-кат боюнча)** | |
| • Мыйзам “Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин, Кыргыз Республикасынын“ Мунапыс берүүнүн негиздери жана аны колдонуунун тартиби жөнүндө“ Мыйзамын жана “Пробация жөнүндө”Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 14-апрелиндеги №120-р буйругу менен бекитилген Иш-чаралар планын ишке ашыруу максатында даярдалган.<br>• Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө“ Мыйзамы,  пробация кардарларына социалдык-укуктук жардам көрсөтүүдө, пробация органдарына кылмыш-укуктук иш-чараларды жүзөгө ашырууда көмөктөшүүдө жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролун жогорулатуу максатында өзгөртүлдү | |

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессинде табылган көйгөйлөр |
|---|---|
| • Соттолгондорду коомдук жумуштарга тартуу жергиликтүү бюджеттин чыгымдарынын бир бөлүгүн азайтууга жардам берет, мисалы, коомдук жайларда таштандыларды тазалоо. | • Мыйзам чыккан учурда жана андан кийин пробация системасы даяр болгон эмес.<br>• ЖӨБ органдарында бул ыйгарым укуктарды толугу менен жүзөгө ашыруу үчүн жетиштүү уюштуруучулук жана адамдык ресурстар жок.<br>• Сот органдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен адамдарды түзөтүү жумуштарына кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча макулдашпайт. |

**Таасирди сүрөттөө**

Бул мыйзамга карата айтылган терс сын-пикирлердин пайызы кыйла жогору. Бул жаңы функциянын берилген Баяндамада айтылган айрым башка функциялары сыяктуу эле, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына каржылык жана кадрдык колдоо берилбегендиги менен түшүндүрүлөт. Андан тышкары, алгач талкууланган мыйзам долбоорунда пробация органдарына болгон жардам жергиликтүү маанидеги маселелердин катарына киргизилиши керек болчу.

*ПИКИР*
*“Жок дегенде ушул жоопкерчилик ыйгарым укуктарда калганына кубанычтамын. Бирок аны жергиликтүү деңгээлге өткөрүүнү каалашкан. Демек, биздин укуктар жана ресурстар кеңейбей эле, милдеттерибиз жыл сайын өсүп баратат. Мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги так бөлүнүп берилсе жакшы болмок“.*
*АӨ башчысы*

Мыйзам кабыл алынган учурда жана андан кийин пробация системасы талаптагыдай уюштурулуп, жөнгө салынган эмес, бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде кыйынчылыктарды жараткан. Каржыланбаган башка ыйгарым укуктардагыдай эле, муниципалитеттерде жаңы функцияларга “көнүп кетүүдөн“ башка арга жок. Отчет жазылып жатканда, айрым ЖӨБ органдары пробация органдарына жардам көрсөтүүчү кураторлорду дайындашкан, коомдук иштердин тизмелери түзүлүп жатат, бирок жалпысынан ЖӨБ органдары дагы деле болсо бул функцияны толук аткарууга даяр эмес.

*ПИКИР*
*“Мыйзамдын талаптарын ишке ашырууга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусун аныктоодо тактык жок. Көптөгөн АӨтөр мисалы, имарат да бере алышпайт. Штат ошондой эле Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы менен жигердүү кызматташууга жол бербейт. Бул мыйзамды натыйжалуу ишке ашырышыбыз күмөн. Анан да, биз адамдардын түзөтүү жумуштарына жөнөтүлүп жаткандыгын акыркылардан болуп билебиз(соттон кийин гана). Биздин мүмкүнчүлүктөрүбүзгө туура келеби же жокпу, эч ким биз менен макулдашпайт.“*
*АӨ башчысы*

*ПИКИР*
*“Бул туура эмес, ЖӨБ органдары үчүн мындай контингенттеги адамдар менен иштешүү татаал“.*
*АӨ башчысынын орун басары*


Ачык маалыматтарга караганда (анын ичинде Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Пробация департаментинин жана Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын сайттарында) бул функцияны ишке ашырууга ЖӨБ органдарынын катышуу масштабын баалоо максатында республикада пробация институтун пайдалануу боюнча статистикалык маалыматтар жок.

**Сунуштар:**

- Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну каржылоо жагынан мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы каржылык мамилелерди тартипке келтирүү.
- Пробация маселелери боюнча мамлекеттик органдардын, сот органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда маалымат алмашууну жана координациялоону өркүндөтүү.

## *20. 2019-жылдын 15-февралы № 25 “Бузуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*

**Таасирди баалоо**

| **ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр** | **ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен** |
| --- | --- |
| Төмөнкү административдик иштерди кароо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана экологиялык жана техникалык коопсуздукту көзөмөлдөө жана контролдоо органы тарабынан биргелешкен (параллелдүү) юрисдикцияга жүктөлөт (буга чейин алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына гана баш ийген):<br>• суу менен жабдуу, канализация жана борбордук жылытуу тутумдарынын инженердик тармактарынын жана курулмаларынын бүтүндүгүн бузуу (72-берене);<br>• люктарды, кудуктарды ачуу, жөндөөчү клапандар, пломбаларды сындыруу (73-берене);<br>• жашыл аянттарды ичүүчү суу менен сугаруу (74-берене);<br>• суу түтүгүнө же башка тармакка уруксатсыз туташуу (75-берене);<br>• жылытуу тутумунан ысык сууну (жылуулук алып жүрүүчүнү) уруксатсыз алуу (76-берене);<br>төмөнкүлөргө карата караштуулук бир кыйла кеңейтилди:<br>• жерге жайгаштыруу эрежелерин бузуу (173-берене);<br>• суу ресурстарын коргоонун эрежелерин бузуу (177-берене);<br>• суу фондусунун жерлерин пайдалануунун эрежелерин бузуу (178-берене);<br>• атайын сууну пайдалануунун эрежелерин бузуу (179-берене);<br>• сугат суу менен камсыз кылуу үчүн сугат тутумунун иштешин жана техникалык тейлөөсүн бузуу (180-берене);<br>• сууну бөлүштүрүү эрежелерин жана сууну пайдалануу эрежелерин бузуу (181-берене);<br>• менчиктин түрүнө карабастан, жерлердеги табигый жана маданий жайыт жерлерине зыян келтирүү (182-берене.);<br>• жайыттарды жана чабындыларды пайдалануунун белгиленген тартибин бузуу (183-берене). |  |
| **Күтүлгөн натыйжа (негиздеме кат боюнча)** | |
| • Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексиндеги мамлекеттик органдарга мыйзам бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укук берүү жаатындагы кемчиликтерди жоюу.<br>• Мамлекеттик органдардын, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы укук бузуулар жөнүндө иштерди кароодо функцияларды жана ыйгарым укуктарды чектөө. | |

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашырууда келип чыккан көйгөйлөр |
|---|---|
| • ЖӨБ органдары айлана-чөйрөнү коргоо жана тартипти сактоо боюнча өз укуктарын мамлекеттик органдын жардамы менен жүзөгө ашырышат.<br>• Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары укук коргоо же көзөмөлдөө органдары сыяктуу ыйгарым укуктарга ээ эмес. Натыйжада, алардын талаптары көпчүлүк учурда жарандар тарабынан эске алынбай калган. Мамлекеттик органдын катышуусу бул көйгөйду чечүүгө жардам берет. | • Иштерди бирдей, тең башкарууда уюштуруу кыйынчылыктары болду.<br>• Жергиликтүү деңгээлде, комиссиялардын иши үй-бүлөлүк жана коңшулук мамилелердин таасири менен татаалдашат.<br>• Жергиликтүү кеңештер көпчүлүк учурда мыйзам бузуучунун тарабын ээлешет жана комиссия менен карама-каршы келет. |
| • Жергиликтүү бюджетке кошумча каражат булактары пайда болду. | • Муниципалдык кызматкерлер мыйзам бузуу иштерин кароо үчүн юридикалык квалификацияга ээ эмес.. |

**Таасирди сүрөттөө**

Бул өзгөрүүлөр, алар белгилеген уюштуруу маселелерине карабастан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү тарабынан оң бааланат.

*ПИКИР*

*“Кодексте көптөгөн кемчиликтер бар. Мисалы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзам бузуучулардын жеке маалыматтарын аныктоого милдеттүү, ал эми адамдар документтерди беришпейт, ал эми комиссия эч нерсе кыла албайт. Ички иштер министрлигинин кызматкерлери мындай учурларда жардам беришпейт, анткени коомдук тартип бузулбай эле. Ошол эле учурда, комиссиянын мүчөлөрү коомдук башталышта иштеши керек жана адамдар комиссиянын ишине катышкысы келбейт, атап айтканда, тартип бузган туугандары менен чыр-чатакка баргысы келбейт. Базарларда эч ким урушкусу келбейт. Ал эми жергиликтүү кеңештин депутаттары шайлоочуларга кам көрүп, эреже бузуучунун тарабын ээлеп, комиссия менен чырдашат“.*

*АӨ башчысы*

*ПИКИР*

*“Кээде кайсы мекеме мыйзамда көрсөтүлгөн “ыйгарым укуктуу орган“ экендигин аныктоо кыйынга турат. Мисалы, карантин талаптары бузулган болсо, бул үчүн кайсы орган айып сала турганы белгисиз болчу“.*

*АӨ башчысы*

ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү комиссиялардын натыйжалуу иштеши үчүн зарыл болгон квалификациянын жоктугуна нааразы. Мыйзам бузуу иштерин кароо үчүн муниципалдык кызматкерлер тийиштүү көндүмдөргө жана квалификацияларга ээ болууга тийиш, бирок суроо туулат - аларда болушу керекпи? Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери учурдагы мыйзамдарда аларга берилген маселелердин кеңири чөйрөсүндө адис боло алышпайт.

*ПИКИР*

*“ЖӨБ органы үчүн мыйзамды аткаруу өтө кыйын, ар бири юридикалык билимге ээ болушу керек, бирок бизде андай эмес. Мыйзам бузуулар боюнча иштерди мамлекеттик органдар карашы керек“.*

*АӨ башчысы*

*ПИКИР*
*“Кодекске ылайык Бузуулар жөнүндө иштөө өтө татаал, буга тиешелүү мамлекеттик органдар алектенсе жакшы болмок. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бардыгын биле алышпайт. Андан көрө экологиялык жана техникалык коопсуздукту контролдоо жана көзөмөлдөө органдары менен административдик иштерди кароону чектеп койсо жакшы болмок“.*
*АӨ башчысы*

Административдик иштерди кошо жүргүзүү дагы кыйынчылыктарды жаратат. Тигил же бул иш боюнча кимге айып пул салуу керектиги түшүнүксүз болуп жатат. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү мыйзамдар бул маселеде укуктарды туура-так чектөөнү сунуш кылбагандыгын белгилей кетишти.

2020-жылы бюджеттин киреше бөлүгүн толтуруу жөнүндө, каралып жаткан административдик иштердин санынын өсүшүү же кыскаруу тенденцияларына негизделген жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүн баалоо үчүн маалыматтар жетишсиз.


**Сунуштар:**

- Мыйзам бузуулар менен бирге айып пул салуу чарасы укугуна так чектөө коюу зарыл.

### 2.1.6. Комитет тарабынан киргизилген экономикалык жана фискалдык саясат боюнча мыйзамдардын таасири

### *21. Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 12-апрелиндеги №45 “Кыргыз Республикасындагы кепилдик фонддору жөнүндө” Мыйзамы*

**Таасирди баалоо**

<table>
<tr><th>ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр</th><th>ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен</th></tr>
<tr><td>• Кепилдик фондунун уставдык капиталы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү бюджеттен, ыктыярдуу төгүмдөрдөн жана башка булактардан түзүлүшү мүмкүн.<br>• Мурда кепилдик фонддорду акционердик коомдор, ЖЧКлар, кооперативдер, мекемелер жана фонддор түрүндө түзсө болот эле. Ал эми азыр акционердик коомдордун формасында гана түзсө болот. Бул Кара-Балта, Каракол, Ош, Жалал-Абад, Кант жана Ош облусунун Сарай айыл өкмөтүндөгү аймактык (муниципалдык) кепилдик фонддорун уюштуруу-укуктук формасын өзгөртүүгө милдеттендирет.<br>• КР УБ көзөмөл жүргүзөт.</td><td rowspan="3">
</td></tr>
<tr><td>Күтүлгөн натыйжа (маалымкат-негиздеме)</td></tr>
<tr><td>• Чакан жана орто бизнести каржылоонун жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу жана кепилдик фонддорунун ишин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу органды аныктоо.<br>• Милдеттүү болгон тышкы аудит жүргүзүү талабын колдонуу менен, акционердик коомдордун уюштуруу-укуктук формасы катары кепилдик фонддорунун жана уюмдардын ишинин ачыктыгын камсыз кылуу.</td></tr>
</table>

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессиндеги келип чыккан көйгөйлөр |
|---|---|
| • Чакан жана орто бизнести каржылоонун жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу. | • Бюджетке кошумча жүк келип чыгышы мүмкүн, бул дотациядагы АӨ үчүн жагымсыз көрүнүш<br>• Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өлчөмдүү таасирин баалоо үчүн кепилдик фонддор өтө эле аз түзүлгөн. |

**Таасирди сүрөттөө**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, айрыкча дотациядагылар, ушул кезге чейин мыйзамды сактап келишти, бирок жалпы баасы оң жагын көрсөтөт. ЖӨБ органдарынын айрым өкүлдөрү анын практикалык артыкчылыктары жөнүндө азырынча так маалымат жок, кээ бири аны кошумча жумуш жүк катары кабыл алышты. Бирок жалпы корутунду боюнча, мыйзам кабыл алынган күндөн тартып ага байланыштуу пайда же кемчиликтер жөнүндө сүйлөшүү үчүн жетиштүү убакыт өтө элек.

*ПИКИР*

*“Кепилдик фонддорун түзүү «ыктыярдуу-милдеттүү» мүнөздү алып жүрөт. Биз алардын артыкчылыктарын түшүнө элекпиз жана аларды жаратууну чындыгында каалабайбыз, айрыкча потенциалдуу катышуучуларды ишендиришибиз керек болуп жатат. Азырынча бул биз үчүн кошумча иш жүк гана болуп жатат“.*


*АӨнүн Каржы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы*

**Сунуштар:**

- Кийинки жылдын Баяндамасын түзүүдө ушул Мыйзамдын таасирин кененирээк карап чыгуу.

## *22. «“Жарнама жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 25-январындагы №15 Мыйзамы*

**Таасирди баалоо**

| ЖӨБ органдары үчүн маанилүү өзгөрүүлөр | ЖӨБ органдарынын таасирин баалоо, % менен |
|---|---|
| • Транспорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган, ошондой эле аймактык бөлүм менен макулдашуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын унаа жолдору боюнча жолдун коопсуздугун камсыз кылууга катышуу милдетин киргизет. <br>• Коомдук унаалардын аялдамаларында жарнамаларды жайгаштырууга, коомдук унаанын аялдамалары жайгашкан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен түзүлгөн келишимдин негизинде жол берилет. |   |
| **Күтүлгөн натыйжа (негиздеме-кат боюнча)** | |
| • “Кыргыз Республикасында лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө“ Мыйзамга ылайык келтирүү максатында “Жарнак жөнүндө“ Кыргыз Республикасынын Мыйзамындагы редакциялык түзөтүүлөрдү киргизүү жолу менен карама-каршылыктарды жокко чыгруу | |

**ЖӨБ органдарынын пикири**

| Мыйзамдын күчтүү жактары | Мыйзамды ишке ашыруу процессиндеги келип чыккан көйгөйлөр |
|---|---|
| • Эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн жарнамаларды өз аймагында жайгаштырууда тартипти көзөмөлдөөчү куралы пайда болду. | • Кошумча бюрократиялык процедураларды киргизүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин татаалдаштырат. |

**Таасирди сүрөттөө**

Мыйзам ЖӨБ органдары тарабынан жалпысынан оң бааланды, бирок айрым жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзамдын ар кандай ченемдеринин таасири жөнүндө эки ача пикирде болууда. Айрым ЖӨБ органдары аялдамалардагы жарнак алар менен түзүлгөн келишимдин негизинде жүргүзүлүшү керек деп эсептешет.

*ПИКИР*

*"Абдан пайдалуу өзгөртүү. Эми аны жөнгө салуу оңой болуп калды. Буга чейин бул кыйын болчу - МАИ кызматкерлери дүкөндөрдүн жарнак такталарын чоң жолдон алып салууну бизден талап кылышкан, ал эми дүкөндөр менен кафелердин ээлери бизди укпай коюшкан".*

*АӨ башчысы*

*ПИКИР*

*"Мен муну туура деп эсептейм. ЖӨБ органдары өз аймагын, анын ичинде жарнак такталарын жана башкаларды көзөмөлдөп жана жооп бериши керек."*

*АӨ жооптуу катчысы*

Ар кандай органдар менен макулдашуунун зарылдыгы жөнүндө норма боюнча, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн убакытты талап кылган бюрократиялык иштерди кошуу көз карашынан алганда ыңгайсыз деп эсептешет.

*ПИКИР*

*"ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги 25 маселени аткарышы керек, ал эми биз башка бардык иштер боюнча гана макулдашышыбыз керек болуп жатат. Бул көп убакытты талап кылат, андыктан бул туура эмес деп ойлойм".*

*АӨ башчысы*

*ПИКИР*

*"Буга чейин биз Жол кайгуул кызматы менен макулдашып иш алып барганбыз. Бул жетиштүү деп ойлойбуз. Эмне үчүн башка мамлекеттик органды кошуш керек?"*

*АӨ Жооптуу катчы*

**Сунуштар:**

- Кошумча бюрократиялык процедураларды киргизүү зарылдыгын талдоо.

## 2.2. РЕСУРСТАРДЫН РЕЗЕРВИН САКТАБАСТАН, ЖЕРГИЛИКТҮҮ МААНИДЕГИ МАСЕЛЕЛЕРДИН ТИЗМЕСИН КЕҢЕЙТҮҮ

КР ЖКнын мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүнө жалпы оң баа берилгендигине карабастан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзам чыгаруу ишиндеги тутумдук көйгөйгө көңүл бурушат, бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына гана эмес, жарандарга жана бүтүндөй башкаруу тутумуна терс таасирин тийгизет. Бул функцияларды керектүү ресурстар менен колдобой туруп, жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин көзөмөлсүз кеңейтүү жөнүндө сөз болуп жатат.

Кыргыз Республикасында акыркы жылдары мамлекеттик башкаруу тутумунда туура эмес, (жарабаган) тажрыйба калыптанып, анын маңызы мамлекеттик органдардан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өтүү болуп саналат. Дайыма жана туруктуу түрдө көптөгөн мамлекеттик органдар, саясатчылар жана ал тургай жарандык коомдун өкүлдөрү тигил же бул милдетти чечүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлүшү керек деген маселени көтөрүшөт. Эреже боюнча, кеп көптөгөн жылдар бою мамлекеттик органдар тарабынан канааттандыраарлык чечимдерди таба элек татаал көйгөйлөр же жаңы милдеттер, мамлекеттик органдар анча билбеген чечүү жолдору жөнүндө болуп жатат. Буга ачык мисал–үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөш жана юридикалык кеңеш берүү. Бул кызматтарды уюштуруу менен кантип күрөшүүнү билбей, мамлекеттик органдар натыйжа

көрсөтүш үчүн жоопкерчиликти жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөп салышкан.

2018-2019-жылдар аралыгында гана Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин төмөнкү суроолор менен кеңейтүү максатында ушундай 10 ишке ашырылган жана ишке ашпаган демилге белгиленди (алардын демилгечилерин көрсөтүү менен, мындай демилгелердин толук баяндалышы 2-тиркемеде келтирилген). Бул демилгелер төмөнкүлөрдү камтыды:

- туризм чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашырууга көмөктөшүү;
- пробация органдарына учурдагы көйгөйлөрдү чечүүдө жана пробациянын конкреттүү иш-чараларын жүргүзүүдө жардам көрсөтүү;
- саламаттык сактоо программаларын ишке ашыруу үчүн шарттарды камсыз кылуу;
- балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камсыздоону кеңейтүү үчүн шарттарды түзүү;
- ЖӨБ органдарынын демилгеси боюнча ачылган мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акысын ЖБдан каржылоо;
- фостердик же фостердик үй-бүлөлөр үчүн кызматтарды уюштуруу;
- 1-4-класстардын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу процессин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу, анын ичинде тендердик негизде тамак-аш сатып алуу; окуучулардын тамактануусун уюштуруу, керектүү шаймандар жана шаймандар менен камсыз кылуу үчүн тиешелүү шарттарды түзүү боюнча зарыл чараларды ишке ашырууга көмөктөшүү; Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органдары менен бирдикте тамак уюштурууда тиешелүү санитардык-гигиеналык талаптардын сакталышына контролду жүзөгө ашыруу;
- Турак-жай Менчик Ээлеринин Шериштигинде турган жаштарды аныктоо жана каттоо, калкка социалдык кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык аларды колдоо боюнча чараларды көрүү;
- Турак-жай Менчик Ээлеринин Шериштигинде турган үй-бүлөлөрдү жана балдарды мамлекеттик социалдык колдоого муктаждыктын деңгээлин биринчи кезекте аныктоо; бекитилген бюджеттин чегинде балдарды коргоо боюнча социалдык кызматтарды түзүү; балдарды коргоо боюнча социалдык кызматты материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу.

Ушундай кырдаалда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын эң тынчсыздандырган жана кысым көрсөткөн нерсе, сунушталган 10 демилгенин ичинен экөөндө гана, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына сунушталган функцияларды аткарууну республикалык бюджеттен каржылоо маселеси каралды (бул 1-4-класстын окуучуларын тамактандыруу жөнүндө мыйзам долбоору жана балдарды коргоо боюнча социалдык кызматтарды түзүү боюнча жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин толуктоо жөнүндө мыйзам долбоору; бирок, бул учурда дагы, бюджеттер аралык мамилелер кандайча жана кантип карала тургандыгы белгисиз). Демилгелердин калган 80 % үчүн шилтемелер-негиздемелер ЧУА мыйзам долбоору мамлекеттик бюджеттен кошумча каржылоону талап кылбайт деген стандарттуу сөздөрдү камтыган.

Мамлекеттик бюджеттин каражаттарын коротпостон, мамлекеттик органдардын жоопкерчилигин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына эсепсиз өткөрүп берүүгө боло берет экен да. Анда мындай суроо туулат - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул функциялардын толук тизмесин ишке ашырууну кайсы каражаттардын эсебинен каржыланышы керек? Эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттерден жергиликтүү маанидеги ондогон жаңы маселелерди каржылай баштаса, анда учурдагы маселелерди – жергиликтүү жолдорду, суу менен жабдуу, канализация, катуу тиричилик калдыктарын башкаруу, мектептерди жана бала бакчаларды күтүү, жергиликтүү маданиятты жана спортту өнүктүрүү ж.б. каражат жетпей калат да. Бул тенденция, мындан башкасы, боюнча мамлекеттик функцияларды каржылоо механизмдери демилгечилердин түшүнүгүнүн жоктугун күбөлөндүрөт, анткени ар кандай башкаруучу функцияны аткаруу каржылык жана кадрдык колдоону талап кылат. Демек, кандайдыр бир функцияны аткаруу үчүн жоопкерчиликти ресурстар менен камсыз кылбастан башка башкаруу органына өткөрүп бере салуусунда , демилгечи бул функция жөн гана аткарылбай тургандыгын же аткаруучуга формалдуу түрдө гана аткарылаарын түшүнүшү керек. Натыйжада, бардыгы утулат: демилгечилер, анткени алар каалаган натыйжага жетише алышпайт; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, анткени алар ашыкча бюрократиялык милдеттенмелерди жана көтөрө алгыс финансылык жүктү алышат; жарандар, себеби көйгөйлөрү чечилбей турган болуп калды.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин кеңейтүүнүн демилгечилери жергиликтүү бюджеттерди Кыргыз Республикасынын салыктык жана салыктык эмес кирешелеринин тутумуна байланыштуу эмес, кандайдыр бир өзгөчө жол менен каржылайт деп эсептеп, жергиликтүү бюджеттерди республикалык бюджеттин бөлүгү деп эсептебейт деген бүтүмгө келишет. Чындыгында, жергиликтүү бюджеттер республиканын консолидацияланган бюджетинин бир бөлүгү болуп саналат, ошондуктан, мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы функциялардын бөлүштүрүлүшүнүн өзгөрүшүнөн кийин, акча функцияларды аткарат деген принципке ылайык, бюджеттер аралык мамилелер дагы өзгөрүшү керек, кирешелерди бюджеттер ортосунда бөлүштүрүү керек.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жаңы функцияларды тийиштүү ресурстар менен колдобостон, жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин кеңейтүүнүн калыптанган салтына жана тажрыйбасына өзгөчө тынчсыздануусун билдиришет жана мыйзам долбоорлорун жана башка ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууда жана кароодо Кыргыз Республикасынын ЖКнен жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн  Бюджет кодексинин 49-беренесинин ЧУАрын талаптарын так сакталышын суранат. Бул ченемге ылайык, Кыргыз Республикасында чыгашалар боюнча милдеттенмелерди бөлүштүрүүнүн түзүмү белгиленет, алар Өкмөттүн чыгымдар боюнча милдеттенмелери жана ЖӨБ органдарынын чыгашалар боюнча милдеттенмелери болуп бөлүнөт. Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде мамлекеттик органдар тарабынан жергиликтүү бюджеттердин чыгымдарынын көбөйүшүнө атайылап алып келген чараларды ишке ашыруу боюнча чечимдерди тиешелүү компенсацияны бербестен кабыл алууга тыюу салынат.



# ТИРКЕМЕ

## 1-ТИРКЕМЕ.

ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттарды абалына жана өнүктүрүүгө олуттуу таасир тийгизген 2016-2019-жж. Мезгилинде кабыл алынган мыйзамдардын тизмеси

| № | Мыйзамдын аталышы | Жалпы пикирлер | Оң таасири | Терс таасири | Оң таасири, суралгандардын жалпы саны % менен | Терс таасири, суралгандардын жалпы саны % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2019-жылдын 8-августундагы № 115 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” ( ЖӨБ жөнүндө КР мыйзамы, ЧУА жөнүндө, Ош шаарынын статусу жөнүндө, Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө) КР Мыйзамы | 51 | 48 | 3 | 94 % | 6 % |
| 2 | 2019-жылдын 8-августундагы № 118 “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө”, “Борбор шаардын статусу жөнүндө”, “Ош шаарынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы | 50 | 44 | 6 | 88 % | 12 % |
| 3 | 2019-жылдын 8-августундагы № 117 “Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизү тууралуу“ КР Мыйзамы | 50 | 40 | 10 | 80 % | 20 % |
| 4 | 2019-жылдын 21-декабрындагы № 140 “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы | 58 | 44 | 14 | 79 % | 21 % |
| 5 | 12.04.2019-ж. №48 “КР мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматы жөнүндө” КР мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы. | 60 | 53 | 7 | 88 % | 12 % |
| 6 | 31.03. 2016-ж. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүнү өткөрүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамы | 60 | 53 | 7 | 88 % | 12 % |
| 7 | 2016-жылдын 12-декабрындагы № 196 “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” (“Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө”, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”) Кыргыз Республикасынын Мыйзамы | 60 | 32 | 28 | 53 % | 47 % |
| 8 | 27.01.2018-ж. №16 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы | 57 | 49 | 8 | 86 % | 14 % |

| № | Мыйзамдын аталышы | Жалпы пикирлер | Оң таасири | Терс таасири | Оң таасири, суралгандардын жалпы саны % менен | Терс таасири, суралгандардын жалпы саны % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | 26.06.2019-ж. №76 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы | 58 | 47 | 11 | 81 % | 19 % |
| 10 | 10.08.2018-ж. №90 Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекси | 58 | 54 | 4 | 93 % | 7 % |
| 11 | 23.01.2019-ж. "Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы | 57 | 52 | 5 | 91 % | 9 % |
| 12 | 02.02.2019-ж. "Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө" КР Мыйзамы | 57 | 38 | 19 | 67 % | 33 % |
| 13 | 30.07.2019-ж. №107 "Жер пайдалануу боюнча айрым мыйзамдык актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы | 60 | 50 | 10 | 83 % | 17 % |
| 14 | 26.02.2019-ж.№31 "Кургак учуктан калкты коргоо жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы | 56 | 47 | 9 | 84 % | 16 % |
| 15 | 04.12.2019-ж. №135 "Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө" КР Мыйзамы | 58 | 47 | 11 | 81 % | 19 % |
| 16 | 27.04.2017-ж. №63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө" КР Мыйзамы | 58 | 29 | 29 | 50 % | 50 % |
| 17 | 27.04.2017-ж. "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы | 58 | 30 | 28 | 51 % | 49 % |
| 18 | "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 28-июлундагы №163 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 28-декабрындагы №222 (27), 2018-жылдын 30-мартындагы №33, 2019-жылдын 24-январындагы №18 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык) | 57 | 40 | 17 | 70 % | 30 % |
| 19 | 2019-жылдын 24-апрелиндеги № 56 "Пробация институтун киргизүү маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР мыйзамы | 59 | 35 | 24 | 59 % | 41 % |
| 20 | 15.02.2019-ж. "Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы | 59 | 44 | 15 | 75 % | 25 % |
| 21 | 12.04.2019-ж. "Кыргыз Республикасындагы кепилдик фонддор жөнүндө" КР Мыйзамы | 59 | 50 | 9 | 85 % | 15 % |
| 22 | 25.01.2020-ж. "Жарнама жөнүндө" КР Мыйзамына киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы | 57 | 50 | 7 | 88 % | 12 % |

# 2-ТИРКЕМЕ

## Жергиликтүү маанидеги маселелерин тизмегин ресурстарды бекитпестен кеңейтүү боюнча демилгелердин тизмеси

| № | ЧУА долбоорунун аталышы | Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегине сунушталган толуктоолор | Долбоордун мыйзамына маалымкат-негиздемеден каржылоо жөнүндө маалымат | Автор, демилгечи |
|---|---|---|---|---|
| 1 | “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө (“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө“ КР Мыйзамына, Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексине, Кыргыз Республикасынын Салык кодексине)“ КР Мыйзамынын долбоору | “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө“ КР Мыйзамынын 18-беренеси жергиликтүү маанидеги жаңы маселе менен толукталат: “туризм чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашырууга көмөктөшүү“ | ЧУАнын сунушталып жаткан долбоору мамлекеттик бюджеттен кошумча каржылоону талап кылбайт | КР Өкмөтү (КР Маданият, маалымат жана туризм министрлиги) |
| 2 | “Пробация институтун киргизүү маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР мыйзамынын долбоору | “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө“ КР Мыйзамынын 18-беренеси жергиликтүү маанидеги жаңы маселе менен толукталат: “учурдагы милдеттерди чечүүдө жана пробациянын конкрттүү иш-чараларын аткарууда пробация органдарына көмөк көрсөтүү“ | Бул долбоорду ишке ашыруу республикалык бюджеттен кошумча кошумча финансылык чыгымдарга алып келбейт | КР Өкмөтү (КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 6-ноябрындагы №525 токтому). Бул маселе КР ЖК жыйынында каралып жатканда ЖӨБ жөнүндө Мыйзамдын 20-беренесине которулуп, мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тизмегине киргизилген |
| 3 | “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө“ КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамынын долбоору | “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө“ КР Мыйзамынын 18-беренеси жергиликтүү маанидеги жаңы маселе менен толукталат: “саламаттык сактоо программаларын ишке ашыруу үчүн шарттарды камсыздоо“ | Мыйзамдын долбоору кошумча каржылоону талап кылбайт | КР ЖК депутаты Б. Турусбеков |

| № | ЧУА долбоорунун аталышы | Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегине сунушталган толуктоолор | Долбоордун мыйзамына маалымкат-негиздемеден каржылоо жөнүндө маалымат | Автор, демилгечи |
|---|---|---|---|---|
| 4 | “Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө“ (КР Бюджеттик кодексине, “Билим берүү жөнүндө“ КР Мыйзамына, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө“ КР Мыйзамына) КР Мыйзамынын долбоору | “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө“ КР Мыйзамынын 18-беренеси жергиликтүү маанидеги жаңы маселе менен толукталат:<br>“26) балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтууну кеңейтүү үчүн шарттарды түзүү;<br>27) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын демилгеси менен ачылуучу мектепке чейинки билим берүү уюмдарында эмгек акы жергиликтүү бюджеттен каржыланышы мүмкүн“[1] | Мыйзамдын долбоорун ишке ашыруу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарга алып келбейт | КР ЖК депутаты Э. Ж. Байбакпаев |
| 5 | “Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамынын долбоору | ЖӨБ органдарына төмөнкүдөй милдеттер жүктөлгөн: камкорчуларды, асырап алуучуларды, багуучу же кабыл алуучу үй-бүлөлөрдү тандоо; багуучу же кабыл алуучу үй-бүлөлөрдүн камкорчуларына консультациялык жана психологиялык жардам берүү; багуучу же кабыл алуучу үй-бүлөдөгү баланын укугун коргоо жаатында текшерүү формасына контроль жүргүзүү; жарандык коомчулуктун өкүлдөрү менен бирге баланын саламаттыгына жана жашоосуна мониторинг жүргүзүү | Бул мыйзам долбоорун ишке ашыруу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарга алып келбейт | КР ЖК депутаты М. Э. Мавлянова |
| 6 | “КР Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө” КР Мыйзамынын долбоору | Мыйзамдын долбоору менен жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана ЖӨБ органдарына 1-4-класстын окуучуларына тамактанууну уюштуруу боюнча кеңири милдеттер жүктөлгөн | Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети тарабынан каралган КР Билим берүү жана илим министрлигине каражат бөлүп берүүлөрдүн чегинде | КР Өкмөтү тарабынан коомдук талкууга чыгарылган |
| 7 | “Жаштар жөнүндө” КР Мыйзамынын долбоору | Мыйзамдын долбоору менен ТКЖдагы жаштардын аныктоо жана каттоо ишке ашырылат, Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык тейлөө чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык аларды колдоо үчүн чаралар көрүлөт ж.б. | Бул долбоорду ишке ашыруу республикалык бюджеттен кошумча кошумча финансылык чыгымдарга алып келбейт | КР ЖК расмий сайтына Д.Бекешов тарабынанжайгаштыруу жолу менен 2019-жылдын 30-октябырнда коомдук талкууга чыгарылган |

1 Мыйзам долбоорунун тексти баштапкы абалында берилди

| № | ЧУА долбоорунун аталышы | Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегине сунушталган толуктоолор | Долбоордун мыйзамына маалымкат-негиздемеден каржылоо жөнүндө маалымат | Автор, демилгечи |
|---|---|---|---|---|
| 8 | “Кыргыз Республикасынын социалдык коргоо жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамынын долбоору | “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө“ КР Мыйзамынын 18-беренеси жергиликтүү маанидеги жаңы маселе менен толукталат: “турмуштук кыйын жагдайдагы үй-бүлөлөрдү жана балдарды мамлекеттик социалдык колдоого муктаждык деңгээлин алгачкы аныктоо“ | Бул мыйзам долбоорун ишке ашыруу үчүн кошумча каражаттар талап кылынбайт | КР Өкмөтү |
| 9 | “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (балдар маселелери боюнча) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамынын долбоору | “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө“ КР Мыйзамынын 18-беренеси жергиликтүү маанидеги жаңы маселе менен толукталат: “бекитилген бюджеттин алкагында балдарды коргоо боюнча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү”. 31-берене төмөнкүдөй мазмундагы 18-пункт менен толукталат: “балдарды коргоо боюнча социалдык кызматтарды материалдык-техникалык камсыздоо” | Мыйзамдын бул долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарды талап кылбайт | КР ЖК депутаты А. Кодуранова |

## 3-ТИРКЕМЕ.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарды өнүктүрүүгө таасир тийгизген олуттуу окуялардын календары

**Калгандарь төмөнкү даректеги сайтта жайгашкан: http://dpi.kg/ky/library/full/326.html**

## 4-ТИРКЕМЕ.

Альтернативдүү пикирлерди аныктоо жана эске алуу үчүн Баяндаманы алган мамлекеттик органдардын жана уюмдардын тизмеси

1. Кыргыз Республикасынын Шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты
3. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы
4. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы
5. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги
6. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги
7. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык коргоо министрлиги
8. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги
9. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги
10. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети
11. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги
12. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик каттоо кызматы
13. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы
14. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстарын башкаруу боюнча агенттик
15. Кыргыз Республикасынын Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институту
16. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Башкаруу академиясы

КР ЖӨБ Союзу
Союз МСУ КР
Union LSG KG

"Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзу" (мындан ары ЖӨБ союзу) жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, борбордук жана жергиликтүү деңгээлде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызыкчылыктарын коргоо, ошондой эле Союздун мүчөлөрүн натыйжалуу жана жашоого жөндөмдүү аймактык түзүм катары өнүктүрүүгө көмөктөшүү максатында түзүлгөн. ЖӨБ союзунун мүчөсү болуп 453 айыл аймагы жана 31 шаар эсептелет. Ишмердүүлүк жөнүндө бардык маалымат: www.soyuzmsu.kg сайтында жеткиликтүү.

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

"Өнүктүрүү саясат институту" Коомдук бирикмесинин (мындан ары – ӨСИ) миссиясы – жергиликтүү жамааттарга жана башкаруу органдарына адамдын татыктуу жашоого болгон укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн иш жүзүнө ашыруусуна көмөктөшүү. ӨСИ жергиликтүү жамааттар, ЖӨБ органдары, мамлекеттик органдар, КЭУ, ЖОЖдор, ЖМК жана жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүүнүн ар кандай маселелери, борбордон ажыратуу, муниципалдык жана мамлекеттик органдардын отчеттуулугун күчөтүү боюнча донорлор менен иштейт. ӨСИнин туруктуу өнөктөштөрү – 250гө жакын ЖӨБ органы, көптөгөн мамлекеттик органдар, көп сандагы КЭУ ж.б. Уюмдун ишмердиги тууралуу толук маалымат: www.dpi.kg, www.municipalitet.kg сайттарында жеткиликтүү.

**Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө 2016-2019-жылдар мезгилинде кабыл алынган мыйзамдардын таасир этүүсү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине баяндама**

Добрецова Надежда Николаевна
Семеняк Максим Анатольевич
Орозбаев Бектурган Ибраимович

Кыргыз тилине которгон Абдыжапар у. М.
Фотосүрөт (мукаба) Н. Жаманкулованыкы
Корректор Н. Жаманкулова
Дизайн М. Медетов, Н. Андриянова

Формат А4. Көлөмү 134 кызмат к..
Капталган кагаз. Офсеттик басма.
Нускасы 500 даана

AG5P басмаканасында басылды.
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Малдыбаев көч., 73
E-mail: office@adver.kg